## Кириш сөз

Этнопедагогика — бул улут болуп калыптанганча чейин эле узак мөөнөт жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын, элдик керектөөлөрдүн негизинде өнүгүп - өркүндөп, адамдын муундан муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, ыймандык нарк дөөлөттөрдүн рухунда тарбиялоого багытталган, эмпирикалык билимдердин жана практикалык иш - аракеттердин бөтөнчө системасы.

Кыргыздар дүйнөдөгү байыркы элдерден экендиги жөнүндө тарых бетинде баян этилет. Көчмөн турмуштун жана жашоонун түрдүү катаал шарттарынын кырдаалында чоң тарыхый жазма эстелик же атайын кооз имараттар калтырбаганы менен кыргыздар көптөгөн кылымдар бою Ата - журттун эркиндиги үчүн каны - жанын аябай, мекенди, элдин ынтымак биримдигин, ата - бабалардын нарк - нускалуу осуяттарын, улуттун намыс - ариетин ыйык сактап, бийик туткан тектүү, түптүү калк экендигин чагылдырган, тээ тарыхтын түпкүрүнөн бери бейпил тиричилигинде жана жоокердик күндөрүндө, мүлдө кыргыз башынан кечирген кубаныч - шаңы менен кайгы - муңун көркөмдөп элестүү баян эткен. Улуу сөз сепилдерин укумдан - тукумга мурас кылып калтырган. Кыргыз эл баатыры улуу жазуучу Түгөлбай Сыдыкбеков айткандай, бул улуу мурас сууга жуулбайт, отко күйбөйт, алааматтарда кыйрабайт.

Ата - бабалардан калган бул асыл баалуу руханий кенчти канчалык терең изилдеп, туура баалап, чеберчилик менен пайдалана билген сайын алар бизге өзүнүн укмуштуудай купуя сырларын улам жаңылап ачып бере берет.

Азыркы учурда ааламдашуу процессинин ыкчам таасири дүйнөнүн туш тарабына өтө тез жетип, адамдардын аң - сезими ар түрдүү көз караштардын, диний жана саясый агымдардын мурда болуп көрбөгөндөй күчтүү толкунуна кабылып жаткан учурда ошол процесс бул дүйнөдө жашап жаткан инсандардын ички руханий дүйнөсүн тышкы таасирлердин булганыч

идеяларынан « фильтирлеп » өткөрүүчү күчтүү «тосмолордун» болушун талап кылат жана бул «тосмолордун» бири элдин кылымдар бою колдонулуп келген тарбиялоо каражаттары эсептелет. Демек, мына ушул байыркы башаттарга кайрылуу адамзатты таза тарбиялык идеяларга жетелөөнүн бир жолу болгондуктан, адамзаттын байыртадан бери түзүп келе жаткан салттарын улантууну көздөөсү, жаштарды ыйман - ынсапка үйрөтүүсү да этнопедагогика илимисиз ишке ашпашы тастыкталды.

Бул окуу куралы Кыргызстандын университеттериндеги жалпы педагогика курсунун ичинде этнопедагогика маселелерин окутууга болгон талапка жооп берет.

Этнопедагогиканын негиздери боюнча түзүлгөн бул окуу куралы жогорку окуу жайларынын студенттерин, магистранттарын, аспиранттарын жана кесибин жогорулатуучуларды __ педагогикалык ишмердүүлүккө даярдоого көмөк көрсөтө алат.

Окуу куралындагы бөлүмдөрдү төмөндөгү авторлор иштешти:

педагогика илимдеринин доктору, профессор Асипова Н.А. (IV)

педагогика илимдеринин доктору, профессор Карабалаева Г.Т. (XI)

педагогика илиминин кандидаты, доцент Сатыбекова Т.С. (I, II)

педагогика илиминин кандидаты, доцент Сатыбекова М.А. (VII)

ага окутуучу Калибекова Д.Т. (III)

ага окутуучу Мусакулов Т.М. (VI)

ага окутуучу Айтымбетова Д.А. (IX)

ага окутуучу Баялиева А.С. (VIII)

окутуучу Нурбекова С. (V)

окутуучу Аркабаева А.С. (X)

# 1. КЫРГЫЗ ЭТНОПЕДАГОГИКАСЫНЫН ПАЙДА БОЛУУ БУЛАКТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫ, ӨНҮГҮШҮ, АЗЫРКЫ АБАЛЫ ЖАНА МАСЕЛЕЛЕРИ

1.Кыргыз этнопедагогикасынын өнүгүшү жана калыптанышы

2.Кыргыз этнопедагогикасынын пайда болуу булактары

3.Азыркы абалы жана маселелери

Азыркы кыргыз этнопедагогикасы салыштырмалуу жаш илим тармагы болуп, ал башат алып өнүп чыккан биринчи булак дүйнөлүк орус жана совет этнопедагогикасы. Ошон үчүн, өз принциптерин дүйнөлүк жана анын ичинен совет этнопедагогикасына негиздеген бул илимдин объектиси калктын кылымдардан бери калыптанып, турмуштан алган табылга-тажрыйбалары болуп, бул же тигил адамдык сапаттарга карата жаман же жакшы деп ылгаган, элдик тарбиялык түшүнүктөр чагылдырылган деп, сөз кылардын алдында, дүйнөлүк этнопедагогиканын узак тарыхына көз салып чыгуу зарыл деп ойлойбуз.

Этнопедагогиканын элементтери адам коому менен тең эле пайда болгондугун, уруучулук коомдо эле колдонулгандыгын кайра-кайра белгилөөгө тийишпиз, урууларда аксакалдардын орду, уруу башчылардын орду, аңчылардын милдети бала багуу, аны жамаатта жашоого жана жан багууга үйрөтүү дегендей түшүнүктөр, ар кандай практикалык аракеттерден улам муктаждыкка байланыштуу иштелип чыккан, алар кийинки муундарга насаатталган.

Андан кийинки учурга келсек архиологиялык казуулар б.з.ч. 4кылымда эле Шумер, Аккад, Вавилон, Ассирия ж.б. аймактарда ири этикалык топтор түзүлүп мурдагы уруулар эми эл болуп калааларды куруп, үй-бүлөлөрдө

коомдошуп жашаганын тастыктады демек ал жерде этикалык маданияттардын өзгөчөлүгүнө ылайык этнопедагогикалык билимдер дифференцияга учураганын болжолдоого мүмкүн.

Азыр илимде белгилүү эң байыркы жазма эстеликтер, мисалы, “Вавилон падышасы Хаммурапинин мыйзамдары” (б.з.ч. 1792-1750ж.), “Ассирия падышасы Ашшурбанын жылнаамачылар китеби” (б.з.ч. 661-663 ж.), “Иудий падышасы Соломондун притчалар китеби” (б.з.ч. 965-928ж) ж.б мурастар адамзат ошол доорлордо эле педагогикалык эрежелер жана мыйзамдар менен жашагандыгын аларды мамлекеттик деңгээлде иштеп чыгышкандыгы күбөлөндүрөт.

Андан соң, кийинки булактардан мисалы, байыркы Индия эстеликтеринен үй-бүлөнүн балдарды тарбиялоодогу ролун көрсөк, бара-бара адамзат диний тарбияны алдыңкы планга алып келет. Улуу империялардын мисалы, Рим, Византия империяларынын пайда болушу менен адамдардын дүйнөнү багындыруу аракеттерине өзгөчө маани берилип, жеңүүчү жоокерлефдд тарбиялоо, элдик салттардын маанисин эмгектерине киргизип, элдик тарбияга маани бере баштайт, диний адабияттар эл тарбиясынын эрежелерине таянып, адептик жүрүш-туруш нормаларын киргизет.

Байыркы кытай ойчулу Конфуций (б.з.ч. 551-479ж.) элдин акылмандыгы адамдын тазалыгынын булагы экендигин, адамгерчиликти жогору коюунун зарылчылдыгы, адам баласы адегенде өз элинин, анан бөтөн элдин маданий салттарын үйрөнүш керектигин насааттайт. Анын “Лунбюл” (Талаштартыш жана сукбат”) деп аталган китебин ар бир кытайлык сабаттуу адам жатка биле турган жана мыйзамды кыйшаюусуз аткара турган ыйыктык болгон.

Элдик педагогикага өзгөчө маани берген жана аны учурда колдонуунун принциптерин иштеп чыккан “педагогика илиминин атасы” Я.А.Коменский (1520-1670) болгон. Илимий педагогикага негиз салгандардын бири катары ал

өз элинин коомдук жана үй-бүлөлүк салттарын изилдеп чыгып, буларды мектеп практикасына киргизүү зарыл деген. Анын эмгектери улуттук педагогикалык багыт алып өз элинин тарыхын, географиясын изилдеп макал-лакаптарын жыйнап аларды ирээттеп, мекенинин картасын чийген.

Ал педагогиканын фундаменталдык идеясын-пансофизимди илимге ачылыш катары киргизген б.а.,ар түрдүү элдер түзгөн колдонгон билимди жалпылап, ошол жалпыланган билимдерди мектеп аркылуу эне тилинде жаштарга алардын коомдук абалына, динине, рассасына, улутуна карабай жеткирүүнүн жолун аныктаган. Ошол эле кезде, адам таануу багытындагы илимдердин изилдөөлөрү өз мазмунун балдарды тарбиялоого бурушу керектигин,дүйнөдө арбир этнос башка этностор менен тең ата болорун, ар бир элдин, улуттун салттуу маданиятынын негизинде алардын прогрессивдүү идеяларын ылгап, жалпы адамзаттык маданият түзүүнүн зарылдыгын негиздеген. Элдик педагог, ар бир эл, өз эне тили менен өз маданиятынын патриоту болушу керек деген эмгегинде “Жаштардын ишиэмгектенүү, карылардын иши-кеңеш берүү” сыяктуу чех элинин макалын эпиграф катары пайдаланган. Ал “эл-улуу педагогдор жана улуу педагогдордун баары элчил”деген учкул сөздү педагогиканынын тарыхына өлбөс кылып киргизген. Анын пансофиялык мектептерде элдик билим берүүнүн башкы багыттары тууралуу ойлору да кийинки этнопедагогиканын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизген. Алсак, өз элинин оозеки чыгармаларын эне тилинде окутуу акыл-эс, адеп,дене, эмгек тарбияларында этнопедагогикалык билимдерди жана элдин прогрессивдүү тажрыйбаларын колдонуу, өз элинин тарыхын адабиятын, маданиятын географиясын, поэзиясын, фольклорун толук көлөмдө окуп үйрөнүү ж.б. маселелерди койгон жана аларды чечүүнүн илимий жолдорун көрсөткөн.

Швейдариянын демократ педагогу И.Г.Песталоции (1746-1827) эмгекчи элдин көп кылымдык тарбиялык салттарын демократиялык экендигин айтып, аны илимий жактан негиздеген жана аларды колдонуунун жолдорун

көрсөтөт. Мисалы: Швейцариянын эл педагогикасын жыйынтыктап келип алардын үй-бүлө тарбиясын колдонуунун энелер үчүн методикалык колдонмосун иштеп чыгып, аны дыйкан аялдар да бала тарбиялоодо пайдаланса болоорун айткан.

Орусиянын элдик мектептеринин негиз салуучусу К.Д.Ушинскийдин (1824-1870) дүйнөлүк этнопедагогиканың өнүгүшүндө өлчөөсүз орду болгону бул илимдин тарыхың аңтаргандар үчүн ар дайым айтылуучу фактылардан. Ал этнопедагогиканын жетектөөчү принциптерин көрсөтөт. Алар өз элинин маданиятын эне тилинде кабыл алуудан кошуна элдердин маданиятын кабыл алууга өтүү, андан дүйнөлүк маданиятка баруу жана ушул жолду мектептик билим жана тарбия берүүгө киргизүү, ар бир улуттук маданияттын өзгөчөлүгү болорун эске алуу.

К.Д.Ушинский антрополог, тарыхчы, тилчи, этнограф, фольклорист болуу менен орус салтын аябай жакшы билип, жакшы изилдеген, илимий принцибин негиздеген, ага ылайык, ар бир орус мектеби элдик салттарга, маданиятка таянышы зарылдыгын белгилеген. Ошол эле кезде элдик педагогикадагы элдик идеал түшүнүгүн талдап, улуттук өзгөчөлүктөргө байланыштуу элдик идеалар да ар түрдүү болорун айтат. К.Д. Ушинский “элдик педагогика” деген түшүнүктү илимге киргизип, анын аныктамасын берип, ал кубулуштун балдарды тарбиялоодогу өлчөөсүз ролун көрсөткөндүгү, анын этнопедагогикадагы эң бараандуу этнопедагог окумуштуу экендигин аныктайт.

К.Д. Ушинский эне тилдин билим жана тарбия берүүчүлүк маанисин жогору коюп, элдин кулк мүнөзүн үйрөнүү үчүн, элдин тилин, ар ким өз эне тилинде сүйлөп, окуп, анан башка тилдерди үйрөнүүнү баштаса болорун илимий жактан негиздейт. Эне тилди үйрөнүүнү элдик адабият, элдик ырлар жана жандуу тил менен коштоонун зарылдыгын белгилейт айрым сөздөргө лингво этмимологиялык анализ жасайт. Ал жогорудагы элдик педагогика боюнча теориялык ойлорун ал Гатчина жетим балдар институнда жана

Смольный кыздар институтунда илимий тажрыйбада сынап көрөт. Л.Н.Толстой ( 1823-1910) өзү жашаган Ясная Поляна кыштагында мектеп ачып ал жерде билим берүүнү элдик тарбияга негиздеген өзү эл арасында айтылып жүргөн жомоктордун негизинде же ошолорго окшотуп аңгемелерди жазган, аларды түздөн-түз балдарга окуп берип, дароо апробациядан өткөргөн. Эгерде ага чейин Орусияда билим берүү байлардын гана ырыскысы деп, алар Европага негизделген окутуу менен гана кызыгып жатса, француз, немис, англис тилдерин окуп үйрөнсө, Лев Толстой биринчи кезекте айылдык дыйкандардын балдарын европалык мектептин методикасына жана методологиясына салбай, орустук рух менен окуткан.

Батыш Европанын экономикалык жана саясий шарты башка экендигин айтып, аларды туурай берүү акыры тунгуюкка алып бараарын көрө билген жазуучу, орус педагогикасын элдик таалим-салттарына сүйрөп келгендиги менен гуманистик жана мекенчилдик көрсөткөн, ошонусу менен орустарды ойго салып элдик башаттарына кылчаюуга мажбур кылган.

Жогоруда учкай токтолуп кеткендей, этнопедагогика илим катары бирин-эки эмгектер чыккан менен XXкылымдын экинчи жарымына барып, 60-жылдарда бул илим боюнча олуттуу изилдөөлөр жүрө баштаган. Ошол эле кезде мындай изилдөөлөргө алгачкы илимий жыйынтык жасалып энциклопедияга өзүнчө макала киргизилген.

Советтик мектептин пайда болушу, элдик педагогиканын билим берүү системасына кеңири аралашып киришин шарттады. Мисалы, 1924-жылы Ташкент шаарынан Ишенаалы Арабай уулунун "Кыргыз алиппеси" деген китеби жарык көргөн, китеп "өзүнүн ички маани-мазмуну боюнча алганда да кыргыз баласына өзүнүн эл-жерин, жашоо-турмушун, мунөзүн,тил байлыгын, бүткүл руханий материлдык дүйнөсүн чагылдырып турганы менен, ошол аркылуу кыргыз баласын куралдандыруу максатын көздөгөнү менен баалуу. Ушундай мазмуну менен "Кыргыз алиппеси"өзүнөн кийинки бүткүл кыргыз китептеринин улуттук кайталангыс үлгүсү бойдон калды.

Мисалы: “Эмгекчил эр кем болбос”, “эринчээк эр оңолбос”, “көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет”, “учу бирге жазылат”, “түбү бирге кошулат”, “бүлүнгөн элден бүлдүргө алба”, “төшөгүнө карап аягынды соз” деген сыяктуу элдик педагогиканын үлгүлөрү киргизилген. Ошентип, элдик педагогика советтик окуу китептерине киргизилген. Албетте ушул процессте советтик системанын да эки жагы болду: биринчиси, жалпы советтик интернационалдык элди түзүү жөнүндө идея; экинчиси — мазмуну социалисттик, формасы улуттук маданиятты жаратууга болгон аракеттер.

Алгачкы окуу китептери пайда боло баштаган жылдарда элдик оозеки мурастарды жыйноо, жарыялоо менен бирге эле аларды талдаган илимий эмгектер пайда болду. Мисалы: 1926-жылы Г.С.Виноградовдун “Народная педагогика”деген китеби басылган. КПССтин XXсъездинен кийин ар-бир улуттун үрп-адаты, салт-санаасы изилдөөгө алына баштады. Эл педагогикасына назар салуу В.А.Сухомлинский, Б.А.Александров, ЩВ.Х.Арутюнян, В.Ф.Афанасьев, ГН. Волков, А.Ш.Гашимов, К.Ш.Акияров, Я.Н.Ханбиков ж.б. педагогдордун жана окумуштуулардын эмгектеринде колго алына баштады.

Украинанын Павлыш орто мектебинин директору В.А.Сухомлинский украин элдик педагогикасын негиздеп “энелер багы”, “чоң аталар” жана “чоң энелер майрамы”, “жомоктор саанасы”, “кыялдар бурчу” ж.б. шарттуу аталыштарда тарбиялоо жана билим берүү формаларын иштеп чыккан. Мектептин улуттук жүзү болушу керектигин белгилеген жана аны тажрыйбада көрсөткөн павылыш орто мектебин директору В.А.Сухомлинский мектебин эл таануу очогу кылган, ошол эле кезде окуучуларын өз элин, жерин сүйүү менен Ата Мекенге кызмат кылууга жетиштирүү максатын көздөгөн. Элдик мекенчилдик дегенде энелик жана аталык сүйүү, бешик ыры, эне тили, туулган жердин жаратылышы, булбулдун сайраганы ж.б.көрүнүштөр катышарын көрсөтүп, ошолор аркылуу элдик таалим-тарбия, салттарына таянуу зарылдыгын окурмандарына

түшүндүргөн. Окуучуларын жаш чагынан эмгек кылууга үйрөткөн жана мында элдик салттарга негизденген, калктын тарбиялоо формаларын азыркы педагогика илими менен айкалыштырып, куурчактар театры, жомоктор театры, жомоктор дилбаяндары ж.б.формаларды окуу-тарбия процессине активдүү аралаштырган. Бул эмгектер советтик этнопедагогиканын алгачкы чабалекейлери эле, илимдин пайда болушу жана бир катар баалуу ойлордун айтылышы ал кездеги жаш изилдөөчү чуваш илимпозу Г.Н.Волковдун 1958-жылы басылып чыккан “Чувашская народная педагогика” деген китеби менен байланышат. Кийинки бир катар эмгектери менен ал окумуштуу советтик этнопедагогиканын атасы деген урматтуу даражага татыктуу болду.

Г.Н.Волков этнопедагогиканы илимий педагогиканын өз алдынча тармагы экендигин тастыктаган “элдик педагогика” менен “этнопедагогиканын” аныктамасын берген анын предметин, методдорун, каражаттарын, формаларын тактап көрсөтүп, элдик идеал түшүнүгүн илимий негиздөө менен, баланын тарбия алышында улуулардын жана өзүнүн чөйрөсүндө кандай роль аткарарын абдан кылдат тактаган. Г.Н.Волковдун бул илимдин тармагындагы шакирттери ондогон диссертацияларды жазып коргошкон. Бул эмгектердин дээрлик көпчүлүгү СССР деген ири державанын курамына кирген элдердин салттуу тарбиялоо ыкмаларын изилдөөгө алуу менен, тоталитардык системада улуттук-тарбиянын табылгалары өзгөчө бааланбагандарын ачып берүүгө жана аларды практикада оң жактарын колдонууга жарактуу экендигин далилдөөгө арналган. Эмгектердин дагы бир белгилөөчү нерсеси, алар элдик педагогикалык салттар, ошол элдердин фольклору аркылуу да, жазма адабияты аркылуу бүгүнкү күнгө жетип, азыркы жаштарды тарбиялоого көмөк көрсөтүп келүүдө. Ошондой эле, улуттук тарбиялоо салттары тууралуу илим ар тараптуу өнүгүп, жогорку окуу жайлары үчүн окуу программалары түзүлүп, окуу китептери жазылды. Мына ушулдардын бардыгы кыргыз этнопедагогикасынын калыптанып өнүгүүсүнө методологиялык негиз, илимий - теориялык негиз болду. Экинчи булак бул

албетте, биздин түпкү этнографияны, тарыхты, элдик педагогиканы изилдеген окумуштуулардын практиктердин эмгектери.

Жаңы кылымдан тартып, педагогикалык багытындагы окуу жайларында атайын этнопедагогика окуу предметтери киргизилди, М.Рахимова менен Т.Панкова, А.Алимбеков, К.Кадыралиевдин монографиялары, окуу куралдары,жамааттык жыйнактар чыкты. Ошондой болсо дагы кыргыз этнопедагогикасынын алдында төмөнгүдөй милдеттер жана маселелер бар.

Биринчиден, кыргыз этнопедагогикасына историографиялык анализ керек, кайсыл изилдөөлөрдө кыргыз элинин педагогикалык салттары канчалык деңгээлде изилденгендиги кайсыл жагы изилденбей калгандыгы даана так көрсөтүлүшү керек.

Экинчиден, кыргыз этнопедагогикасынын теориялык изилдөөлөрүн дүйнөлүк этномаданият менен салыштыруу, дүйнө элдеринин, түрк элдеринин, мусулман элдеринин, коңшу элдердин элдик педагогика илимдеринин табылгалары менен салыштыруу, элибиздин тарбиялоо салттарын салыштырматипологиялык контекстен кароо маселелери тереңдетилиши зарыл.

Үчүнчүдөн, кыргыз этнопедагогикасынын материалдарын китептер түрүндө чыгарып,жыйнактар түзүп, дүйнөлүк тилдерге которуп, интернет сайттарына киргизип, компакт дисктерге, аудио-видео кассеталарга жазып, алардын негизинде фильмдерди,фото-материалдарды, сүрөттөрдү тартып, эл аралык алкакта пропагандалап, жалпы элге жана дүйнөлүк илимий чөйрөгө жеткирүү деп ойлойбуз.

Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:

1.”Этнопедагогика”, “Элдик педагогика” түшүнүктөрүнө аныктама бергиле.

2.Кыргыз этнопедагогикасынын пайда болуу булактары.

3. Кыргыз этнопедагогикасынын өнүгүшү жана калыптанышы.

4. Азыркы абалы жана маселелери.

Өз алдынча даярдануу үчүн адабияттар:

1. КукушкинВ.С., СтоляренкоЛ.Д. Этнопедагогика и этнопсихология / Кукушкин В.С., Столяренко Л.Д. - Ростов-наДону “Феникс” 2000, стр-326.

2. ЛатышинаД.И.,, ХайруллинРЗ. Этнопедагогика / Латышина Д.И., Хайруллин Р.З. - Москва “Юрайт”, 2014.

3. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 3-том.Башкы редактору Асанов У.А. К.97. - Б: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2011. 784 бет.

4. Измаилов А.Э. Народная педагогика. - Москва. 1991.

## II КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТАРЫХЫ-АНЫН РУХАНИЙ ТУРМУШУНУН ТАЖРЫЙБАСЫН ЧАГЫЛДЫРГАН ЭЛДИК АКЫЛ-ОЙДУН УЮТКУЛУУ КЕНЧИ

1.Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастанындагы таалим-тарбия

2.Махмуд Кашгари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы»

3.Калыгул Бай уулунун чыгармаларындагы гумандуулук идеялары

4.Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов) - ойчул жана агартуучу

### 1.Жусуп Баласагындын жана анын «Кутадгу билиг» дастанындагы таалим-тарбия

Баардык эл бабалардан калган мурастарын аздектеп, аларга аяр мамиле жасап, башка элдерге сыймык менен тааныштырып отурганынын себеби бар. Анткени улуу мурастар ал элдин өткөнүн гана аныктабастан, учурун, келечегин да сыпаттап, тастыктаары белгилүү. Өз элинин өткөнүн, тарыхын жакшы окуп үйрөнгөн эл, учурдагы болуп жаткан мүчүлүштүктөрдү оңой сезип, тез оңдоого аракеттенет. Алар азыркы менен өткөн тарыхты салыштыруу менен башкы адамзаттык баалуулуктардын негизинен бардык учурда: өткөндө, азыр, келечекте бирдей болорун таанышат. Биздин ата бабаларыбыз эркин, көз карандысыз, эгемендүү жашоо үчүн кандай күрөшсө, азыр биз да өз алдынча мамлекеттүүлүккө ээ болуп отурганыбыздын кандай баркка ээ экендигин түшүнүп, келечек муундун бизден да жакшы, бизден да мыкты шарттарда жашоосу үчүн бардык аракеттерди жасашыбыз керек.

Учурубуздун орчундуу маселелеринен болгон элдердин достугу, биримдиги, мамлекетти коргоо, чыңдоо, адам укугун коргоо, сыйлоо, адилеттүү башкаруучу орган түзүү байыртадан эле мамлекеттин бирден-бир негизги маселелеринен болгонун «Манас» эпосу, «Кутадгу билиг» дастаны экендигин азыркы учур далилдеди.

Бизге чейин жеткен жүздөгөн тарыхый фактылар далилдеп тургандай, кең чөлкөм болгон Борбордук Азияда орто кылымдарда эле көп тармактуу рухий жана материалдык маданият калыптанып, дүркүрөп өнүккөн. Илим менен билимдин бардык багыттары табият таануу жана гуманитардык илимдер искусство, адабият жана башкалар өтө зор ийгилик-терге жетишкен. Мындай өнүгүү Ренессанс деп аталган. Демек, бул кубулуш Чыгыш өлкөлөрүндө да өкүм сүргөн. Ал гана турсун анын айрым тармактары Батыш өлкөлөрүнө салыштырганда эрте өнүгүп, өзүнүн мазмуну боюнча Батыш өлкөлөрүнө үлгү боло алган. Чыгыш өлкөсүндөгү мындай кубулушту көрүнүктүү чыгыш илимпоздору: В.Бартольд, И.Крачковский, немец окумуштуусу А.Кремер, Я.Бургхард, Совет доорунун чыгыш изилдөөчүлөрү М.Конрад, Б.Гафуров, Е.Бертельс ж.б. эчак эле илимде далилдешип, күн чыгыш Ренессансы жөнүндө илимий эмгектерди жаратышкан. А.Мец өз эмгегин «Мусульман Ренессансы» деп атаган.

1.Академик Н.Конрад күн чыгыш Ренессансынын бөтөнчөлүктөрүнө токтолуу менен бул кубулуштун өнүгүү мезгелинде батыш өлкөлөрүнө караганда маданияттын көп тармактарын өнүктүрүүдө чыгыш өлкөлөрү бир кыйла алдыга озуп кеткендигин баса көрсөткөн.

2.Бул мезгил өз хронологиясы боюнча VIII кылымдан башталып, XVI кылымга чейинки мезгилди өз кучагына камтыган. Мына ушул аралыкта Борбордук Азияны мекендеген элдердин материалдык жана руханий байлык боюнча эң өнүккөн, алдыңкы маданиятка ээ болушкан.

Борбордук азияда жайгашкан ири шаарлардын бири Баласагын шаары эсептелген.

Эмесе, сөз учугун «Кутадгу билиг» дастанының автору Жусуп Баласагындын өмүр баянын тааныштыруу менен баштасак. Негизинен Жусуп Баласагын тууралуу жетишээрлик так маалыматтар болбосо да, биз анын

«Кутадгу билиг» эмгегине кийинчерээк проза жана поэзия түрүндө кошумчаланып жазылган кириш сөздөргө, ошондой эле аталган эмгегинде өзү тууралуу айрым эскирген ыр саптарга таяна турган болсок, Жусуп Баласагын 1017-1019 жылдар арасында Баласагын шаарында төрөлгөн.Ал эми Баласагын шаары азыркы Кыргызстандын Чүй өрөөнүнөн орун алган орто кылымга таандык шаар болуп, Караханиддер дөөлөтүнүн (960-1212) борбору болгон.Баласагын шаары тууралуу биринчи маалыматты бизге берген арап автору аль-Мукаддасинин (10к) айтуусу боюнча бул шаар башка шаарлардан чоңдугу жана калкынын көптүгү менен айырмаланып турган. Ошондой эле В.В.Бартольд менен А.Н.Бернштам жана башка илимпоздордун бир тобу тарыхый жазуу маалыматтарга жана археологиялык табылгаларга таянышып, байыркы Баласагын шаарын азыркы Токмок шаарынын жанындагы Бурананын аймагында болгон деген тыянакка келишкен.Жусуп жалпы эле ОртоАзия элдеринин улуу акыны, илимпоз, ойчул, коомдук жана табият таануу илимдеринен маалыматы бар билимдүү инсан болгон. Ал баштапкы илимди өзү туулуп өскөн Баласагын шаарынан алган. Ал эми жогорку билимин башка окумуштуулар сыяктуу эле ал да ошол мезгилдеги бардык түрк элдеринин маданий борбору болуп турган Кашкар шаарындагы Сажийа медресесинен алган.Жусуп Баласагын араб, перс тилдерин өтө терең өздөштүрүп, философиялык мүнөздөгү илимий эмгектер менен кенен таанышуунун негизинде системалуу түрдө ар тараптуу билимге ээ боло алган.

Өз мезгилинин билимдүү инсаны катары, ал философия жана теология илими ошондой эле поэзия, саясат, шахмат искусствосу боюнча терең маалыматтарга да ээ болгон. Жусуп булар менен эле тим болбостон астрономия, геометрия, арифметика жана башка табият таануу илимдерин жакшы өздөштүрүүнүн натыйжасында тез эле эл оозуна алынып, өз доорунун эң алдыңкы адамы катары коомчулукка белгилүү болгон.Жусуп Баласагын өзүнүн атактуу «Кутадгу билиг» дастанын 1069-1070 жылдардын аралыгында

элүү жаштан өтүп калган кезинде, бир жарым жылдын ичинде Баласагын шаарында жазып, Кашкарда бүтүргөн. Көлөмү 6645 ыр сабынан турган бул чыгармасын ал Караханиддер дөөлөтүнүн улуу каганы Сулайман Арслан Хакан оглу Тавгач Улуг Бугра - ханга тартуулап, ал үчүн «Хас Хажиб» деген жогорку, мындайча айтканда, хан сарайындагы өзгөчө даанышман, кеңешчи «улук көсөм» наамына ээ болгон. Айрым окумуштуулар Жусуп Баласагындын мындан башка да «Саясатнаама» («Саясат Таануу») жана «Кабуснаама» («Энциклопедиялык китепче») деген эмгектери болгон дешет" Бирок бул аталган чыгармалары тилекке каршы бизге келип жеткен жок. Окумуштуу илимпоз жердешибиздин канча жашта дүйнөдөн кайткандагы так билинбесе да, өзү тууралуу эскерген айрым ыр саптарга таяна турган болсок анын пайгамбар жашынан өтүп узун өмүр сүргөндүгүн айтууга болот. Анын сөөгү Кашкар шаарынын түштүгүндөгү Пайнап деген жерге коюлган. Кытайда болуп өткөн маданий революциянын мезгилинде Жусуп Баласагындын күмбөзү хунвейбиндер тарабынан талкаланып, болгону анын сүрөттөрдү гана калган.

Азыркы кезде улуу акындын күмбөзү кайрадан оңдоптүзөлүп, өз калыбына келтирилген. Жакында чыгаан ойчулдун туулгандыгынын 1000 жылдык маарекесин коомчулук белгилешмекчи. Жусуп Баласагын дүйнөлүк адабият казнасын «Кут адгу билиг» аттуу дастаны менен байыткан. Бул чыгарманын кайсы тилде жазылгандыгы жөнүндө окумуштуулар арасында бүгүнкү күнгө чейин кызуу талаш-тартыштардын аягы басыла элек. Көпчүлүк пикир айтуучулар чыгарма байыркы түрк тилинде жазылгандыгын далилдешкен. Бүгүнкү күндө чыгарманын үч кол жазмасы белгилүү. Биринчи Вена шаарында сакталган кол жазма, аны кээ бир учурларда 1439-ж. Герат шаарына көчүрүлгөндүгүнө байланыштуу «Герат нускасы» деп аташат. Бул 19-кылымдын 20-жылдарында табылган көчүрмөнү 1796-жылы австралиялык дипломат жана окумуштуу Иосиф фон Хаммер-Пуршаль Стамбулдун китеп базарынан тапкан да, Венадагы китепканага тапшырган. Экинчиси араб арабиндеги Каир кол жасмасынемец окумуштусу А.Морщ тарабынан табылган. Үчүнчүсү - 1913 жылы окумуштуу ахмед Заки Валидов Наманган шаарынан тапкан араб арабинин нускасы. Ар бир жазманын өзүнчө артыкчылыгы бар. Ошондуктан, окумуштуулар үч кол жазманын негизинде анын жаралуу тарыхы, тили, басылышы, мазмундук айырмачылыктары жана жалпылыктары,

структуралык түзүлүшү, лексикалык составы, идеялыктематикалык өзгөчөлүктөрү, философиялык - этикалык көз караштары жана башка маселелер тууралуу көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Айрыкча «Кутадгу билиг» дастанынын которулушу, басылышы, изилденишине салым кошкон илимпоздор-А.Жобер, Г.Флюгель, В.Радлов, С.Малов, Э.Тенишев, Е.Бертельс, А.Егеубаев, К.Артыкбаев, А.Акматалиев, А.Нарынбаев, Ө.Караевдин ысымдарын атоого болот.

Дастан акыл-насаат берүүчү дидактикалык мүнөзүндө жазылып, Жусуп Баласагындын илимдин бардык тармактарында жетишилген ачылыштар, жаңылыктар менен жакшы тааныш экендиги чыгарманын текстинен байкалып турат. Акындын дүйнө таанымына, көз карашынын калыптанышына Чыгыштын улуу ойчулдары - Аль-Фарабинин, Абу Райхан Берунинин, Ибн Синанын, Абулкасым Фирдоусинин чыгармалары зор таасир тийгизгендиктен «Кутадгу билиг» дастанында аалам масштабындагы жогорку философиялык ойлордун камтылышы мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон.

Эми, биз, Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанына кайрыла турган болсок, мында биздин ата-бабаларыбыздын рухий турмушунда кылымдардан бирдиктүү, өз ара байланыштуу эки маданияттынотурукташкан жана көчмөн маданияттарыбыздын түпкү башатын ырастаган элдик кенч. Бул чыгармадан Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхы боюнча маалыматтарды алууга болот. Бул дастанда автор өз заманындагы адепэтикалык принциптерди, идеяларды ошол доордун тарыхы, маданияты, дини менен шайкеш байланышта карап, аларды акыл таразасына салып баалап, нарктап ой толгогон. Ошондуктан бул чыгарманы адамзатка ар убак адепахлактык азык болуучу этикалык энциклопедия катары бааласак ашыкча болбойт. «Кутадгу билиг»дастанынын мазмунун негизги төрт түшүнүк түзөт: адилеттик, акыл-эс, бакыт, каниеттик. Бул түшүнүктөр конкреттүү каармандардын образдары аркылуу берилген.

Өкүмдар Күнтуусү адилеттиктин, вазир Айтолду бакыттын, вазирдин уулу Акдилмиш, акыл-эс, вазирдин иниси Өткүрмүш каниеттиктин символдору катары сыпатталган. Ойчул окууну, билимдүүлүктү дүйнө таанып билүүнүн эң негизги жолу катары баалайт. Окуу менен гана адам баласы акылын арттыра алат дейт акын. Коом турмушундагы, мамлекетти башкаруу системасындагы күндөлүк жашоо тиричиликтеги бардык нерселердин жакшы болушу билимдүүлүккө түздөн-түз байланыштуу дейт автор. Ошондой эле начар көрүнүштөрдүн дээрлик баары билимсиздиктин натыйжасында келип чыгат деп эскертет.

Алсак: Окуу-түндө алдындагы шам чырак,

Билим алсаң маңдай ачык жаркырап.

Окуу, билим көп нерсеге жеткирет,

Бул экөөнөн урмат-сыйды көп көрөт.

Сокур дешет билимсиздижөн дебе,

Окуу гана жарык чачат дүйнөгө. 1 (60-61б)

Окууну, билим алууну баарынан жогору коюп, билимдүү адамды баалап, сыйлай, урматтай билүүнү ыйык милдет катары эсептөө керек экендигин айткан жогорку сыяктуу акылман кеп-кеңештердин тизмегин уланта берүүгө болот. Бирок Жусуп Баласагын окууну, билим алууну адамдын акылдуу, даанышман болушунун бирден бир жалгыз шарты, көрөңгөсү деп эсептебейт. Өзүнө чейинки көп кылымдардын тажрыйбасын жана өзүнүн керт башы баамдаган турмуш сабагынын натыйжаларын эске ала отуруп, Жусуп адамдагы мыкты касиеттердин бири анын акыл-эстүүлүгү деп эсептейт. Анын терең ишениминде акыл эстүүлүк сапат адамдагы тубаса болуш керек.

Тубаса акыл-эси бар адам билим алып өзүн ар тараптан байытса, кол жеткис мыкты сапаттарга ээ боло тургандыгы талашсыз чындык экенин, кайра-кайра баса белгилеп көрсөтөт, Жусуп Баласагындын бул позициясынын эң туура экендигинен күмөн санабаса да болот, Ошону менен катар эч билими жок туруп деле акыл-эстүү даанышман адамдардын болушу да мүмкүн экен. Ушу бүгүнкү күндө деле арабызда окуп билим алуунун «түбүнө» жетип, бирок адамдык сапаты анча болбогон адамдарды көп эле жолуктурабыз. Мунун тескерисинче, алган билими болбой туруп, турмуштук университеттен гана сабак алып, бийик адамгерчиликтүү, жүйөлүү, акыл

эстүү, сөзмөр адамдарды да кездештирип келебиз. Ошон үчүн Жусуп төмөнкү саптарды бекеринен жазбаса керек:

Акылды карызга эч ким бербейт колго,
Акылбул жараткандан алган олжо.
Тагдыр акыл бербесе төрөлгөндө,
Тилегине жете албайт андай пенде.
Адамзат бир акылдан башкаларды,
Үйрөнүп окуу менен билип алды. 2 ( 163-б.)

Жусуптун бул саптарын окуп отуруп, дагы бир турмуштук чындыктын бар экендигине ынанууга болот. Анча акылы болбогон адам деле көп окуп, көп билүүгө, билим алууга тырышса, кийин өзүнүн оокатын тың кылып кетүүгө, кандайдыр бир оң натыйжаларга ээ болууга, оң сапаттардан өзүнө сиңирип алууга жөндөмү жетерин да атайын эскертип айтып кеткен.

Жусуп Баласагын илим-билимди берүү менен алуунун түбөлүк бүтпөс жана ажыралгыс эки бөлүктөн турарын, тагыраак айтканда, адам бир эле учурда үйрөтүүчү жана үйрөнүүчү милдетин так аткара алса гана, чыныгы маданияттуу, таалимтарбия берүүгө жарамдуу адам боло ала тургандыгын атайы белгилеп көрсөткөн,.Ошондон улам элди, өлкөнү башкарган адам адегенде өзү билимдүү, тарбиялуу боло туруп, ошол эле учурда баарын билем деп керсейбей, дарамат үйрөнүүчүнүн абалында болуу керек. Ошондо гана ал өмүр бою үйрөнүп, анан башкаларга үйрөтүү укугуна ээ болмокчу. Кары адамдардын жаштарга акыл-насаат, нуска сөздөрдү айтышы, «Карынын кебин капка сал» деген принцип боюнча ар качан эске алынып турса, бийликте тургандар кол алдындагы кызматкерлерге мээримдүү мамиле кылса, балдар ата-энелерин сыйлай алса, ата-энелер балдардын жакшы жолго тарбиялоону ишке ашырса, бийлик алдындагылар өз милдеттерин так аткарса, адамдар бири-бирине кичи пейил, сылык мамиле кылышса дейт автор.

Дидактикалык чыгарманын классикалык үлгүсү болгон бул дастанда орто кылымда түрк элдерине мүнөздүү болгон адепахлактык маселелердин баары кеңири камтылып

чечмеленген жана ал маселелерге байланыштуу автор тарабындан айтылган баалуу ойлор, көз караштар бүгүнкү күндө да, эртеңки күндө да өзүнүн актуалдыгын төмөндөтпөстөн, тескеринче идеялык эстетикалык таасирдүү күчүн улам арттыра бермекчи.

## 2. Махмуд Кашгари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы»

Кыргыз эли Борбордук Азия аймагында жашаган эң байыркы элдерден болуп саналат. Бул боюнча маалыматтар, тарыхый даректер, далилдөөлөр өтө арбын жолугат. Байыркы жана орто кылымдарда жашаган илимпоздор, саякатчылар кыргыз элинин турмушу, кесиби, үрп-адаты, салт-санаасы, алардын өз алдынча болгон мамлекети, аны башкаруунун жолдору, рухий жана материалдык маданияты тууралуу өтө бай маалымат калтырышкан. Көп тармактуу маданиятты өнүктүргөн эл болуп саналган. Түрк тилдердеги эң байыркы жазуу болгон орхоненисей тамгалары да кыргыз элине таандык. Көрүнүктүү чыгыш илимпозу В.Бартольд билдиргендей, орто кылымдарда Борбордук Азиянын чоң аймагын ээлеп турган «Улуу кыргыз державасынын» өкүм сүрүшү бизге көп нерседен кабар берет. Орто кылымдарда, айрыкча X кылымдын орто чендеринде кыргыз элинин ондогон уруулары биригип Чыгыш Туркестан аймагында жаңы мамлекет Карахандыктар кагандыгын (хандыгын) түзүшкөн.

Мына ошол карахан дөөлөтү учурунда жашаган улуу илимпоз, улуу филолог, тунгуч түркolог, фольклорист Махмуд Кашкар. Туркия илимпозу О.Прицактын эсептөөсү боюнча ал 1029 жана 1038 жылдардын аралыгында туулган. О.Прицактын божомолуна караганда Махмуддун атасы Барсган (Борскоон) шаарынын башкаруучусу (эмири) Хусейн бин Мухаммед болгон. Махмуд өзүнүн тектүү тукумдан чыккандыгын өзүнүн эмгегинде да эскерткен.

Илимпоздордун айтуусуна караганда Махмуд ошол кездеги мусулман өлкөлөрүндөгү чоң шаарлардан ( Бухара, Багдад ) окуп, өз доорунун алдыңкы окумуштуу адамынын деңгээлине жеткен жана «Түрк сөздөрүнүн жыйнагын» түзүүгө ошол учурда араб сөздүктөрүнүн берген түрткүсү да кандайдыр бир деңгээлде себеп болгон. Махмуд өз эмгегин жазуудан мурда ал түрк урууларын кыдырып, сөздөрүн чогултуп, алардын тил айырмачылыктарына, турмуш-тиричилик өзгөчөлүктөрүнө чейин кылдат байкап, факты материалдарды толук жыйнап чыккан. Эмгектин кириш сөзүндө ал түрк урууларынын баарын кыдырып чыктым дебейт, түрк, түркмөн, огуз, чигил, йама, кыргыз урууларынын, шаарларынын,кыштактарын, жайлоолорун кыдырып сөздөрүн жыйнап чыкканын өтө

ачык, так баса көрсөткөн. Албетте, бул да «Түрк сөздөрүнүн жыйнагынын» негизин кайсы уруулардын сөздөрү түзгөндүгүн так билип коюу үчүн өтө керектүү эскертүү болуп эсептелет. Изилдөөчүлөрдүн бир даары Махмуд өз эмгегин кашкарда жазган десе, экинчилери Багдада жазган деп болжол кылышат. Кайда жазса да бул эмгектин сакталып кылышы бизди кыргыз урпактарын кубандырбай, сыймыктандырбай койбойт. Тунгуч түркolog илимпоз Махмуд Кашкаринин эмгегинин табылышы өзүнчө бир кызык окуя экен. Түркологиялык илимпоз Али Эмири (1876-1953) Стамбулдагы эски китептердин базарынан Махмуддун эмгегинин кол жазмасын сатып алат да аны ирээтке келтирүүнү мугалим Килисли Рифатка тапшырат. К.Рифат аны Стамбулдагы басмаканадан 1-2 томдордун 1915-жылы 3-томун 1917-жылы бастырып чыгарат. Ошентип Махмуддун эмгегинин өлбөс өмүрү башталат, Махмуддун эмгегинин кол жазмасынан көчүрүлгөн ушул жалгыз нуска ( муну 1266-жылы Мухаммед ибн Абу-Бакр ибни Абу-л-Фатх ас Савиал-Дамаски деген адам көчүрүп чыккан) азыр Стамбулдагы калк китепканасында Али Эмирдин Фондусунда сакталып турат. Кийинчерээк Махмуддун эмгегин түрк тилине Түркия окумуштуусу Бесим Аталай которуп бастырган.

«Түрк сөздөрүнүн жыйнагында» - деп жазат академик А.Н.Кононов, - «содержит 7500 слов, отражающих лексику тюрок (караханских, хокандских), туркменов, огузов, чигелей, ягма и кыргызов». 1 (Кононов А.Н., Махмуд Кашгарский и его «Дивани лугат ат-турк». // Советская тюркология, 1972, №1 12-б.

Мына ушул 7500 сөздүн тегерегинде Махмуд XI кылымда өзү жогоруда атаган түрк урууларынын турмуш тиричилигинен кеңири маалымат берген. Демек, бул эмгек азырынча кыргыз элинин XI кылымдагы турмушу жөнүндөгү бирден бир тарыхый булак болуп эсептелет.

Эми «Түрк сөздөрүнүн жыйнагына» кайрыла турган болсок, эмгек кириш бөлүм менен башталат. Анда түрк тилдерин үйрөнүүнүн олуттуу мааниси, бул эмгектин кайсы калифке багышталгандыгы, автордун түрктөр жашаган өлкөлөрдү кыдырганы, китеп жазуудагы кабыл алган усулу, түрктөрдүн өз алфавити, түрктөрдүн негизги элдери жана уруулардын аттары, алардын ар кайсы чөлкөмдө жайгашуулары ж.б.у. маалыматтар камтылат. «Диван лугат ат-түрк» эмгегинин негизги бөлүгү сөздүк

тартибинде түзүлүп сегиз саптан турат. Түркчө сөздөр уңгусунун алфавиттик ырааты боюнча өз-өз уяларына жайгаштырылып, ар бир сөздүн арабча котормосу берилген. Көбүнчө сөзмө-сөз таржымасын берип тим болбой, автор терминдердин кеңири түшүрмөсүн коштойт, Тигил же бул терминге байланыштырып колдонулган макал-ылакап 290го жетет. Ошондой эле кошок ырлары, бир катар элдик баатырдык дастандардын үзүндүлөрү, жаз жөнүндө, сүйүү жөнүндө жана башка ырлардын парчалар ыгы менен колдонулат. Эмгекте түркологиялык тил илиминдеги бир катар грамматикалык мыйзам ченемдүүлүктөр жана көрүнүштөр айкындалат, айрым сөздөрдүн диалектилик чөйрөдө гана орун алышы белгиленип, бир катар топонимдердин жана түрк калктардын жайгашкан орду такталат.

Бул эмгектин өзгөчөлүктөрүнүн бири кыргыз, кыпчак, карлук, огуз, уйгур, чигил сыяктуу өз алдынча түркий этносторду «уруу», «урук» терминдери менен белгиленишинде турат.

Эмгектеги бир ырда: « ...Биликчи йугөрмүн, көңүлүн төгөрмүн ... ». «Билимди топтоймун (үйөмүн), көңүлдү ага төгөмүн» - деп ырдалып, бабабыздын билим, өнөргө умтулуусу сыпатталат.

«Эдем (адептин)башы -тил» деген экен тогуз кылым эртерээк доорон сүргөн ата-бабабыз. Теңир-Тоодо урпактан урпакка көчкөн улуу сөздү өздөштүрдүүмаданий деңгээлибиздин күзгүсү, кайра куруулардын рухий нугунун соолугус бир башаты.

Сөздү Махмуд Кашгаринин картасына бура турган болсок, анын дүйнөсүнүн түстүү картасы өзүнүн бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырманалып турат. Эмгектеги картада жердин Чордону катары Ыйык мечит орун алган Мекке шаары эмес, автор туулуп өскөн Ысык-Көл, Борбордук Теңир-Тоо аймагы жайгаштырылат.

«Диван лугат ат-түрк» эмгегинде Барскан шаарынын аты каткалаң «гайн» аркылуу «Барсган» деп берилген болсо картадакаткалаң «каф»

аркылуу «Барскан» деп ( азыркы «Барскоон» топонимине үн алыштырылып) жазылган. Махмуд Кашгари ушул эмгегинде балдар оюндарына да токтолгон. Алсак, «Ол мениң бирла тагка агышты» («Ал мени менен тоого чыгууга мелдешти») деген сүйлөм учурайт. Бул-тоолук тестиер балдардын күнү бүгүнкүгө чейин аскар тоонун ажайып турмушуна кут кошкон сүйүктүү оюну.

Дагы бир жерде «чик турды», «чик-бөк» деген сөз айкаштары кездешет. Кеп биерде чүкө оюну тууралуу кетип баратканын ала-тоолук жеткинчектер илгиртпей баамдайт.

Өкчөлгөн чүкөнүн төрт абалы «алчы», «таа», «чик», «бөк» деп аталат эмеспи азыркыга чейин. Бабаларыбыз ыр-бий оюндарын да өздөштүргөн. «Оглан бузушди»бул сүйлөмдү «балдар бийге түшүп мелдешти» деп которулат. Кызыгы, кобузда (комуз сыяктуу аспапта) кол ойнотуп жарышуу, мелдешүү «кобзашты» деген сөз менен туюндурулган. Мындан биз музыкалык маданиятка байланыштуу оюн тууралу түшүнүк алабыз. Чакан макалада Махмуд Кашгари белгилеген оюндардын бардыгына токтолууга мүмкүн эмес. Ошондой болсо дагы эмгекте күрөш, жаа атуу, ат чабыш, сууда сүзүү, кочкор сүзүштүрүү, куш учуруу ж.б. оюндун түрлөрү жазылган. Бул оюндар аркылуу бабаларыбыз балдарды жаш кезинен эле, жаратылышты сүйүүгө, кайраттуу, эр жүрөк болууга, ар тараптан өнүгүүгө тарбиялашкан.Жогоруда биз учкай токтолуп кеткен тогуз кылым илгерки бул оюндарды жалаң гана бүгүнкү кыргыздардын ата-бабасына таандык дешке болбойт. Бул оюндар жалпы эле түркий калктардын дээрлик бардыгы үчүн орток болуп эсептелет.

Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-турк» эмгегин, академик А.Н.Кононов адилет белгилегендей, «...бир катар түркий тилдердин фонетикасы, грамматикасы жана лексикасын өтө дилгир жана өтө кылдат байкоолорунун сөздүн толук маанисиндеги алтын бүртүкчөлөрүнөн болуп, ошондой эле хакандык (карахандык) түрктөр, түркмөндөр, огуз, йагма, чигил,

кыргыздар тууралуу баа жеткис лингвистикалык, этнографиялык, фольклордук, географиялык, тарыхый маалыматтарды биздин заманга жеткирип берген бирден-бир чыгарма болуп эсептелет. (Советская тюркология - 1972-№1-16-176.)

Жалпысынан алганда, «Диван лугат ат-турк» эмгеги азыркы учурда XI кылымдагы түрктөрдүн турмушу, алардын материалдык маданиятына таандык нерселер, теричилик буюмдары, этноним жана топонимдер, уруулук бөлүнүштөр, теги жана касиетин билгизген терминдер, адамдардын түрдүү кызматтык наамдары жана аталыштары, тамак-аш, суусундуктардын аттары, үй жана жапайы жаныбарлар, өсүмдүктөр, астрономиялык терминдер, элдик календар жөнүндө, айлардын жана жуманын күндөрү, географиялык терминология жана аталыштар, согуштук, спорттук жана башкаруу терминологиясы, диний жана этикалык терминология, балдар оюну жана башка тууралуу бирден-бир маалымат булагы болуп саналат.

Мындан миң жыл мурунку ата-бабалары жөнүндө мындай энциклопедиялык маалымат сакталып калган элдер дүйнө жүзүндө саналуу гана. Ошондуктан Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-турк» эмгеги кылымдар бою сакталып кала берүүчү баалуу мурасыбыз болуп саналат.

## 3. Калыгул Бай уулунун чыгармаларындагы гумандуулук идеялары

«Замана» акындарынын башатында ойчул, акылман, чечен, маселчи (көрүнүштү маселдетип сүйлөгөн адам) Калыгул Бай уулу турат (1785-1855). Ал ХУШ кылымдын аягы ХÏХ кылымдын башында жашап, өз чыгармаларын жараткан акын. Анын адамдык өмүрү, замандын «келечеги», эл, турмуштагы жакшылык жана жамандык жөнүндө, элдин тагдыры, анын саясий-руханий, социалдык маселелерине арнаган ырлары эл арасына кеңири таралган.

Калыгул Ысык-Көлдүн күңгөй тарабындагы Кара-Ой деген жерде бай адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Акындын көпчүлүк өмүрү Ысык-Көл калаасындагы сарбагыш элинде, Теңир Тоодо, Чүйдө, Таласта жашаган элдердин арасында сый-урмат менен өткөн

экен. Ал эч бир мансап күткөн эмес, бийлик кармабаган, бий же болуш болбогон. Өзүнүн акылмандуулугу жана элге калыстыгы, кыргыздын урууларын ынтымакта, биримдикте жашап турушуна жетишүү үчүн жасаган көп жылдык аракеттери менен элдик чексиз кадыр-баркка, урматтоого жетишкен. Акын элди, айрыкча, жаштарды адептүүлүккө чакырып, төмөндөгүдөй ырларды жазган: Жакшы чыккан азамат,

Элин билээр,

Элин билген ал адам,

Билим билээр... - деп, жакшы бала өзүнүн элин, тарыхын билет, билими болот, келечек жөнүндө ойлонот. Ошол эле мезгилде балдарды интернационалдык духта тарбиялоого аракет кылып, башка элдин тилин үйрөнүүгө чакырат.

Акын өзү адамкерчиликтүү, таза жүрүш-турушу менен айлана чөйрөсүндөгү кишилерге үлгү болгондугу белгилүү. Анын ырларынын ар бир сөзү адамга таасир этип, чоң философиялык мааниге ээ болуу менен бирге, адамдын адептүүлүк сапатын даңазалап, адамдагы чыныгы инсандык сапаттарды калыптоого аракет кылат:

...Кайгысыз киши карыбайт,

Калп айткан киши жарыбайт.

Беш тогоол болбой жай болбойт.

Пейли тар киши бай болбойт.

Бул ыры менен акын чын сүйлөөгө, көөнүн кең кылууга балдарды үндөйт. Баланы жаш кезинен адептүүлүккө тарбиялоонун эң жакшы ыкмаларынын бирибалдарды эмгекке үйрөтүү деп эсептейт. Эмгек жаштар үчүн милдеттүү болуш керек, эмгек аркылуу адамга пайдалуу, толуп жаткан иштер иш жүзүнө ашырылат деген идеяны берет:

Алым-алым иштесе,

Эрдин чери жазылат.

... Көзү көрүп басканда,

Сокурдун чери жазылат.

ак эмгектин үзүрү болушун, эмгекчи адам өзүнүн эмгегинен көрө тургандыгын далилдейт. Улуу насатчы элдин пейили бузулуп, адеп-ахлактын осолдошунун тескери таасири

жаштардагы кыргыз калкына жат жоруктарды пайда кылып атышын, тереңтүшүнгөн. Мындайадеп-ахлактык жакырлыктан чыгуунун бирден-бир жолу пейилди оңдоп, жакшы ниет эле дилди тазалоо экиндигин айтып, элди ыймандуулукка үндөйт.

Жаман ишке киришпе,

Акылы бар боз бала.

Адал ишти козгобо,

Акылдууга дос бала.

Элдин акыл казынасына жыйналган турмуштук тажрыйбасын иликтеп, үйрөнүп акылын байыткан адамдын зоболосу бийик болоорун ашкерелеп, ага баамы жетпегендерди келекелеп, Калыгул жаштарды билим алууга чакырат. Калыгул бай уулу өзүнүн даанышмандыгы, адамдык касиети, чыгармачылык өзгөчөлүгү менен улуу сөзгө арзыган тарыхый инсан, акындын эл ичинде кадыр-баркка, сый урматка жетишкендиги анын адамдык улуулугун көрсөтөт.

Калыгул өзүнүн бөтөнчө жөндөмдүүлүгү, зиректиги менен өз чөйрөсүнөн өйдө көтөрүлүп чыккан, алыскы-жакынкы жерлердеги жакшы жаман нерселерди салыштырып, ой чуркатып, замандын багытына, келер келечек тарапка кайгуул салып турган өзгөчө бир акылман көрөгөч, саясатчыидеолог болгон. Ал Алатоо ичинде жашап туруп, өзүнүн гениалдуу интуициясы менен алыскы чочун аймактарда илгерилеп кетип бараткан христиан цивилизациясынын терс жактарын баамдай алган. Өзү маселдетип ырга салгандай, «тегиз жерден тегирмен жүргүзгөн, жыгачтан ат минген», «темирден кылган жатуучу тактасы, алма өрүк, жемиш бакчасы» болуп, «илим билген амалдуу» болсо да Орто Азия тарапка обдулуп турган чоочун коомдун адеп-ахлагындагы «тууган тууганга кас болгон, биринин тилин бири албаган, аганын тилин ини албаган, улуунун тилин кичи албаган, атанын сөзүнө бала кулак салбаган» жорук-жосунун тескери баалап, мындай көрүнүштөрдү «куу замандын», «шум замандын белгиси» деп эсептеген. Калыгул «куу замандын» адеп-ахлагындагы ушул өңдүү кунарсыз, бейадеп көрүнүштөргө салыштырмалуу карап, ойлонуп көрүп, андай шум коомдун «түрлүү-түрлүү алаамат жоругунан» көрө, Кыргыз жамаатынын баласы атасын сыйлаган, уулу урматтуу, кызы адептүү, келини келбеттүү, кемпири сөөлөттүү, карыясы каадалуу, бири-бирине күйүмдүү жоомарт, уюган ак жууратта адебинин артык экенин көрөгөчтүк менен туюнган. Калыгул мына ушундай адеп-ахлагын тыштан келүүчү чоочун жат таасирлерден коргогусу келгендей. Ал өз элинин моралынын күнүмдүк эмес, түбөлүктүүлүккө багытталгандыгын

сезбей койгон эмес. Ал кыргызды кыргыз кылып турган, ак калпак улутту улут кылып турган уюткулуу адеп-ахлак асыл нарктары экенин түшүнгөн.

Эгерде «түрлүү-түрлүү алаамат жоругу бар» куу заман тегеренип жүрүп отуруп, Алатоону да баса турган болсо, анда кыргыз кыргыз болбостугун, куттуу жерге «ыгы жокко жан берип, ыйманынан жат болгон» опосуз заман келмек деп, Калыгул келечекке болжол кылган. Азыркы учурда Калыгул урматтаган жана насыяттаган уятабийир салттарын ыйык тутпай калгандыктан жана топуктуулуктуу унутуп, материалдык байлыкты культ кылып, анын артынан акактап жүгүргөндүктөн улам келип чыккандыгын баамдабай коюга болбос.

Улуу сынчы Белинскийдин «ооба, уста болобуз, слесарь болобуз, фабрикант болобуз, доктор болобуз, а бирок өзүбүз адам бойдон калар бекенбиз?» - деп тынчсызданып айткан сөзү бар. Калыгул да кишинин билимдүүлүк, чарбакерлик өнөрүнөн, «тегиз жерге тегирмен жүргүзгөн» айлакерлигинен мурда да, биринчи ирээтте, анын адамдык касиетинин, адамдык нарк-насилинин, ыйман-адебинин маанилүүгүнө көңүл бурган. Калыгул турмуштун өзгөрүүсүн «Акыр заман» деп атайт да, «Акыр замандын» келишине өзүнчө абдан кайгырат, санаа чегет. Аны түйшөлткөн замандын келечеги. Ырынын акырында, белгилүү бир психологиялыклогикалык тынымдан кийин мындай кыйын мезгил да өтүп кетери, «жетим жетилип», «кой үстүнө торгой жумурткалаар» заман келээри тууралуу айтып, оюн жыйынтыктайт, бирок андан аркысы көрүнбөй жатканын эскертет. Азыркы учурда Калыгулдун «Замана» темасындагы чыгармасынын тарыхый мааңиси артып тургансыйт, Анткени, биринчиден, коомдук өнүгүүнүн прогнозу даана берилип, элди өзгөрмөлүү коомго алдын ала даяр психологияда болууга, ошого жараша аракеттенүүгө үндөө жатат. Экинчиден, ал чыгармалардын идеялык мазмунунда мүңкүрөө, таптакыр эле айласыздык жатпастан, келечекке үмүттүү кароо башкача айтканда оптимисттик көз караш бар. Ал эми ушунун өзү Адам, Коом үчүн прогресске умтулуунун туура ориентири эмеспи. Жыйынтыктап айтканда, Калыгулдун чыгармачылыгы көптөгөн муундардын көңүлүн өзүнө буруучу өзгөчө чыгармачылык экени талашсыз жана анын адабий мурасынан ар бир муун өзүнө рух азыгын табары да анык.

## 4. Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов) - ойчул жана агартуучу

Байымбет Абдрахманов (1860-1942) Советтик Чыгыш аймагына тоголок Молдо деген ысым менен кеңири белгилүү. Ушул эле ат менен ал көп улуттуу совет адабиятынын жана педагогикалык акылойдун тарыхына кирди. Октябрь революциясына чейин Кыргызстанда айылдан айыл, конуштан конуш кыдырып, өздөрүнүн ээ жаа бербес ырларын жайылткан музыкант-комузчулар, акындар - айтуучулар элдин жүрөгүн эрдик менен ширетип, элге болгон сүйүү, эзүүчүлөргө болгон жек көрүү сезимдерин ойготушкан. Алар эл үчүн эмгек, айрыкча жаштар үчүн өмүрүндө көрбөгөн театр, босогосун аттабаган мектеп, колдо жок китептин милдетин аткарышкан. Мындай элдик насаатчылардын ичинен Тоголок Молдого сыйлуу орундардын бири таандык болгон. Анын чыгармачылыгы кыргыз калкынын келечек муундарына чыныгы мектеп, идеалык-нравалык тарбиянын зор булагы болуп калды.

Анын чыгармалары элдик оозеки чыгармачылыкка жакын формада-кошок, арман, насыят түрүндө болуп, зор үйрөтүүчүлүк жана тарбиялык мааниге эгедер болгон, чынында элдин алгачкы окуу куралынын милдетин аткарган. Кыргыз эли-элдик боштондук үчүн күрөшүн, массанын оозеки эпикалык генийинин түгөнбөс байлыгын чагылдырган, көлөмү боюнча дүйнөдөгү эң зор (жарым миллиондон ашык ыр сап), мазмуну боюнча эң баалуу, көркөм формасы боюнча ашкере келишкен «Манас» (X к.) эпосунун ээси, Тоголок Молдо өзүнүн жердештеринин арасында эң мурда «Манас» эпосунун окуяларынан кызыта айтуусу менен даңкталган. Аны кийинчерээк өзү мындай деп эскерген : «Мен он сегизге чыкканда өзүмү манасчы деп атай баштадым».

Тоголок Молдонун коомдук-саясий жана педагогикалык көз караштары орус революционер-демократтарын жана Чыгыш элдеринин прогрессивдүү идеяларын таасири астында калыптанган. Ал Новои, Низами, Фирдуоси, Хафиздин атактуу поэмаларын жакшы билген, чыгыш адабиятын «Кыз Жибек», «Лейли Меджун», «Юсуп менен Зулейха», «Боз жигит» ж.б. сыяктуу шедевлерин жатка айткан. Тоголок Молдонун чыгармачылыгына анын атактуу кыргыз акыны, революционердемократ Токтогул Сатылганов менен болгон жолугуусу өзгөчө таасир эткен. Ал кийинчерээк, өзүнүн өнөрлөшүн «кыргыз булбулу» деп атаган. Тоголок Молдонун чыгармачылыгынын Октябрь революциясына чейинки мезгилинин лейтмотивин элдүүлүк жана социалдык тең укуктуулук үчүн күрөшү түзөт. Ал бай-манаптарга каршы чыгып, эмгекчилерди эксплуататорлорго каршы биригүүгө чакырат. Революцияга чейинки чыгармаларында эле ал кыргыз поэзиясында биринчи болуп кыргыз кыздарына болгон феодалдык-уруучулук мамилеге каршы ой айткан. Акын өткөндүн саркындысынкыздарды калыңга сатууну сындап, аялдардын эркиндикке жана жогорудагыдай кылыктар менен күрөшүүгө чакырат.

Тоголок Молдонун өмүрү жана ишмердиги жаштар үчүн эрдиктин жана өз элинин келечегине бекем ишенүүнүн үлгүсү болуп калды. Өткөндүн адам чыдагыс оор күндөрү акынды чүнчүүгө, муңкүрөгөндүккө алып келе алган эмес. Ал аягына чейин оптимист бойдон, эмгекчилердин кызыкчылыгы үчүн күрөштүн салтанатына ишенген бойдон кала берген.

Тоголок Молдонун чыныгы акындык жана агартуучулук ишмердиги өзү бийик дем менен тосуп алган Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын жеңишинен кийин башталды. Ал Лениндин генийлигин даңазалаган, Совет өкмөтүн даңктаган, ар бир адамдын өнүгүшү үчүн ачылып жаткан  мүмкүнчүлүктөр, эркек менен аялдын ортосундагы тең укуктуу мамиле жөнүндө ырлар жазды. Тоголок Молдо өз жергесинде элге билим берүүнүн социалистик системасын түзүүгө түздөн түз катышты. Ал биринчи жолу кыздар менен балдар аралаш сабак окуган мектепти Атай аттуу тоолуу аймакка ачты. Анын бул кездеги коомдук ишмердигин төмөнкү көрүнүш менен мүнөздөөгө болот. Тоголок Молдо Токмоктогу аскердик лазереттин фельдшери, Коммунистик партиянын жана Совет өкмөтүнүн атактуу ишмери М.И.Фрунзенин атасы В.М.Фрунзе менен таанышып, анан аны менен достошуп кеткен. Адегенде, андан учук оорусун эмдөөнүн жолдорун үйрөнүп алып, анан Тянь-Шаньды кыдырып окуучуларды эмдеп жүрдү. Тоголок Молдо адис педагог болгон эмес, ал педагогикалык изилдөөдө эмгектерди жазбаган. Бирок ал кыргыз элдик педагогикасынын эң мыкты салттарын, эмгекчи элдин чыныгы адам жөнүндөгү идеалдарын өзүнүн поэтикалык чыгармачылыгында жана агартуучулук ишмердигинде кеңири пропагандалаган жана сиңирген, ошонусу менен көп улуттуу Мекенибиздин прогрессивдүү педагогикалык тарыхына кирген. Эмгекчил үй-бүлөдөн чыгып, жаш муундарды тарбиялоонун чыныгы мааниси аларды эл үчүн эмгектенүүгө тарбиялоо деп билген. Ал эмгекти сүйгөн гана адам тарых чындыгын жарата алат деп эсептеп,жаштарды жалкоолукка жанабекерчиликкеберилбөөгө , күн сайын жан үрөп эмгектенүүгө үндөгөн. Тоголок Молдо жалкоо, бекерпоздорду жек көрүп, жаштардын «эмгектенип» эмгек менен өз өмүрүн сулуулоосун каалаган.«Эркектердин мүнөзү» поэмасында, «Иттин доолдай тиктирем дегени» деген тамсилинде жалпыга пайдалуу эмгекти даңазалган. Үйбүлөдө балдарды эмгекке тарбиялоодо ал «Жанбакты» аттуу поэмасын арнаган. Анда жалкоо, колунан эч нерсе келбеген, эмгекке үйрөнбөгөн баланын алсыздыгын көрсөтүп келип, угуучуларды жана окурмандарды адам уулу эмгек менен гана көркөм, көзгө сүйкүм, эркин экендиги жөнүндө ойго түрткөн.

Ал «Эркиндик» аттуу поэмасында толкундоо менен белгилейт:

Эркиндик тийди колуңа,

Эми түшкөн жолуңа.

Ак калпак кыргыз аталып,

Атак калды соңуңа.

Тоголок Молдонун поэтикалык көз карашында балдарды чынчылдыкка жана калыстыкка, жөнөкөйлүк жана бой көтөрбөөчүлүккө, эр жүрөктүүлүккө жана эрдикке тарбиялоо идеясы чоңорунду ээлейт. Акынбул адеп-ахлактык сапаттардын биримдигин жана тыгыз байланыштуулугунун маанисин терең түшүнүү менен, аны кыргыз жаштарынын аң-сезимине, жүрүм-турумуна сиңирүүгө умтулган. Калпычылыкты, эки жүздүүлүктү, алдамчылыкты адепсиздиктин белгиси катары сындап, мындай терс көрүнүштөргө өзүнүн өкүмүн чыгарган:

Жанбакты жандын сатаңы,

Жайын айтып жазалы.

Адамда жок мүнөзү,

Акмак болгон азалы.

Тоголок Молдо жаштарга осуят калтырган: «чындыкты айтсаң дайыма, ишиң жүрөт алдыга». Ал «Урпукан» деген поэмасында чексиз боорукер, жөнөкөй дыйкан кызынын образын түзгөн. Акын мындан чыныгы сулуулукту көрө алган. Ал жаш адамдын адептүүлүк сапатынын бири достуктагы жана жолдошчулуктагы чын ыкластуулук деп эсептеген. Бул жөнүндө анын «Чынчыл бала», «Каркыра менен түлкү», «Карышкыр менен түлкү», «Жейренче чечендин аңгемеси» ж.б. чыгармаларында эң эле ишенимдүү айтылган.

Тоголок Молдонун чыгармачылыгында эл достугу жана интернационализм темасы дазор орунду ээлейт. XЇX кылымдын 60-жылдарында Кыргызстан Россиянын составына ыктыярдуу кошулгандыгы белгилүү. Тоголок Молдо Токтогул Сатылганов менен бирге кыргыз элинин улуу орус элине жакындашуусу, алдыңкы орус маданияты менен карым-катнашта болуусу үчүн көп кызмат кылышкан. Акын орус эли жөнүндө жылуу сезим менен кеп салып, кыргыз маданиятынын өнүгүшүнө ак дил менен көмөктөшкөн орус адамына зор ыраазычылыгын билдирген. «Токсон суроо» деген поэмасында орус эли жөнүндө минтип жазган:

Маданият жайылтып,

Машыктырган орустар.

Өз боюна кыргызды,

Үйүр кылган орустар.

Буурсунду жоготуп,

Соко берген орустар.

Чөп чабуучу машина,

Кошо берген орустар.

Окугун деп кыргызды,

Кат билдирген орустар.

Чыныгы интернационалист акын бардык элдерге сүймөнчүк менен мамиле кылган жана кыргыз улутунун келечекте өсүп өнүгүшүн Россия, орус калкы менен биримдикте болушунан көрүп:

Жемек турсун орустар,

Өрүлүк кылып куштаган.

Дүйнөдөн кенен эл дешип,

Орусту барбы укпаган.

Тоголок Молдо өз Ата Мекенин чексиз сүйгөн, патриоттук сезим нравалуулуктун белгиси деп эсептеген. Акындын чыныгы патриоттук сезими Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында аябай күчөгөн. Өзүнүн фашисттерге болгон жек көрүүсүн жана совет элинин сөзсүз жеңишке ээ болорлугу жөнүндөгү ишенимин « Биз даярбыз», «Армияга арнаймын», «Жеңишкенбиз, жеңебиз» деген ырларында чагылдырган. Тилекке каршы, ал душманды жеңген күнгө чейин өмүр сүргөн жок.

Жаратылыш Кыргызстанды сүрөткө тарткандай сулуу көлдөр, керемет капчыгайлар, булут тиреген аска тоолор менен маарыткан экен. Акын өзүнүн туулган жерин шыктануу менен ырдаган, анын сулуулугун эстетикалык рахат алуунун булагы катары санаган.

Зор таанып билүүчүлүк мааниси бар чыгармалар - «Ала Тоо»,«Эки чилде» жана «Асан Кайгы» жөнүндөгү аңгемеси. Бул чыгармаларда акын тууган жердин келбетин, анын тоолорунун жана өрөөндөрүнүн сулуулугун, ашууларын, өсүмдүктөр жана жан-жаныбарлар дүйнөсүн ырга салган. Алсак, «Ала-Тоо» поэмасында Кыргызстандагы

40 өрөөн, капчыгай, ашуу, тоо кыркаларын, чөп-чарлардын 20 түрүн, жаныбарлардын 50 түрүн сүрөттөйт. Акын эң кичине окурмандар үчүн да бир топ ырларды, аңгемелерди жазган. Жаштарга кайрылуу менен:

Алга, алга!

Акылдан танба !

Ленин туусун

Колуңа карма !

- деп жазган ал.

Тоголок Молдо ар түрдүү көлөмдөгү тамсилдерди да жазган. Тоголок Молдонун жазган тамсилдерин тематикалык идеялык жактан талдап келгенде жалпысынан эки топко бөлүүгө болот.

1. Элдик оозеки чыгармалардан кеңири айтылып келген тамсилдерден жана айбанаттар жөнүндөгү жомоктордон кайра иштеп чыгышы.

2. Тоголок Молдонун өзүнө таандык тамсилдери. «Коркок коен», «Түлкү менен карышкырдын достугу», «Каркыра менен түлкү», «Торгойдун топусу» ж.б. майда жомоктордон тартып, «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Манас» эпосторуна чейин орун алган.

Тоголок Молдо өзүнүн балдарга арналган ырлары, тамсилдери, поэмалары, жомоктору аркылуу адамдардагы адептик сапаттарды жалпы окурмандарга, анын ичинде жаш балдардын аң-сезим, түшүнүгүнө жеткирүүнү милдетим деп эсептегендигин көрөбүз. Тоголок Молдонун бул милдет, парзы, албетте, абийирдүүлүк менен аткарылгандыгы анын чыгармаларынын идеясы аркылуу даңазаланып турат.

Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор.

1. Жусуп Баласагын ким болгон?

2. «Кутадгу билиг» дастанынын азыркы мезгилдеги орду.

3. Махмуд Кашгаринин өмүр баяны жана ал жашаган коом жөнүндө.

4. «Түркий тилдер сөз жыйнагынын» жазылыш тарыхы жана мазмуну.

5. Калыгул Бай уулунун чыгармаларынын азыркы күндөгү тарбиялоо процессинде колдонуунун жолдору.

6. Кылыгулдун «Замана» ырынын мааниси.

7. Тоголок Молдону эмне үчүн - кыргыз элинин улуу агартуучусу - деп айтабыз ?

8. Анын балдарга арналган чыгармаларында эмгек, адепахлак тарбиясынын берилиши.

Өз алдынча даярдануу үчүн адабияттар:

1. Жусуп Баласагын. Кут алчу билим ( кыргызча котормо). - Ф.: Кыргызстан, 1988.

2. Чоротегин Т. Махмуд Кашгари ( Барскани ) жана анын « Дивану лугати» түрк сөз жыйнагы.Бишкек 1997.

3. Закиров С. Кыргыз санжырасы. - Бишкек, 1996, 21 б.

4. Тоголок Молдо - Байымбет Абдырахмановдун Чыгармалар жыйнагынын 2-томунан. - Ф., Кыргызстан, 1970.

5. Аскаров А. Сыны великого Турана. - Алматы, Нурлы - Аалам. 1998, - 408 б.

6. Акыл кенчи: Аталар айткан акыл сөздөр. Түз, Т. Сарлыкбек уулу, Н. Калыгулов - Б.: Турар, 2017. - 128 б,

## III ЭТНОПЕДАГОГИКА АДАМ ЖӨНҮНДӨГҮ ИЛИМДЕРДИН СИСТЕМАСЫНДА

1. Этнопедагогика педагогика илиминин бөлүгү катары.

2. Этнопедагогиканын милдеттери жана предмети.

3. Элдик педагогиканын өзгөчөлүктөрү жана принциптери.

4. Этнопедагогиканы изилдөөнүн методдору.

5.Элдик тарбиянын факторлору, методдору жана каражаттары: жаратылыш, оюн, сөз (элдик оозеки чыгармачылык — эпостор, уламыштар, жомоктор, макалдар, табышмактар, ырлар).

## 1-маселе. Этнопедагогика педагогика илиминин бөлүгү катары

Этнопедагогика — бул илимдин изилдөөчү предмети элдик педагогика, тарбиялоонун жана окутуунун ар кайсы этностордо тарыхый калыптанган салттуу практикасы болот.

Жазуу пайда болгонго чейин эле бул пикирлер оозеки түрдө жашап келген жана биз жашаган мезгилге макал, лакап, нуска сөз, учкул сөз түрүндө жеткен. Элдик педагогиканын башаттарын, жалпы эле педагогиканын өнүгүшүнүн биринчи этабы катары биз жомоктордон, болмуштардан, ырлардан, элдик ырлардан, балдардын акыйнек ырларынан, макалдардан, лакаптардан, айтымдардан, бешик ырларынан, табышмактардан, жаңылмачтардан, бат айтмалардан, санак ' ырлардан, тарыхый окуялардан, элдик баамдоолордон табабыз. Алар жазуу пайда болгондон кийин кыйла “кургак” түргө, башкача формага өтүп, Кеңеш, жазылбаган Эреже жана Сунуштамалар мүнөзүнө ээ боло баштаган.

Алсак, мисалы, педагогикалык багыттагы төмөнкүдөй көптөгөн макалдар жана лакаптар бар. Алар: “Сабырдуу жетээр муратка, сабырсыз калар уятка”, “Бирөөгө жамандык кылсаң өз башыңа тиерин унутпа”, “Ынтымак бар жерде ырыс бар”, “Жаратылышты сүйбөй туруп, жашоону сүйүү жок”, “Окуу — билим азыгы, билим — ырыс азыгы”, “Кайталоо — окуунун энеси”, “Акылмандын өрнөк болоор насааты бар, акмактын өрнөк болор неси бар”, “Кылым жашасаң кылым оку, окууда карылык жок”, “Абийриңди жашыңдан сакта”, “Алганды билген, бергенди да билет”, “Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт” ж.б.

Байыртадан эле бала төрөлгөн күндөн тартып, эненин баласы менен “сүйлөшүүсү” чоң мааниге экендигин билишкен. Эненин мээрими, камкордугу тарбиялоочу-өнүктүрүүчү мааниге ээ болгон атайын көркөм каражаттар менен туюнтулган. Ага бешик ырлары, алдей ырлары, макалдатып айтылган сөздөр кирген. Эненин ырлары балага жашоо-турмуш жөнүндөгү маалыматтарды берип, анын жан дүйнөсүн байыткан, дүйнөгө киришине жардам берген.

Жүрүм-турумунун тону жана манерасы, баарлашуудагы сылыктык элдин адеп-ахлактык маданиятынын, анын педагогикалык көз караштарынын кыйла маанилүү

бөлүгүн түзгөн. Баардык өлкөлөрдө дал ушул элдик чыгармачылык аркылуу мамилелердин этикасы жана эстетикасы, айланачөйрөсүндөгү адамдар менен баарлашуу ыкмалары аныкталган _ жана туюнтулган.

Элдик педагогиканын кыйла маанилүү жана эң таасирдүү өзгөчөлүгү - анын турмуш менен байланыштуулугунда. Анализ көрсөткөндөй, изилдөөчүлөрдүн арасында этнопедагогика деп эмнени түшүнүү керек деген маселеде бирдей пикир жок. Айрымдары этнопедагогика — бул этнографиянын, педагогиканын, фольклористиканын тообунда турган илим дешет (Н.Г.Волков ж.б.); экинчилери аны педагогикалык дисциплина деп эсептешет (Е.Л.Христова); үчүнчүлөрү этнопедагогика — бул этнографиянын, социологиянын жана педагогиканын тообунда турган билимдин тармагы дешет (Штробах, Ю.В.Бромлей ж.б.). Илимпоздордун дагы бир тобу этнопедагогиканы педагогика илиминин курамдык бөлүгүнө таандык кылышып, педагогиканын базалык компоненти деп эсептешет (Г.Н.Волков, Г.М.Храпченко, С.К.Калиев, С.А.Узакбаева ж.б.). “Элдик педагогика” менен “этнопедагогика” деген түшүнүктөрдү айырмалоо маселесинде илимпоздордун арасында бир пикир жок. Педагогикалык адабияттарда “этнопедагогика” деген терминди биринчи жолу Г.Н.Волков колдонуп, аны “элдик массанын жаш муундарды тарбиялоодогу тажрыйбасы, алардын педагогикалык көз караштары, тиричиликтин педагогикасы жөнүндө илим, үйбүлөнүн, уруктун, уруунун, элдин жана улуттун педагогикасы” деген аныктама берген.

Биздин оюбузча, Кыргызстан ИА академиги А.Э.Измайловдун аныктамасы баарынан толугураак. Ал элдик педагогика деп “... элдердин тарыхый жана социалдык тажрыйбасынын натыйжасы катары муундан муунга оозеки түрдө өтүп келген жана турмушта сыналган эмпирикалык билимдердин, маалыматтардын, ыкмалардын жана дасыгуунун жыйнагы. Элдик педагогиканын эстеликтери эл өзү жараткан жомоктордо, уламыштарда, макал-ылакаптарда сакталып, ар кайсы элдердин улуттук каада-салттарынын призмасы аркылуу өзгөчөлөнүп, түпкү натыйжасында жаштарды элдик массалардын дөөлөттөрүнүн өрнөгүндө максаттуу тарбиялоону жана окутууну көздөйт...”

Көптөгөн макалдар жана лакаптар адеп-ахлактын элдик педагогикалык принциптерин туюнтат Академик А. Э.Измайлов 590 кыргыз макал-лакаптарын талдоого алып, анын 410у адеп-ахлак-насаат түрүндө экендигин белгилеген, Аларда Мекенди сүйүүгө — “Бирөөнүн элинде султан болгуча, өз элиңде ултан бол”, жакшылыкка, кайрымдуулукка —“Жакшылык жерде калбайт”, “Бирөөгө жамандык кылсаң өз башыңа тиерин унутпа”, акылдуу болууга — “Акылдууга бир сөз, акмакка миң сөз”, чынчылдыкка

— “Калпычынын куйругу бир тутам”, бирөөгө жардам берүүгө даяр болууга = “Улууну урматта, кичүүдөн иймен”, “Карыларга жол бер, жардыларга кол бер” деген сыяктуу жакшы адам болууга, элдин маданиятын, каада-салттарын сыйлоого үндөгөн ойлор чагылдырылган. Эл төмөнкүдөй терс мүнөздөгү адамдарды кечирбейт: мисалы, ач көздүк, сараңдык — “Кесип алса кан чыкпас”, калпычылык — “Калпычынын үйүнө ууру кирсе, эч ким чын күтпөйт”, акылсыздык — “Акылдуунун издегени ыр, акмактын издегени чыр”, алысты көрө билбөөчүлүк — “Жаман адам мактанса, жакшыны сабап салдым дээр, жаман чечен мактанса, баарын айтып салдым дээр”, “Күндө көргөн кишиңдин, кадырын кийин билээрсиң”.

Бул макал-лакаптар адам жөнүндө, инсан жөнүндө, адепахлак жөнүндө, эмгекке жана эстетикалык тарбиялоо жөнүндө элдик көз караштты туюнтуучу элдик акылмандыктан калкып чыккан ойлордун, таалим-тарбиялык нуска сөздөрдүн бүтүндөй комплексин түзөт.

Педагогикалык элдик маданият кыйла деңгээлде элдик жомокторго топтолгон. Жомоктордун тарбиялык мааниси өтө зор, аларда эмгектенүү даңазаланат, жалкоолук айыпталат, инсандын айкөлдүк нарк-нускалуу сапаты макталат, ар дайым акыл жана адилеттик жеңет. Жомоктор баланын эң баалуу сапатын — чыгармачыл элестетүүсүн өнүктүрөт.

Элдик педагогика илим эмес экендигин унутпоо абдан зарыл, анткени ал көптөгөн муундардын тарбиялоо практикасында сыналган, баланын жашоосу жана эмгеги менен органикалык байланыштагы эмпирикалык билимдердин жыйындысынан турат.

Окумуштуу А.Э. Измайловдун ою боюнча, этнопедагогика педагогика илиминин курамдык бөлүгү болуп эсептелет, бирок өзүнүн курамында билимдин интеграциялоочу тармагы катары этнологияны, этнопсихологияны, этномадаңиятты, этнофилософияны бириктирип турат. Этностук педагогика улуттук мүнөздүн тарыхый шарттарда калыптанып, тарбиянын улуттук системасынын натыйжасында сакталып келген жана турмуштун шарттарына жараша элдин педагогика маданияты менен кошо эволюцияга учурап турган өзгөчөлүктөрүн изилдейт. Ыймандык категориялар: жоопкерчилик, милдет, абийир, көтөрүмдүүлүк, сүйүү, боорукерлик, чыгармачыл жаратман эмгекке умтулуу — коомдун өнүгүүсүнүн жана адамдын калыптануусунун зарыл шарттары. Элдик каадасалттар өсүп жаткан балдарды тарбиялоонун өтө маанилүү каражаты болуу менен өзгөчө психологиялык чөйрөнү камсыздашат. Адамды тарбиялоодо: жаштар да, карылар да, үй-бүлө, мектеп, социалдык чөйрө — баардыгы активдүү катышууга тийиш. Элдик

педагогиканын негизин руханий маданият, элдик каада-салттар, социалдык-этикалык нормалар түзүшөт.

Элдик педагогика коомдо, үй-бүлөнү жана адамды өзүнчө алып караганда алардын жашоосунда чоң мааниге ээ. Анын жардамы менен ар башка адамдар менен мамиле түзөт, алар менен баарлашат, өз алдынча илим алууга, эмгекке үйрөнүүгө, ата-энелик милдетти аткарууга көнүгөт. Өткөн чактагы элдик педагогика коомдук жашоонун, маданияттын органикалык түзүүчүсү, өсүп келе жаткан муунду социалдаштыруунун өзүнчө шайманы болуп саналат, өткөн чак менен келер чактын ортосунда байланыш түзөт.

Демократиялык коомдо тарбия жана билим берүү этнопедагогикасыз жакшы натыйжага жетише албайт, аны элдик педагогикадан тышкары, элестетүү мүмкүн эмес. Элдик педагогика — улуттук өнүктүрүүнүн, көтөрүлүүнүн, кайра жаралуунун педагогикасы, ошол эле учурда — ал улуттук сыймык жана адамдык ар-намыстын патриоттук жогорку сезимдерин козгой турган өзүн өзү этностук жактан тарбиялоочу педагогика.

Этнопедагогика элдик тарбиялоо системасын изилдөөчү илим катары улуттун сакталып жана келечекте онугуусуунун педагогикасы болуп саналат. Элдик педагогикада улуттар аралык мамилелерди гармонияга келтирүүчү олуттуу күч топтолгон, Тарбиялоонун адаттагы маданиятын изилдөө, өздөштүрүү жана колдонуу үчүн кадимки маалыматка, адабий чыгармаларга, сүрөт тартууга, киноискусствого, музыкага ж.б. жүргүзүлгөн этнопедагогикалык талдоо чоң мааниге ээ. Элдик педагогика боюнча билимин байытуу менен мугалим өзүнүн окуучуларын, алардын үй-бүлөлөрүн кыйла жакшы түшүнө алат, чыныгы тарбия берүүчү боло алат.

## 2-маселе. Этнопедагогиканын милдеттери жана предмети

Этнопедагогиканы изилдөөнүн жүрүшүндө бир катар максаттар жана милдеттер коюлат. Алар белгилүү болгон учурда бул илимдин маңызын кыйла тереӊ түшүнүүгө болот. Аларга биринчи кезекте элдик тарбиялоо мамилесин изилдөө кирет. Этнопедагогиканын максаттары мындай методикаларды жана ыкмаларды коомдун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен актуалдаштырууда, бул ишти жүргүзүүнүн жолдорун жана мамилелерин издөөдө туюнтулган. Аларды кыйла кененирээк карап өтөлү.

Этнопедагогиканын милдеттери:

- ар кайсы этностордун салттуу маданияттарында элдик педагогиканын этностук өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- социалдык, экономикалык жана башка факторлордун таасиринин негизинде элдик массалардын салттуу педагогика маданиятынын калыптануу жана өнүгүү мыйзам ченемдерин издөө;
- ° заманбап тарбиялоо методикасында мурдагы муундардын педагогикалык көз караштарын жана тажрыйбаларын чагылдыруу жана пайдалануу ыкмалары; билим берүүнү азыркы системасында прогрессивдүү элдик педагогика ыкмаларын пайдалануунун жолдорун издөө.

Этнопедагогиканын изилдөөсү:

1) элдин негизги педагогика түшүнүктөрү (баланы багуу, тарбиялоо, өзүн өзү тарбиялоо, кайрадан тарбиялоо, насаат айтуу, окутуу, үйрөтүү);

2) бала — тарбиялоонун объекти жана субъекти катары (өз бала, жетим бала, асыранды бала, теңтуштар, достор, башкалардын балдары, балдар чөйрөсү);

3) тарбиялоонун функциялары (эмгекке тарбиялоо, мүнөздүн моралдык-эрктик сапаттарын калыптандыруу, акылды өнүктүрүү, ден соолукту сактоо, асыл нерселерди жакшы көрүүнү тарбиялоо);

4)тарбиянын факторлору (жаратылыш, оюн, сөз, баарлашуу, каада-салттар, иш, тиричилик, искусство, дин, өрнөк-идеал (өрнөк-символдор, өрнөк болуучу окуялар, өрнөк болуучу идеялар);

5) тарбиялоонун методдору (ынандыруу, үлгү болуу, башкаруу, түшүндүрүү, үйрөтүү жана көнүктүрүү, каалоо айтуу жана бата берүү, дуба, ант, сураныч, кеңеш, кыйытып айтуу, колдоо, сүрөө, жекирүү, уяткаруу, убадасын алуу, осуят, жекече сырлашуу, эскертүү, өкүнүү, баян айтуу, керээз, тыюу салуу, коркутуу, каргоо, сөгүү, жазалоо, уруу);

6) тарбиялоонун каражаттары (ырлар, макалдар, ылакаптар, табышмактар, эпостор, жомоктор, уламыштар, имиштер, мифтер ж.б.);

7) тарбияны уюштуруу (балдардын жана жаштардын эмгектик бирикмелери, жаштардын майрамдары, жалпы элдик майрамдар).

Аталган темалардын ар биринин ичинде педагогдун кунт коюшун талап кылган көптөгөн суроолор жана проблемалар бар, аларды изилдөө элдик педагогиканын жана маданияттын өзгөчөлүктөрүн тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө болот. Мисалы, баланы багуу

— элдин алгачкы педагогика түшүнүктөрүнүн бири. Ал өзүнө тамак берүүнү, орогонду, кийгизгенди, киринткенди, дарылаганды, ойнотконду ж.б. камтыйт. Мындан көп кылымдар мурда эл бул элементтерди өзүнчө билмек тургай алар менен өзүнчө адамдарды байланыштырган: эмчек эне, багуучу ж.б. Ар бир адамдын өзүнчө так милдеттери болгон. Эмчек эне карапайым элден болгон. Карапайым үй-бүлөлөрдө баланы чоң энеси, улуу агалары менен эжелери карашкан.

Тарбиялоо фактору деген сөз да изилдөө үчүн абдан кеңири. Эненин тили — өсүп жаткан бала үчүн эң негизги нерсе. Баласын эне тилден ажыраткан эне — аны рухий жактан бөлөт да, келечекте өз элинен алыс болгон толук эмес адам пайда болот. Деэтнизациянын кесепетинен адам өз элинин мыкты сапаттарын жана касиеттерин үйрөнбөй калат жана анын ордуна эч нерсе албайт. Элде “тапкан эне эмес, баккан эне” деген сөз бар. Тарыхый жаңы шарттар көптөгөн жаңы маселелерди коюп, эски проблемаларды жаңыча чечүүнү талап кылууда. Тарбия менен диндин өз ара байланышы татаал. Этнопедагогикалык изилдөөнүн дагы бир өтө кең тармагы ушул.

Педагогика илими элдик педагогикада эч качан коюлбаган жана коюлушу да мүмкүн болбогон көптөгөн проблемаларды чечет. Ошону менен бирге, педагогикалык илим элдик педагогикадагы тарбиялык мааниси зор табылгаларга көңүл бурбай калган. Этнопедагогикалык изилдөөлөр педагогдордун көңүлүн ушул табылгаларга буруп, аларды жандандырып, элдин педагогикалык ыкмаларына, анын ичинде табигый тарбиялоочулар катары ата-энелердин педагогика ыкмаларына кайрып келсе болот эле.

Этнопедагогиканын тажрыйбасы экологиянын бөлүмдөрүнүн биринде элдердин традициялык маданияттары жөнүндө маалыматтарды топтоо жана изилдөө аркылуу экология багытындагы адамды тарбиялоо үчүн пайдаланылат (батыш адабиятында — маданий антропология).

Этнопедагогика салттуу тиричилик маданиятынын башка жагдайларын, анын ичинде үй-бүлө мамилесин, эмгектин жыныска жана жаш куракка карата бөлүштүрүлүшүн, ошондой эле тарбиялоонун социологиясын жана этнопсихологияны ж.б. изилдөө менен тыгыз байланышта. Этнопедагогика чоң прикладдык мааниге ээ, ал тарбиялоонун жана окутуунун заманбап ыкмаларын элдердин традициялуу маданияттарынын өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырууга, ошондой эле илгертеден келаткан элдик педагогиканын баалуу методдорун сактоого жана пайдаланууга жардамдашат.

Белгилүү орус педагогу К.Д.Ушинский элдик педагогиканы ата мекендик педагогика илиминин калыптанышына таасир эткен абдан маанилүү факторлордун бири

деп эсептеген. Ал бүткүл педагогика илими үчүн эң башкы жана эң маанилүү болгон нерсени айткан: “Элде өзүнүн өзгөчөлүү тарбиялоо системасы болот... элдик тарбия гана элдин өнүгүүсүндөгү тарыхый процессте тирүү орган болуп эсептелинет”. Ушинскийдин жомоктору жана аңгемелери — үй-бүлөдөгү тарбияда да, мектептеги тарбияда да элдик педагогиканы пайдалануунун жакшы мисалы.

Этнопедагогика илиминин предмети бул илим катары каралбаган элдик педагогика.

Этнопедагогика элдин педагогикалык тажрыйбасын изилдейт, анын прогрессивдүү педагогикалык идеяларын ишке ашыруунун мүмкүндүктөрүн жана натыйжалуу жолдорун аныктайт, элдин турмушундагы тигил же бул көрүнүштөрдүн педагогика маанисин талдайт жана алардын учурдагы тарбиялоо максаттарына ылайыктыгын же ылайык эместигин аныктайт.

Этнопедагогикада француз илимпозу А.Леруа-Гурандын: “Эл өзүнүн өткөндөгүлөрү менен гана өзүнчө эл болот” деген ою ырасталат. Андан тышкары майрамдар, каада-салттар жана элдик педагогиканын башка элементтери адамдын руханий жашоосун ургаалдаштыруунун кыйла натыйжалуу каражаттарына кирет да, заманбап педагогикада тигил же бул деңгээлде пайдаланылышы мүмкүн. Жаңы салттардын педагогикалык маанисин изилдөө да зарыл. Учурдагы салттар жана алардын эски салттар менен удаалаштык байланышы, эски формалар менен салттуу элдик майрамдардын жаңы мазмунунун айкашуусу — бул проблемалар этнопедагогиканы кызыктырбай койбойт.

Элдик каада-салттарды изилдөө маселеси алар кандайча пайда болгонун, эмне үчүн сакталып келатканын, алардың сакталышын эле эмес, такай жана табигый жаңыланып жатышынын шарттары эмнеде экендигин, жана эң акырында алардын жок болуп кетпей кайрадан жаңырып жашац келатышынын сыры эмнеде экендигин аңдап-билүүдө турат.

Этнопедагогика эски салттардын азыркы жаңы шарттагы педагогика мүмкүнчүлүктөрүн белгилеп, адамды тарбиялоого көмөктөшүүчү жаңы салттардын зарылдыгын аныктайт. Ал көптөгөн этностордун тарбиялык тажрыйбасын педагогдордун куралына айландырат. Педагогикалык жетишкендиктердин салыштырма талдоосу педагогикалык теория жана практика үчүн кыйла туура, объективдүү жана баалуу нерселерди аныктоого мүмкүндүк берет. Ошону менен этнопедагогика турмушка бет алып, мугалимдерди көп кылымдык тарбиялоо тажрыйбасында сыналган педагогикалык каражаттар менен жабдыйт.

Этнопедагогиканын предмети төмөнкүдөй проблемаларды камтыйт: үй-бүлөлүк турмуштун педагогикасы; дүйнөдөгү элдердин макалдары жана ылакаптары, жаш муундарды ыйманга тарбиялоодо алардын мааниси, табышмак -балдарды акыл-эс жагынан тарбиялоонун каражаты; элдик ырлар жана алардын балдарды жана жаштарды эстетикалык тарбиялоодогу ролу; колго жасалган оюнчуктар жана балдардын чыгармачылыгы; балдар жана жаштар чөйрөсү, анын педагогикалык функциялары; дүйнөдөгү элдердин бешик ырлары - энелик поэзиянын, энелик мектептин, энелик педагогиканын өрнөктүү жетишкендиги; ар түрдүү элдердин педагогика маданияттарынын жалпылыгы жана алардын улуттук өзгөчөлүктөрү ж.б.

Чектеш илимдерден этнопедагогика менен тыгыз байланышта болуп фольклористика, этнография, лингвистика жана искусство изилдөө (элдик искусствого байланыштуу), тарых жана социология, этика жана психология, Дин изилдөө жана философия илимдери саналат.

## 3. Элдик педагогиканын өзгөчөлүктөрү жана принциптери

Элдик педагогика адамдардын эмгек ишмердигин өнүктүрүү менен шартталган тарбиялоодо обьективдүү социалдык керектөөлөргө жооп катары пайда болуу менен, албетте китепти, мектепти, мугалимди, илимди алмаштыра алган эмес.

Бирок ал педагогика илиминен, социалдык институт катары болгон билим берүү системасынан улуу жана алгач кезден эле алардан көз карандысыз болгон.

Дегеле тарбия берүүнүн герман, француз, англис, түндүк америка системасына талдоо жүргүзүү менен көрүнүктүү орус педагогу К.Д.Ушинский төмөнкүдөй жыйынтыкка келген: баардык элдер үчүн тарбиялоонун жалпы системасы болбойт, тарбиялоо системасын бир элдин башка элден өздөштүрүп алуусу мүмкүн эмес, коомдук тарбия берүү өлкөнүн бүтүндөй жашоо-турмушунун жана коомдук пикирлердин таасиринде өркүндөтүлө берет. К.Д.Ушинский “тарбиялоо элдин жашоотурмушу менен көп катмарлуу жана өзөктөш байланышта болот, анын формасын сыноо бир гана баштан чыгышы мүмкүн эмес..., деп айткан. Коомдук тарбиялоого, анын пикири боюнча, элдин мүнөзү жана анын улуттук өзгөчөлүктөрү менен фольклор олуттуу таасирин тийгизет.

Педагогика илими тарбиялоо жана окутуу жаатындагы турмуштук билимдерден айырмаланып бытыранды фактыларды жалпылайт, кубулуштард”ы”н ортосундагы себептик байланыштарды белгилейт. Бул баяндоо менен бирге, ал окутуунун жана

тарбиялоонун таасири менен адамдын өнүгүшүндөгү эмне үчүн жана кандай өзгөрүүлөр болот деген суроолорго түшүндүрүп жана жооп берет. Бул билимдер инсандын өнүгүү процессин алдын ала көрүү жана башкаруу үчүн зарыл. Ошондой болсо да турмуштук педагогикалык тажрыйба, өзүнүн оозеки түрдө болгонуна карабастан жоголуп кетпестен, кылымдан кылымга, муундан муунга өтүп, далай сыноолорго туш болуп, багыттары жана баалуулуктары өзгөрсө дагы, жалпысынан пеагогикалык менталдуулук түрүндө сакталып, жана бүгүнкү күндө илимий педагогикалык билимдин негизин түзөт. Ошондуктан К.Д.Ушинский окутууда жана тарбия берүүдө эмпиризмге каршы чыгуу менен аны элдик педагогика менен салыштырган эмес, тескерисинче элдик педагогикага кайрылуу менен тарбиялоо ар дайым жооп табаарын жана адамдын жандуу жана күчтүү сезимине таасир берүү ишенимден да күчтүү таасирге ээ болорун ырастаган. Эгерде ал “күчсүз болгусу келсе, ал элдик болууга тийиш”.

Азыркы учурда коомдун коомдук-саясий турмушу, калктын миграциясы өсүп келе жаткан муундун жүрүмтурумун жана моралын өзгөртүүгө алып келүүдө. Коом юридикалык контролдоону жана санкцияны күчөтүүдө, бирок социалдаштыруу чөйрөсүндө моралдык (жеке адамга карата тышкы) аң-сезимди чыныгы адеп-ахлактык ишенимге, сезимге, жүрүм-турумга которуунун педагогикалык жактан максаттуу иштелип чыккан чаралары зарыл. Заманбап элдик педагогикада жеке адамды тарбиялоого, ар бир баланын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө, башкача айтканда “кошо” деген жооп сезимдин, кошо көтөрүү, кошо сезүү, кошо эмгектенүү, кошо билим алуу, кошо маалымат алууга ачык эле басым жасалып жатканы байкалууда.

Жогоруда аталган темалардын ар биринин ичинде — педагогдун өзгөчө көңүл буруусун талап кылган көп сандагы маселелер жана проблемалар бар, аларды изилдөө элдик педагогиканын жана маданияттын өзгөчөлүктөрүн тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Мисалы,баланыбагуу-элдин алгачкы педагогикалык түшүнүктөрүнүн бири. Ал өзүнө эмизүүнү, тамак берүүнү, жалаягын алмаштырууну, кийинтүүнү, киринтүүнү дарылоону сейилдетүүнү тарбиялоону, окутууну ж.б. камтыйт. Мындан көп кылымдар мурда эл ушул элементтерди өз-өзүнчө гана түшүнбөстөн, аны менен айрым адамдарды: баккан адамдарды ж.б. байланыштырышкан. Алардын ар биринин толук белгилүү милдеттери болгон, Ошентип, элдик педагогика өзгөчөлүктөргө ээ.

Элдик педагогиканын өзгөчөлүктөрү болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Элдик (эл тарабынан жана эл үчүн түзүлгөн).

2. Жамааттык (жамаат менен түзүлгөн).

3. Вариативдүүлүк (мисалы, “Манас” эпосу бир нече вариантка ээ).

4. Өз ара таасир көрсөтүү жана өз ара байытуу (элдер ар түрдүү болсо дагы, көпчүлүгү окшош).

5. Эмпиризм (турмуштук тажрыйбадан түзүлгөн, илимий эмес).

6. Гумандуулук (адамды жогорку баалуулук катары таануу).

Тарбиянын алдыңкы принциптери.

*1. Балдарды тарбиялоодо жана окутууда максатка багытталгандык.*

Бул ар бир элде, улутта, этносто адамдын идеалынын орун алышы менен билинет, анын негизги белгилери болуп Мекенди сүйүү, адептик өсүп жетилгендиги, рухий дүйнөсүнүн бийиктиги, элге жана жаратылышка жакшы мамиле кылуу эсептелет. Айырмачылыктар болсо турмуш үлгүсүндө, ой жүгүртүүсүндө, элдин адаттарында жана салттарында, алар адамдын географиялык чөйрөсү, социалдык жана экономикалык өнүгүү тарыхы менен аныкталат.

*2. Жаратылыштын максатка ылайыктуулугу.*

Бул принцип адамды жаратылыштын бөлүгү катары кароону, ошондой эле жаратылышты сыйлоону, сүйүүнү, ага таазим кылууну, аяр мамилени болжолдойт. Бул принцип адам жаратылышты өздөштүрө баштаган мезгилде эле жаралган.

Жаратылышты таанып-билүү адамда кийин өзүн-өзү өркүндөтүүгө аң-сезимдүү умтулууга өсүп жеткен ийгиликтер жөнүндө ой-пикирдин пайда болуусуна түрткү берди. Жаратылыш адамдын акыл-эсин маанилүү жана кызыктуу маалыматтар менен байытат. Байкоо жүргүзүүлөрдүн натыйжасында адам жылдыздарга, күнгө, бак-дарактарга карап, айлана-чөйрөнү таанып-билүүдө керектүү багыттарды табууга үйрөнгөн. Жаратылыш ага үй-жай, кийим, тамакаш берген. Ошондуктан адам жаратылышты аздектөөгө гана эмес, ошондой эле ага ыңгайлашууга да өзүн милдеттүү деп эсептейт.

Жаратылыш принциптерин бузуу кайгылуу окуяларга алып келген. Жаратылышка карата мамиленин өз эрежелери жана принциптери бар. Мисалга алсак, жаратылышка кайдыгерлик менен мамиле кылгандан улам өз жазасын алган мергенчи - Кожожаш жөнүндө баянда ачык берилген.

*3. Окутуунун жана тарбиялоонун жамааттык мүнөзү.*

Балдарга карата кам көрүү — үй-бүлөнүн гана эмес, ошондой эле уруунун, жамааттын, ал эми көбүнчө жалпы региондун да милдети. Алсак, Дагестандагы годекан — коомдук тарбиялоонун салттуу жайы. Көптөгөн түрк элдеринде коомчулукту (жамаатты), эреже катары, калктын эркектерден турган бөлүгү түзөт, алар үйдөгү жана айыл чарба жумуштарынан бош болгон учурда мезгил-мезгили менен ушул жерге чогулушат, жаштар улуулардан жаңылыктарды билишет, акыл айткан кепкеңештерди угушат, кезектеги иштерди талкуулашат.

4. Элдик педагогикада тарбиялоонун маанилүү принциби болуп улууларды урматтоо, аларды эл акылмандыгын, элдик салт-санааны жана идеалдарды алып жүрүүчү катары кадырлоо эсептелет:”Алты күн ачка калсаң да, ата-энеңди кадырла”, “Алтын менен күмүштү дат баспайт, ата-энеге баа жетпейт”; ”Бабалар сөзү — акылдын көзү”, “Эгерде ал сенден бир жаш эле улуу болсо, анын кеңеши менен иш жаса” (осетин макалдары).

*5. Балдарды жана кыздарды тарбиялоонун дифференциялуулугу*

Уул бала — бул келечектеги жоокер, үй-бүлөнүн атасы, мергенчи, балыкчы, куруучу; ал эми кыздар — келечектеги эне, үй-бүлө очогунун ээси. Алардын жашоодогу аткарган милдети да ар кандай — мында тарбия мазмуну боюнча сыяктуу эле ыкмалары боюнча да ар кандай болушу керек. Бирок алар жана башкалар үчүн эки принцип бирдей.

*6. Балдарды окутуунун жана тарбиялоонуң эрте башталышы* баарынан мурда үй-бүлөдө башталат. Орус макалында “Баланы бешикте жаткан кезинен тарбияла” деп айтылат. Олуттуу тарбиялоо канчалык эрте башталса, ошончолук натыйжалуу болот, бул элдик педагогиканын жалпыга таанылган эрежеси. Мисалы, он жаштагы хант (улут) — эр жеткен жигит экендигин билдирет. Он жаштагы кызманси (улут) өзүнүн апасы сыяктуу эле бардык үй чарбасын жүргүзүүгө кудурети жетет. Эвенктер үч жаштагы балага бычак беришет, төрт жаштагы балага — лыжа, ал эми беш жаштагы балага — кайыктын калагын карматышат.

*7. Тарбиялоо жана окутуу ишкердикте жүзөгө ашырылышы керек*

Бул принцип абдан эски болсо да, бүгүнкү күндө абдан актуалдуу. Ал адам баласы жаңы пайда болгондо эле жаралган, ал кезде уруу үчүн эң зарыл болгон: мергенчиликке даярдануу, тамак-аш жана кийим-кече даярдоо сыяктуу иштерге аралаштыруу менен кичүүлөргө өз тажрыйбаларын беришкен.

*4. Этнопедагогиканы изилдөөнүн методдору*

Этнопедагогика салттуу элдик тарбиянын мыйзам ченемдүүлүктөрү менен өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө баарынан мурда педагогиканын методдору менен булактарын пайдаланат, бирок ошону менен бирге эле этнографиялык, этнолингвистикалык,, археологиялык, этнопсихологиялык жана социологиялык методдорду да пайдалануу өтө зарыл. Андан тышкары өзүнүн предметинин өзгөчөлүктөрүн эске алган жеке изилдөө методдору да жаралат.

Этнопедагогикадагы илимий изилдөөчү методдор — бул салттуу элдик тарбиянын маани-маңызы, анын идеалдары, дөөлөттөрү, мазмуну, методдору, каражаттары ж.у.с. жөнүндө маалыматтарды алуу ыкмалары. Бул максатка жетүү үчүн этнопедагогика жалпылоонун жана гносеологиялык толтуруунун ар кандай даражадагы ар түрдүү методдорунун комплексин пайдаланат, алар төмөнкүлөр:

1. Жалпы логикалык методдору: анализ, синтез, жалпылоо, салыштыруу, моделдөө, долбоорлоо, экстраполяция.

2. Жалпы илимий методдор: адабий булактарды талдоо жана контент-талдоо; социалдык-педагогикалык изилдөөлөрдү теориялык талдоо жана синтез; тажрыйбаны байкоо, изилдөө жана жалпылоо; эксперимент; экспорттук баалоо методу.

3. Тарыхый методдор: салыштырма-тарыхый метод (тарыхый-педагогикалык процесстердин мыйзам ченемдүүлүгүн, кайталанмалыгын аныктоо үчүн), генетикалык метод (изилденүүчү көрүнүштүн жаралышын, себептерин жана стадияларын аныктоо); структуралык метод (айрым: элементтердин бүткүл система менен байланышын аныктоо) ж.б.

4. Социологиялык методдор: анкеталоо жана интервью; комплекстүү социалдык (психосоциалдык) моделдөө методу ж.б.

Этнопедагогика ошондой эле өзү үчүн кыйла өзгөчөлүктүү теориялык жана эмпирикалык деңгээлдердеги методдорду да пайдаланат.

- *Теориялык деңгээлге төмөнкүлөр кирет:* тарыхый-педагогикалык талддо жана синтез (изилдөөнүн максатын, предметин жана милдетин аныктоо; элдин этногенезинин ар кыл мезгилдеринде элдик тарбия практикасынын педагогикалык түшүнүктөрүн өнүктүрүү; педагог инсандарга арналган педагогикалык адабияттарды пайдалануу ж.б.). тарыхый метод изилденүүчү этнопедагогикалык көрүнүштүн учурдагы абалын тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө болот;
- реконструкция (өткөндөгү педагогикалык окуяларды чечмелеп түшүндүрүү, тарыхый-педагогикалык билимдердин трансформацияланышын кароо, бул өткөндөгү педагогикалык окуялар жөнүндө маалыматтар менен иштөөнүн негизинде аткарылат). Маалыматтын булагы катары жазуу жүзүндөгү документтер, оозеки баяндар, каада-салттар, эстеликтер жана сүрөт материалдар эсептелет;
- салыштыруу жана жалпылоо (библиографиялык көрсөткүчтөрдү, тарыхый, этнографиялык жана фольклордук басылмаларды, археологиялык материалдарды иштеп чыгуу жана этнопедагогикалык чечмелөө);
- структуризация (алынган тарыхый-педагогикалык билимди системага салуу жана аны этнопедагогиканын конкреттүү мезгилдери, тенденциялары жана өнүгүү келечектери менен салыштыруу).

*Эмпирикалык деңгээлге* төмөнкүдөй методдорду таандык кылса болот:

- диагностикалык (маек, интервью, “эскерүүлөр”;

- обсервациялык (үй-бүлөнүн, элдин жашоо шартынын ар кандай шарттарын байкоого алуу, эмгектин натыйжаларын, элдин маданиятынын үлгүлөрүн ж.б. изилдөө);

- талаалык изилдөөлөр.

Талаалык изилдөө методу изилдөөчүнүн изилдөөгө алынуучу этностук чөйрөгө барып жашашына негизделет (америкалык илимпоздор М.Мид менен Ж.Уайтингдин талаалык изилдөөлөрү кеңири белгилүү). Изилдөөнүн узактыгы бир этностук жылдан кем болбош керек. Анын убактысы календардлык жылдан үч айга ашык.

Талаалык изилдөө методу элдин материалдык маданияты (эмгек куралдары, үй-жайы, буюмдары, кийими ж.б.) жана рухий маданияты (каада-салттары, фольклору ж.б.), анын ичинде педагогикалык маданияты жөнүндө маалыматтарды алууга мүмкүндүк

берет, Аларды заманбап (кино, фото, аудио, видео-аппараттар) жана традициялуу каражаттар менен да сактап жазууга болот.

5. Элдик тарбиянын факторлору, методдору жана каражаттары: жаратылыш, оюн, сөз (элдик оозеки чыгармачылык — эпостор, уламыштар, жомоктор, макалдар, табышмактар, ырлар) эмгек. салттар, искусство, дин.

## Жаратылыш

Элдик педагогиканын, демек элдик тарбиянын негизги факторлору болуп жаратылыш, оюн, сөз, иш, баарлашуу, каадасалттар, искусство, дин, өрнөк-идеал (символ-идеялар, символ адамдар, символ окуялар) эсептелет.

Жаратылыш — элдик педагогиканын эң маанилүү факторлорунун бири, жаратылыш — жашоонун чөйрөсү эле эмес, мекен, ата журт дагы болот. Мекендин табиятынын адамга түшүнө алгыс бийлиги болот. Элдик педагогикада жаратылышка байлануу элдик тарбиянын табигыйлыгы менен шартталган. Ошондуктан экология жөнүндө адам үчүн универсалдуу камкордук катары айтууга болот — айланачөйрөнүн экологиясы, маданияттын экологиясы, адамдын экологиясы, этностук түзүлүштөрдүн, анын ичинде эң кичинекей этностордун да экологиясы. Адамдын табияты менен табияттан берилген акылы жөнүндө айтсак, мунун мааниси биртоп жана бул элдик педагогиканын демократиялык, гуманисттик өзгөчөлүктөрү — элдик тарбиянын табигыйлыгы менен жуурулушуп турат.

Табият бул - тарбиянын чечүүчү фактору экендигин элдик педагогика жөнүндө - бул эркиндиктин жана урмат-сыйдын педагогикасы деген сөз да бышыктап турат. “Адам укугунун декларациясын” эске алалы, анда: “Адам эркин болуп туулат” деген сөз бар. Бул эркиндик элдик новатор педагог Борис Никитиндин системасында колдоого алынып жана ишке ашырылган. Анын эң негизги китеби «Табигый тарбиялоонун биринчи сабактары, же оорусуз балалык” (“Первые уроки естественного воспитания, или Детство без болезней”) деп аталат.

Жаратылыш-бул ата журт дагы, Аалам дагы, дүйнөлүк космостук мейкиндик дагы. Асмандагы жылдыздар да өз жеринде - өз жылдызың. Жылдыздардын элдик аталыштарын карайлык: “Жетиген” (Чоң жетиген, Кичине жетиген), “Саманчынын жолу”. Жылдыздардын жымыңдашканы, жарыктыгы, өңү боюнча аба ырайы кандай болоору аныкталат, барчу жерге жол табылат.

Жашоо-турмуштун традициялуу образы бүт табият менен аныкталат. Жаратылыштын бузулушу этносферанын бузулушуна, демек — этностун өзүнүн бузулушуна барабар болот. Жаратылыш инсандын жана адамдын калыптанышына зор таасир тийгизет. “Табияттын кучагында” деген сөз менен эл адамдын жашоосунда жаратылыштын ролу кандай экенин аныктап айтып койгон. Эл менен жаратылыш, эл менен табият ажырагыс нерселер. Алардын биримдиги — жер жүзүндөгү эң жогорку гармония.

Адамдын мекени менен байланышы “Бөтөн жерде султан болгуча өз жериңде ултан бол” деген сөз менен таамай айтылган («Лучше гибель, но со славой, чем бесславных дней позор» (“жатып өлгөнчө атып өл”). Бөтөн жерде беймарал жаткандан көрө өз жериңде дүйнөлүк айдыңга алып чыгуучу шамал жакшы.

Патриотизм — бул баарынан мурда өз жаратылышың, өз табиятын сүйүү. Бул сүйүү жар салууну талап кылбайт. Булат Окуджава айткандай, патриотизм — тынч, жеке иш. Албетте, чыныгы сезим көрүнөө болбойт, ал ичиңде болуп, ыйык сакталат. Бул темада Виталий Бианки жакшы аңгеме жазган. Бир жолу сагызгандан “эркиндикти сүйөсүңбү?” деп сурашканда ал канатын каккылап: «Албетте! Күн, аба, мейкиндик, булар сонун да!» дейт. Анан карышкырдан сурашканда ал: «Мен бул жөнүндө ойлоп көрбөптүрмүн» дейт. Аларды капаска камап коюшат, бир жылдан кийин кайра келип сурашат. Сагызгандан сурашканда: «Албетте, жакшы көрөм!» дейт. Карышкырдан сураганы келишсе ал өлүп калыптыр...

Элдик чыгармачылыкта мекендин, ата журттун табиятынын образы өзүнчө бир сонун: Ала-ТооАта журт, мекен — эне...

Оюн

Тарбия менен тыгыз байланышкан нерселердин ичинен табиятка эң жакыны — оюн. Оюн — адамзат жаратылышка ылайыкташтырып тапкан сонундардын эң сонуну. Балдарды тарбиялоодо оюндун мааниси зор. Оюнда сөз менен обон жана иш-аракеттер тыгыз байланышкан. Балдардын оюндарынын маанилүү ролу-балдарда шамдагайлыкты, тапкычтыкты өнүктүрөт, андан тышкары оюн көркөм-драмалык дагы нерсе. Оюн аркылуу балдар тартип-эрежеге, элдик каада-салттарга үйрөнүшөт, жүрүм-турум эрежелерин үйрөнүшөт. Балдар үчүн оюн-олуттуу иш, өзүнчө эле бир сабак, эмгекке, чоң адамдын турмушуна даярдануу. Коомдук иштерге чейинки куракта болуучу оюндар бала үчүн генералдык репетиция сыяктуу, ал кээде эмгектик майрамдар менен айкалышып кетет да эмгектин жыйынтыктоочу бөлүгүнө, ал тургай эмгек процессинин өзүнө да кирет.

Ошентип, оюн балдарды эмгекке даярдайт, ал эми эмгек болсо оюн-тамашалар, жалпы көңүл ачуу менен аяктайт. Балдар өздөрү сүйлөп тили чыкканга чейин эле ойной башташат: күндүн нуру менен. Өзүнүн манжалары менен, апасынын чачы менен ж.б. менен ойной башташат. Ушул сыяктуу оюндардын натыйжасында бала үйрөнүп, өзүн-өзү таанып биле баштайт.

Оюн - баланын турмушунун таң калаарлык көп түрдүү жана бай чөйрөсү. Оюн менен кошо балдардын дүйнөсүнө искусство, сонундук келет. Оюн ырдоо менен, бий, жомок, табышмактар, жаңылмачтар, ыр жаттап айтуу, чүчү кулак жана элдик педагогиканын каражаты катары элдик чыгармачылыктын башка түрлөрү менен коштолот. Оюн — жашоонун сабагы, оюндар баланы башкалар менен мамиле түзүүгө үйрөтөт. Оюн — бул кыял-жомоктун, кыял-эңсөөлөрдүн, фантазия-түштөрдү материалдашуусу, оюн бул — адамзаттын жашоо-турмушунун башталышы жөнүндө өткөндөрдү эскерип драмалаштыруу.

Элдик оюндардын тарбиялык мааниси зор экенин танышка болбойт, мына ошону үчүн педагог окутуу-тарбиялоо процессинде оюнду пайдалана билүүгө тийиш. Оюнду тандоодо жана уюштурууда төмөнкүдөй көптөгөн факторлорду эске алуу керек:

1. Ойноочулардын жаш курагы. Балдар (кенже балдар) үчүн жөнөкөй оюндарды тандап, жаңы элементтерди жана татаалыраак эрежелерди киргизүү менен бара-бара татаалдаштыруу керек. Тарбиячы сөзсүз катышып, ырдоо жана ыр айтуу менен коштолгон оюндардан башташ керек. Балдарга өз кыймыл-аракеттерин контролдоо кыйын, ошондуктан чоң кишинин көрсөтүп бериши зарыл.

2. Оюнду өткөрүүчү жер. Оюнду залда, бөлмөдө, кенен коридордо, сыртта уюштурса болот. Эгер бөлмөнүн ичинде болсо, анда аны адегенде желдетип жана кылдат тазалап коюш зарыл.

3. Оюнга катышуучулардын саны. Айрыкча бөлмө кичине болсо оюнду дароо эле бүткүл топ же класс менен башташ милдеттүү эмес. Балдар жана кыздар, күчтүүлөр жана чабалдар, ойноочулар жана калыстар деп бөлсө болот ж.у.с. Оюнга катышуу ар бир балага кызыктуу болуушу керек.

4. Оюн үчүн шаймандардын болушу. Көп оюндар үчүн шайман керек: топтор, секирүү жиптер, желектер ж.б.у.с. шаймандар жетишерлик санда мурдатан даярдалышы керек.

Кыргыздын элдик маданиятында оюн өзгөчө орунду ээлейт. Түрк тилдүү элдердин арасынан кыргыз эли оюндардын дээрлик баардык түрүн сактап калган: ат оюндары, ат чабыш, куш салуу, чүкө оюндар ж.б..

Сөз

Сөз — адамдын рухий байлыгынын эң улуусу. Эне менен болгон күндөлүк байланышында бала анын тилин үйрөнөт, ал эне тил деп аталат. Тил жөнүндө Фазиль Искандер минтип жазган: «Тил — адамзаттын жашоосундагы эң улуу, сырдуу нерсе. Мен тилдин кантип жаралганына ынанымдуу түшүндүрмө берүүгө мүмкүн экендигин биле албайм. Тил адамдарга алар бири бирин түшүнүп, чогуу жашай алышы үчүн берилген. Элдер ортосундагы мамиледе өз ара түшүнүшүүнү издөөдөн башка жол жок. Башка баардык жолдор - бул күч колдонуунун, бузуунун, адамга ишенбөөчүлүктүн жолу». Буга дагы: элге ишенбөөчүлүктүн жолу...деп кошуп койсо болот... Улуттук тилге зомбулук кылгандан ашыкча зомбулук жок.

Элдик педагогикада сөз баарынан бийик турат. Ошондуктан тарбиялык, окутуп үйрөтүүчү сөз да баарынан бийик. Мисалга алсак тамаша ырлар, меселдер, жаңылмачтар, табышмактар, макал-ылакаптар, дубалар, насааттар, осуяттар, тамсилдер, икаялар, айрыкча жомоктор...

Ички дүйнөнүн байлыгы баарыдан мурда сөзгө, тилге байланыштуу. Адамдын турмушунда сөздүн күчүнө баа жеткис. Ошондуктан “сөз менен өлтүрсө болот, сөз менен тирилтсе да болот” деп айтылат. Өкүнүү, ыйманга келүү, сыр төгүү, насаат, бата, ант, керээз, мурас — булар сөз эле болгону менен аларда адамдын жан-дүйнөсүнүн эң бийик касиеттери камтылат. Өкүнүп ыйманга келүү-бул аң-сезимдин, ыймандын, уяттуулуктун деңгээли. Өкүнүү — бул туура эмес жолдон кайтуу, катарсис (адеп-ахлактык тазалануу).

Элдик педагогикада адамдын аң-сезимине, жүрүм-турумуна таасир этүүчү сөздүк формалар көп. Адамга таасир этүүчү сөз ыкмалары көп түрдүү: үндөө, убадалашуу, түшүндүрүү, буйруу, өтүнүү, тапшыруу, ишендирүү, үйрөтүү, насаат айтуу, сабак берүү, калоо айтуу, кеңеш, кыйытуу, колдоо, шыктандыруу, сүрөө, алкыш, жемелөө, жекирүү, нааразылануу, уяткаруу, эскертүү, тыюу салуу, жакшы каалоо айтуу, осуят, керээз, ыйманга чакыруу, сырлашуу...

Кыргыздын этнопедагогикасында МАНАС эпосунун ролу жана мааниси өзгөчө орунда турат.

Элдик педагогикада жакшы сөздүн, баарыдан да эне тилдин күчү чексиз. Бүгүнкү күндө эне тилдер маселесинде абдан курч проблема пайда болду. Улуттук тилдердин жапырт дискриминацияга дуушарланышы көп элдердин руханийыймандык деградациясына алып келди. Тарбиялоонун салттуу маданиятынын кайра жанданышынын биринчи жана эң башкы шарты — улуттук тилдерге карата чектөөлөрдүн баардык түрлөрүн жоюу. Дүйнөлүк, региондук, расмий тилдерди эне тилине зыян келтирбей окутуу керек. Башкача болушу да мүмкүн эмес. Элдик педагогикада бул жөнөкөй эле, табигый жол менен чечилип келген. Биздин ата-бабаларыбызда башка улуттагы коңшулары менен тилдик тоскоолдуктары болгон эмес.

Эмгек

Элдик педагогикада эмгек өзгөчө орунду ээлейт. Куру сөз менен ишмердик бири-бири менен эч коошпойт. Балдарга дайыма аз сүйлөп, көп иштөө керек деген ой сиңирилип келген. Тарбиялоонун салттуу маданиятында ак ниет эмгекке баа берүү идеясы дайыма бар, катаал рыноктун эч нерсе бекер берилбечү шартында бул абдан маанилүү. Акысыз эмгек иш учурунда билимди, тажрыйбаны үйрөнүүгө, дасыккандыкка алып келет жана тийиштүү адамдык сапаттар, ыймандык түшүнүктөр жаралат. Элде сөз менен иштин бирдей болушу бааланат. Мактанчаактык жерилет. Ишмер адамдар иш менен бекемделбеген сөзгө ишенишпейт. Алар иштин натыйжасына карап баа беришет Эл аткарылбаган мыйзамдарды, жарлыктарды көрүп турушат. Анын натыйжасы - бүлүнүүгө, башаламандыкка алып келет. Эл өзүнүн жетекчилеринин эмне кылып жатканын, алардын иштеринин натыйжаларын көрүп-билип турушу керек, антпесе алардын сөздөрү менен ниеттерине, ыймандарынын кандай экенине шек туулат.

Балдарга, үй-бүлөгө, кошуналарга, айылдаштарга, жалпы эле элге пайдалуу көп түрдүү иштер — элдик педагогика басым жасаган нерсе мына ушул. Адамдын жан дүйнөсү жана ыйманы өз ишине кандай экендиги менен байлаштырылат. Бул ой балдарга түздөн түз да, коомдук пикир жана эмгектик салттар аркылуу да сиңдирилет.

Каада-салттар

Каада-салттар муундардын байланышын уюштуруучу нерсе, элдердин руханий-ыймандык турмушу каада-салт менең сакталат. Карылар менен жаштардын удаалаштыгы дал ушул каада-салттарга негизделет. Каада-салты канчалык көп болсо, эл руханий жактан ошончолук бай. Элди каада-салтчалык байланыштырып бириктире турган башка эч нерсе жок. Каадасалттар менен учурдагы шарттардын шайкештигине жетишүү улам барган сайын илимдин тынчсыздандырган проблемасына айланууда. Салттар азыр

жок болуп бараткан мурастарды калыбына келтирүүгө өбөлгө болушат, мындай калыбына келтирүү салттар адамзат үчүн сактоочу боло алат.

Албетте, элдин баардык салттары эле мыкты дешке болбойт. Каада-салтта эскичилик дагы аз эмес, бирок артта калган эскичилик менен кошо улуттук өзгөчөлүк дагы жоголуп бараткaнын көрүү кыйын. Анын үстүнө, "артта калуу" деген аныктаманы тигил же бул элге чаптоого болбойт. "Артта калган элдер" деген сөз азыр жок, бул сөз илимий жактан негизсиз. Ошондуктан айрым бир элдин жакшы же жамандыгын анын цивилдешкендиги менен баалоо туурабы же туура эмеспи? Цивилдешүү канчалык жогору болсо, каада-салттар, б.а. элдик маданият ошончолук тезирээк жок боло баштайт.

Азыркы күндө айылдык балдардын баа жеткис каадасалт билимдери аларды мектептик билим берүүдө эске албагандыктан жок болуп баратат. Каада-салттарга бай айылдык маданият адамзаттын улуу руханий кенчи болуп эсептелет. Бул маданияттын мүмкүнчүлүктөрү азыр чети оюла элек.

Учурдагы цивилизациянын дүркүрөп өсүп жаткан прогресси адамзаттын тарыхый өнүгүүсүндө көп эмгек менен жаралган көптөгөн билимдерди, тажрыйбаларды жана касиеттерди жолдун четинде калтырып кетип баратат. Бүтүндөй катмарлар, бүтүндөй маданий системалар, айрыкча өздөрүнүн традициялуу жашоо образын бекем карманган элдер жаратып жана карманып жаткандар дүйнөлүк руханий өнүгүүнүн процессинен четте калууда. Тилекке каршы, жок болуп кетип жаткан элдер да бар: айрымдары өлүп жок болушса, айрымдары башка көп сандуу, көбүнчө агрессивдүү, катаал, ырайымсыз коңшу элдерге сиңип жок болушууда.

Адамдардын жана элдердин маданияттуулук деңгээлин алар өздөрүнүн баалуу элдик каада-салттарынын жок болуу процессине канчалык активдүү каршы тургандыгы, жок болгон мурас-кенчтерин сактоо жана кайра жандандыруу жолдорун канчалыкургаалдуу издешкени менен өлчөөгө болот. Каадасалттарды" жандандыруу гана руханий жоготуулардын, деформациялардын, деградациянын кыйратуучу процессин токтото алат.

Ошону менен каада-салттар элдин тагдырында аныктоочу мааниге ээ болот. Өз тилин, өлкөсүн жоготуп алган еврейлер өздөрүн этнос катары каада-салттары менен гана сактап жатышат. Каада-салттар мында традициялуулуктун элементи катары чыгуучу тилге караганда кыйла маанилүү болуп эсептелет.

Каада-салттар көп түрдүү. Алар боюнча элди же анын тиричилигинин кандайдыр бир көрүнүшүн баалоого болот. Салттарга мүнөздүү болгон консерватизм сыяктуу сапат

айрым учурларда жакшылык алып келип, сактап да калат, анткени ал элдин стабилдүүлүгүнүн, анын нравалык негиздеринин, менталитетинин туруктуулугунун шарты болуп эсептелет. Каада-салттын өзүндө адамзаттын, элдердин миң жылдык руханий издөөлөрү топтолгон, кесилишкен, анткени адамзат - бул космостогу жападан-жалгыз этнос, мындайча айтканда бүткүл дүйнөлөрдүн инсаны, эл - бул тарыхый инсан, индивид - адамдын бүтүн образы, адамзатынын өзү.

## Искусство

Искусство – тарбиялоонун фактору катары элдин жалпысынан жакшылыкка, сулуулукка умтулуусун күбөлөндүрүп турат. Тарбиялоодогу элдик искусствонун ролу өзүбүз элестеткенден кыйла маанилүү болуп саналат. Тилекке каршы, мектептеги тарбия берүүдө искусство элдик педагогикада ага ыйгарылган орунга эч качан жеткен эмес жана жетиши күмөн.

Элдик искусство жашоонун чындыгынан элди алыстатуучу массалык маданиятка, формалдуу амал-айла колдонууга каршы турат. Өлкөдөгү элге каршы багытталып, таңууланган маданиятты элдик искусство менен гана сүрүп чыгарууга болот.

Элдин арасында улуттук мүнөздү чагылдыруучу символырлар бар. Ар бир адам билүүгө тийиш болгон маанилүү ырлар бар. Ырдын поэзиялык күчү жана нравалык бийиктиги талашсыз. Бул сапаттар - элдик искусствонун эң мыкты образдарынын ажыратылгыс бөлүгү болуп эсептелет. Элдик ырлардын образдуулугу жана күчтүү сезим жарата тургандыгы, анын тазалыгы, ыйык кайгысы бардыгына белгилүү. Ал ырларды бүткүл өлкө аймактык жана этникалык ажыратуусуз билип, ырдап турган.

Искусство, бул укмуштуу, күчтүү, ал бардык тарабынан таасир эткен күч. Бардык муундарга — жаштардан тартып, улгайгандарга чейин.

Искусство — сөз чыгармачылыгынан баштап тиричиликтин эң майдасына чейин элдин жашоосун байытып, адамзатынын бардык доорлоруна терең сиңип, элдин салттарын чыңдоого, элдик педагогдорду калыптандырууга жөндөм түзүүдө, аны менен бирге өсүп келе жаткан муунгатарбия берүүдө баа жеткис асыл кенч болуп эсептелет. Аны эмгек менен катары элдик педагогикада тарбиялоочу факторунун пайдубалы деп атоого болот. Балдарга тарбия жана билим берүүнүн процессинде элдик педагогикада искусствонун ар кандай түрлөрүн: ар түрдүү боёлгон оюнчуктарды (чоподон, жыгачтан, чийден жасалган); күнүмдүк турмушта пайдаланылуучу боёлгон тиричилик буюмдарын (кашык, жыгачтан жана булгаарыдан жасалган идиш, керамикалык батынҫ, оймо

салынган жип ийрүүчү чарык ж.б.) пайдаланууга ар дайым чоң маани берилген. Ар түрдүү жиптер, шуру жана стеклярус колдонуу менен сайма саюу, эшүү, согуу, токуу ж.б. жогорку орунга ээ болуп келген.

Өзүнүн тиричилигин, эмгегин же баланын оюнун кооздоо менен адам көркөм чыгармачылыгында балага сонундукту түшүнүп баалоону, көркөмдүк табитти тарбиялап сиңирүүгө умтулган.

Кыргыздын элдик чыгармачылыгын мыкты үлгүсү боз үй. Жыгач, кийиз жана металл менен иштөө өнөрүнүн баардык чеберчилик жактары боз үйдүн конструкциясында жана жасалгасында толук көрүнүп турат.

Биздин усталар илгертеден эле терини иштетүүдөгү жана күмүш жасалгаларды жасоодогу чебердиктери менен айырмаланып келишкен.

Балдарды сүрөттартканга,артүрдүү уздуктаргаүйрөтүшкөн. Бара-бара өз өнөрүнүн сырларын муундан муунга өткөрүп турган уздардын диастиялары жаралган. Азыркы күндө биз улуу түрк искусствосу кантип кайрадан жанданып жатканын көрүп жатабыз.

Дин

Дин — адамдын ыйманынын калыптанышындагы өзөктүү фактор. Бирок адамдын ыйманын аныктоочу дин эле эмес. Диний фанатик, өкүм атеист-экстремист сыяктуу эле, тынчсызданууну, жаман таасирди, ал тургай коркууну жаратат. Динге ишенүү эркиндигин тааныган, жалпы адамзаттык ыймандык дөөлөттөрдү түшүнгөн атеист жан дүйнөсү жактан эч бир динчилден кем калбайт. Бул жерде аша чабуулар, бирибирин жокко чыгарган альтернативалар болбошу керек. Жашоо көп кырдуу, ой-пикирлердин, көз караштардын, ынанымдардын плюрализми болмоюнча ар түрдүү чөйрөлөрдө, айрыкча билим берүүдө демократия ойго да келиши мүмкүн эмес.

Кудайга ишенүү мода болушу мүмкүн эмес жана болууга тийиш эмес, анткени диндеги эң башкы компонент -бул, адамды жакшы көрүү. Албетте, Кудайга ишенүүнүн эле жалгыз өзү адамдар арасындагы мамилелердин комплексинен бөлүнүп, адамдардын руханий турмушундагы сактоочу боло албайт. Руханий турмуштун баардык тараптарынын өз ара гармониялуу байланышта болушу зарыл.

Дин үлгү болуучу идеал, өрнөк болуучу символ сыяктуу тарбиялоонун суммалоочу жыйынтыктоочу факторуна жакын. Бирок дин жалгыз өзү көп жагынан, айрыкча чечүүчү жактарынан мурдагы факторлордун баарын бириктирет. Жаратылыш - керемет, бул поэзия эле эмес. Жаратылышка жана Күндөн баштап анын айрым элементтерине таазим этүү —

бул бутпарастык эле эмес, бул буддизмди да, Исламды да жокко чыгарбаган улуу нерсе. Мисалы, болгону 8 миң бутпарасмарийликтер, өздөрүн өз жеринин жаратылышына сыйынуу менен сактап калышкан. Жан дүйнөлөрүн да сактап калышкан. Жаратылышка бутпарастык сыйынуу көп кишилерде бар. Орус акыны Семен Надсон бала кезинде күндөлүгүнө минтип жазган: “Тирүү кишилердин эң башкы жана эң өзгөчөлүү касиети, бул — жаратылышты сүйүү, ага суктана алуу, анын кооздугун түшүнүү жана ушул жогорку кереметтин анын өзүнөн улук экендигин сезүү”. Жаратылышты сүйүү — Алланы сүйүү сыяктуу эле жалпы сүйүүнүн бир бөлүгү.

Үлгү-идеал

Үлгү-идеалдаэлдиктарбиянын фактору катары максималдуу образ болуп элдик педагогиканын пансофиялык табияты эсептелет.

Табияттын мисалы — антропоморфизмдин эң байоо көрүнүштөрүндө болсо да балдардын аны адам сыңары кабылдашында. Жапайы жана жарым жапайы келген элдерде жаратылышка карата мамилеси таң калыштуу. Алар ар бир курт-кумурскага, ар бир жалбыракка гумандуу мамилеси менен айырмаланышат, алар жаратылыштагы жандууну да, жансызды да адам сыңары кабылдашат. Орусиядагы түндүк элерин мисалга алсак, бир да киши бутакты зарылдыгы болбосо сындырбайт, жалбыракты үзбөйт, балапандарды чочутпаш үчүн чымчыктын уясын алыстан айланып өтөт. Мисалы, якуттар чиркейди өлтүрүшпөйт, жөн эле кубалап коюшат, жаратылыш гармониясын бузгусу келбейт.

Кыргыздарда тотемдик элестетүүнүн реликти болуп саналган Умай энеге сыйынууну, табиятка, жаныбарларга ж.б. сыйынууну бөлүп көрсөтүүгө болот.

Умай эне — балдарды асырап алуучу аял кудай. Умай энеге кыргыз апалар кемпирлер жана эмчилер төрөт учурунда жана балдарды дарылоодо: “менин колум эмес, Умай эненин колу” деген сөздөрдү айтышчу. Кемпирлер жолго чыккан балдарга, жада калса чоң кишилерге “Умай энеге тапшырдым” деген сөзү менен кишини узатып чыгышчу. Кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашын чагылдыруучу байыркы диндердин арасынан жаныбарларды өзгөчө барктаганды билдирген тотемизм менен байланышкан сыйынууну белгилөө зарыл.

Алсак, түндүк-кыргыз ири урууларынын бири Бугу кадимки “Бугуну”, “Маралды” билдирет. Бугу уруусунун пайда болуу жөнүндөгү уламыштарынын бирине ылайык «Карамырза жана Асан деген жигиттер бугуларга аңчыга чыгып, арасынан сулуу жаш кыз менен бугунун мүйүзү бар баланы көрүп калган болот. Алар баланы өлтүрүшүп, бир

тууганына ыйлап жаткан сулуу кызды кармап кетишет. Уламышка ылайык жаш кыздын каргышынан улам Карамырза менен Асан тукумсуз калган. Сулуу кызды белекке берген алардын тууганы Мырзакул, аны өзүнүн небереси Аманкулга күйөөгө берет. Ал ата-бабалардын элесинде Мүйүз байбиче аттуу өтө акылман аял катары калган. Кыргыздар азыркы убакытка чейин ага сыйынат жана кайгылуу учурларда анын атына курмандык чалып, жалынышат. Ал Ысык-Көлдүн колдоочусу болуп саналат, бугулардын пикири боюнча анын арбагы Ысык-Көл өрөөнүндө учуп жүрөт».

Символдук маани-ой элдик оюндарда да бар. Аларда элдин оптимизми, келечектеги үмүтү камтылган. Үлгүидеал, адам жөнүндө, элдин мыкты уулу жөнүндө идеалдуу кыялдар элдик майрамдарда да ишке ашырылат. Оюндар менен майрамдар — балдардын да, чоң кишилердин да жашоотурмушунун уникалдуу формасы, аларда улуттун мүнөзү өзгөчө көрүнүп, элдин диний ишенимдери чагылдырылат. Мисалы, чуваш элинин жазгы себүү убагында өткөрүлүүчү Учук деген майрамында талаага чыгып, түшүмдүн пирлерине кайрылып суранган сыйынуулар көп орунду ээлейт. Мунуң баары табияттын кучагында, ошол аймактагы эң кооз жерде өткөрүлөт.

Бизде бүгүнкү күндө Нооруз жаңы жыл деп эсептелип жүрөт. Бул майрам ыр-күүлөр, бий, оюндар, бай дасторкон менен коштолот. Майрамда балдарга өзгөчө көңүл бөлүнөт.

Элдеги символ-сөздөр, символ-иштер да бар (элдеги ишсимволдор символ-окуяларга барабар), аларда символ-адамдар реалдуу көрүнөт. Мында тарыхый улуу адамдарды ойлоо менен эле чектелбеш керек. Символ адамдар, ыйманы жогорку таланттуу адамдар катарыбызда эле жүрүшөт.

Үлгү-идеалдын инсанга таасир этүүсүнүн өзүнчө шарттары тууралуу айтпай кеткен болбойт, муну элдик педагогикада жакшы билишет. Терс дагы, оң дагы мисал өз алдынча таасир бербейт, ал мурдатан орун алган базиске — адамдын абийирине жана адебине кошо таасир тийгизет. Тоталдуу зомбулукка байланыштуу терс мисалдын, өзгөчө эгерде ал жаш адамдын бекем эмес психикасына таасир берсе, жаман кесепеттери болушу мүмкүн. Эл муну жакшы түшүнөт. “Балдардын көзүнчө айткандан уялбайсыңарбы”, “Балаңарга (кызыңарга) кандай үлгү берип жатасыңар” деп айтылган сөздөрдү бардыгыбыз укканбыз.

Салттарды сактоо элдин ынтымагын бекемдейт. Маданияттуу болуу мына ошолорго таянат. Канчалык салттарга бай болсо, ошончолук рухий жактан эл бай келет

жана улуттук ар-намысы, адамдык аброю жогору болот. Салттар өзүнө көптү камтыйт: тиричиликтеги баалуулуктарды, искусствону, эмгекти. Эмгектеги салттар эң туруктуулардын бири болуп эсептелет.

Элдин педагогика контекст менен, тарбиялоо компоненттеринин эриш-аркак аракеттенүүсү менен күчтүү. Анда бардыгы өз ара байланышта, элдик тарбиялоонун бардык факторлору өз алдынча эмес, бири биринен ажырабаган болуп турат. Мисалы, жаратылыш сөз аркылуу поэтикаланган. Ал тиричиликте да, оюндарда да, майрамдарда да зарыл нерсе катары орун алган, ал салттарды жандантып, окшоштурууга мисал да болуп берет, анын идеалдуу образы элдин этностук аңсезиминде жашап келет, элдик искусствонун чыгармаларында чагылдырылган...

Демек, этникалык педагогиканы өнүктүрүү жолдору жалпы, социалдык жана этникалык педагогиканын теориясынын жана түшүнүгүнүн жардамы менен салттуу этникалык билим берүүгө терең талдоо жүргүзүү, ошондой эле аныкталып чыккан этникалык педагогикалык объективдүү билимдердин негизинде билим берүү чөйрөсүн уюштуруу долбоорлорунун ишке ашырылышына изилдөө жүргүзүү менен байланышкандыгын белгилөө зарыл.

Контролдук суроолор:

1. Элдик педагогикага мүмкүн болушунча жөнөкөй жана ошол эле учурда нуска аныктама бериңиз.

2. Элдик педагогиканын негизи эмне болуп эсептелет.

3. Этникалык педагогикага илим болуп эсептелеби.

4. Элдик педагогиканын кандай өзгөчөлүктөрүн билесиздер.

5. Дидактикалык мүнөздөгү кандай макалдарды билесиз.

6. Кандай нравалык тарбиялоочу мүнөздөгү макалдарды билесиз.

7. Жомоктордун нравалык негизин эмне түзөт.

8. Этникалык педагогика чөйрөсүндө көрүнүктүү окумуштууларды атаңыз.

9. Этникалык педагогикадагы каражаттарынын негизги методдорун атаңыз. |

10. Элдик педагогика кайсы принциптерге негизделет.

Адабияттар:


1. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби. Б., 1995.

2. Абдуллаев Э. Кыргыз фолклорунун тарыхынан. — Ф., 1983.

3. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. — Б., 1996.

4. Алимбеков А. Китепте: Кыргыз эл педагогикасы: изденүлөр, табылгалар. — Б., 1998.

5. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. — Б., 2001.

6. Аманалиев Б.А. Из истории философской мысли киргизского народа. — Ф.; Изд-во АН Кирг.ССР, 1973.

7. Антология педагогической мысли в Кыргызской ССР. — М., 1989.

8. Апышев Б. Народные традиции и их использование в трудовом воспитании учащихся. — М., 1974.

9. Апыш Б, Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. — Б., 2002.

10. Байжигитов К. Кыргыз мифтери, уламыщтары жана легендалары. — Ф.; Илим, 1985.

11. Бережнова Л.Н. Этнопедагогика: учеб. пособие для студ. высш. учеб заведений/ Л.Н. Бережнова, И.Л. Набок, В.И. Щеглов. — М.: Издательский центр «Академия», 2007. Глава 1.

12. Ьернштам Л.Н. Великое наследие киргизского народа. — М., 1994.

13. Богомолова М.И. Народная педагогика в системах прошлого и на современном этапе. Учебно-методическое пособие для студентов педагогических институтов. Набережные Челны, 1995. Гл. 1.

14. Виноградов Г.С. Народная педагогика. Изд. ВосточноСибирского отдела Русского Географического Общества, 1926.

15. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб, для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. — М.: Издательский центр «Академия», 1999. [л.].

16. Закиров С, Кыргыз элинин макал-лакаптары. —Ф., 1972.

17. Из истории социально-философской мысли народов Востока. — Ф.; Илим, 1989.

18. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. М: Педагогика, 1991.

19. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар (илимий популярдуу басылма). 2-басылышы. - Б.; 2014.

20. Кадыралиев К. Элдик педагогиканын тасири. Эл агартуу. — Б., 1974. /ч%4, 62-64-б.б.

21. Койчуманов Ж. Элдик педагогиканын берметтери. —Б.,1998.

22. Кузина Т.Ф., Батурина Г.И. Занимательная педагогика народов России: советы, игры, обряды. — 2-е изд. — М.; Школьная Пресса, 2001. — С. 62 — 67.

23. Кукушин В.С. Этнопедагогика. Учебное пособие. — М.; Издательство Московского психолого-социального института; Воронеж: Издательство НПО «МОДЭКС», 2002. Введение.

24. Молдобаев И.Б. Эпос “Манас” как источник изучения духовной культуры кыргызского народа. — Ф.: Илим.1989.

25. Нездемковская Г.В. Этнопедагогика: учебное пособие для вузов. — М.: Академический проект; Альма Матер, 2011. Раздел 1.

26. НикитинБ.П.«Первыеуроки естественного воспитания или Детство без болезней», Лениздат, 1990.

27. Рахимова М.Р, Панкова Т.В. Кыргыз элдик педагогикасы. —Б.,1994.

28. Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. Очерки по истории педагогики., Бишкек, 199$ г., глава 1.

29. Рысбаев С. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо, — Б., 1989.

30. Рысбаев С. Жомокторубуздагы элдик таалим-тарбия тууpасында. Эл аралык илимий-пр. конф. матер-ры. — Б., 1989,

## IV. КӨП МАДАНИЯТТУЛУККА ТАРБИЯЛООНУҢН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТИСИ

1. Этнопедагогика менен көп маданияттуулукка тарбиялоонун өз-ара байланышы

2. Көп маданияттуулукка тарбиялоодогу этнопедагогиканын илимий негиздери

3.Кыргыз элинин этнопедагогикасында эл достугуна жана көп маданияттуулукка тарбиялоонун чагылдырылышы

1.Этнопедагогика менен көп маданияттуулукка тарбиялоонун өз-ара байланышы

Бүтүн дүйнөнү каптаган ааламдашуу (глобализация) процессине шайкеш келген таалим-тарбиянын эң актуалдуу проблемалардын бири катаары көп маданияттуулук шартындагы этнопедагогикалык тарбия берүү эсептелет. Мунун себеби, кайсы гана мамлекет болбосун анын, көз карандысыздыгы, эгемендүүлүгү ошол өлкөнүн экономикалык, саясий өз алдынчалыгы менен гана чектелбестен, анын жанында улуттар аралык мамилелердеги туруктуулук менен мүнөздөлөт. Андай туруктуулук улуттар аралык карымкатнаштарда маданий өзгөчөлүктөрдүн сакталышы жана башка мамлекеттер менен болгон алакалар, өлкө ичиндеги ар кандай улут өкүлдөрү ортосундагы ынтымакты камсыз кылуу менен коштолот. Андыктан, эгемендүүлүккө жетишүүнүн чыныгы көрсөткүчү катары улуттук маданий дөөлөттөрдүн, руханий баалуулуктардын өсүп-өнүгүүсү, алардын түпкү негиздерине сүңгүп кирүүнү, аларды заман талабына жараша кайрадан электен өткөрүүнү, жана алардын өнүккөн түрдө өсүп келе жаткан муунга жеткирүү талабын актуалдаштырат. Ошондуктан, бүгүнкү күндө ар бир мамлекет, чоң жана кичине улуттар тарабынан өз маданиятындагы руханий бийик жана прогрессивдүү дөөлөттөрдү издеп табуу жана алардын үлгүсүндө кийинки муундарды турмушка даярдоо маселелери менен алектенишүүдө.

Бул проблеманын актуалдуулугун терең түшүнүшкөн Кыргызстандын окумуштуулары (Р. Абдраимова, А. Алимбеков, Х,Ф, Анаркулов, Б. Апыш, Ж. Бешимов, А.Э. Измайлов, Н. Имаева, А.Т. Калдыбаева, З.К. Кусеинова, Ж. Койчуманов, К. Кыдыралиев, А. Муратов, Т. Ормонов, Т.В. Панкова, С.М. Саипбаев, Р.Т. Сулайманова ж.б.) этнопедагогиканын түпкү кайнактарына сүңгүп кирүү менен анын негизги багыттарын, өзгөчө элдик педагогиканын мазмунун, каражаттарын, тарбиялоо ыкмаларына кайрылуу, аларды дидактикалык жактан өркүндөтүү аркылуу учурдун талабына ылайык билим берүү жана тарбия процессине киргизүү жолдорун аныктоонун үстүндө иштешүүдө. Ар тараптан өнүккөн, бүтүндүү инсанды калыптандыруудагы элдик педагогиканын айрым аспектилерине, ар кандай багыттагы таалим-тарбия иштерине байланыштуу жагдайларды изилдөө маселелери М.А. Абдыкеримованын, Н.А. Асипованын, Адылбек кызы Гулназдын, А. Муратовдун, Р.Т. Сулаймановагын жана башкалардын эмгектеринде кездешет.

Бизди социалдык жана педагогикалык маселелерди изилдөөчү катары кызыктырган нерсе - учурдагы көп улуттуу мамлекеттерд,ин коомдук жашоо-тиричилигинде кеңири орун алган көп маданияттуулук шартындагы таалим-тарбия процессиндеги элдик педагогиканын орду, жана алардын улут аралык мамилелерге тийгизген таасири.

Ааламдашуу факторунун таасири астында улуттук өзгөчөлүктөрдүн, айрыкча аз сандуу улуттардын маданий өзгөчөлүктөрүнүн ассимиляция процессине дуушар болуу коркунучу - ар бир улуттун өз маданий баалуулуктарына кайрылуу жана аларды башка улуттар менен маданияттар арасына жайылтуу аркылуу жаштарды улуттук айырмачылыктарга карата көтөрүмдүүлүккө (толеренттуулукка}) тарбиялоо актуалдуу маселелерден болууда. Мунун жанында, элдик педагогикага негизделген таалим-тарбия адамдын инсандык жактан калыптануусунун бүтүмдүүлүгүн (целостный) камсыз кылуу менен аны улуттук маданиятты алып жүрүүчү инсанды тарбиялоого жана иденттүүлүктү сактап калууга жана калыптандырууга салым кошкон болуп эсептелет. Ушул өңүттөгү этнопедагогикалык тарбия аркылуу көп маданияттуулук шартында жаштардын улуттук жана жалпы адамзаттык маданий дөөлөттөргө карата аяр жана сый мамилеси калыптанат.

Көп маданияттуулук маселесинин түпкү маңызына кайрыла турган болсок, бул түшүнүк жалпы адамзат коомуна мүнөздүү маданий карым-катнаштардын ичиндеги улуттук өзгөчөлүктөрдү камтый тургандыгын көрүүгө болот. Ошол кайталангыс улуттук өзгөчөлүктөр, анын ичинде улуттук тил, маданият, жашоо-тиричилик мүнөзү, таалим-тарбия салттары, калыптанып калган карым-катнаш үлгүлөрү, улуттук менталитет жана башка ар бир улут үчүн айырмалуу болуу менен улуттук аң-сезимди, улуттук иденттүүлүктү ташыйт. Ошондуктан, кандай гана социалдык жана педагогикалык маселе болбосун, бир жагынан жалпы адамзаттык маданий баалуулуктарды (анын ичинде көп маданияттуулук) эсепке алуу, ал эми экинчи жагынан улуттук маданий өзгөчөлүктөрдү ташыган этнопедагогикалык дөөлөттөргө таянуу талабын коёт.

XX кылымдын алп жазуучусу, кыргыз элинин сыймыгы болгон Ч. Айтматов өткөн доор сабактары, учурдагы айкындык жана келечектеги тенденциялар жөнүндө япон ойчулу Дайсаку Икеда менен болгон маектеринде СӨЗдүн улуулугуна басым жасоо менен “Дагы бир жолу кайталагым келип турат. Жомок да, уламыш да, миф да — эл “түбөлүк чындыктарды” чагылдырып, сактап келген элдик искусствонун формалары”, - дейт.[1, 94].

Бирок, социалдык жактан маанилүүлүгүнө жана реалдуу педагогикалык талаптын күчтүүлүгүнө карабастан оозеки чыгармалардагы таалим-тарбиянын этнопедагогикалык аспектилери кийин гана изилдене баштаган. Тактап айтканда, совет мезгилинин 70 жылдарында башталган этнопедагогикалык изилдөөлөр, СССР кулагандан кийин, мурунку советтик республикалар эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин кескин жандана баштайт. Мунун эң негизги себеби, тоталитардык идеологиянын методологиялык негизин түзүп турган бардык нерсеге карата таптык мамиле принцибинин үстөмдүгү болгон. Ал кезде пролетардык идеологиянын урааны болгон “мазмуну интернационалдуу жана

формасы улуттуу", формалдуу жана декларативдүү эл достугу өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө кайрылгандардын бардыгын "улутчул", демек таптык интернационализме каршы деген" күнөөнү илештирип, куугунтуктоого алынгандыктан, элдик мурастар, анын ичинде элдик педагогиканын жетишкендиктери көп убакыт бою изилденбей келген. Расмий бийликте, эгерде ар бир мамлекет же улут өз маданиятына, өзүнүн салтуу таалимтарбиясына таянып иш алып бара турган болсо, СССРдин биримдигине доо кетет, мамлекеттин туруктуулугу бузулат деген коркунуч жашаган. Ушул сыяктуу расмий көз караштар элдик этнопедагогиканын өсүп-өнүгүшүнө кедерги болуп келген.

Ошого карабастан, аз да болсо элдик педагогикага байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлүп, алардын натыйжасы катары 1974 — жылы чуваш элинин өкүлү Теннадий Никандорович Волков тарабынан "Этнопедагогика" эмгеги , жазылган. Бул эмгек алгачкы жолу элдик педагогиканы системалуу жана илимий деңгээлде чагылдыруу менен биринчи жолу элдин руханий жаратуучулук күчүн, анын чыныгы педагогикалык маданияттын ээси экендигин, улуттун көөнөрбөс таалим-тарбия салттарын сактоочусу жана алып жүрүүчүсү экендигин баса белгилеген. Г.Н. Волковдун "Этнопедагогикасы" биринчи жана фундаменталдуу илимий изилдөө болуп эсептелет жана бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн илимий баалуулугун жоготпостон, башка изилдөөчүлөр үчүн теориялык жана методологиялык курал жана кайнак катары кызмат кылууда. Аталган эмгектин пайда болушу элдик педагогиканы изилдөөчүлөрдүн санынын артышына алып келди жана ар бир улуттун өзүнө тиешелүү таалим-тарбия өзгөчөлүктөрү бар экендгин таанууга жана аларды изилдөөгө кеңири өбөлгө түздү.

Өзүнүн аталган эмгегинде Г.Н. Волков этнопедагогикалык көз караштан алганда, карапайым эл жана таалим-тарбия үчүн "элдүүлүк", "элдик педагогика", "таптык" жана "катмардык" жана башка бөлүүнүүлөр биринчи катардагы өтө маанилүү маселелерден эмес", - деп [7, 7] айтуу менен элдик педагогиканын нукура элдик экенине басым жасап, анда чыныгы эл достугуна да орун берилген.

Бүгүнкү күндө элдик этнопедагогиканын дүркүрөп өсүшүнүн дагы бир себеби, таалим-тарбиядагы элдүүлүк приницибине (өз учурунда улуу орус педагогу К.Д. Ушинский белгилеген) таянуу менен ааламдашуу шартындагы ар бир улуттун өз иденттүүлүгүн сактап калуу менен бирге башка элдер жана улаттарга мүнөздүү көп маданияттуулук шартында өз элинин маданиятын

таанытуу жана башка калктардын маданиятын үйрөнүү далалаты жатат. Ошентип, маданият таануу теориясына таянган элдик педагогика жана анын улуттук өзгөчөлүктөрүн ташыган этнңопедагогиканын бирденбир максаты - бүгүнкү жаштарды маданий диалогго даярдоо болуп эсептелет.

Акыркы мезгилдерде элдик этнопедагогикага байланыштуу изилдөөлөрдүн санынын артышына карабастан, бул тармакта али да болсо көмүскөдө калып жаткан маселелер жок эмес. Тактап айтканда, этнопедагогиканы, элдин прогрессивдүү педагогиалык ойлорун, каада-салттарын жалпы маданият таануучулук жана инсандык маданият алкакта караган изилдөөлөр жокко эсе. Учурдагы кыргыз этнопедагогикасын изилдөөчү А. Алимбековдун пикири .боюнча, "Җогорку окуу жайларда педагогикалык маданияттын тарыхын окуткандаар арасында, дале болсо "Евроцентристтик" өнөкөт көз караштардан арыла албаган, өз элинин педагогикалык мурастарына кыйыр тиешеси бар, аларга кошумча иллюстративдик матариал катары салкын мамиле жасаган окутуучулар арбын". [2, 3]. Ошондой унутта калган тажрыйбалардын ичинде, көптөгөн кылымдардан бери келе жаткан ар бир улуттун эркек жана кыз балдарды тарбиялоо өзгөчөлүктөрү, жамааттык тарбиялоо ыкмалары, башка улуттар менен карым-катнашка баруу, ымалашуу, мамилелерин түзүү, ааламдашуу шартында улуттук идентүүлүктү сактап калууга байланыштуу изилдөөлөр, маалыматтар, тажрыйбалар аздык кылат.

Мурунку заманда этнопедагогикалык изилдөөлөргө тиешелүү маани берилбегендиктен жана элдик маданиятка болгон салкын мамиленин натыйжасында өз эне тилинен, өз маданиятынан, каада-салттарынан, улуттук дөөлөттөрүнөн кур жалак калган бүтүндөй бир муун — кыргыздар жана"киргиздер" же маргиналдуу инсандар пайда болду. Азыр ошол муундун өкүлдөрүн жана алардын балдарын кыргызча сүйлөөгө, улуттук маданиятты билүүгө үйрөтүү чоң педагогикалык маселеге айланды. Муну Бишкекте көптөн бери жашаган орус тилдүү үй-бүлөлөр жакшы билишет. Ушундай

тарбиянын мүчүлүштөрүн жакшы түшүнгөн академик Г.Н. Волков “Учурда интернационалдык аң-сезимди жана жүрүм-турумду калыптандырууда улутсуздукту (безнациональное) жоюу өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Улуттук элдүүлүк — чыныгы демократиялуулук жана гумандуулук эч кандай шартсыз ар бир педагогикалык кол жазмалардын борборунда болушу керек”, - деген [8, 7].

Таалим-тарбиянын этнопедагогикалык аспектилерин көп маданият таануулуктун алкагында изилдөө бүгүнкү ааламдашуу шартында өзгөчө мааниге ээ болууда, анткени коомдо демократиялык ачыктык шарданында эл аралык карымкатнаштар тездеп, жаштар арасында кыймылдуулук күч алып, ички жана тышкы миграция тынымсыз курчуп, адамдардан, өзгөчө жаштардан өз маданиятын алып жүрүү менен бирге башка элдердин маданиятын үйрөнүү зарылчылыгын арттырууда.

2.Көп маданияттуулукка тарбиялоодогу этнопедагоги канын илимий негиздери

Теориялык жактан анчалык ирээттештирилбегендигине (стихийность) карабастан, элдик же салттуу тарбияның жаштарды тарбиялоодогу таамай таасирин танууга болбойт. ‹ Социалдык жана педагогикалык феномен катары элдик таалимтарбиянын инсандын дүйнө таануусуна, жашоо-тиричилик, адеп-ахлактык жактан жетилүүсүндө, ички аң-сезимдин жана улуттук иденттүүлүктүн калыптануусундагы ролун, адамдын тышкы чөйрөдө өзгөчө башка улуттардын өкүлдөрү менен болгон карым-катнаштарда даана көрүүгө болот. Муну өлкөнүн тышына, чет мамлекеттерге барып, окуп же иштеп келген жаштар менен аңгемелешкенде көп айтышат, демек, элдик этнопедагогикага негизделген улуттук маданияттын белгилери көп маданияттуулук шартында даана байкалат. Андыктан, көп улуттуулук шартындагы көп маданияттуулукка тарбиялоо (поликультурное воспитание),

тактап айтканда, көп маданияттуу карым-катнаш маданиятын калыптандыруу боюнча таалим-тарбия иштеринин натыйжалуулугун арттыруу максатында адамдын социалдык жактан калыптануусундагы тигил-же бул калктын этнопедагогикалык тажрыйбасын жана анын артынан келе турган улуттук өзгөчөлүкктөрүн үйрөнүү — бүгүнкү күндөгү демократиялуу, гуманистик жана инсанга багытталган тарбия теорияларына шайкеш келет.

Ушундай максатта жүргүзүлгөн илимий анализ этнопедагогика түшүнүгүнүн ар кандай мааниде колдонула тургандыгын көрсөтөт. Эң оболу, этнопедагогика тигил же бул калктын салттуу таалим-тарбия тажрыйбасын илимий негизде анализдөө менен, аларды теориялык деңгээлде түшүндүрүү дегенди билдирет. Элдик педагогика же салтуу таалим-тарбия классикалык педагогика пайда болгонго чейинки, элдин таалимтарбияга байланыштуу ойлору жана тажрыйбасы десе болот. Кыргыз этнопедагогикасын тыкыр анализдөө менен алектенген А. Алимбековдун пикири боюнча: “Элдик педагогика — бул улут улут болуп калыптанганга чейин эле узак мөөнөт жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын, элдик керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп, адамды муундан — муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, ыймандык нарк дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоонун багытталган эмпирикалык билимдери жана практикалык иш-аракеттердин бөтөнчө системасы”. [2,8]. Ошондой элдик педагогикага байланыштуу илимий маалыматтарды жалпылаштыра келгенде элдик этнопедагогиканы ар кандай аспектиде кароого боло тургандыгын көрүүгө болот. Биринчиден, элдик педагогика —калктын таалим-тарбияга карата руханий аң-сезимин чагылдыруучу феномен катары каралат. Экинчиден, элдин кылымдардан бери келе жаткан таалим-тарбия тажрыйбасы катары каралат. Үчүнчүдөн, калктын таалим-тарбия жөнүндөгү ойлору жана тажрыйбасынын жыйындысы катары каралат. Төртүнчүдөн, бүгүнкү күндөгү педагогиканын бир тармагы катары карала тургандыгын көрүүгө болот.

Көпчүлүк учурда, элдик педагогика термининин синоними катары 60 жылдарда Г.Н. Волков тарабынан киргизилген этнопедагогика термини колдонулат. Академик Г.Н. Волков бул термин менен изилдөө предмети элдин таалим-тарбиясы болгон педагогиканын өз алдынча тармагын белгилейт. Бир аз айырмачылыктары болбосо, бул эки түшүнүк тең учурдагы педагогика илиминде кеңири колдонулуп келет жана алардын көпчүлүгү бир жактуу түрдө тигил-же бул конкреттүү элдин таалим-тарбия өзгөчөлүгүн идеалдаштыруудан алыс боло албай, ошол эле мезгилде этнопедагогиканы маданият таануу алкагында, маданияттын туундусу катары кароо керектигине маани бербей келишет. Ушундай мүчүлүштүктөр этнопедагогиканын этнопсихология жана тигил-же бул этностун тарыхый социалдык маданий өнүгүүсүнүн туундусу катары кароого жана чечмелөө, ошондой эле анын инсандын жекечелигинин калыптанышындагы ролу көмүскөдө калып келет.

Ошого карабастан, акыркы мезгилде этнопедагогиканы көп маданият таануучулук өңүттөн изилдөө күч алып бара жаткандыгын тана албайбыз. Мунун өзү бүгүнкү күндө этнүүлүктү, улуттуулукту архаикалык көрүнүш катары кароодон алыстап, аны учурдагы таалим-тарбия процессиндеги таасирдүү фактор өзгөчө инсандын жекечелигиниң калыптанышындагы социалдык жана маданий феномен катары кароо күч алууда. Буга мисал катары көрүнүктүү этнограф И.С. Кондун этнүүлүктү ар кандай калктардын тарыхый өсүпөнүгүүсүндөгү жалпылыкты, туруктуулукту, улантуучулукту ташыган жана заманбап коомдун мүчөлөрүн бириктирүүчү (консолидирующий) фактор катары кароосу эсептелет. Ошондой этнүүлүктүн алкагында “...ар кандай маданияттар арасындагы өз-ара байланыштар, муундар арасындагы маданий трансмиссиялар (өз ара өткөрүүчүлүк) милдеттер аракетке келип,социалдашуу системасы калыптанат жана кызмат кылат” [11,19]. Ошол эле мезгилде этнүүлүк адамдардын маданиятына, тилине, жашоо-тиричилик укладдарына мүнөздүү болуу менен, “..өтө консервативдүү жана түпкү маңызында таптуулуктан алыс улуттуулук

экендигин" чагылдырып турат. [12, 20]. Мына ушундай жагдайлар ар кандай улуттарга жана калктарга мүнөздүү жашоо-тиричилик ыкмаларын изилдөө талабын коет жана этнопедагогикалык көз караштан алганда, элдик таалим-тарбия бүтүндөй калкка, улутка, эл массасына мүнөздүү жашоо-тиричилик эрежелерин, адепахлактык нормалардагы өзгөчөлүктөрдү жана окшоштуктарды ташыйт. Демек, этномаданий баалуулуктарды теориялык жана практикалык жактан анализдей келгенде, тигил-же бул улуттун өзгөчөлөгүнө гана басым жасабастан, аларды кеңири маданий, цивилизациялык көрүнүштүн, социалдык жана маданий өсүп-өнүгүүнүн контекстинде кароо зарыл. Мунун өзү этнопедагогикалык дөөлөттөрдү учурдагы таалим-тарбия процессин байытуучу булак катары гана карабастан, аларды ар кандай улуттар жана маданияттар арасындагы өз-ара байланыштарды, карым-катнаштарды калыптандыруудагы методологиялык курал жана педагогикалык шарт катары кабыл алуу бүгүнкү таалим-тарбиянын стратегиялык багыттарына туура болот.

Маданият таануу илиминин көрүнүктүү өкүлү В.С, Библер айткандай: "маданият — бул бир эле мезгилде ар кандай адамдардын, мурдакы, азыркы жана келечектеги маданияттар ортосундагы бар болуучулуктун жана баарлашуунун, диалогдун, өз ара жаратуунун формасы" болуп эсептелет. [5,39]. Мындай көп маданияттуулук шартындагы маданий диалог ар бир улут аралык баарлашууга катышып жаткан субьектилердин инсан катары калыптанышына таасир тийгизген материалдык жана руханий этнопедагогикалык өзгөчөлүктөр, жөнүндө маалыматтуу болгондо гана натыйжалуу болот. Бул жердеги методологиялык өбөлгө катары кандай же кайсы маданиятты албайлы, ар бир улуттун маданий дөөлөттөрүндө улуттук жана улуттар аралык, жеке инсандык жана жалпы адамзаттык маданий баалуулуктар боло тургандыгы жана аларды маданияттуулук бүтүндүк көрүнүшү катары кароо идеясы жатат.

Улуттар аралык байланыштар маданияты, алардын табияты, социалдык жана саясий өбөлгөлөрү коомдук илимдерди изилдөөчү философтордун, социологдордун, культурологдордун, психологдордун жана педагогдордун көңүлүнүн борборунда болуп келген. Совет мезгилинде бул темага С.Т. Калтахчан, М.И. Куличенко, А.Ф. Дашдамиров, М.С. Джунусов, Ю.В. Бромлей, Г. Ломидзе, Л.Н. Коган жана башкалар кайрылышкан. Алар өз эмгектеринде мурдакы союздук мамлекеттердин улуттук маданияттар арасындагы байланыштарды, алардын өз ара баюусуна токтолушкан. Андай изилдөөлөр өз заманынын идеологиялык талабына жооп берүү менен, мазмундук жактан интернационалдуу, формасы боюнча улуттуу (национальный) болуп, конкреттүү адамдардын реалдуу турмуштагы карым-катнаштарын, баарлашуунун гуманистик, адеп-ахлактык жактан канчалык деңгээлде терең жана реалдуу экендиги, ар кандай улут аралык мамилелер маданиятын калыптандыруудагы элдик этнопедагогиканын ролу көмүскөдө кала берген.

Жогоруда белгиленген жагдайлар, көп улуттуулук жана көп маданияттуулук шартындагы кыргыз элиниң таалимтарбиясынын этнопедагогикалык аспектилерине кайрылууга жана алардагы рационалдуу идеяларга токтолууга негиз болду.

3.Кыргыз элинин этнопедагогикасында эл достугуна жана көп маданияттуулукка тарбиялоонуң чагылдырылышы.

Кыргыз элинин руханий дөөлөттөрү, анын ичинде этнопедагогикалык ойлору, тажрыйбалары негизинен элдик оозеки чыгармалар түрүндө сакталып келгендиктен, көп маданияттуу тарбия маселелерине байланыштуу элдик фольклорго кайрылууга туура келет. Аларды анализдөөдөгү негизги методологиялык багыт катары адамдар арасында адеп-ахлактык мамилелерге басым жасалып, адамкерчилик, достук, ынтымак, өз ара сыйлашуу, өз ара жардам берүү, көтөрүмдүүлүк, кечиримдүүлүк сыяктуу жана башка ойлорго токтолуу менен, салттуу таалим-тарбиянын гуманистик багыттарына

артыкчылык берилди. Кыргыз элинин этнопедагогикалык тажрыйбасын бүгүнкү күндөгү ааламдашуу жана көп маданияттуулук шартындагы таалим-тарбияга ылайыкташтыруу максатында изилдей келгенде, биздин руханий дөөлөттөрүбүздө цивилизациялык деңгээлдеги, бүтүндөй бир социалдык, саясий, экономикалык жана маданий доорду, капитализмди басып өтпөстөн, секирик түрүндө социализм дооруна өтүүсүн түшүнүүбүз зарыл. Ошондой социалдык жана экономикалык жактан секирик, кыргыз элинин каада-салттары, орто кылымдардан бери келе жаткан, башкача айтканда, феодалдык доорго мүнөздүү жашоо-тиричилик эрежелери жана аларга байланыштуу социалдык карым-катнаштардын үлгүлөрүнүн сакталып келе жаткандыгынын бирден-бир себеби экендигин байкоого болот.

Кыргыз элине таандык, этнопедагогикалык тажрыйбаларды чагылдырган оозеки чыгармаларга кайрылганда, алардын көпчүлүгү таалим-тарбиялык мүнөздө болуу менен тарбиялык максатта жаралгандыгын, миңдеген жылдарды камтыган тарыхында кыргыз эли келечектеги муунду өз доорунун, өз элинин талабына ылайык тарбиялоо максатында ар кандай жанрдагы жана мазмундагы чыгармаларды жараткандыгын көрүүгө болот. Алардын ичинде түздөн-түз атайын санат жана насыят ырларынан баштап, кыйыр түрүндө айтылган макалылакаптар, жомоктор, тамсилдер, легендалар, уламыштар, чоң жана кичи эпостордун көп экендигин көрүүгө болот. Аталган жанрдагы чыгармалардын көпчүлүгү таамай айтылган сөз түрүндө жаштарды кандай жана кантип тарбиялоо керектигин көрсөтүү менен ошол доордогу кыргыз элинин жашоо-тиричилигин, карым-катнаштарын, каада-салттарын чагылдырып турат. Педагогикалык жактан эң маанилүүсү элдик оозеки чыгармалар сөз түрүндө муундан-муунга өтүп жүрүп олтуруп, атадан балага, энеден кызга, улуудан кичүүгө, коомдон инсанга жеткирилип, инсандын коомго карата мамилесин, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүүгө түздөнтүз таасир тийгизген. Улам кийинки муундар тарабынан байытылган түрдө андан кийинки муундарга жеткирилип, биздин заманга чейин сакталып калгандыгы

— кыргыз элинин эс тутумунун феноменологиялык өзгөчөлүгүн далилдеп турат. “Байыркы замандарда эле кыргыз урууларында этикалык эрежелер түрүндө педагогикалык ойлордун башаттары пайда болгон. Алар таалим-тарбия тажрыйбасында жана акындардын поэтикалык чыгармачылыгында чагылдырылган.” [10, 14]. Андай педагогикалык мурастарда кыргыз элинин адеп-ахлак жөнүндөгү — чындык жана акыйкаттык, жөнөкөйлүк жана жупунулук, сабырдуулук жана көтөрүмдүүлүк, чыдамкайлык жана баатырдык, өз өлкөсүнө болгон сүйүү жана эл достугу ж.б. ушул сыяктуу түшүнүктөрдүн маңыз-мааниси ачык көрсөтүлөт. Мындан адептүүлүк түшүнүгү кыргыз элдик педагогикасында кеңири мааниге ээ экендигин жана анын мазмунун атамекенге болгон сүйүү менен эл душмандарына карата жек көрүү, адамдар арасындагы достук жана жолдоштук, айланачөйрөдөгүлөргө карата гумандуулук жана сезимталдык, үйбүлөдөгү ынтымак жана жашоо-тиричиликтеги ыймандуулук, меймандостук ж.б. камтып туруу менен улууларга карата сый, урматты, ал эми кичүүлөргө карата кам көрүү талаптарын камтыйт.

Өзгөчө белгилеп кете турган нерсе, кыргыз үй-бүлөсүндөгү ынтымактуулукка тарбиялоо феноменинин күчтүүлүгү. Адатта көп балалуу кыргыз үй-бүлөсү ынтымак болгондо гана, улуу менен кичүүлөр ортосундагы иерархиялык эрежелердин сакталышы жана бакыбат жашоо мүмкүн боло тургандыгын жакшы түшүнгөн. Ошондуктан, “ырыс алды, ынтымак” эрежесин балдар кичине кезинен өздөштүрүшкөн. Ал эми ынтымактуулуктун негизги педагогикалык шарты катары, балдарды улууну сыйлоо жана кичүүлөр жөнүндө кам көрүүгө үйрөтүү эсептелген. Буга байланыштуу кыргыз элинде: “Карынын сөзүн капка сал”, “Улууга - урмат, кичүүгө — ызаат”, “Кары келсе, ашка, жаш келсе ишке”, “Карысы бардын, ырысы бар” сыяктуу ата-бабалардан келе жаткан макал, ылакаптар азыркы күндө да көп колдонулат. Көп балалуу кыргыз үй-бүлөөсүнүн ар бир мүчөсү өз ордун, өз милдетин так билүүгө, өзүнө тиешелүү жүрүм-турум эрежелерин так

аткарууга милдеттүү болгон. Өзгөчө улуу кичүү, ата-эне, бир туугадар, жакын туугандар, ал тургай кошуналар ортосундагы мамилелерде адептүүлүктү сактоо салты кеңири тараган. Улуулардын кеп-кеңешине кулак салуу, алар менен эсептешүү “Карынын сөзүн — капка сал” деген макал, турмуштук эрежени билдирип турат. Ал эми “Иниси бардын — ырысы” бар деген макал үй-бүлөдө агасы же эжеси жөнүндө кам көрө турган киши бар дегендикти билдирет. Ушундай үй-бүлөлүк бекем салттарга негизделген карым-катнаштар жана элдик таалимтарбия улуулар үчүн бакубат карылыкты, кичүүлөр үчүн жөлөк-таяк боло турган жакын туугандардын бар экендигин, башкача айтканда, кандай болгондо да адам турмуштук кыйынчылыктарда жалгыз калбай тургандыгы жана анын да башкалар алдында милдети бар экендигин бала чактан өздөштүрүүгө багытталат.

Кыргыз элинин этнопедагогикасында же элдик салттуу таалим-тарбиясында улууларга карата болгон мамилелерде атанын ролу, атанын культу менен берилет, Кыргыз үйбүлөсүндө бала кичине чагынан атанын тарбиялык таасири астында калыптанат, андыктан атанын колдоосу атанын мактоосу, атанын сөзү же атанын жерүүсү, жаман көрүүсү эркек бала үчүн эң маанилүү жана оор сыноо (кыз бала үчүн андан да оор) болуп эсептелет. Байыркы замандан бери жүрүмтуруму начар, коомго зыян келтирген жаштарды эл ар дайым “атаңа наалат” деп каргаган. Мунун атанын балдардын өсүп жетилишиндеги, инсан катары калыптанышындагы ордун айтып турат. Бала чактан калыптанып калган улууларга болгон сый урматты кыргыз балдары оңой-олтоң эле башка чөйрөгө, өзү окуган мектепке ж.б. ташыган. Буга мисал катары окумуштуулар кыргыз мектептеринде окуучулардын мугалимдерге “агай”, “эжей” деп кайрылышы жөнүндө айтышат [9, 224]. '

Кыргыз элинин көп кылымдарды басып өткөн салттуу таалим-тарбиясы үй-бүлөлүк тарбиянын максат, милдеттери, мазмуну менен гана чектелбестен,жаштардын кеңири социалдык макрочөйрөдө калыптануусуна

да олуттуу таасир тийгизет. Мунун себеби, кыргыз эли байыртадан коом менен инсан ортосундагы мамилелерге артыкчылык берип келген. Муну элибиздин “Жалгыз дарак, токой болбойт” деген макалынан көрүүгө болот. Ошондой адам менен коом ортосундагы карым-катнаштарды сактап туруга болгон аракеттерфдд кыргыз элинин меймандостук, ыражачыл, тууганчыл, боорукерлик салттарынан көрүүгө болот. Улуттук каада-салттардагы меймандостук көрүнүшү, алардын улут аралык мамилелердеги орду жөнүндө көптөгөн маалыматтар кездешет. «Кыргыздар — өтө меймандос эл, меймандосчулук адамга карата сый урмат көрсөтүү үлгүсү катары улуу муундар тарабынан кичүүлөргө өткөрүлүп берилет”, - деп жазат В.В. Радлов [14,, 8]. Мейман кабыл алууда үй-бүлөнүн кичине мүчөлөрүнө тиешелүү “аттан түшүрмөй”, “үйгө жол көрсөтүү (киргизүү), “киймин алуу” (чечинтүү), “колуна суу куйуу”, “төргө өткөрүү” сыяктуу кыргыз баласы үчүн турмуштук адеп-ахлак эрежелери ушул күндө да сакталып келет жана мындай салттарды сактоо, жаштарга үйрөтүү — келечек муунду социалдык жактан калыптануусундагы негизги педагогикалык шарт болуп эсептелет.

Меймандостук кыргыз элинде өзгөчө мааниге ээ, ал жөң гана конок эмес, ал сыйлуу адам, ал күткөн адам, ошондуктан ага болгон урмат сыйды көрсөтүү (баласына бербестен, катып койгон таттуусун конокко берүү) менен коштолот. Ошол эле мезгилде мейманды кабыл алуу (өзгөчө, эч айттырбай келгең “кудайы конокту”), ал адамга карата ырайымдуулук көрсөтүү - ыйык милдет болгон. Мунун себеби көчмөн калк үчүн сырттан келген ар бир адам кандайдыр бир деңгээлде маалымат ташуучу информатор болуп келген. Ошондуктан, келген адамдын кайдан келе жатканын, кайда бара жатканын ж.б. сурамжылоо адатка айланган. Бүгүнкү күндө меймандостук, өзгөчө куда-сөөк арасындагы меймандостук, сый көрсөтүү өтө татаалдашып жана көптөгөн материалдык чыгымдар менен коштолууда.

Көп улуттуулук шартына шайкеш келген элдик каада салттарга элибизде кеңир тараган “ашар” салтын кошсок болот. Ашардын жаралышы,

ушул убакка чейин сакталып келиши, коомдун муктаж болгон мүчөлөрүнө чогулуп жардам берүү,оор жумуштарды биригип бүтүрүү салтынан калган. Бүгүнкү күндө да ар кандай оор, көпчүлүктүн күчүн талап кылган (үйдүн пайдубалын куруу, үй көтөрүү, арык казуу, суу чыгаруу ж.б. күч талап кылган иштерде) биргелешип ынтымакка келүү салтыбыз сакталып келе жатат. Ушул каада салтыбыз бүгүнкү күндө оор кырсыкка учурагандарга (улутуна карабай) жардам берүү салтына айланып, жаштар арасында да кеңири жайылууда.

Кыргыз элинин этнопедагогикасындаже салттуу таалимтарбиясында бүгүнкү күндө өтө актуалдуу болуп эсептелген жолдоштук, достук, эл достугуна тарбиялоо идеялары, жана тажрыйбасы да орун алган. Өзүнүн табиятында өтө көтөрүмдүү жана коомго багытталган калк адамдар арасындагы мамилелерде, достукка өтө этияттуулукту, маданияттуулукту талап кылган. Достук жана жолдоштук жөнүндөгү ойлор кыска жана нуска макал-ылакаптардан баштап, жомоктордо, уламыштарда, тамсилдерде, кичи жана улуу эпостордо кеңири кездешет. Алардын ичинде өзүнүн мазмундуулугу, өрнөктүүлүгү, жеткиликтүүлүгү менен айырмаланып турган көрүнүштөр, кыргыз элинин руханий дөөлөттөрүнүн туу чокусу болуп турган “Манас “ эпосундагы орду өзгөчө.

“Манастын” ар бир сабы, негизги сюжеттик багыты элди, жаштарды ынтымактуулукка, мекенчилдикке, көтөрүмдүүлүккө, меймандостукка, айкөлдүккө чакыруу менен,ошол эле мезгилде, өзэли жерин тышкы баскынчылардан коргоо идеяларын эпостогу көпчүлүк каармандардын мамилелеринде, карым-катнаштарында, сүйлөгөн сөздөрүндө көрүнүп турат. Бүгүнкү күндө жогоруда айтылган идеялар Манастын жети осуяты түрүндө мамлекет деңгээлиндеги идеологияга жана тарбиялык куралга айланды.

“Манас” эпосунун негизги лейтмотивин түзүп турган адамгерчилик (гуманистик) идеясы улутуна, уруусуна карабастан бардык адамдарга тиешелүү экендиги менен баалуу. Эпосто көрсөтүлгөндөй, өз элин терең

сүйгөн калк, Коңурбайды калмак экендиги үчүн эмес, анын мыкаачылыгы, баскынчылыгы, зордукчулугу жана согуштан кийинки уурдаптоноолорго, кары-картаңдарга көрсөткөн зордук-зомбулуктары үчүн жек көрөт. Ал эми айкөл Манас айрым учурда колго түшкөндөрдү экинчи мындай ишке барбашын эскертип, бошотуп жиберген кечиримдүүлүгү жөнүндө айтылат. Муну менен кыргыз эли баатырга мүнөздүү кеңпейилдикти, айкөлдүктү, адамкерчиликти айткысы келет. Демек, Манастын образы аркылуу кыргыз эли жол башчыга карата кеменгерлик, даанышмандык, адилеттүүлүк касиеттерди алып жүрүүчү, ошол эле мезгилде “теңир алдында бардык адамдар бирдей” деген акка баш ийген пенде экендигин билдиргиси келет.

Манас идеалдуу образ жана баатыр катары өз элинин бардык мыкты касиеттерине ээ. Ал айкөл, ал март, ал акылдуу, ал ажыдаардай айбаттуу, ошол эле мезгилде ал жөнөкөй пенде.

Эпосто адамкерчилик, гумандуулук, адеп-ахлактын ажырагыс бөлүгү катары эл достугу идеялары да орун алган. Бул идеялар адамдар арасындагы мамилелердеги адилеттүүлүк, өз ара жардамдашуу, көтөрүмдүүлүк, кеңпейилдик, ынтымактуулук, айкөлдүк ж.б. көрүнүштөр менен берилген. Эл достугунун эң мыкты үлгүсүн Манас менен Алмамбет баатырдын (учурунда өз эли үчүн жардам издеп, кытайдан качып келген) бири-бири үчүн өлүмгө баруудан кайра тартпаган достугунан көрүүгө болот. “Манас” эпосунда бул эки баатырдын достугу тек гана үзөңгүлөш достор гана болбостон, Манастын энеси Чыйырды тарабынан эмчектеш бир туугандар деңгээлинде берилет. Муну менен кыргыз философиясы достук, эл достугу жана бир туугандык ортосундагы табигый жакындыктарды, кыргыз элинин эл достугун канчалык баалай тургандыгын билдирип турат.

Адатта, достор бири-биринен эч нерсени аябастыгы дагы кыргыз элинин илгертеден келе жаткан салты. “Манас” эпосунда бул салт Манастын Алмамбетке өзүнүн Аккула атын тартуу кылуусу аркылуу берилет, бирок, Алмамбеттин досчулугу Аккуладай күлүк Манастын өзүнө керек экендигин

түшүнүп, тартууда баш тартат. Бул көрүнүш эки баатырдын бири-биринен кем эмес айкөлдүгүн жана көсөмдүгүн, алардын достугу эки элдин достугунун кепили экендигин билдирип турат.

Эл достугу идеясы “Манас” эпосундагы жигиттерге - кырк чорого да мүнөздүү. Алардын көпчүлүгү ошол кездеги ар кандай улуттардын өкүлдөрү болгондугуна карабастан, аларды бириктирип турган нерсе — элдин биримдиги, тынччылыгы жана элди, жерди коргоо идеясы болуп эсептелет. Кырк чоронун арасында «Калмагың бар, мангул бар, казагың бар, кыргыз бар...», - деп Манас, ар кандай улуттун өкүлдөрүн кыргыз элин, жерин коргоого чакырат. Эпостогу башынан аягына чейин окуучунун көңүлүн өзүнө буруп турган идея - биримдик жана ынтымак. Бул идея:

“Бөлүнбө, кыргыз бөлүнбө; Бөлүнсөң бөрү жеп кетет. Бөлүнүп кетти кыргыз деп; Бөлөк элге кеп кетет.” - деген таамай айтылган сөздөр билдирип турат.

Эл достугу идеялары эпостогу каармандардын ата-тегине карабастан, тууганчылык мамилелерге барышы аркылуу берилет. Мисалы, Манастын жубайы — Каныкей тажик кызы, дагы бир жолбашчысы — Махбурджан дагы тажик. Ушул мисалдардын өзү ошол уламыштуу доорлордо эле кыргыз элине эл достугу идеясы жат эмес экендигинен кабар берет. Эпостогу эң негизги идеялар: мекенди коргоо, эл достугун сактоо, мамлекет куруу жөнүндөгү ойлорду камтуу менен Манастын жеке инсандык феноменин чагылдырган “Кулаалы таптап, куш кылдым, курама жыйып журт кылдым” деген сөздөр далилдеп турат. Эпостогу этнопедагогикалык идеяларды бүгүнкү ааламдашкан доордо жаштарды эл достугу духунда тарбиялоого жана аларды көп маданияттуулук шартында жашоого, социалдашууга үйрөтүүдө пайдалануубуз зарыл.

Достукка тарбиялоо идеялары жана тажрыйбасы кыргыз элинин этнопедагогикалык салттары күнүмдүк жашоотиричиликте кеңири

колдонулган турмуштук эрежелеринде - макал-ылакаптарда кеңири кездешет. Макал-ылакаптар өзүнүн таамай жана курч айтылган кыска жана нуска эреже болуп эсептелүү менен күнүмдүк турмушта кеңири колдонулганы менен баалуу. Андай макал-ылакаптар кыргыз элинин жашоо философиясын, бүтүндөй дүйнө таануусун, адепахлактык нормаларын, дүйнөнү таанып-билүү жолдорун ж.б. дидактикалык дүйнө таанымын чагылдырып турат.

Кыргыз этнопедагогикасынын эң негизги каражаты болуп эсептелген макал-ылакаптарга учкай көз чаптырып көргөнүбүздө, алардын нукура дидактикалык мүнөздө экендигин көрүүгө болот. Ошондой макал-ылакаптардын ичинде жолдошчулукка, достукка, эл достугуна арналган афоризмдер кеңири таркаган. Макал-ылакаптарда кыргыз эли тек гана жолдошчулуктун, достуктун маанисин бербестен, жолдошту, досту кантип тандоо жана күтүү жөнүндөгү ойлорун билдирет. Жалпысынан алганда жолдошчулукка, достукка, эл достугуна арналган макал-ылакаптарды эки топко бөлүүгө болот. Биринчи топко жолдошчулук, достук идеяларын чагылдырган макал-ылакаптарды, экинчи Топ) жолдошту, досту кантип тандоо жана күтүү керек экендиги жөнүндөгү ойлорду камтыйт. Кыргыз эли адамдар арасындагы мамилелерде эң алды менен ынтымакка, ырашкерликке, өз ара жардамдашууга, ыражага маани берет. Ошондуктан элибизде ынтымак жөнүндө макалдар көп кездешет. Аларга: “Ырыс алды - ынтымак”, “Күч бирдикте” деген учкул сөздөр кирет, ал эми ынтымакка жана өз ара түшүнүүчүлүккө негизделген карым-катнаштын уландысы катары жолдошчулук жана достукка маани берет. Муну төмөндөгү макалдар билдирип турат: “Достук бар жерде, бакыт бар, ынтымак бар жерде ырыс бар”, “Жакшы дос, жарым ырыс”.

Ал эми досту тандоого карата көз карашын “Сындалган досту сыйлай жүр”, “Эски дос эстен кетпейт, жаңы дос баркка жетпейт”, “Баары бирөө

үчүн, бирөө бардыгы үчүн”, “Жүз сомуң болгуча, жүз жолдошун болсун”, “Досту боюңа эмес, оюңа карап танда” - деген ойлор менен билдирет.

Кыргыз элинин этнопедагогикасында орун алган мындай макал-ылакаптарды”н жалпы адамзаттык, адеп-ахлактык мааниси өтө зор экендигин жана андай макалдар башка элдердин этномаданиятында да кеңири орун алгандыгын көрүүгө болот. Буга байланыштуу СССРдин этнопедагогикасын негиздөөчүсү Г.Н. Волков мындай дейт: “Без особых усилий удалось выявить более семидесяти афоризмов, совпадающих не только по смыслу, но и по форме. Речь идет об изречении «В единении — сила». [6, 27]. Мунун өзү жолдоштук, достук, эл достугу идеялары бардык адамзатка, бардык элдерге тиешелүү руханий баалуулук жана кыргыз этнопедагогикасындагы калыптанып калган салт экендигин көрүүгө болот.

Ошентип, кыргыз элинин жолдоштук, достук, эл достугу жөнүндөгү көз караштары, этнопедагогикалык дөөлөттөрү учурдагы ааламдашуу дооруна шайкеш келүү менен, жаштарды көп маданияттуулукка тарбиялоонун этнопедагогикалык аспектисин түзүл турут. Буга кыргыз элинин макал ылакаптарынан баштап, улуу “Манас” эпосундагы ынтымак, биримдик идеялары, ынтымак, ырашкерликке өбөлгө түзгөн меймандостук каада-салттары, ошол эле мезгилде көптөгөн кылымдарды басып өткөн салттуу таалим-тарбия тажрыйбасы күбө боло алат.

Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:

1.Тигил же бул мамлекеттин көз карандысыздыгында, эгемендүүлүгүндө этнопедагогиканын жана көп маданияттуулуктун орду кандай?

2.Улуттук маданий дөөлөттөр деп эмнени түшүнөсүңөр жана анын этнпедагогика менен байланышы кандай?

3.Кыргызстандагы - этнопедагогиканы изилдөөчүлөргө кимдер кирет?

4.Ааламдашуу жана көп маданияттуулук шартында таалимтарбиянын этнопедагогика менен байланышы кандай?

5.Элдик оозеки чыгармалар жана элдик этнопедагогика ортосундагы байланыштар эмнеге негизделген?

6.Кыргыз элинин этнопедагогикалык салттары жана эл достугу ортосунда кандай байланыштар бар?

7.Г.Н. Волковдун жана И.С. Кондун этнүүлүк жөнүндөгү ойлору кандай?

8.Эл достугу жөнүндөгү этнопедагокалык каражаттарга эмнелер кирет?

9.Эл достугу жана ынтымак идеяларынын салттуу таалимтарбияда чагылдырылышы кандай?

10.“Манас” эпосунда эл достугунун чагылдырылышын ачыктагыла,

Өз алдынча даярдануу үчүн адабияттар:

1.Айтматов Ч. Улуу рухтун одасы: Дил маектер, Чыңгыз Айтматов жана Дайсаку Икеда / Которгон филол. Илм. Доктору, проф. А Мусаев. — Б.; 2016. — 352 б.

2.Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. [| бөлүк. — Б., 1996. — 69 б.

3.Алимбеюв А. Түрк дүйнөсүнүн ойчулдарынын мурастарындагы педагогикалык идеялар. — Б.: “°Улуу тоолор”, 2017. 336 6б.

4.Асипова Н.А. Межкультурные коммуникации и поликультурное образования. - Б., 2015. - 233 с.

5.Библер В.С. Культура. Диалог культур (опыт определения). Вопросы философии. 1б, С. 34-42.

6.Волков Г.Н. Этнопедагогика. - Чувашск. Книжн. Изд. — Чебоксары, 1974. -376 с.

7.Волков Г.Н. Исследование, изучение, освоение и применение народной педагогики. /Материалы Всесоюзной научно-практ. Конф.Чебоксары, 1991. — С. 6-31.

8.Волков Г.Н. Интернациональное воспитание в условиях расцвета наций и народностей. //Советская педагогика. — 1977. }%е8. - С. 10-18.

9.Измайлов А.Э. Изучение развития и культуры народов Средней Азии и Казахстана в курсе истории СССР в 8-10 классах .М.: Просвещение, 1986. -236 с.

10.Имаева Н. Идеи воспитания в творческом наследии Токтогула. — Фрунзе: Мектеп, 1971.-128 с.

11.Кон И.С. Этнография детства: Историграфический очерк. — М.: Наука, 1983. -192 с.

12.Куличенко М.И. Нация и социальный прогресс. -М:: Наука, 1983.-317 с.

13.Манас. - Фрунзе: Кыргызмамбас, 1958. - Ч.1. - 303 с.

14.Радлов В.В. Образцы народной литературы тюркских племен. Ч. 9. - СПб., 1907.658 с.

## V. ИНСАНДЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН ФОРМАЛАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ АРКЫЛУУ ТАРБИЯЛОО

1.Адеп-ахлактык тарбиянын өнүгүшү жана изилдениши

2.Инсанга багытталган баштапкы руханий адеп маданиятынын баалуулугу

3.Инсандын коомдо социалдашуу процессиндеги адепахлактык тарбиянын орду

4.Кыргыз этнопедагогикасындагы адептүүлүүккө тарбиялоонун формалары жана методдору

1. Адеп-ахлактык тарбиянын өнүгүшү жана изилдениши

Адамзаттын тарыхый өнүгүшүндө ар бир эл өзүнө мүнөздүү жаш муундарды тарбиялоонун элдик педагогикасын өнүктүргөн. Коом улам өнүгүп, адамдын жашоо — тиричилигинде жаңылануу, алга жылуу болгон сайын, адамдын руханий керектөөлөрү жана муктаждыктары да өсүп өнүгөт. Мына ошондуктан, адам коомунун өнүгүшүнүн ар бир баскычында жаш муундарга ошол доордун, мезгилдин талабына ылайык ар түрдүү тарбия иштерин жүргүзүү үчүн эл өзүнүн педагогикасын өнүктүрүп келген.

Балага адеп-ахлак тарбиясын берүү — бул турмуштук зарылдык. Адеп-ахлак тарбиясынын негизги белгилери: мээримдүүлүк, боорукердик, кайрымдуулук, берешенмарттык, кичи-пейилдик, сыйлоочулук, үлгүлүү жүрүм-турум ж.б.

Адеп-ахлак тарбиясына коюлган талаптарга: саламдашуу, таза жүрүү, коомдук жайларда жүрүү адеби, тыкандык, элпектик, эл-журтка пайда келтирүү, ата-энени, улууларды сыйлоо, урматтоо ж.б.

Демек, адеп тарбиясынын тиешелүү белгиленген талаптарды так аткарган баланы биз адептүү бала, адептүү кыз деп айтууга толук акылуубуз.

Адептик сапаттардын ичинен, жаш муундарды эл жамааты аркылуу калыптандырууда төмөнкүлөр башкы орунду ээлейт:

А) Эл-журтка, тууган жерге болгон чексиз сүйүүгө тарбиялоо;

Б) Жамаатчылыкка жана достукка үндөө. Бири-бирине сыйлоо жана берилгендик сезиминин болушу;

В) Гумандуулук -элдин башкы сапаты катары болушу;

Г) Ата-энелерин жана улууларды сыйлоосу.

Адам жашоосунун маанисин түшүнгөн, турмуштун ачуутаттуу кырдаалдарын акыл элегинен өткөрө билген, аң-сезимге чагылган ар түрдүү информацияларды анализдей алган, инсандык сапаттарга, кулк-мүнөздөргө өз деңгээлинде баа бере билген окуучуларга адеп-ахлактык тарбия берүү учурда негизги маселелеринин бири болуп саналат. Информациянын, жаңы технологиялардын арышы кенен жайылган мындай кырдаалда адеп-ахлактык тарбия берүү зарыл шарт экендиги талашсыз.

Азыркы заманда адептүүлүк маселелеринин чечилиши коом менен адамдын ортосундагы байланышы аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Билим берүү системасындагы реформанын бирден бир орчундуу маселелеринен болуп, өсүп келе жаткан жаш муундарды өз өлкөсүнө берилген, демократиялык жана эгемендүүлүк мамлекетте жашай жана иштей биле турган инсандарды адептүүлүккө тарбиялоо болуп эсептелет. Андыктан, алдыбызда бүгүнкү жаш муундарды келечектеги коомдун, мамлекеттин жүгүн көтөрө ала турган, адептүү адам катары калыптандыруу жана тарбиялоо жоопкерчилиги турат. Ушунун негизинде соңку мезгилде жаштарга адеп-ахлактык билим, тарбия берүүгө жана алардын адептүүлүк касиеттерин өнүктүрүүгө зор талап коюлууда.

«Адеп-ахлак» түшүнүгү инсандын коомдук, адамдык, социалдык чындыкты жана өзүн-өзү адептик жана жалпы эле адамзаттын тажрыйбасы, байлыгы менен турмушундагы катышуучу нерсе катары карап, анын өз мамлекетине, өлкөсүнө демилгелүүлүгү, чыгармачылыгы өзүнүн аң-сезимдүүлүгү аркасында адамдар менен болгон карым-катнаштарында, адептик мамилелерине болгон милдетин камтып турарын түшүнгөндүгү

көрүнөт. Азыркы учурда адептик термини менен ар бир адам баласынын ички жана сырткы дүйнөсүнүн таза болушу, жүрүш-турушу, тартиби, сылыктыгы, абийири, пейили, үрпадаттарынын жыйындысы жана адамдын адамдык баасын аныктоочу чен-өлчөмү, жорук-жосундары, кулк-мүнөздөрү, каадалары бар инсанды түшүнөбүз. Адептүү адам болуу менен коом алдында өздөрүнүн алдына коюлган милдеттерин аткарышат. Адептүүлүк инсан катары ал өз мамлекетинин ичинде жана андан тышкары жерлерде мамлекет тарабынан камкордук жүрүш-туруш нормаларын жана принциптерин колдоно алат.

Демек, мындан адамдын коомго таандык болуусунун адептүүлүк натыйжасы келип чыгат. Ушул таандык болуунун өзү б.а. адамдын коом менен болгон мораль жана адептик байланышы адептүүлүк деп аталат.

XIX кылымдын акырына чейин кыргыз элинин рухий турмушунда тажрыйбага, экономикалык укладга жана социалдык түзүлүшкө болгон көз караштарында Калык Акыев, Барпы Алыкулов, Осмонкул Бөлөбалаев, Тоголок Молдо, Токтогул Сатылганов жана башка акындардын педагогикалык идеялары көрүнүктүү орунду ээлейт. Эзелтен эле элдик салтсанаа нормаларында жана моралдык нормаларында адептүүлүк өкүм сүрүп келгени белгилүү. Адегенде мындай практика негизинен уруу башчылары менен калк кадырына арзыган аксакалдар кеңештери, кийинчерээк «казы-бийлер» тарабынан аткарылып келген. Анда журт ичиндеги ар кайсы жоосунсуз жоруктар, чыр-чатактуу маселелер, кыянат-кылмыш иштер уруулар ортосундагы жер-суу, мал-мүлк, жайыт жагынан келип чыккан талаш-тартыштар каралып, алар салттуу адептүүлүк сапаттарынын эрежелеринин негизинде жөнгө салынып турган.

Адептүүлүк - бул адам баласынын ички жана сырткы Дүйнөсүнүн таза болушу жана жүрүш-туруштун эң жогорку чеги. Адеп-ахлак — коомдук аң сезимдин алгачкы түрүнүн бири, адамзаттын эң жогорку адептүүлүк сапаттарын камтыган жана элдин үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын жана

алардын тарбиялык маанисин жакшы билүү дегенди билдирет.«Адеп-ахлак», «адеп» жана «адептүүлүк» түшүнүктөрү бири-бирин маанилик жактан толуктаган, өтмө катыш, түгөй түшүнүктөр экендигин, күнүмдүк турмушта алардын үчөө тең колдонууга ылайык экендигин белгилөөгө болот. Коомдун ар бир өнүгүү этабында жаш муундарды адептүүлүккө тарбиялоо, алардагы адептүүлүк сапаттарды өстүрүү маселеси билим-тарбия берүү системасында да ар дайым негизги маселелерден болуп келген жана боло берет.

## 2. Инсанга багытталган баштапкы руханий адеп маданиятынын баалуулугу

Ар бир элдин рухий байлыгынын маңыздуу элементи болуп анын педагогикалык маданияты, дүйнөгө болгон көз караштары жана элдик тарбиянын тарыхый тажрыйбалары эсептелет. Элдик тарбиянын тарыхый тажрыйбаларын изилдеп үйрөнүү педагогика илиминин өнүгүшүнө; өркүндөп байышына сөзсүз салым кошот.

Тарбия жараянында байыркы, айрыкча, орто кылымдагы чыгыш элдеринде үлгүлүү тажрыйбасы кандай баа жеткис кенч экендигин баяндаган VIII – XIII кылымдардагы жакынкы жана Орто Чыгыштын, Орто Азиянын окумуштууэнциклопедиячыларынын эмгектери бизге ата-бабалардан калган улуу мурас болуп эсептелинет. Ал эмгектердеги залкар педагогикалык идеялар акырындык менен таалим-тарбия берүүнүн элдик тажрыйбасына ширелишип, эмгекчи элдин аң-сезимине терең сиңип, элдик педагогиканын соолбос булагына айланып кеткен. Азыркы тарбиянын формасын уюштурууда элдин ошол үлгүлүү тажрыйбасын терең изилдеп үйрөнүп, бүгүнкү таалим-тарбиябызды ошого негиздебей туруп, элдин маданий деңгээлин көтөрүү мүмкүн эместигин өз турмушубузда көрүүдөбүз.Адептүүлүк — адамдарга боорукердик жана ыкластуулук менен мамиле кылууга негизделген сезимдүү жүрүш-туруш. Адептик сапаттар —

бул ата-эненин, улуулардын, өзгөчө энелердин сезимдүү сүйүүсү, мээрими аркылуу калыптанган эң жакшы мүнөздөр деген тыянакка келүүгө болот

Адептик сапаттар тарбиялануучунун жан дүйнөсүнө төмөндөгүдөй этап аркылуу кирет:

1. Нравалык эреже-норманын, принциптин тарбиялануу чунун акыл-эсине жетиши, б.а., тарбиялануучунун адеп-ахлак нормалары жөнүндө маалыматка, билимге ээ болушу;
2. Нравалык норманын аң-сезимге сиңген маалыматты билим түрүндө кабылданган абалдан чыгып, инсандын ички ишенимине айланышы;
3. Нравалык норманын ишенимден андан ары тереңдеп, инсандын жүрөгүнө жетип, кан-жанына сиңип, “натурасына” айланып калышы;
4. Нравалык норманын инсандын реалдуу жүрүм-туруму түрүндө көрүнүшү, анын адатына, көнүмүшүнө айланышы.

Адептүүлүк жактан тазалык адамдардын ар тараптан жана гармониялык түрдө өнүгүшүнүн эң маанилүү шарттарынын бири болуп саналат.

Адептүүлүк, ыймандуулук, айкөлдүк ар бир коомдук түзүлүштүн жаңы багытына, анын өсүп-өнүгүү негизине байланыштуу болору шексиз. Алсак, кыргыз элинде илгертеден бери эле жашоо-тиричиликтин негизги өзөгүн адеп, ыйман, ызаат, айкөлдүк ж.б.у.с. жүрүш-туруш сапатарынын тунук үлгүлөрү түзөрүн билип, туюп келе жатабыз.

Улуу философ Сократтын төмөнкүдөй айткан сөзү бар: “Адептүүлүктүн баардык талабын толук, эстүүлүк менен аткарган адам акыры жүрүп муратка жетет, ал эми күчүнүн бардыгын адептүүлүктү бузууга аракет кылган адам акыры жүрүп уятка калат”.

Орто кылымдын чыгаан окумуштуу ойчул педагогдору залкар педагогикалык идеяларды элдин тажрыйбасынан алып, аны көркөмдөп,

жетилдирип, кайра элге тартуулашкан. Ал окумуштуулар көптөгөн илимий эмгектеринде тарбия жөнүндөгү өз идеяларын баяндашкан. Алсак, Ибн Синанын "Үй-бүлөлүк чарба" деген китебинин эки бөлүмү элге билим берүү маселесине арналган. "Эмчилик илиминин мыйзамы" деген фундаменталдык эмгегинин төрт бабын улуу пелагог балдарга дене тарбиясын берүү маселесине арнаган. Ал эми "Дарылап айыктыруу китеби" деген изилдөөсүндө окумуштуу тарбиянын негизги усулдарын талдап, бирдиктүү бир илимий нукка салган. Окумуштуу адеп-ахлактык тарбия каниеттүүлүккө, чечкиндүүлүккө, эстүүлүккө жана адилеттүүлүккө көнүгүү максатында ишке ийгиликтүү ашарын белгилеп, жалпы корутунду чыгарган.

Ал эми Кей Кавустун 44 баптан турган "Кавус-Намеси" — чыгыш элдеринин үлгүлүү адеп-ахлактык таалим-тарбия иштери тууралуу баяндалган улуу педагогикалык эстелик экендиги талашсыз. Бул чыгарманы адам баласына инсандык сапатын байытууга чоң салым кошуучу педагогикалык чыгарма катары Батыш менен Чыгыштын көптөгөн элдеринин тилине которушкан. Алсак, 1432-жылы түрк, 1786-жылы уйгур, 1811-жылы немец, 1860-жылы өзбек, 1886-жылы француз жана орус тилдерине которулган.

Орто кылымдагы чыгыштын энциклопедиячы окумуштууларынын эмгектеринде таалим-тарбия тууралуу өтө көп жүйөөлүү пикирлер бар. Алар акыл, адеп жана эмгек тарбияларынын максатын так аныктап, каражаттарын рационалдуу түрдө негиздешкен.

Ойчул акын, окумуштуу Омар Хаям мындай дейт: "Адам адеп-ахлактык касиетке эки жол менен жетишет. Биринчиден, жакшы адат ар бир пендеде атайылап көнүгүү жолу менен, экинчиден, акыл калчап ойлонуу жолу менен жетет". Анын пикири боюнча инсан дайыма билимге умтулуусу, аракеттенүүсү зарыл, ансыз өз зоболосун бийик деңгээлге көтөрө албайт. Ошондой эле Омар Хаям "акыл үйрөнүп, акылмандарга жанаш, ал эми адепсиздерден оолак бол", -деп көп насааттарын айткан.

Мисалы, Хаям сүйлөйт, сөзүн жерге таштаба,

Акмак жолдош дайым кылат маскара.

Акылмандар ууну берсе кабыл ал,

Алба акмактан мүрөк сунуп жатса да.

Азыркы кыргыз турмушу күн санап социалдыкэкономикалык жана нравалык (адептик) жактан өзгөрүп,улам жаңыланып келүүдө. Ушундай шартта окумуштуулар арасында таалим-тарбия учурдагы тез өзгөрүп бараткан мындай коомдук-экономикалык шартка жараша эмес, түбөлүктүү баалуулуктарды багыт кылуу менен улуттук өзгөчөлүктөдү, элдик дөөлөттөрдү туу тутуу зарыл деген көз караштар илимий негизде айтыла баштады.

Адептүүлүккө тарбиялоонун практикасында адамдын адебине, жүрүм-турумуна, абийирине таянуу башкы шарт болуп саналат. Элдик педагогика адамдын оң сапаттарын баалоого чакырат.

Көп сандаган элдик үрп-адаттар, каада-салттар, майрамдар, салтанаттар жаш муундарды адептүүлүккө тарбиялоонун эффективдүү каражаты болгон жана дагы да боло бермекчи. Ата-эне менен уул-кыздардын, улуулар менен кичүүлөрдүн ортосундагы адептүү алакалар, сый-урматтар байыртан эле баба салттарынын эң бийик, эң кучтүү таалими болуп, жалпы адамзаттык адептик салттардын негизин түзгөн. Тамырсыз дарак көктөбөгөндөй эле, элдик мурастар, жакшы жөрөлгөлөр менен эриш-аркак болуп айкаша келгенде гана жаңы салттарыбыз, башталыштарыбыз тез өнүгөт. Элдик жакшы жөрөлгөлөр эч убакта жаман нерселерге, орой бейадептүүлүккө жол берген эмес!

Бүткүл адамзат элдик каада-салт, норма катары тутунган адептик-этикалык эрежелер ар бир элде түрдүү формаларда, ыкмалар жана жол-жоболор аркылуу жашоосун улантып келет. Түрдүү тарыхый кырдаалга ылайык адеп-ахлак нормалары өзгөрүүгө учурап турат. *Бардык мезгил үчүн,

бардык, бардык элдер үчүн бирдей өзгөрүлбөгөн адептик нормалар болбойт. Адептик түшүнүккө, дегеле жаман-жакшы жүрүм-турум мамилелери коомдон коомго, кылымдан кылымга массалык өзгөрүүгө учурап, кээ бир убакта алар бири-бирине тикедентике карама каршы мүнөзгө өтүп турат. Мисалы: Революциядан мурда бизде кыз-келиндин себепсиз үйдөн чыгышы адепсиз көрүнүш болуп эсептелсе, совет доорунда алар социализмдин активдүү куруучулары катары кабыл алынды. Демократиялык шартта дүйнө жүзүнөн товар ташып, же ар кандай жумуштарда иштеп жатышат. Демек, коом өзгөрсө, адамдын коомдогу мамилелери, социалдык адептүүлүк нормалары өзгөрүүгө дуушар болуп турат, коомдук аң-сезим да, адамдын аң-сезими да өзгөрөт. Ошондуктан, адептик аң-сезимдүүлүккө карата тарбиялоо өтө татаал, көп кырдуу, карама-каршылыктуу процесс.

Адептик тарбия адамды коомдук жана маданий турмушка даярдоого багытталат. Ал үй-бүлөнү, мектепке чейинки жана мектептен сырткары мекемелердин, балдар жана жаштар уюмдарынын, коомчулуктун бирдиктүү ишмердиги аркылуу ишке ашат. Бүгүнкү күндө биздин мектептерде гана эмес, бүт коомубузда “адеп-ахлак” деген түшүнүктөн алыс болуп бара жатат. Адептик тарбия мурунку муундан кийинки муунга түшүндүрүү, көнүгүү аркылуу берилет да, көпчүлүк элдин пикири аркылуу бекемделет. Ар бир бала коомдогу адептүүлүктү өздөштүрүү менен башкалардын адебине баа берет. Коомдун өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиянын максаты, мазмуну уюштурулат. Инсандын калыптанышына коомдук турмуштун, илим жана техниканын өнүгүшү, үй-бүлө, адабият, искусство, массалык маалымат каражаттары таасир этет. Баланы чөйрө ичинде моралдык нормаларга калыптандыруу кыйын. Анткени ар бир чөйрөдө, коомдо улуу муундардын арасында жүрүм-туруму нормадан четтеген адамдар бар. А.С.Макаренконун сөзү менен айтсак: “Бул кырдаалда баланы тарбиялаш эмес, кайрадан тарбиялаш керек болот, ал — кыйын процесс”. Маселенин татаалдыгы баланын коомго, элге, адамга мамилеси, алардын балага мамилесинен көз

каранды. Мамиледеги көз карандылыктын бузулушу адептик сапаттын бузулушуна, мүнөздүн бузулушуна, дисгармонияга алып келет. Коомдун терс таасирин нейтралдаштыруу — бул татаал тарбиялык процесс.

## 3. Инсандын коомдо социалдашуу процессиндеги адепахлактык тарбиянын орду

Белгилүү орус философу Г.С.Батишевдин оюю боюнча: “Адамды буюм өндүргөн сыяктуу калыптандырууга, керектүү нерсе жасаган сыяктуу жасоого мүмкүн эмес, анткени ал сырткы таасирдин пассивдүү продуктысы эмес. Аны өздүк иш аракетке кызыктыруу, түрткү болуу керек.”

Биолог С.Л.Рубинштейндин оюю боюнча: “Сырткы таасирди ар түрдүү балдар ар башкача кабыл алышат. Себеби ички генезиси (өнүгүүсү), детерминизми (эрки, жүрүм-туруму) негизинде өнүгөт. Сырткы шартка, таасирге балдардын позициясы ар башкача, себеби түшүнүүсү, өздөштүрүү темпи, кызыгуу чөйрөлөрү ар башка”.

К.Д.Ушинскийдин пикири боюнча: “Эч кандай устав, программа, китеп адептик аң-сезимди өнүктүрүүдө инсанды алмаштыра албайт. Тарбиячынын инсандык сапаты окуучунун инсандык сапатына өтөт. Инсан гана аракеттенип, инсанды өнүктүрөт.”

Өсүп келе жаткан жаш муундарды элдик педагогиканын салтына карай калыптандыруу, аларды элдик жүрүмтурум эрежелерине көнүктүрүү, адеп-ахлакка үйрөтүү, аңсезимдүүлүккө тарбиялоо идеялары макал-лакаптарда, жомоктордо, табышмактарда, учкул сөздөрдө, уламыштарда, санат-насыяттарда, термелерде өз жолун эчак тапкан жана азыр дагы түбөлүктүү жашоосун улантып келет.

Академик А. Измайлов 590 кыргыз эл макалдары менен лакаптарын изилдеп, талдаганда анын 410-у адеп-ахлактык сабак болоорлук мааниде

экенин көрсөткөн. Мындан биз кыргыз элинин адептүүлүккө жаштарды тарбиялоого абдан катуу талап койгонун баамдайбыз. Ошондой эле окумуштуу А.Н.Бернштам "Кыргыздардын моралдык сапаты — бул сынчылдык, улууга болгон сылыктык, салкын кандуулук, оптимизм, өтө эле ишенчээк эмес, стихиялуу атеист", - деп жазат. Ал эми орус географы Я.И.Королько кыргыз элинин башка элдерге жасаган мамилеси жөнүндө ыраазы болуу менен эскерет: "Мне за время моего проживания в крае пришлось делать верхом по нашим горам более 14 тыс.верст, никогда я не был вооружен и никогда, кроме радушного гостеприимства со стороны кыргызов я ничего не встречал отних".

Кыргыз элинин санат-насыят, термелериндеги басымдуу адеп-ахлактык принциптер аялдарга арналган ырларда чагылдырылган, анткени аялдар — мээримдүү эне, үйдүн куту, сулуулуктун, боорукерликтин символу, турмуштун туткасы, турмуштагы бардык жетишкендиктердин жаратуучусу болуп саналат.

Көрүнүктүү этнопедагог А.Алимбеков өзүнүн бир макаласында "элдик педагогиканын илимий педагогикадан артыкча башкы касиети — демократиялуулук" — деп баса белгилеген. Анткени элдик педагогика адамдын бешиктеги курагынан тартып, карылыкка чейин баарына тиешелүү, баарына жеткиликтүү, түшүнүктүү, универсалдуу, элдин кылымдар бою топтолгон, нечендеген сындан өткөн, тарыхый таанытуучулук мүнөзгө ээ болгон таалим-тарбиялык тажрыйбасы болуп эсептелет.

Кыргыз элинин оюу боюнча, "кызды тарбиялоо -бул бүткүл адамзатты тарбиялоо" — деп түшүндүрүлгөн. Себеби, ал — эртеңки эне, адамзаттын тукумун улантуучу, аларга таалимтарбия берүүчү устат, насаатчы. Адептүү кыз — адептүү аял, адептүү ата-эне — адептүү үй-бүлө, ал эми адептүү балдар —адептүү коом деп мүнөздөсөк болот.

Адептик жана рухий-ыймандык түшүнүктөрдү калыптандыруу бир нече баскычтардан турат:

1. Адептик түшүнүктөр тууралуу алгачкы, жалпы маалыматка ээ болуу;

2. Түшүнүктөр тууралуу анча терең эмес маалыматка ээ болуу;

3. Түшүнүктү инсандын аң-сезимдүү түрдө өздөштүрүүсү;

4. Инсандын адептик түшүнүктү башка түшүнүктөрдөн ажырата билип, анын маңызын өздөштүрүүсү.

Адептик аң-сезимди калыптандыруу тийиштүү түшүнүктөрдү өздөштүрүү менен эле чектелбейт Ал өспүрүмдөрдүн бул түшүнүктөр камтылган адептик принциптерге карата активдүү мамилесин, аларды өз жүрүм – турумунда колдонууга умтулуусун да камтыйт. Мына ошондо гана адептик түшүнүктөр адептик ынанымга айланат да, балдар дагы жүрүм-турумдун өзүнчө бир сапаттык деңгээли болуп калат. Адептик ынанымдар айрыкча 12-14 жашар куракта чоңдордун баалоосу менен аныкталса, андан өйдөрөөк өспүрүм кезде, көбүнчө, курбу-курдаштарынын да, барабара жеке өзүнүн сынчыл ой-пикири алдыңкы планга чыгат. Ошондуктан, адептик ынанымдарды калыптандыруу процесси окуучунун аналитикалык, башкача айтканда, рационалдуу ой жүгүртүүсүн ырааттуу өнүктүрүү менен тыгыз байланыштуу болот.

Адептик көрүнүштөр инсандын көптөгөн сапаттарын жана белгилерин ичине камтыйт. Илимпоздор адептик-ыймандык талаптаргатиешеси бар 2000ден ашык белгилерди аныкташкан. Элдик лексикада анын өтө көп кырдуу көрүнүштөрүн аныктаган түшүнүктөр, туюнтмалар бар. Тарбиячы аларга баа берүүдө өтө кылдат болушу зарыл.

Акыл тарбиясы менен адеп тарбиясы дайыма тыгыз байланышта болуу менен баланын коомдо өнүгүүсүндө, б.а. социалдашуусунда чечүүчү мааниге ээ. Анткени, элдик тарбияда акыл тарбиясы адептик категорияга кирет.

Мунун өзү, “балада акыл болбосо, кандай адеп болмок” - деген элдин түшүнүгүн туюнтат. Бул эки тарбиянын байланышын төмөнкү накыл кептерден да аңдап түшүнсөк болот: “Адеби жок бала жүгөнү жок атка окшош”, “Улук болсоң, сылык бол”, “Акылдуунун сөзү — кыска, айта салса — нуска” ж.б.

Лорд Халифакс: “Тарбия — бизге үйрөтүлгөн нерселердин баарын унутканыбыздан кийин ичибизде сакталып калган нерселер”, - деп тарбиялоо менен билим берүүнүн ортосундагы айырмага көңүлүбүздү бурат. Тарбия билим берүүгө караганда бир кыйла маанилүү жана узак мөөнөттүү болуп саналат.

“Адеби бар тарбиялуу адамдарды кайсы бир багытка багыттоо оңой, бирок кайсы бир жакка мажбурлап жиберүү кыйын. Аларды башкаруу оңой, бирок кул кылып алуу кыйын”, - дейт Лорд Броугхам.

Республикабыздын Жалал-Абад областындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде эмгектенген окумуштуу Найманбаев _ Муктарбек Жумашовичтиң кандилаттык диссертациясында “адеп тарбиясына” атайын бөлүм арналып, төмөнкүдөй таблица берилген.

Алеп тарбиясы

| Элдик педагогикадагы адеттүүлүктүн белгилери | Элдик педагогикадагы тарбиялоо каражаттары |
|---|---|
| Адеп-адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бири менен, коом менен мамилелеринин жана жүрүм-турум нормаларынын тарыхый жыйындысы.<br>Алептүүлүк — адамдын гуманисттик сапаттарынын | Макал-лакаптар<br>Жомоктор<br>Эпостор<br>Каада-салт, Үрп-адаттар<br>Санат-насыят ырлары<br>Элдик майрамдар<br>Уламыштар<br>Кошоктор |

| | |
|---|---|
| башаты экендиги көңүлгө алынып, анын негизи болгон элдик таалим-тарбиянын бул түрүндө өз алдынча элдик педагогикалык категория болуп эсептелүү менен адамдык касиет, сапат, аброй, нарк-насил, жүрүм-турум, рухий бейнеси инсанда камтылган жана ал элдик норма катары бекем калыптан. Мисалы: кичи пейилдик, сылыктык, боорукердик, улууну сыйлоо, кичүүнү ызаттоо, мээримдүүлүк, ак ниеттик, достук, ак көңүлдүк. | |

Ошентип, акыл тарбиясы менен адеп тарбиясы бирибири менен ар тараптуу байланышып, баланын коомдо өз ордун табуусунда, деги эле адамзаттын турмушунда өзгөчө мазмундуу ролго ээ жана бирдиктүү процесс катары балдарды тарбиялоодо максаттуу колдонутушу талапка ылайык.

Ал эми педагогика илимдеринин доктору. профессор Н.А.Асипова "Кыргыз турмушундагы таалим-тарбия" деген макаласында мындай дсєйт: "Балдардын ээн-эркин кыймылда болушуна, өз алынча өнүгүшүнө чоңдор мумкүнчүлүк түзүшү керек. Чоңдордон көргөнүн баарын туурап жатып бала үйрөнө берет. Чоңдор үчүн айлана жөнөкөй көерүнгөнү менен, бала үчүн өзүнчө эле Космос. Балага түшүнүү менен мамиле кылып, анын өнүгөм деген далалатын колдош керек. Балага карата урмат жана сый мамиле кыргыз турмушунда бар. Тарбия башаты үйдө, карылардын кебинде, улуулардын үлгүлүү жүрүм-турумунда, турмуштун өзүндө".

Жаш муундарга адептик жана рухий-ыймандык тарбия берүүлө анын каражаттары жана усулдарын кеңири мааниде колдонуу керек. Сөз,

иш-аракет, баарлашуу, салттар, жекече өрнөк аркылуу таасир этүү негизги каражат болуп саналат.

Элибизде адептик жана рухий-ыймандык тарбия берүүнүн усулдары жана түрлөрү ар кыл. Ал жамаат ичинде да жана жекече да жүргүзүлүшү мүмкүн. Адептик тарбия берүүнүн усулдарына төмөнкүлөрдү киргизсек болот: адептик-этикалык темада аңгемелешүү, талкуу, осуят айтуу, ишендирүү, бата берүү, кеңеш айтуу, кубаттоо, убаданы аткаруу ж б.

Ал эми окутуу процессинде мугалим баланын аң-сезимин чындыктын адептик маңызын таанытуу менен инсандык сапатка ээ кылат Ошондуктан аң-сезимдин негизги элементтеринин бири болуп адептик билим саналат Бул билимди окуучу педагогдордон, улуулардан, ата-энелерден жана башкалардан алат, ал анын ички байлыгы, билими болуп калуу менен бирге коомдо туура нукта өнүгүп, туура жолду тандоого өбөлгө түзөт.

Ошентип, кыргыз эли инсандын коомдо туура социалдашуусуна чоң көңүл буруп,өзүлөрүнүн мурасчыларына кичинесиненен тарта кам көрүп, эмгекке, турмушка даярдоодо, адегенде, алардагы бийик адептик касиеттерди калыптандырууга умтулушкан. Эмгекчи эл өз мураскору улам артынан өсүп-өнүгүп келе жатканын туйган. Ал прогрессивдүү каада-салттарда, адептик-этикалык эрежелерде, педагогикалык идеяларда жана фольклордун кенже эпикалык формаларында чагылдырылган.

## 4. Кыргыз этнопедагогикасындагы адептүүлүккө тарбиялоонун формалары жана методдору

Жаш муундарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, эмгекке ж.б. сапаттаргатарбиялоодоэлдикпедагогиканын мүмкүнчүлүктөрү чоң. Анткени элдик педагогика узак кылымдар бою элдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жаралган жана элдин оозеки чыгармачылыгында, үрп-адаттарында, каада-салттарында, оюн жана оюнчуктарында ж.б.

нерселеринде сакталып, муундан муунга берилип, жаш муундарды тарбиялоону ишке ашырып келе жаткан педагогикалык маданият болуп, ал өз салтына, өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бүгүнкү күндө да жаш муундарды адептүүлүккө тарбиялоодо элибиздин көп кылымдар бою жараткан элдик педагогикасындагы бай тажрыйбаларын пайдалануунун мааниси өзгөчө экендигин айтууга тийишпиз.

Этнопедагогиканын негиздөөчүсү Г.Н.Волков: «Элдик педагогика эл канча жашаган болсо, ал да ошончолук жашап келет. Элдик педагогикада так жана анык закондор, системалаштырылган билимдер, так илимий терминдер жок. Бирок, кылымдар бою тарбия берүү жаатында жараткан элдин тажрыйбалары, тарбия каражаттары, ыкмалары, усулдары өзүнүн натыйжалуулугунан, таасирдүүлүгүнөн турмуштун сыноосунан өтүп биздин күндөргө жетип олтурат жана бүгүнкү күндө да өзүнүн таасирин жоготпой, кайра илимий педагогика элдик педагогиканын бай тажрыйбасына таянууда» -дейт.

Элдин тарбия тажрыйбасын муундан муунга өткөрүп Жаш муундарга тарбия берүүдө колдонулуп келген элдик педагогиканын каражаттарына элдин дини, эпостор, жомоктор, макал-ылакаптар, табышмактар, жаңылмачтар, апыртмалар, бат айтмалар, элдик ырлар, көркөм өнөр, оюндар, табият, элдик майрамдар ж.б. кирет. Элдик педагогика элдин маданиятынын бир бөлүгү катары элдин өз идеалына ылайык адамдарда гумандуулук, өз жерин сүйүү, адамгерчиликтүүлүк, эмгекчилдик, жашоого ишенимдүү карoo сыяктуу сапаттарды калыптандыруу үчүн акылман ойлорун, турмуштук тажрыйбаларын, жалпы эле педагогикалык маданиятын жаратып, муундан-муунга өткөрүп келген. Башка элдер сыяктуу эле, кыргыз эли да көп кылымдар аралыгында жараткан, топтогон элдик педагогикалык маданиятын бүгүнкү күнгө жеткирип олтурат.

Элдик педагогика жаш муундарды тарбиялоонун түгөнгүс казынасы.Элдик педагогиканын багыттары көп тармактуу жана алар бүтүндөй эл турмушу менен байланышта турат.

Эл тарабынан узак кылымдарда жаратылып, өнүктүрүлүп келинген элдик педагогиканын тажрыйбалары жана аны бүгүнкү күндө жаш муундарды тарбиялоодо колдонуу маселелери этнопедагогика илими тарабынан изилденет. Педагогикалык тажрыйбаларын ар тараптан изилдеп, бүгүнкү илимий педагогиканы ар тараптуу байытуу — этнопедагогиканын башкы милдети болуп саналат.

Адептүүлүккө тарбиялоодо элдик педагогиканын материалдарын пайдалануу үчүн биз ошол элдик педагогиканы изилдей турган илим болуп саналган этнопедагогиканын негизги багыттарын жеткиликтүү билишибиз керек. Ага Н.Г.Волковдун эмгектеринен төмөнкүлөрдү сунуштасак болот:

- «элдин негизги педагогикалык түшүнүктөрү (багуу, кароо, тарбиялоо, өзүн-өзү тарбиялоо, кайра тарбиялоо, устатчылык, үйрөтүү, адаттандыруу);
- бала — тарбиялоонун объекти жана субъекти катары (бир тууганчылык, жетимчилик, теңтушчулук, досчулук, бөтөн балдар, балдар чөйрөсү);
- тарбиялоонун функциялары (эмгекке даярдоо, мүнөздүн моралдык-эрктик белгилерин калыптоо, акыл-эсти өнүктүрүү, ден-соолукка кам көрүү, сулуулукту сүйүүгө үйрөнүү);
- тарбиялоонун факторлору (жаратылыш, оюндар, сөз, баарлашуу, салт, иш, тиричилик, искусство, дин, мисал-үлгү (инсан-символдор, окуя-символдор, идея-символдор);
- тарбиялоонун методдору (ишендирүү, үлгү тутуу, буйруу, түшүндүрүү, кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү, каалоо жана алкоо, жалынып-жалбаруу, ант, өтүнүү, кеңеш, белги берүү, жактыруу, кубаттоо, зекүү, жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним, осуят, убада,

өкүнүү, үгүт-насаат, тыюу, коркутуу, каргыш, тилдөө, жазалоо, келтектөө);

- тарбиялоонун каражаттары (оюн ырлары, бат айтмалар, жаңылмачтар, макалдар, ылакаптар, табышмактар, эпостор, жомоктор, уламыштар, легендалар, мифтер ж.б.);
- тарбиялоонун уюштурулушу (балдардын жана жаштардын эмгек биримдиктери, жаштар майрамдары, жалпы элдик майрамдар)».

Мына ушуларды билүү жана үйрөнүү менен мугалим этнопедагогикалык компетенттүүлүккө ээ болуп, аны ишке ашыруунун технологияларын изилдей баштайт. Ал эми этнопедагог А.Алимбековдун пикири боюнча элдик педагогикага негизденип тарбия берүүдө мына булар да сөзсүз эске алынышы керек:

- балдардын жаш курактарына, жеке личностук өзгөчөлүктөрүнө таянуу, анын жол-жоболорун аныктоо;
- пайда болуучу карама-каршылыктарды жоюу, түрдүү жагдайларын үйрөнүү, жүрүм-турумдун курактык жана психологиялык көрүнүштөрүн көңүлгө алуу;
- чөйрө жана мезгил талабына шайма-шай келген, улуттук маданий салттардын талабын эске алуу;
- баланын аң-сезимдүү ишкер аракетин көңүлгө алуу менен жекече гумандык мамилелерине таянуу;
- улуттук айырмачылыгына жараша бардык коом мүчөлөрүнө жеткиликтүү тарбия-таалим берүү;
- жалпы адамзаттык, улуттук жана интернационалдык башталмаларды көңүлгө алуу, ошондо да баланын өз улутуна да, дүйнөлүк цивилизацияга да таандык субьект экендигине басым коюу.

Элдик педагогиканын усулдары жөнүндө да окумуштуу педагогдордун илимий пикирлери ар түрдүү:

Э.Мамбетакунов элдик педагогикадагы тарбиялоонун методддроун мындайча топторго бөлүп, ыкмаларын төмөндөгүчө түшүндүрөт:

1. Аң-сезимди калыптоо методдору (аңгеме, түшүндүрүү, чечмелеп берүү, лекция, ишендирүү, ынандыруу, көрсөтмө берүү, диспут, доклад, үлгү).

2. Ишмердүүлүктү уюштуруу методдору (көнүгүү, үйрөтүү, талап, коомдук пикир, тапшырма берүү).

3.Стимулдоо методдору (мелдеш, сыйлоо, жазалоо).

Жогоруда айтылгандар кыргыз этнопедагогдору тарабынан элдик педагогикадагы тарбия тажрыйбалары белгилүү өлчөмдө изилдөөгө алынып келе жаткандыгын көрсөтөт.

Кыргыз элинин элдик педагогикасындагы жаш муундарга тарбия берүү жаатындагы тарыхый өнүгүүдө бай тажрыйбасын пайдалануу окутуу жана тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн табууга өбөлгө түзөт. Азыркы коомдук өнүгүүнүн бүгүнкү кезеңинде адептик жана рухий-ыймандык билим жана тарбия берүүгө бөтөнчө олуттуу көңүл бурулуп олтурушу жөн жеринен эмес. Жаңыча социалдык-экономикалык мамилелердин орношу, жашоого жана өткөнгө карата көз караштын өзгөрүшү, өлкө, эл, маданият аралык алака-катыштын кеңейиши жана тереңдеши, калыпка түшүп калган жашоо ыргагынын бузулушу, рухийадептик нарк-дөөлөттөргө болгон көз караштын, коомдогу жана адамдардын ортосундагы мамиленин өзгөрүшү, зордукзомбулуктун, ыпластыктын, мансапка, байлыкка, жеңил оокатка умтулуу сыяктуу терс көрүнүштөрдүн өрүш алышы бүгүн билимдүү, маданияттуу, акыл-эстүү гана эмес, адептүү, ыймандуу, өзүнүн жана элинин тагдыры үчүн жоопкер боло билген адамды тарбиялоо талабын алдыга коюуда.

Бул талап эгемендүү өлкөнүн улуттук-аймактык, тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрүн эске алган, анын элиңин менталдык сапаттарына төп келген,

ошол эле учурда дүйнөлүк цивилизациянын, жалпы адамзаттык маданияттын жетишкендиктерин өзүнө камтыган, ар бир адамдын инсандык парасатын урматтоого багытталган жаңыча билим берүү стратегиясын иштеп чыгуунун негизги өбөлгөлөрүнүн бири болуп саналат.

Бул багытта 2002-жылы 25-мартта «Кыргыз Республикасында мектеп окуучуларын тарбиялоо Концепциясы» иштелип чыгып, Билим берүү министрлигинин коллегиясында бекитилген. Анда жаштарга адептик таалим-тарбия берүү артыкчылыктуу багыттардын бири катары аныкталып, мектепте бул иш тарбиялык иш-чара катары эмес, атайын сабак катары киргизилиши каралган.

Бул документтин негизинде 2003-жылдын 30-июнунда «Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларына адептик жана рухий-ыймандык билим берүү концепциясы» иштелип чыгып, «Кут билим» газетасына жарыяланып, Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин жана коомчулуктун кеңири талкуусунан өткөндөн кийин, министрликтин коллегиясында бекитилген.

Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:

1. Адептүүлүкө тарбиялоонун милдетин, максаты жана мазмунун кандай түшүнөсүң?

2. Адеп-ахлактык тарбиянын коомдук-социалдык ролу кандай?.

3. Окуучулардын адептүүлүк сапаттарын өнүктүрүүнүн жолдору кандай?

4. Кыргыз этнопедагогикасында адептүүлүккө тарбиялоону кандай жолдор менен жүргүзгөн?

5. Сиз үй-бүлөдө балдарды адептүүлүккө тарбиялоонун кандай жолдорун, ыкмаларын сунуштайсыз?

6.Кыргыз элдик педагогикасынын өзгөчөлүктөрү кандай?

7. Адептүүлүк тарбия боюнча улуу ойчул Сократ тарабынан кандай ой айтылган?

8. Кей Кавустун “Кавус-Намеси” – чыгыш элдеринин үлгүлүү адеп-ахлактык таалим-тарбия иштери тууралуу баяндалган улуу педагогикалык эстелиги канча баптан турган?

9. Улуу ойчул Омар Хаямдын айтуусунда адам адептүүлүккө кандай жолдор аркылуу жетише алат?

10. Кайсыл фольклордук жанрлардын жардамы аркылуу адептик сапаттарды өнүктүрүүгө болот?

Өз алдынча даярдануу үчүн адабияттар:


1. Волков Г.Н. Народная педагогика: Краткий словарьсправочник. — М.:1996.

2. Волков Г.Н. Этнопедагогика. : Учеб.для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. — 2-е изд., испр. и доп. — М.: Издательский центр «Академия», 2000.

3. Абдыкаимова У. Адептүүлүккө, маданияттуулукка тарбиялоодогу иш тажрыйбаларым // Эл агартуу. — Б., 1994.

4. Карагозиева Г.Ж.Башталгыч класстын окуучуларынын адеп маданиятын калыптандыруунун педагогикалык негиздери. — Бишкек, 2010.

5. Сулайманкулова Ж.К. ЖОЖдо башталгыч класстын мугалимдерин окуучуларга адептик тарбия берүүгө этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык негиздери. — Бишкек, 2012.

6. Миталипов К.М. Элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруу. - Кызыл-Кыя, 2011.

7. Мурзаев М.С. Кыргыз элдик педагогикасындагы инсандын социалдаштыруунун өнүгүүсү (тарыхый -этнопедагогикалык аспект). -Бишкек, 2012.

8. Кыдыралиев К. Этнопедагогика — улуттук нуктагы таанып — билүүнүн жана тарбиялоонун булагы // Монография (Окуу методикалык куралы). — Бишкек, 2010.

9. Койлубаева Н.К. Башталгыч класстын окуучуларынын адептик сапаттарын калыптандырууда эне мектебинин тажрыйбасын колдонуунун пеагогикалык шарттары // Автореферат. - Б., 2016.

10. Муратбаев _ Б.Б. Кыргыз этнопедагогикжынын каражаттары аркылуу кенже мектеп окуучуларын эмгекке тарбиялоого болочок мугалимдердин даярдыгын калыптандыруу. — Ош, 2014.

# VI. ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАДА ҮЛГҮЛҮҮ, МЫКТЫ ИНСАНДЫН МҮНӨЗҮ

1. Жогорку сапаттагы мыкты адамдын элдик тарбиянын максаты катары сүрөттөлүшү

2. Ар тараптан мыкты адамдын улуттук мүнөздөмөсү

3. Үлгүлүү, мыкты адамды тарбиялоонун жолдору

## 1. Жогорку сапаттагы мыкты адамдын элдик тарбиянын максаты катары сүрөттөлүшү

Эң мыкты, идеалдуу адамды тарбиялоо элдик педагогиканын эң негизги жана жалпы мүнөзгө ээ болгон максат экендигинде шек жок. Идеалдуулук бул баарынан мурда универсиалдуу, башкаларга салыштырмалуу кеңири түшүнүк болуп, бул түшүнүк өз кучагына калган бардык түшүнүктөрдү камтып турган тарбиянын эң кеңири маанисине дал келип, инсанды калыптандыруу маселесинде маанилүү орунду ээлеп турат. Мыктылыктын, же идеалдуулуктун эң «туу чокусу», тарбиялоо процессинин өзүн-өзү тарбиялоо процессине өтүшү менен коштолуп, тарбиялык иш аракеттердин эң түпкүсү, үлгүлүүлүккө тарбиялоонун эң акыркы чеги катары эсептелинип, бул деңгээлге жетүү ар бир инсандын милдети экендиги илгертеден эле элдик педагогиканын жогорку максаттарынын бири болуп калган десек жаңылбайбыз.

Бул элдик үлгүлүүлүктүн эң башкысы болгон адеп-ахлактык жактан жетилгендик адам үчүн анын ички дүйнөсүн тазалоо менен, кандайдыр бир максатка бет алып алдыга умтулуусун күчөтүп, андан ары өөрчүтүп-өстүрүп туруучу ролду ойноп келген. Мисалы, мыктылыкка тарбиялоонун маанисин көрө билген асыл инсандардын бири Горькийдин: «Адам төрт аяктап

жүрүүдөн арылгандан баштап эле, жаратылыш ага идеалдуулукту жөлөк таяк катары берген», - деп айтканы белгилүү.

Элдик тарбиялык мурастардын негизгилеринен болгон мыктылыкка, идеалдуулукка тарбиялоо маселелеринде адамдын толук кандуу инсандык сапаттарына ээ болушу үчүн адамдар өздөрү бири-биринен үйрөнүп, үлгү ала башташкан. Мындай көрүнүш мыкты адам болууга эң биринчи, өтө жөнөкөй жол катары алгачкы доордо эле адамдарда пайда болгон. Жашы жагынан «аң сезимдүү адамга» караганда «мыкты, идеалдуу адам» жөнүндө ой алда канча кийинчерээк пайда болсо да, анын жаралуу учуру алгачкы доордо эле башталып, бул көрүнүш адамдардын аң сезиминин өсүпөнүгүшү жөнүндө кабар берип турат.

Тарбиялоо маселелеринин маанисин адам баласы түшүнө баштагандан тартып эле өзүн-өзү тарбиялоого жетишпей туруп адамды калыптандырууну жөнгө салуу болбой турганы да ошол мезгилде эле белгилүү боло баштаган. Адам баласы башында эң жөнөкөй, бир учурга байланыштуу, жеке, өз алдынча эч байланышы жок, максатсыз, кокустуктан кабылып калган учурларда гана тарбияга тиешелүү иш чараларды аткарып жүрүп, кийинчерээк андан-ары жашоо-турмуштун татаал маселелерин чечүү үчүн башка жолдорду издеп, тарбияны бир максатка багыттап аткарууга жетишкен. Мисалы алсак, эмгекке болгон мамиле күн өткөн сайын татаалдашып, эмгек түр-түрлөргө бөлүнүп, аны аткаруу болсо кыйындап баштаган. Эмгектин жаңы түрлөрүн аткаруу оордошо баштагандыктан, аны аткарган адамдан көптөгөн күчтү, аракетти, өнөрчүлүктү, шыкты, жөндөмдүүлүк менен кошо ар тараптуу инсандык сапаттарды да талап кыла баштаган.

Эмгектин татаалданышынан улам, аны аткаруу үчүн жаңы сапаттардын талап кылынышы, тарбиялоо процессине, аның ичиндеги өзүн-өзү тарбиялоого да кандайдыр бир негизде суроо-талап жогорулап, андан ары мыкты адам болууга коюлуучу баалар, даражалар уламдан-улам жогорулай берген. Мындай эмгектин түрдүү түрлөрүн аткаруу үчүн адам баласы өзүнүн

алдына койгон өздүк, жеке максаттарың аныктап алмайын, ал эмгекти аткара албашы түшүктүү да. Ал эми мындай максаттардын пайда болушунун өзү эле ар бир адамдын идеалдуулукка, мыктылыкка умтулуусунун белгиси экендигин көрсөтүп турат.

Эмгектин түрлөнүшү, оорлонушу, татаалданышы жана көп багыттуулугу тарбия процессине да ушундай талаптарды түрлөнтүп коюп, ошону менен бирге адам баласынын өсүпөнүгүшүнө да аябагандай зор тааасирин тийгизип баштаган. Демек, илимий педагогиканын пайда болушуна чейин эле, элдик педагогиканын негизинде адамдын жогорку сапаттагы мыкты инсан болушуна, идеалдуулукка карай тарбиялоо Маселелери өнүгүп өсүп жүрүп олтурган экен.

Жетилген, мыкты адамды калыптандыруу деген элдик педагогиканын эң негизги өзөгү болоорун жогоруда аныктап өттүк. Адам баласы эң көрүнүктүү, эң жогорку, кынтыксыз, эң мыкты, эң сонун, жаратылыштын эң бийик жаратканы болгондуктан, адам дайыма ошол бийиктикке, мыктылыкка, кынтыксыздыкка умтулуусу түгөнбөгөн, чексиз умтулууга айланып калган. Мыктылыкка, кынтыксыздыкка умтулуу бул адамга тиешелүү жөндөмдүүлүк болуп, анын бүткүл кыймыл аракеттеринин багыты, маңызы болуп, өз жолун, жашоотурмушта өзүнүн ордун табуунун туура жолу катары эсептеле баштаган.

Адамдык мыктылык, кынтыксыздык, же идеалдуулук, адам баласынын турмушунда далай жолу өзгөрүп, мезгилден-мезгилге жараша ар кандай табигый эволюциялык өзгөрүүлөргө дуушар болуп да турган. Оболу адамдар өзүнөзү инстинкке таянган сезимдери аркылуу коргоп калуусу жетилгендиктин, эң мыктылыктын биринчи белгиси болгон болсо, кийинчерээк коргонуу үчүн талап кылынуучу инсандык сапаттардын маанисин аң сезими менен туюп, билип, аларды да өз убагында өз алдынча калыптандырууга аракет кылып башташкан. Биринчилерден болуп аң сезимдүүлүк аркылуу ден-соолугун бекемдөө, чыңдоо аркылуу дене

түзүлүшүн эң жогорку даражага жеткизүү, күч жактан мыкты болуу сапаттарына жетишүүгө алып келген. Бул жерде физикалык жетилгендик, мыктылык жөнүндө сөз болуп жатат.

Кылымдан-кылымга жүрүп олтуруп, адамдар бара-бара эмгектин түрлөнүшүнө байланыштуу түрдүү эмгек шаймандарын, куралдарын жасап, курап, анан аны андан ары өздөштүрүп жүрүп олтуруп, адам баласы өзүн-өзү да өзгөрткөн, Мисалы, кандайдыр бир эмгек куралын жасап жатып, анын салмагын күчүнө жараша жасап, колуна жарашыктуу кылып, симметриясына да көңүл буруп жүрүп, жөн гана коопсуздукка, ыңгайлуулукка гана жетишпей, шаймандын кооздугуна, көркөмүнө, сырткы жана ички жасалгасына, сапаттарын жакшыртууга да жетише баштаган. Бул көрүнүш адамдардын бара-бара өздөрүн да өзгөртүп, алардын жашоо-тумушка болгон көз караштарын мыктылыкка, идеалдуулукка карай алдыга жылдырып келген.

Эң алгачкы эң эле жөнөкөй эмгек куралдары деле адам баласынын колунан жаралып, алардын ар бири илгерки адамдардын маданий мурасынан бир ууч маалымат алып жүрүүчү маданий мурас катары укумдан-тукумга өтүп, адамдан адамга, муундан муунга таралып жүргөн.

Жогорку аң сезимдүү адам болбосо да, байыркы адамдар эмгектенүү мезгилинде жаратылыштын мыйзамченемдүүлүктөрүнө жараша оор эмгектин айынан бири-бирине жардам берүүнүн күчүн да өздөштүрүшүп, кыйынчылык учурда бири-бирине кол кабыш кыла коюп, бул көрүнүштүн маанисин да таанып-билип алышкан. Мына ошентип, эң алгачкы эмгек шаймандарын колдонуп, алардын үстүнөн дайыма ой жүгүртүп, андан ары өздөштүрүп, аларды мурдагыдан да мыкты кылып жасай башташкан.

Демек, жыйынтыктап айтсак, адамдар эмгек шаймандарын өздөрүнө ыңгайлаштырып жасап жүрүп, аларды бир гана колуна,манжаларынатуура келтирүү жагынакөңүлбурабербей, аларды баардык жактан кынтыксыз,

мыкты кылып, башкача айтканда, ички сапаттарына жана сырткы көрүнүштөрүнө да өтө көп көңүл бура баштагкандыгы жөнүндө маалымат ошол мезгилдеги адамдардын идеалдуулукка, жетилгендикке, коздукка жана көркөмдүккө болгон сезимдеринин өрчүшүнө алып келип, муну менен кошо адамдар өздөрү да өсүп-өнүгүшүп, ар тараптан жетилишип, жетилүүнүн, мыктылыктын, идеалдуулуктун маанисин терең түшүнүшүп, андан да ары буга жетүүнүн башка да жолдорун издеп жүрүп келишкен.

Дагы бир кошумча айта кетүүчү нерсе, бул жеке адамдын ошол мезгилдеги эң көрүнүктүү жетишкендиктери катары адамдар тарабынан эки нерсени ойлоп тапкандарын эске салбасак болбойт. Бир жактан укум-тукум куучулуктун жаратылыштык көрүнүш экендиги болсо, экинчиси, өзүнүн ички дүйнөсүнүн маданиятын таанып билүүсү болгон. Мында адамдардын өсүп-өнүгүүсүндөгү жетишкендиктер, алардын ар биринин өздүк жетишкендиктерисиз алдыга жылбай тургандыгын таанып-билүүсү чоң мааниге ээ эле. Бул өсүпөнүгүүнүн эки жагы талыкпай эмгектенүүнүн натыйжасында алдыга карай кошо бирдей өнүгүп өсүп, адам баласы бул өсүпөнүгүүгө өзү атайлап умтулбаса деле, башкача айтканда, бул көрүнүш илгерки адамдардын аң сезиминен жогору турса деле, адамдардын арасында бири-бири менен болгон карымкатнаштардын өрчүшүнүн негизинде, уламдан-улам өсүп-өнүгүп олтурган.

## 2. Ар тараптан мыкты адамдын улуттук мүнөздөмөсү

Ар бир элдин оозеки чыгармаларында ар тараптан жетилген адамдын элеси көптөгөн сапаттарга ээ экендиги менен чагылдырылып, адамдардын жаратылышы аябагандай кенен экендигин түшүндүрүп келген. Мисалга алсак, кээде бир баатыр жөнүндө бир ууч сөз айтылса да, ал сөздөр терең ойду камтып, баатырдын толук мүнөзүн, чебердигин, жөндөмү менен күчүн элестетип бере алган. Мисалы, кыргыз элинин «Чыныгы эр экен», «Азамат

экен», «Бою бир карыш, өзү миң карыш» жана ушул сыяктуу эл ичинде колдонулган сөздөрү, макал-лакаптары кайсыл бир адамдын кимдир бирөөгө берген баасы эле эмес, ошол адамдын сапаттарына карата көз карашы, сын-ою, ал сапаттардын эл ичинде кандай бааланары жөнүндө болгон маалымат. Бул болсо,өз учурунда мыктылыкка карай умтулууну аныктоочу, түрткү берүүчү ролду ойной башташы логикага туура келген ой деп санасак болот.

Анткени, бир эле сапаттын артында толгон токой майда барат сапаттар камтылып, алардын да ээси ошол кимге айтылган болсо ошого таандык экендигинде. Мисалы, күчтүү, алп болуш үчүн талыкпай эмгектенүү менен, бардык нерсенин ысыгына да суугуна да чыдап, өзүн-өзү мыктылыкка, жетилгендикке, идеалдуулукка даярдашы керек болот. Ошондо гана өзгөчөлүк пайда болуп, башкаларга салыштырмалуу көп күчкө ээ боло алат эмеспи. Ошону менен бирге, мындай жакшы сөздөр жөн гана жагымдуу сөз эле эмес, эл оозунан чыккан жаштарды тарбиялоого багытталган кандайдыр бир алдын ала түзүлүп калган программа сыяктуу ролду да ойногонун түшүнүү зарыл.

Мында биз ошол мезгилдеги тарбиялоонун максаты менен ал максаттын кандайча иш жүзүнө ашырылышын көрсөк болот. Мисалы, Манас эпосунундагы берилген жети осуят да өзүнчө бир тарбиянын максатын аныктап турган, алдын ала түзүлгөн программа катары эсептелерин азыркы учурдагы окумуштуулар белгилеп келишет. Ал эми Манастын өзүнө берилген мүнөздөмө болсо, андагы саналып өткөн сапаттар, Манастай баатыр болуунун жолун, кандай сапаттар адамдык сапаттардын эң мыктылары экендигин аныктап, эл ичинде бийик бааланарын көрсөтүп, андай адам эл оозунан түшпөй калары сүрөттөлүп турат. Манас эпосунда жөнөкөйлүк, айкөлдүк, кең пейилдик, камырабастык жана башка сапаттар бааланып айтылган соң, кыргыз элдик тарбияда да кылымданкылымга ушул сыяктуу сапаттардын негизинде жаш муундарын жашоо-турмушка даярдап келишкен.

Жалпылап айтканда, ар бир мамлекет ушул сыяктуу баалуу сапаттарды аныктап алып, өз жараандарын ошол нукта тарбиялап, адамдын эң мыктысын ар бир улут өздөрү үчүн өздөрү аныктап алышкандыгы илгертеден эле белгилүү. Ушул эле маселеге байланыштуу тигил же бул маданияты да, үрп адаты да, бардык ой-тилектери да, уилгери-илгери эле аныкталып, ошол сапаттарды өз жарандарына калыптандырууга багыттап алышкан десек жалган болбостур. Бул жерде улутук идеалдуулук жөнүндө сөз жүрүп жатат. Ар бир улут өздөрү өз ара бул маселени илгери эле чечмелеп алышкандай. Мисалы, түшүнүктөрдү салыштырып жатып, «жигит экен» деген элдик ойду Г.Н.Волков орус элинин «добрый молодец» деген сөзүнө салыштырмалуу бир аз айырмасы бар дейт. Бул айырмачылык улуттук маданий мурастарга байланыштуу. Ал эми акылдуулук, баатырлык, эмгекчилдик, мекенине болгон сүйүү жана ушул сыяктуу инсандык сапаттар баардык эле элге таандык сапаттар экени шексиз деп оюн улантып, бул сапаттардын улут менен чектелбешин, алардын бүткүл дүйнө жүзүндөгү элдерге таандык экендигин белгилеп, булар бүткүл адамзаттын баалуулуктары болоорун билүү зарылдыгын түшүнүү керек, бул сапаттар уруучулук, улутчулдук жиктенүүгө чейин эле пайда болгон сапаттар деп Г.Н.Волков оюн жыйынтыктайт.

Бирок, ошол эле мезгилде, кээ бир инсандык сапаттар бир улуттун ичинде жаралып, ал сапаттар ошол улутка гана тиешелүү болуп, бирок идеалдуу адамдын бир улуттун ичинде кандай түшүнөөрүн билдирип турган учурлар да кездешет. Мисалы, Г.Н. Волков чуваш элинде «совершенный чуваш» деген сөз айкалыштарды келтирип, анда идеалдуулуктун баасы айтылып тургандыгын жана бул баа башка улуттун өкүлүнө да, эгерде ал татыктуу болсо, берилерин белгилеп, бул баанын терең мааниси чуваш улутунда эң жогору бааланарын маалымдайт.

Улуттук баалуулуктарга тарбиялоодо инсанды адепахлактык жактан тарбиялоо эң алгачкы фундамент. Жогорку улуттук баалуулуктарга тарбиялоо, үрп адаттарды, улуттук ар намысты сактоо, уятка калтырбоо,

тартипти бузгандарды сындоо, жазалоо менен дал келери түшүнүктүү да. Бул жерде өз улуттук ар намысынды коргоого багытталган жоопкерчиликке тарбия менен кошо башка улуттардын алдында өз улутуңдун ар намысын, улутуңдун атын уят кылбоого багытталган өтө чоң жоопкерчилик жөнүндө сөз болуп жатат. «Сенин жасаганыңды көрүп, сенин улутуңдун жасаганын көргөндөй болушсун!

Өз элиңдин татыктуу уулу бол!» - деген ой эл ичинде азыр да айтылып жүргөнү белгилүү. Мындай ой бардык элдердин педагогикасында кездешерин Г.Н. Волковбелгилейт. Өз эмгегиң менен, адал эмгек ак иштериң менен элге кызмат кылып, өз улутуңду уят кылбагын. Улуттук баалуулуктарга салымыңды кошуп, өз улутуңдун баатырларынын санын толтуруп, улуттун кадырын көбөйт деген ой жогоруда айтылып өткөн ой менен кошо жүрөт.

Анткени, булар элдин мүдөөсү, каалоосу, тилеги болуп, эл өз өкүлдөрүнүн мына ушундай болгонун каалаган жана ушуга жарашыктуу, шайкеш келген элдик педагогикалык системасын түзүшкөн. Улуттун даражасы, анын татыктуу уулдары менен бааланары жөнүндө бекеринен айтылбаса керек. Ошондуктан, «жаман улут болбойт, анын жаман уулдары болот» деген жалпы түшүнүк элдер арасында айтылып жүрөрүн мисал катары келтирсек болот.

Улуттук ар намысты коргоо менен кошо ошол эле мезгилде мамлекеттин да ар намысын коргоо элдик педагогиканын эң негизги талабы болгондугу, улут аралык биримдикти гана калыптандырбастан, башка элдердин арасында достукту калыптандырууга багытталган баалуулук жөнүндө да кабар берип турат. Демек, өз улутуңдун кадыр-баркын түшүрбөй, башка улуттардын сүймөнчүлүгүнө ээ болуу керектиги элдик педагогиканын башкы максаттарынын бири болгон дегенге толук мүмкүн. Бул эл аралык карым катнашты жакындатууга багытталган баалуулук экендиги айдан ачык.

Ошондой эле, адамдык мыктылыкка, идеалдуулукка жетүү адамдык бактылуулук менен кошо коштолоорун көп эле окумуштуулар белгилеп жүрүшөт. Мисалы, элдик жомоктор кандай кооз сөздөргө бай, жеткиликтүү берилсе, андагы адамдын элеси да оң каарман иретинде аябай жеткиликтүү сүрөттөлүп, адамдын башкы сапаттары, үлгүлүү кыймыларакеттери, идеалдуулугу чагылдырылат. Муну менен эл ошол жомоктун күчү менен жаш муундарын укумдан-тукумга карай тарбиялап келгени жетилгендикке, идеалдуулукка тарбиялоонун бир жолу, мисалы боло алат.

### 3. Үлгүлүү, мыкты адамды тарбиялоонун жолдору

Өз жаш муундары жөнүндө кам көрүү салты улуу элби жэ кичүүбү, байыркыбы жэ жашпы, баардык эле элдерге таандык көрүнүш.

Кыргыз элинде да жаш муунга терең көңүл бурулуп, алардын тарбиясына болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшап келишкен. Адамды идеалдуулукка, мыктылыкка тарбиялоо маселеси да кыргыз элинде өтө чоң багыттардын бири болуп саналган. Бул маселенин түпкү маңызы жалпы коомдук өсүп-өнүгүү менен тыгыз байланышта экендигин биз улуттук баалуулуктар жөнүндө сөз кылганыбызда байкай алабыз. Мисалы: «Эки жакшы кас болбойт, эки жаман дос болбойт», «Жакшы болсо катының, табыла берет акылың», «Жашка кызмат, карыга урмат», «Жалкоодо шылтоо көп», «Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы», «Жаздыкта өлгөн жаман ат, жоодо өлгөн салтанат» жана ушул сыяктуу макалдар көрсөтүп тургандай, эл оозунда идеалдуулуктун белгилери кандай экени чагылдырылып, элдин ишенимине, көөдөнүнө толо турган чыныгы адамдын элеси ушул макалдар аркылуу берилгенин көрө алабыз. Ал эми «Сулуу сулуу эмес сүйгөн сулуу», «Мал болбой адам бол», «Гүл өссө жердин көркү, кыз өссө үйдүн көркү», «Тулпар айланып үйүрүн табат» сыяктуу макалдар

ден-соолук менен сулуулук жөнүндө кабар берип, адамдагы идеалдуулуктун дагы бир белгиси катары элдин оюнда бар экендигин сезсе болот.

Акылдын баалуулук катары каралышы да бирден-бир сапат экендигин кыргыз эли көптөгөн макал-лакаптарында билдирип, акыл менен кошо адеп-ахлактуулук бир жанаша жүрөрүн, аларды салыштырып, кайсынысы баалуураак экендигин эл жаш муундарына белгилеп келген. «Акыл айткандан баар табасың, ушак айткандан уятка каласың», «Акылга шерик абайлап иш кыл», «Акылдуу уул сыймык», «Эненин акылы балага сабак», «Акмак достон акылдуу душман жакшы» сыяктуу макалдардын негизги мааниси да адамдын эң башкы сапаттарын белгилеп, салыштырма ирээтинде да кандайча мүнөздөлүп жатканын байкайбыз.

Элдин барктаган баалуулуктарына көз салып олтуруп, мында эл эңсеген жаш муундун тарбиясын гана билбестен, анда чыныгы инсан эл үчүн кимдер боло аларын, кимдерди мыкты деп атаса боло тургандыгын, идеалдуу адам ким экенин билсек болот. Эл ошону каалап, балдарын ушул багытта тарбиялап келгенин, азыркы учурда да унута электигин ар дайым көрүп жүрөбүз.

Ошондой эле, жаңы төрөлгөн ымыркайга ат берүүгө да кыргыз эли абдан чоң маани берип, бир эле сөз менен ага бир жактан баардык жакшылыктарды каалап, ошол эле мезгилде балага коюлган ат аркылуу ушул баланын жаралышы менен үй-бүлөгө бакыт консун, тилегибиз орундалсын, таалайлуу бололу деп эңсеген мүдөөлөрүнүн орундалышын эл каалап келген. Кыргыз элинде да, башка элдер сыяктуу, буга байланыштуу миңдеген адамдын ысымдары белгилүү: «Атына жараша заты», «Атың чыкпаса жер өрттө», «Атын атаса куту сүйүнөт» жана башкалар мисал болуп турат.

Элдик макал-лакаптарды талдаган учурда, дагы бир көрүнүш катары белгилеп кетүүчү нерсе бул сыймыкка ээ, мыкты адам идеалдуу инсан болуу жалгыз эле бир адам менен чектелбесин, андай адам болуу үчүн анын

айланасындагы адамдар да ал сыяктуу жакшы, идеалдуу болушу зарыл экендигин аңдасак болот.

Анткени, эл ичинде айтылып жүргөн макалдардын маанилеринде бир адам баардык сапаттарды камтый албасын чагылдырган лакаптар да көп кездешерин көрө алабыз. Мына ошондуктан элдик тарбиялоодо биз сапаттардын топтук мааниге ээ экендиги, кошундуулукка ээ экендиги жөнүндө көптөгөн мисалдарды таба алабыз.

Бир сапаттар бир адамда, экинчилери башкаларда болгону аларды бириктирип, байланыштырып туруучу кандайдыр бир күч катары каралып келген. «Бир ата отуз уулду багат, отуз уул бир атаны бага албайт», «Билгенден биле элегиң көп, көргөндөн көрө элегиң көп», «Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгаралы», «Бир кумалак бир карын майды чиритет», «Бөлүнгөдү бөрү жейт» сымал макалдардын терең мааниси дал ушул ойду бышыктап турганын көрөбүз. Ушинтип, бир адамды идеалдуулукка тарбиялоо анын айланасындагы бардык адамдарды да тарбиялоого айланып баштаган.

Демек, тыянак катары айта кетүүчү нерсе,элдик педагогикада бирадамдын мыктылыгын, идеалдуулугун тарбиялоо процесси жалпы адамзаттын идеалдуулугун тарбиялоо процессине айланышына алып келээрин байкайбыз. Бул көрүнүш бир гана кыргыз элине эле таандык болбогондуктан, анын жалпы, табигый мыйзамченемдүүлүк экендигин так аныктап турары шексиз. Мындай тарбиялоонун белгиси бүткүл элдин биримдигин, достугун, теңдигин жана адилеттүүлүгүн аныктап туруучу белги болоорун айгинелейт. Мында баардык элдердин бактылуулугуна карай жол экендиги далилденип турат.

Элдик тарбиянын негизги максаттарынын бири болуп дагы үч сапатка тарбиялоо аталып келет. Аларга жакшы маанай, жан эргиткен сөз жана жакшы иш-аракеттер кирет. Башка элдерге салыштырмалуу кыргыз эли мына

ушул үч сапаттын негизинде жаш муундарды жакшылыкка тарбияласа болот деген ойду таратышкан. Ал эми калган сапаттар алардын ичинде камтылары айтпаса деле белгилүү. «Жигиттин сөзү өлгөнчө, өзү өлсүн», «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат», «Жоо кеткен соң кылычыңды ташка чап» деген кыргыз элинин макалдары жогоруда айтылган ойлорду өздөрү эле бекемдеп турушат. Бирок, ошентсе да, сөзсүз түрдө айта кетүүчү нерсе, алардын мааниси ар бир адамга тиешелүү экендигин тастыктоо гана эмес, элдин арасында бейпил жашоонун жол жобосу, тартиби экендигин түшүндүрүү болгондугунда турат.

Баарынан кызыгы, эң биринчи адамдык сапаттардын арасында адеп-ахлактык сапаттар жогору бааланарын, бул ой кыргыз элинде байма-бай кездешерин дагы бир ирээт эскертип өтөлү. Мисалы, «Акыл баштан, асыл таштан», «Адептүү киши — азаптан алыс», «Адам көркү адеп», «Адамды бузган байлык менен бийлик» жана башкалар.

Идеалдуу адам жөнүндө ой улуттук баалуулуктарда бекем калыптанып калганын байкоо менен кошо, алардын сөз аркылуу гана калыптанышын эле эмес, ар кандай иш-аракеттердин негизинде иш жүзүнө ашырылышын деле көрө алабыз.

Дегеле, сөз менен иш-аракет айкалышкан учурлар элдик тарбияда эң маанилүү маселелердин бири болуп эсептелген. Эл аны бир бүтүндүк катары карап, дайыма ажырагыз бир маселенин эки жагы катары түшүнүшкөн, жана улуттук тарбиялоо процессинде ар дайым колдонуп жүрүшкөн. Ал тургай, тарбиялоодо да ар тараптуу иш-аракеттерди аткарышып, инсанды калыптандыруу маселесине жалпылык көз караш менен карап, ага өтө көп маани берип келишкен.

Башкача айтканда, эл өз жаш муунун жалаң эле сөз менен эле, тагыраак айтканда, макал-лакаптар менен гана тарбиялабастан, бул максатта түрдүү багыттагы иш-чараларды аткарып келгенин, алардын арасында балдар үчүн

ар түрдүү оюн зооктордун уюштурулган учурларын байкасак болот. Мындай көрүнүш тигил же бул элдин тарыхый маалымат булактары менен таанышканда белгилүү боло калат.

Миңдеген жылдарды камтыган турмуштук тажрыйба аркылуу инсанды калыптандырууда өтө так, турмуш менен такталган таасир этүүчү бир топ мааниси күчтүү каражаттар жаралган жана колдонулган. Эң таң калуучу мисал катары мына ошол каражаттардын мааниси жагынан жик жикке бөлүштүрүлүшү болорун көрөбүз. Аларды санап өтүп, алардын адамга кандай сапаттарды калыптандырарына көз чаптырып көрөлүчү. Алар жомоктор, макал-лакаптар, табышмактар, элдик ырлар, оюндар, майрамдар жана башкалар. Мисалы, табышмактарды алсак, табышмактар балдарды акыл-эс жактаң тарбияланусуна таасир этет, макал-лакаптар менен ырлар болсо эстетикалык жана адеп-ахлактык тарбияга багытталат. Жомоктор болсо жаш муунду тарбиялоодо адеп-ахлакка, акылга, эмгекке, эстетикалык тарбиялоого да багытталып, алардын баарын өз кучагына камтышы, башкача айтканда, комплекстүү мамиле жасоонун мисалы болорун, анын тарбиянын бардык багыттарын байланыштырып туруучулук милдетти аткараарын азыркы окумуштуулар дайыма бел илен жүргөнүн билебиз. Ал эми оюн-зоок менен түрлүү элдик майрамдар болсо, ошол жогоруда белгиленип өткөн сөз аркыжуу берилүүчү тарбиялык ойлордун иш жүзүндө аткарылышынын белгиси.

Анткени, мына ушул тарбиялоонун булактарында жаш муун түрдүү кыймыл-аракеттерди жасап, сөз аркылуу алган билимин да, тарбиясын да иш жүзүндө колдонуп көрсөтүя. анан же сынга кабылып, же элдин алкышына татыганй. Оююнзоок да, элдик майрамдар да тарбиялоонун бардык багыттарын камтыган бир бүтүндүк катары өз милдетин аткарган. Анта акыл-эс тарбиясы да, адеп-ахлактык менен эстетикалык тарбиялоолор да, дене тарбиясы да иш жүзүнө ашырылын келген. Ал иш-аракеттер аткарылып жатканда табышмактар да, макал-лакаптар да, ыр бий да, күч сынашуу да,

жомоктор да колдонулуп, тарбиялоонун ар тараптуулук милдетин эалик оюндар аткарган десек болот.

Жалпылап айтканда, бул элдик оюндар практакалык педагогиканын иш жүзүнө ашырылышынын булагы экендигн дагы бир ирээт өзүбүзгө белгилей алабыз.

Табышмактардын негизги милдети адамды ойлюнууса, бар нерсени жоромолдоп, салыштырып, иликтеп, акыл менсз эске тутуу сезимдерин козгоп, табышмактуу нерсени табуу үчүн ар түрдүү чөйрөлөрдү, предметтердин сапаттары менса элестерин, ошол эле мезгилде бир нерсе жөнүндө бар исче табышмактар болсо, алар ал нерсенин ар түрдүү жактан талданышына, түрдүү мүнөздөмө берилишине алып кезен, кубулуштарды да аңтарып-теңтерип чыпууга түрткү бозуй туруучу куралга айланарын көрөбүз. Габыпмактардын эю маанилүү жагы бул аларды ойноо учурунда балдар айланма чөйрө жөнүндө, жаратылыш менен адамдардын коому жөзүзжө түшүнүк алышып, ой толгоо аркылуу аларды таанып-билишет.

Ошол эле учурда жаман жөрөлгөлөр жөнүндө, жаман көрүнүштөр менен жаман сапаттар жөнүндө, жаман иштер менен кылык-жооруктар жөнүндө, табышмактар жаш муундарга сабак иретинде да терс көрүнүштөрдү мисал катары көрсөтүп, аларга терс жакка барбоону сунуштап, балдарга жакшы жолдорду аныктап берип келген.

Ошондой эле, эске тутуучу нерсе ал табышмактардын ыр түрүндө айтылышы эстетикалык көркөмдүккө да тарбиялап турган. Жыйынтыктоочу ойду бышыкташ үчүн табышмактардын маанисин акыл-эс менен гана чектебестен, алардын тарбиянын ар тарабына, адамдын аң сезимине таасир этүүчү, күчкө ээ экендигин чагылдыруучу мисалдар арбын болорун баса билдирели. Ошону менен бирге, табышмактар башка элдик оозеки чыгармалар сыяктуу эле инсанды акыл-эс жактан калыптандыруу аркылуу

идеалдуу, жетилген, мыкты инсанды тарбиялоодо өз милдетин аткарып келгенин билебиз.

Ушундай эле иликтөөгө макалдар менен лакаптар, элдик ырлар менен оюндар да ушундай мисал боло алышат. Аларда да адеп-ахлактык менен эстетикалык баалуулуктар эле берилбестен, эмгекке тарбиялоо, акылды өрчүтүү менен кошо дене тарбиясына да көңүл буруу керектиги алардын мазмунунда камтылып жүрөт. Элдик ырларда адептүүлүк менен эстетикалык сапаттар чагылдырылып, акылдуулук менен эр-азаматтуулук да баалуулук катары аябай коoздук менен берилип, жогору бааланары баса көрсөтүлөт. Ошондой эле, ырлардын мазмундарында табышмактуу ойлор, макаллакаптар да кездешишет. Демек, булардын баарынын максаты бир, багыты бир - адамдык сапаттарды калыптандыруу.

Кызыктуу маселелердин көңүлгө алууга татыктуулары болуп, элдик оозеки чыгармалардын түрдүү багыттагы тарбияга жумшалганын байкоо менен кошо алардын түрдүү жаш өзгөчөлүктөргө жараша колдонулуп жүрүшүндө да кандайдыр маселе бардай сезилет. Мисалы, табышмактар менен жомоктор жаш балдар өз ара оюн зоок учурларда кенен колдонуп жүрүшсө, макал-лакаптар улуу муундар арасында колдонулуп, жаш муундарды жашоо-турмушка даярдоого өтө чоң жардам берип келген. Мында сөз өзүн-өзү тарбиялоо жана бирөө аркылуу тарбиялоо жөнүндө, аларга коюлуучу талаптар менен алардын милдеттери жөнүндө болуп жатат. Ырга да болгон мамилени ущундай эле экиге бөлүп карасак болот эмеспи. Анткени, ыр ырдоо жаштарга тиешелүү, ал эми улуулар ырды анда-санда баланы уктатып же сооротуп жатканда гана колдонуп келишкен.

Ал эми элдик жомоктор көбүнчө балдарга арналып алардын тарбиялануусуна түздөн-түз таасир этип келгендигин жогоруда айтып өттүк. Жаш өзгөчөлүгүнө карай колдонулуп келген жомоктордун арбын экенин билебиз. Алар эволюциялык жол менен жаш өзгөчөлүккө жараша жиктелип, жашка тиешелүүсү колдонуп калган десек болот деп ойлойбуз. Башында

алардын ар бири адамдын жаш өзгөчөлүгү менен чектелбей эле баарына бирдей, түрдүү жаштагы муундарга карата деле колдонулуп келген. Муну менен биз элдик педагогикада идеалдуу адамдын үлгү катары берилишин гана көрө албастан, андай үлгүдөгү адамды тарбиялоонун жолдорун да аныктап берилишин байкап жатабыз. Мына ушундай жолдорду аныктап, аларды оозеки чыгармаларга кошуп жаш муундарды тарбиялоонун өзү эле элдин арасында жалпылык, жогорку аң сезимдүүлүк менен тарбиялык маселелерге терең көңүл бурулганы жөнүндө маалымат алабыз.

Албетте, оозеки чыгармалар муну менен эле чектелип калбайт. Табышмактар менен макал-лакаптар, жомоктор менен ырлардан да башка толгон-токой элдик педагогикага тиешеси бар булактар арбын. Алардын ар биринин тарбиялоого тийгизген таасирлери жөнүндө да көптөгөн ойлорду айтса болот. Биз алар жөнүндө кийинки илимий изилдөөлөрүбүздө кеп кыларбыз деген ойдобуз.

Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:

1. Элдик жомоктордогу ар тараптан мыкты каармандардын мүнөзүн чагылдырып бергиле.

2. Элдик ооз эки чыгармалардагы каармандардын сапаттарын тарыхый инсандардын сапаттары менен салыштырып көргүлө.

3. Көркөм адабияттардагы мугалимдин сапаттарын чагылдырган мисалдарды келтиргиле.

4. Азыркы жаштарга ар тараптан жетилгендик, мыктылык, идеалдуулук жөнүндө бир нече макал-лакаптарды мисал кылгыла.

Өз алдынча даярдануу үчүн адабияттар:

1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. — Б.: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1999. — 895 б.

2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. — Б.: Алтын тамыр, 1997. — 62 б.

3. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. — Б.: Алтын тамыр, 2001 — 42 б.

4. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт. — Б.: Баласагын, 1993. — 220 б.

5. Акматалиев А. Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат. — Б.: Бийиктик, 2002. — 400 б.

6. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. — Б.: Шам, 2000. — 348 б.

7. Акматалиев А.А. Балдарга арналган салт жана ырымжырымдар -Б.: 2000. — 224 б.

8. Волков Г.Н. Этнопедагогика —-М.:АСАБРЕМА ,2000.176 с.

9. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана — М.:1991.

10. КалдыбаеваА. Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар — Б.: 2005. — 3446.

11. Койчуманов Ж. Макал-ылакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор — Б.: Бийиктик Плюс — 2012—540 б.

12. Кыдыралиев К. Этнопедагогика — улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы -Б.: 2010, — 488 б.

13. Кыргыздар: Он төрт томдук жыйнак. Түз: Жусупов К, Иманалиев К. ж.б.Б.: Бийиктик,2011.

14. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп — Б.: «Турар», 2011. — 6046.

15. Мурзакметов А.К. Кыргыз ырым-жырымдары. 1-китеп — Ош, 2005 — 110 6б.

16. Мурзакметов А.К. Кыргыздардын баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдар жана ишенимдер (Түштүк Кыргызстандын материалдары боюнча): тарых.илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 07.00.07. — Бишкек, 2007. — 19 б.

17. РысбаевС.К.Кыргызбалдар фольклорунун педагогикасы: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 1-китеп. 2-бас. — 2014.—312 б. ж.б.

# VII. ФОЛЬКЛОР КӨРКӨМ ПЕДАГОГИКА КАТАРЫ

1. Фольклор жана фольклор таануу илими жөнүндө түшүнүк

2. Кыргыз элинин элдик оозеки көркөм чыгармачылыгы — элдик тарбиянын башаты

3. Манас эпосу — кыргыз элинин этнопедагогикасын үйрөнүүнүн булагы

4. Макал-ылакаптардын тарбиялык мааниси

5. Кыргыз эл жомоктору маданияттын элементи катары

## 1.Фольклор жана фольклор таануу илими жөнүндө түшүнүк

Кыргыз элинин жаралуу, өнүгүү тарыхы канчалык терең болсо, анын элдик оозеки чыгармачылыгы, маданияты да ошончолук бай экендиги маалым. Фольклор педагогикалык илимде элдик педагогикалык көз караштардын булагы болуп тарбиялык, билим берүүчүлүк милдеттерди аткарган.

“Фольклор” түшүнүгү англис тилинен которгондо “элдин үнү” дегенди түшүндүрөт. Ал өзүнө кеңири маанини батырып, кыргыз элинин коомдук аң-сезимин, көз караштарын, эстетикалык тажрыйбасын туюнтуунун негизги каражаты жана ыкмасы болуп саналат.

Бул же тигил улуттун элдик оозеки чыгармачылыгын үйрөнүүчү, узак убакыттан бери өнүгүп келе жаткан илим - фольклористика же фольклор таануу деп аталат.

Советтик мезгилде илим катары кыргыз фольклор таануусу жаңы баскычка көтөрүлгөн, бирок тарыхый туура принциптери бузулууга дуушарланып айрым мурастарга партиялыксаясаттык көз менен кароонун кесепетинен бүлүнүүгө да учурады. Кыргыз фольклор таануусунун өнүгүшүнө Ч. Валиханов, М. Ауэзов,С. Абрамзон, М. Богданова, К. Мифтаков, Ы. Абдырахманов, Б. Юнусалиев, Б. Керимжанова жана башка илимпоздор чоң эмгек сиңиришти. Кыргыз фольклорунун түрлөрүнө жана жанрларына илимий анализ берүүгө алгач аракет жасашкан окумуштуулар М. И. Богданова, Ө, Жакишев, Т. Саманчин, К. Рахматуллин болгон. Булардын эмгектери «Кыргыз адабиятынын очерктери» деп аталып, фольклордун айрым жанрларына мүнөздүү өзгөчөлүктөр илимий анализден өткөн. Кыргыз фольклор таануу илиминин калыптанышына окумуштуу М. Богданова бир кыйла эмгек сиңирген.

Кыргыз фольклор таануу илиминин калыптанышы жана өнүгүү тарыхы көптөгөн карама-каршылыктарга учурап, кээде бир жактуу мамилеге дуушарланган. Бирок, бул эң маанилүү ишке мурун айрым бир гана саналуу адистер катышса, кийин КРУИАнын Тил жана адабият институту толук бойдон активдүү катышкан. Институтун атайын секторлору тарабынан жыл сайын экспедициялар уюштурулуп, элдик мурастардын баалуу үлгүлөрүн жыйнап, кагаз бетине түшүргөн. Басмадан өзүнчө китеп, жыйнак түрүндө жарык көргөн. Айрыкча эл акындарынын чыгармалар жыйнактары, макал-лакаптар, эпостор өзүнчө бир китеп болуп басылып чыккан.

Фольклористика илимин өнүктүрүү үө жана анын идеологиялык-теориялык табылгалар менен байытууда кыргыз окумуштуулары К. Рысалиев, Б. Керимжанова жана башкалар салымы зор. Алар поэтиканын эң татаал бөлүгү болгон кыргыз ыр түзүлүшүнө кайрылып, бул кубулуштун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтолуп, бөтөнчө элдик, акындык поэзиянын эстетикалык, көркөмдүк касиеттерин терең иликтешкен. Шарттуу түрдө кенже эпостор аталган «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Жаныш, Байыш», «Курманбек», «Эр Табылды», «Саринжи-Бөкөй», «Эр Солтоной», «Жаңыл Мырза», «Олжобай менен Кишимжан», «Жоодар Бешим», «Кедейкан» 20-жылдардан бери бир нече ирет кыргыз, орує тилдеринде басылып, айрымдары чет элдерге да таанылды. Мисалы, түрк тилдүү элдердин көбүнө таандык «Эр Төштүк» эпосунун варианттарынын, версияларынын ичинен кыргыз тилиндегиси эң мыкты чыгарма катары эсептелип Париж шаарында француз тилинде которулуп басылган.

Мурдагы ар түрдүү басылыштарын айтпаганда да соңку 70-80-жылдардын ичинде элдик оозеки чыгармачылыктын жанрлары боюнча нечендеген жыйнактар Б. Кебекова, А. Токомбаева, С. Закирова, Ж. Төлөев, П. Ирисов, Ж. Мусаева, С. Кайыпов, К. Ибраимов, Т. Абдыракунов жана башкалар тарабынан түзүлүп, XX кылымда удаа — удаа жарык көргөн: «Айтыштар» (1—2 т. 1972), «Балдар фольклору» (1972), «Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары» (1973), «Кыргыз элинин сүйүү ырлары» (1974), «Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги кыргыз эл ырлары» (1975), «Кыргыз эл жомоктору» (1975), «Эл ырчылары» (1981), «Табышмактар» (1984).

Элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн жыйноо, жарыялоо менен бирге аларды илимий теориялык, тарыхый жактан изилдөө иштери да жигердүү жүргүзүлгөнүн монография тибиндеги төмөнкү эмгектер далилдей алат: С. Закиров «Кожожаш» эпосунун кээ бир маселелери» (1959), «Кыргыз элинин макал-лакаптары» (1962), «Кыргыздын элдик лирикаларынын

жанрдык өзгөчөлүгү» (1965), «Эр Төштүк» эпосунун варианттары жана идеялык көркөмдүк өзгөчөлүктөрү» (1965), Ж. Субанбеков «Кыргыз элинин баатырдык кенже эпостору» (1970) жана башкалар.

Азыркы учурда эл чыгармачылыгынын 40 томдугу жарык көргөн. Анда кыргыз эпосторунун ар биринин бардык варианттарын жарыялоодон тартып, майда жанрлар: макаллакаптар, табышмактар, жаңылмачтар, балдар ырларына чейин киргизилген.

2. Кыргыз элинин элдик оозеки көркөм чыгармачылыгы -элдик тарбиянын башаты

Биздин заманга чейинки доорлордо эле кытай эски жазмаларында калган кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы түр жана мазмуну жагынан өтө бай келет. Кыргыз эли өздөрүнүн башынан өткөргөн турмушун эч качан унутушкан эмес. Аны оозэки түрүндө ооздон-оозго өткөрүп айтып келишкен.

Кыргыздар жараткан элдик адабият тарыхый жактан: эң алгачкы доор, ортоңку доор, кийинки доор деп үч чоң доорго бөлүнөт. Ал эми түр жагынан: кара сөз түрүндөгү аңыздар (мифтер), уламыштар, жөө жомоктор, санжыралар, ыр түрүндөгү дастан, эпостор болуп эки чоң топко бөлүнөт. Эң алгачкы доордо кыргыздардын дүйнөнү, жаратылышты таануудагы наристе элестетүүсү ошол доор адабиятынын негизги мазмуну болуп наристе кыял (фантазия) адабияттын көркөм каражаты болуп келген. Ал эми ортоңку кыргыз адабият доорунда улуттар менен улуттар, уруулар менен уруулардын кагылышы негизги мазмун болуп, баатырдык образ жаратуу адабияттын көркөм каражаты болуп эсептелген. Кийинки доор кыргыз адабиятында реалдуу турмуш, тиричиликтин түрдүү жактарын камтыган, инсандык турмуш тажрыйбаларын баяндаган мазмундар, түрдүү татаал образды жараткан көркөм каражаттар болгон.

Кыргыз элдик оозеки чыгармаларын жыйноо, изилдөө боюнча XX кылымдын 20-жылдарынан тартып алгылыктуу иштер жүрө баштайт. Жаңы

коомдук түзүлүштүн шарты менен эл билим алууга умтулуп, руханий байлыгын жыйнап изилдөөгө, профессионал адабият менен таанышууга жана жеке чыгармаларын жаратууга ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү жарата алышкан.

Көптөгөн изилдөөлөрдд кыргыз фольклорундагы элдик оозеки чыгармачылыктын бардык жанрларын, түрлөрүнүн ордун, салмагын, тарбиялык маанисин белгилеп көрсөтүшкөн. Кыргыз фольклору үйдө, бала бакчада, мектепте этнопедагогикалык, этнопсихологиялык тарбия берүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп кызмат кылат.Кыргыз элинин элдик оозэки көркөм чыгармачылыгынын табигый өсүү генезиси аркылуу балдардын көркөм ой жүгүртүүсүнүн өсүшүн байкоого, аңдоого болот.

Элдик оозеки чыгармалар турмуштук функциясына, аткаруу мүнөзүнө карай түрлөргө бөлүнөт:

1. Лирикалык - элдик ырлардын бардык жанрлары: арман, кошок, жарамазан, жар-жар, айтыш, оюн ырлары, кирне ырлары, акыйнек, эмгек ырлары кирет.

2. Эпикалык түр - эпос, жомок, улама сөздөр, санжыра, миф, легенда,оозэки баяндар кирет.

3. Дидактикалык түр — макал-лакаптар, табышмактар, санатнасыят ырлары, терме ырлар кирет.

Кыргыз элинин оозэки көркөм чыгармалары балдардын адам, анын жашоо тиричилиги, жаратылыш, коом, эмгек, кулкмүнөз жөнүндөгү түшүнүктөрүн өстүрүп, тарбиянын бардык элементтерин үйрөтөт.

## 3. Манас эпосу — кыргыз элинин этнопедагогикасын үйрөнүүнүн булагы

Манас эпосу кыргыз элинин рухий маданиятынын көрүнүктүү эстелиги. Ал кыргыздардын тарыхын, этнографиясын жана жалпы эле

турмушунун ар кандай тармактарын, анын ичинде элдик педагогиканын негиздерин изилдөө, үйрөнүү үчүн алмашкыс булак.

Манаста жаңы төрөлгөн балага ат коюу, баласын башка бирөөлөргө убактылуу багууга, тарбиялоого берүү жана ага байланыштуу ырым-жырымдар көрсөтүлгөн. Эпосто чагылдырылган эмчектештирүү салты да көңүл буруууга арзырлык.

Кыргыздар Теңир алдында адеп-ахлагы сүттөй аппак, колдогону кудуреттүү, пешене жылдызы күйүп жанган, табиятка таазими ачык, каада-наркты жолдогон эл болгон. Улуу эпостогу Манас кара күчтүүлүгүнөн, алптыгынан, баатырдыгынан, жоодон элдин өчүн алгандыгынан эл башы, каганы болгон жери жок. Ал жаштайынан көчмөн, чыгаан устаттардын таалим-сабагынан өтүп, нускоосун угуп, жолун жолдоп, эл-жерин сүйгөндүктөн, чилдей тараган элдин башын коштуруп, калктын камын ойлогондуктан, кошуна, боордош элдер менен тил таба билгендиктен, калыс сөзүнөн, акыйкаттыгынан, айкөлдүгүнөн, жигердүү даанышмандыгынан улам хан шайланган. Ал мындай адебин, ыйык, кыраакы касиеттерин өлөр-өлгөнчө, бардык учурда сактап жүрүп өмүр сүрдү. Манастын ушул өңдүү сапаттарын жаштарга үлгү кылып көрсөтүү зарыл.

Манастын аяр Бакай абасы, акылга дыйкан кеменгер Кошой агасы сыяктуу нарктуулар, кыраан жан жолдош, акылман, кеңешчилери болду. Уруу аксакалы Байжигит, кой оозунан чөп албас кара тилдүү, тилге жүйрүк кара жаак, жетимиш уруу тил билген, жетимиш түрлүү эл көргөн чечен Ажыбай, капилетте сөз, кысталышта жол тапкан, кылымга чечен үлгүлүү Эр Үрбү сыяктуу чоролору болгон. Эр Манас Бегиш, Көйүш деген аярлады, Кара Төлөк төлгөчүсү, Агыдай далычыны күткөн. Кайсы бир эпос айтуучулар Манастын хан ордосунда 60 акылчысы болгонун эскерет. Алар эл ичиндеги ынтымакырысты кармап, душман, жоо менен мамилесин чечүү үчүн өлүмгө башын байлап элчиликке барышкан. Бул акылман чоролор Манастын үзүлгөнүн улаган, чачылганын жыйнаган, ийрисин түзөгөн, сайып жүрүп бак

кылган, салып жүрүп там кылган, аркада жүрсө сан колдой, астыда жүрсө ак жолтой кеңешчи-насаатчылар эле.

Байыркы уруулардын кагандарынын же бек, байларынын турмуштук тажрыйбасына кайрылсак, балдарын күчтүү элдин тилин билүүгө, аскер өнөрүн. жеке кармаштын ыкмаларын үйрөтүүгө, эр жигитке кырк өнөр аздык кылат деп толгон-токой өнөрдү үйрөтүшкөн. Мына ушулардан баланы тарбиялоого илгертен эле чоң көңүл бурулуп келгени көрүнүп турат.

Манас эпосунун көлөмү аябай чоң, мазмуну мол экенине дүйнөлүк илимпоздор XIX кылымдан баштап көңүл буруп, башка дүйнөлүк эпостор менен көлөмүн салыштырып, бой теңештире баштаган. 1856-жылы кыргыз жергесине келип Көкөтөйдүн ашы бөлүгү менен гана таанышкан Чокан Валиханов Манас эпосунун көлөмүнө кайрылып: Кыргыздар Манасты үч түн бою укса да айтып түгөтө алгыс, Семетейге да ошончо убакыт жетишсиз деп айтышат... деген.

Көлөмүн билүү максатында Манас айттырууда алдын-ала камылга иштетилип, обочо жерге үй тиктирип, бир канча бодо-жандык союшка белендеп, калыстарды, эл аксакалдарын чогултуп олтуруп, айлап Манас айттырганда, ошондо ким Манасты көп айтарын, көлөмүн белгилешип, көлөмдүү айткандарды чоң жомокчу, чоң манасчы деп аташкан. Ким канча ай, же нече түн бою айта алганы менен эпостун көлөмүн белгилешкен. Бул салт аркылуу балдарды манас айтууга шыктандырып келишкен. Манас эпосу кагаз бетине түшүрүлгөндөн кийин анан аны канча сап айтты деген өлчөм менен айта турган термин жаралган.

Эпосто жаралган образдардын эң түптүүсү баатырлык образ болуп, ал Манас жана анын кийинки урпактарынын эрдиктеринен көрүнгөн, кыргыздын баатырлары намыс үчүн жаралып, намыс үчүн өлө турган кыргыз философиясы менен образ жаралган. Жан кетсе кетсин, намыс кетпесин деген акылман сөз кыргыздардын баатырларын белендеген. Кыргыздар

тарыхында баатырлыкты даража, мансаптан жогору коюп, эл ичинен ким баатыр, эр, алп, дөө, эрен, берен, нойон, таркан болсо, ошол эл башкарган, элге ээ болгон. Манас элден мурда Эр Манас деп аталган, эр деген сөз жөн эле эркек деген сөз эмес, ал өзүнчө мансап болгон, кийин анан башка элдер катары кан, каган деген аталмаларды кабыл алган. Баатырлык образдын эң башкысы Манас болуп, анын төрөлүшү бөтөнчө, өсүп-жетилүүсү өтө ылдам (тогуз жашынан баштап эр сайышка жарайт), денеси олбурлуу, жеген тамак ашы, суусундугу жөн адамдардан нечен эсе артык болгон (бир тайдын этин, нечен чанач кымызды бир маалкы оокатына жумшаган), уйкусу бөтөнчө (найза менен жамбашка сайса чымын чаккандай тоготпойт), Манас айкырганда чээнде жаткан аюунун өтү айрылат. Булар Манастын тышкы көрүнүшү, кыргыздар тозупбасынып жатканда мына ушундай бирөө керек болгон, аны эл өзү тапты. Баатырлык образдын эң бийик жери баатырлардын дөөлөр, алптар менен беттешкен жерлери эле. Манас эпосу баатырлардын образына мына ушуларды кошуп бере алган жана педагогикада бул сапаттарынын орду да маанилүү.

Манас эпосунда жоо жактын баатырлары аябай айлалуу, күчтүү болуу жагы менен Манас баатырдын баатырдыгы ачып берилген. Ал эми оң кейипкерлердин баатырлык образында андагы жетишсиздиктери, энөөлүктөрү, кенебестиктери көрсөтүлүп, баатырлык мүнөз айкын чыгарылган. Баатыр Манастан баштап, элден эң эле бөтөнчө адам катары каралганы менен кээде жөн эле карапайым адамдар катарындагы турмушжоруктары кошо берилип (алып айтсак, Манас чоролорунун атын отко коет, жубайы Каныкейге нече жолу таарынат), инсандык сапаттары көрсөтүлүп, элдин ичинен чыккандыгы анык байкалат. Эпосто мифтик (аңыздык) образдар берилип, дөөлөр, желмогуздар, сыйкырчылар, перилер, кайып болуу сыяктуу көрүнүштөр өтө кылдат берилген. Анын негизи кыргыз жомокторунан алынган. Манас эпосунда акылмандык образы көркөм берилген.

Манас эпосу кыргыз акылмандыгынын мөмөсү катары каралат. Мында бүт эле кыргыздардын кыялы, санаасы, тилеги чагылган. Манас баштаган акылмандар тобунун образы жаралган. Манастын акылмандыгы ал акылмандарды жанына чогулта алгандыгында. Алып айтсак, Балта, Бакай, Кошой, энеси Чыйырды сыяктуулардай көсөмдүк акыл катары чогултса, кийин Каныкей, Алмамбет сыяктууларды атайын кабылдап, өзүнө жаңы акылмандыктарды тарткан.

Манастын Алмамбетти кабылдашы азыркы замандын сөзү менен айтканда чоң жаңы техниканы, жаңы идеяны кабыл кылган менен барабар жумуш болгон. Эл аралык достукта кызматташтыкта болуу деген жакшы идеяны ушул жерде мисал катары көрсөк болот.

Семетейде да Бакай, Каныкей, Айчүрөк сыяктуу акылмандар тобу бар. Андан кийинки урпактарда, ошонун жолун жолдоп, баатырлык менен бирге акылмандык касиет болгон. Эпостун кайсыл эле баянынан болбосун, акылман, аяр, амалкөй, кыяр, манттуу, айлалуу, көсөм сыяктуу образдарды жолуктурганы болот. Андан бөлөк, сыйкырчы, изчи, төлгөчү деген сыяктуу мифтик акылмандар образы жаралган. Айтор, Манас акылмандарды, акылды даңазалаган эпос болгон.

Манас эпосундагы тил көркөмдүгү жаралган. Манас эпосунун тили кыргызга жалпы орток эле болуп калбай, кадыресе кыргыз тилинин көрөңгөсү деп каралат. Андан стилистикалык ыкмалардын өтө чоң үлгүлөрү берилген. Апыртуу, опсуз чоңойтуу менен, эсепсиз кичирейтүүнү чегине жеткирген. Окшотуусу бүт эле кыргыздын табият карашын көрсөтүп турган, кайталоо эпоско берметтей жарашкан, болуп да эпостун бирден бир өзгөчөлүгү бышкан, талкууланып туруктанган эпостук салттык саптар аябай көп болуп, алар жалпы эле угармандарды мойутуп келет. Эпосто өзгөчө мүчө жалгоо адаты сакталган (мисалы, баратыр, жатыры) келе бергени. Эпос бүт эле жорго сөздөр менен уйкаштуу айтылган.

Манас эпосунда элдик адабияттын үлгүлөрү бүт колдонулуп, көркөмдүккө каражат болуп берилген. Манас эпосунда кыргыздардын жөө жомоктору, санжырасы, макал-ылакабы, аңгемелери, айтор, бардык үлгүлөрү бар. Булар эпостун көркөмдүгүн белеске көтөрүүгө каражат болгон. Эпостогу ак тилектер, баталар, каргыштар, анттар эпоско табылгыс элдик материалдардан болуп эсептелет. Айтор, В.В. Радлов айткандай темирдин чамындысы магнитке жабышкандай кыргыз эл оозеки адабиятынын бардык нарктуу үлгүлөрү Манас эпосуна барып кошулат. Манас эпосунун көркөмдүгү анын обону жана жаңсоо аракети менен ачылган. Манас эпосу өзүнө гана таандык обон менен аткарылган. Анын обону баян мазмунуна карай өзгөрүп, ар бир сөздө ар бир обон түртмөктөп, куюлуштуруп чыгарып турат. Обонсуз айтканда, эпос көркөмдүгүнөн көрүнө албас эле. Манас эпосунун көркөмдүгүнө жарашкан дагы бир нерсе, аны айтканда жаңсоо, ымдоо, обдулуу сыяктуу аракеттер болгон. Бул чеберлик бүт эле Манас эпосунун көркөмдүгүнө тыгыз байланган.

Улуу Манас эпосун укпаган жана сүйбөгөн кыргыз баласы болбосо керек. Сөзгө ышкыбоз байыркы бабаларыбыз да эпостун эң оболку айтылышын угуп калышкан. Эпостун алгачкы башаты кыргыз элинин эр жүрөк баатырына арналган дастан болгону ырас. Манас эпосунун алгачкы айтыла баштаган доору жөнүндө илимпоздор ар кандай мезгилдерди божомолдошот. Кээ бири Манас баатыр окуясы эпос болуп б. з.ч. мезгилде айтылган, ага күн (гунн) доорундагы Адылдын (Аттиланын) жана башка эл, кол башчыларынын жоруктары, окуялары баяндалган дешет.

Айрым изилдөөчүлөр Манас эпосунун чыныгы окуялары жана алгачкы калыптанып айтылышы VI-IX кылым деп божомолдошот. Тарыхый жылнаамаларга, санжыраларга, элдик оозеки чыгармаларга сереп салсак эпостун накта жаралыш мезгили Энесайлык доор деген божомол ынанымдуу. Эпосто Барсбек каган (VIII к.) жөнүндө даңаза дастаны, Алп Сол Атанын (IXк.) эрдиги камтылган.

Манас эпосунун миң жылдап айтып келе жаткандыгы үчүн анын көлөмү да дүйнөлүк эпостордон бир нече эсе артык болуп турат. Манас деген ысымдын мааниси байыркы көчмөндөр арасында, манихейчиликте, будпарасчылыкта жана рун жазмаларында рухий ыйык түшүнүктү билдирген. Кыргыздарга Манас эпосунун бактысына буюрулушу жана кутысымдын келиши кокустук эмес. Манас эпосундагы бардык осуяттар, таалим-тарбия жөнүндөгү идеялар өлкөбүздүн ар бир атуулунун патриоттук сезимин ойготуп, элинин тагдыры үчүн жоопкерчилигин жогорулатып, жаш муундарга туура тарбия берүүгө жол ачат.

4. Макал-ылакаптардын тарбиялык мааниси

Макал-кыска, ритмикалык жактан чың уюшулуп, осуятчыл маанайда айтылган элдик оозеки поэтикалык чыгармачылык. Оозеки чыгармачылыктын бай жанры болгон макал-лакаптар ар бир элдин дүйнө таануучулук көз карашынан, тарыхый өсүпөнүгүү жолунан ошондой эле албетте, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша пайда болгон акыл-эстин жыйындысы экени көрүнөт.

Фольклордун башка түрүн айтууда көбүнчө атайын угуучу аудитория керек болот. Ал эми макал-ылакаптар адамдар ортосундагы диалогдордо кандай гана шарт, кандай гана кырдаал болбосун, кайсы темада сүйлөбөсүн өз орду менен колдонула берет. Макал-ылакаптар адеп-ахлактуулуктун этнопедагогикалык принциптерин туюнтат. Кээде айтыла турган ойдун ордун макал өзү эле аткарып калат. Ата-эне баласын тарбиялоодо макал-ылакапты колдонуу менен сөзүнүн маанилик деңгээлин көтөрүп, оюн терең, таасын, жеткиликтүү берип келишкен. Ошондой эле айтып жаткан ойдун чындыгы макал аркылуу да бекемделген. Макал-ылакаптар элдик оозеки чыгармаларда (жомок, поэма, дастан, эпостордо) өтө кеңири колдонулуп келген. Макал-ылакаптар орду менен колдонулган оозэки чыгармалардын баркы байымдуу, элге сиңимдүү болуп ооздон-оозго тез алымдуу болгон.

Макалда айтыла турган акыл, осуят сөз угуучунун өзүнө түздөн түз айтылат. Мисалы,

Эр элдин көркү, токой жердин көркү.

Эр жигит эл четинде, жоо бетинде.

Акылдуу элге тартат, акмак тууганына тартат.

Ат тойгон жерине качат, азамат туулган жерине шашат.

Балаң жакшы болсо — эл башы,

Жаман болсо — эл душманы.

Жер бай болсо, эл да бай.

Жер кени кенен, жакшы эли менен.

Элдүү түлкү ачка болбойт.

Эрдин баркын эл билет.

Көптүн тилеги көл болот,

Көп түкүрсө көл болот.

Жамандан жазган, иттен иймен.

Уят өлүмдөн катуу.

Чечинген суудан коркпойт,

Кезенген жоодон коркпойт.

Аңдышкан айыл болбойт, эсептешкен дос болбойт.

Жаман жолдош жоого алдырат,

Жаман сөз доого калтырат.

Жакшы көргөн досунан ат аяган жигитпи.

Ынтымак болбой, иш оңолбос.

Баатыр бир өлөт,

Коркок миң өлөт.

Жатаарда көп ичкен,жаман түш көрөт.

Оорунун жакшысы жок, дарынын ачуусу жок.

Бузулуп калган ашка, ачка болсоң да караба.

Аш турган жерде, дарт турбайт.

Адам аштан калса, күчтөн калат.

Сыпалык сырт кийимден, тазалык ич кийимден.

Таздан тарак сураба.

Оройммун деп сестенбе, айыкпайм деп шектенбе.

Ый — көздү, күйүт — көкүрөктү алат.

Соо болом десең — сергек бол.

Эмгектенүүгө мээнет кылууга, иштемчил болууга чакырган макал-лакаптардын дагы тарбиялык маани-маңызы зор. Эмгекте баланын максатка умтулуусу, эркинин бекемдиги, аракеттүүлүгү көзгө көрүнөт. Ата-эне балдарын, неберелерин үй-бүлөсүнүн пайдасы үчүн эмгектенүүгө аракет жасатса ошончолук жакшы болот. Эмгекте бала такшалат, эмгек процесси аң-сезимди калыптандырат, сулуулукка, чөйрөгө, жаратылышка, Мекенге болгон мамилелерин жөндөйт. Эмгек жөнүндөгү макалдарга төмөнкүлөрдү атаса болот.

Эл эмгегин жер жебейт.

Иштесең тиштейсиң.

Жаздын бир күнү бир жылга тете.

Эмгек адамдын үзүрү.

Жаз жарыш, күз күрөш.

Бак жемиши менен, адам эмгеги менен.

Адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен тааныйт ж.б.

Ал эми ылакап - дидактикалык акыл үйрөтүүчүлүк мүнөздө болуп кыйыр, каймана айтылат. Айтылчу ойдун чечмеленишин талап кылат. Мисалы,

Мурун чыккан кулактан, кийин чыккан мүйүз озуптур.

Айдаганы беш эчки, ышкырыгы таш жарат.

Бай союуга козу таппай, жардынын жалгыз улагын сураптыр.

Жаманды мактаса жардан алыс кетет.

Этиңди коюп, табагыңды таап ал.

Тарбиялоо процессинде макал-ылакаптарды колдонуу масштабы өтө кенен. Адам баласына тиешелүү болгон түрдүү сапаттар, акыл-эс, ден-соолук, илим, билим, мекен жаратылыш, жан-жаныбар, дегеле турмуштук категориялардын бардык аспектилери камтылган. Түрдүү тарыхый доорлордо коомдук, саясий өзгөрүштөргө карата жаңы тематикадагы макалылакаптар эл тарабынан жаралып келе жатат.

«Сөздүн көркү — макалда» дегендей кыргыз эли кылымдар бою сөз күчүн баалап, сөз кадырын билген эл болгон. Алар таамай айткан курч сөзгө жыгылып, же мактоо сөздүн таасири менен золобосу көтөрүлүп, эл алдында кадыр баркка жеткен. Ошондуктан эл «жакшы сөз жарым ырыс», «малга жарды кылса да, сөзгө жарды кылбасын» же «тил — кылычтан өткүр», — деп улуу тилдин, курч сөздүн баркын түшүнгөн. Макалдар элдин орошон акылынын, даанышмандыктын жыйындысы болгондуктан анын таанып билүүчүлүк ролу чоң. Философиянын негизги элементтеринин бири болгон

макаллакаптар аркылуу адамзатты туура жашоого, мазмундуу өмүр сүрүүгө тарбиялап келишкен.

Макалдар жана ылакаптар элдик педагогиканын эң активдүү жана кеңири тараган түрлөрүнүн бири. Эл өзүнүн көп кылымдык социалдык-тарыхый тажрыйбасын макал, ылакаптарга жалпылап, аны негизделген, учкул сөз түрүндө айткан. Көптөгөн муундар үй-бүлөлүк тарбиялоо практикасынан педагогикалык жагдайдагы бардык баалуулуктарды тандап алган жана сабак болорлук учкул сөз формасында туюнткан. Макалдар жана лакаптарда жаштарды адеп-ахлахтык тарбиялоого, жекече алганда эмгекчилдикке, коллективдүүлүккө, кайраттуулукка, улууларга урмат менен мамиле кылууга багыттоочу педагогикалык көз караштар топтолгон.

5. Кыргыз эл жомоктору маданияттын элементи катары

Педагогикалык элдик маданият кыйла деңгээлде элдик жомоктордо да топтолгон. Кыргыз эли элдик жомокторду жаштарга тарбия берүүдөгү, турмушту үйрөнүүдөгү маанисине карай өтө жогору баалап келген. Алар аркылуу жакшы сапаттар, жакшы мүнөздөр менен таанышышып, угуучуну патриоттуулукка, гумандуулукка, түрдүү кыйынчылыктарды жеңүүгө багытташкан.

Баланын жашында алган тарбиясы өмүр бою ага кызмат кылат. Эгер ал туура тарбия алган болсо, аны өмүр бою жагымсыз жагдайлардан сактайт. Бул тарбия, профилактикалык тарбиянын максатын аткарат. Жашында берилген тарбия баланын аң-сезиминен өчпөйт, өмүр бою эсинде калып, ага жол көрсөтүүчү катарында кызмат аткарат. Бала эки жашынан баштап жомок угууга жөндөмдүү болуп, кээ бир персонаждарды эсине сактап калат. Ошондуктан, аларга элдик жомоктордон айтып берүүнүн мааниси да чоң, Себеби, баланы толкунданткан образдарды жомоктордон көрөт. Жомокто

жамандык менен жакшылык күрөшөт, аягында жакшылык жеңет. Жомоктордо сөзсүз кеңдик менен тардык, чындык менен калп, түздүк менен ийрилик, ак менен каралардын ортосунда пикир келишпөөчүлүк болуп, баланын каалоосуна жараша чечилет, ал өз кезегинде алдын ала, туура ойлонгондугунун жеңиши болуп, келечекте жомоктогу терс көрүнүштөргө жакындабоо инстинктин жаратат. Кыргыз жомокторунда адамдардан тартып бардык айбанаттар, жанжаныбарлар атүгүл жансыз, буюм-терим, тоо, таштар каарман боло беришет. Жан-жаныбарлар адамча сүйлөйт, акыл кошот, алдайт, алданат Ак же карасанатай иштерди жасоосуна карата угармандарда оң же терс каармандык келип чыгат да салыштыра алышат. Элдик жомоктордун идеялык тазалыгы көрүнүп турат Анын социалдык манызы түшүнүктүү жана жөнөкөй. Элдик даанышмандыктын жаратуучулары анын социалдык таамайлыгынан коркушкан эмес. Анын поэтикалык дараметине баа беришкен. Ошондуктан элдик жомоктор, аңгемелер, ырлар өзгөчө бир касиетке ээ. Алардын катуу поэтикалык таасири болуп, ошол себептүү, чоңдунбу, баланынбы рухий дүйнөсүн козгойт, толкундантатып өз Дүйнөсүнө сиңирет. Элдик жомоктордун баалуулуктары жана тарбиялык мааниси мына ушунда турат.

Кыргыз фольклорунун тутамында ар түрдүү мүнөздөгү түрдүү формадагы көркөм жомоктор бар. Бул жанр дүйнө элдеринин бай тажрыйбасына таянып негизинен:

1. Турмуштук жомоктор.

2. Кереметтүү жомоктор.

3. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор.

4. Анекдоттук, сатиралык жомоктор. — деп бөлүнүп жүрөт.

Жомоктордогу каармандардын мүнөздөмөлөрү, алардын жорук-жосундары, кулк-мүнөздөрү дароо эле, алардын жомокто адеп аталган учурупан тартып эле ачык айтылат. Турмуштук жомоктордун тарбиялык

мааниси зор. Турмуштук жомоктордон мисалга алсак, «Акылдуу дыйкан», «Жеке таз менен жети таз», «Аккөңүл менен Каракөңүл», «Өнөр үйрөнгөн бала», «Эки бир бир тууган», «Койчу менен Карадөө», «Жалкоо аял», «Амалдуу кедей», «Акылман казы», «Чынчыл чыпалак» ж. б.

Кереметтүү жомоктор тээ байыркы мезгилде пайда болгон жана дүйнө таануунун мифтик мүнөзүн туюнтат. Мындай жомоктордо адамдын өзүнө каршы күчтөрдү жеңиши, элдин жакшы турмушка умтулуусу жөнүндөгү кыялдары чагылдырылат.

Кереметтүү же сыйкырдуу жомоктордун каармандарына өзгөчө күчкө, билгичтикке ээ болгон укмуштуу көрүнүштөр жардамга келет. Бирок, ошол эле учурда булар каармандын ролун төмөндөтпөйт, анын кадыр-баркын кемитпейт. Мына ушунусу менен сыйкырдуу жомоктор зор тарбиялык мааниге ээ болот. Алар адатта кишинин ойлогон максатка жетиш үчүн ар дайым баамчыл, шамдагай, эр жүрөк болуу керектиги жөнүндөгү ойду бекемдейт.

Ушул жагдайга мүнөздүү жомоктор: «Рум падыша менен Турум падыша», «Карач баатыр»,«Алтын куш», «Өнөрлүү бала», «Сыйкырдуу сака», «Жээренче чечен менен Алдар көсөө», «Кемпирдин жети баласы» ж.б.

Элге кеңири тараган жомок-аңыздардан «Толубай сынчы», «Жээренче чечен», «Акыл Карачач», «Алдар көсөө» сыяктуу каармандардын ылакап аттары алар тууралуу жомоктордун аттарына айланган жана муундан муунга жетип, кылымданкылым карытып, угуучулардын аң-сезимине биротоло сиңип калган.

Ал эми жаныбарлар жөнүндөгү кыргыз жомоктору көбүнчө притча же тамсил түрүндө кездешет. Мисалы, «Арстан күчүгүн асыраган мышык» аттуу жомокто, өлүп жаткан арстандын жетим калган күчүгүн багып чоңойткон мышыкты чоңоюп алган арстан жемекчи болгондо талдын башына чыгып аман калат. Мышык бир акылын арстандын күчүгүнө үйрөтпөй койгонуна

сүйүнүп «кулкунуңдан коркуп үйрөткөн жок элем, аным акыл болуптур» дейт. Ошондон улам элде «Кулкуну жаман куурататат» деген макал калыптыр деп жыйынтык чыгарылат.

Жаныбарлар жөнүндөгү жомоктордо жырткыч, кара мүртөз, боорукер, амалдуу, айлакер жана башка сапаттар кайсы бир жаныбарларга берилип, бири-бирине адамдар ортосунда болгон мамиледей эле мамиле жасашат. Жомоктордо ар түрдүү адамдык кемчиликтер жана жетишпегендиктер шылдыңдалат, айыпталат.

Жомокторду бул жомок балдардыкы, бул жомок чоңдор үчүн деп бөлүүгө болбойт. Бала жарык дүйнөгө келип, бой жетип, өз алдынча жашоого жеткенге чейинки убакта ал эне менен өтө жакын болот. Баланын жан-дүйнөсүндө кандай өзгөрүштөр болуп жатканын эне биринчи сезип, туят. Турмуштун бардык жол-жобосун эне үйрөтөт. Ата аны толуктап, сырттан көзөмөлдөйт.

Ар дайым эмгек даңкталып, жалкоолук айыпталып, инсандын асыл адеп-ахлактык сапаттары мактап ырдалып, ар дайым акыл жана акыйкаттыктын жеңгендиги жөнүндөгү жомоктордун тарбиялык мааниси баа жеткис болуп саналат.

Кыргыз жомоктору айкын туюнтулган тарбиялык мүнөзгө, сабак болорлук мааниге ээ. Өтө көркөм жомоктордо адеп ахлактык идеалдар абдан күчтүү жана даана туюнтулгандыктан, аны уккандар ал жомоктун каармандарынын иш-аракеттери менен кылык-жоруктарын бүтүндөй өздөрүнө сиңирип алышат.

Жомоктор баладагы баалуу сапатты - чыгармачыл баамдоосун өнүктүрөт. Балдар жомок угуп, айтып берип жана өздөрү жомок ойлоп табуу менен көп нерсени ойлонушат, баамдашат, ар дайым эмгекчилдик, акыйкаттыкты жеңип чыгуучу турмуштук жагдайлар менен өзөктөш байланышта келип чыгуучу образдарды түзүшөт.

Кыргыз жомоктору салттуу-улуттук сезимдерге тарбиялоого жана өстүрүүгө багытталган. Жомоктордо кыргыздардын көчмөндүк турмушу (боз үйдө жашоо, анын жасалгалары ж.б.),негизги жасаган иштери (мергенчилик, малчылык ж.б.), улуттук тамактары жана суусундуктары (беш-бармак, айран, кымыз) чагылдырылган.

Элдик юмор менен сатира да кыргыз жомокторунда бар. Ал коомдун жана анын айрым өкүлдөрүнүн кемчиликтери менен терс жосундарын келекелейт. Кыргыздар бала тарбиялоодо элдик оозеки адабиятынын «терс» образдарынан пайдаланышкан. Алар аркылуу балдардын чочулоо, коркуу сезимдерин ойготушса, ал эми баатырдык «оң» образдар аркылуу күжүрмөндүүлүккө тарбиялашкан.

Бала тарбиялоодо кыргыздар элдик макалдардан, насыят, үлгү ырлардан, жаңылмачтардан, табышмактардан, элдик оюндардан, жомоктордон кеңири пайдаланышып, алардан мисалдар келтиришип, талкуулашып, жыйынтыктарын айтып келишкен. Элдик чыгармалардын таасиринен ар бир бала сыймыктанып, күжүрмөндүүлүк, кайратмандык тарбиясын ала тургандай деңгээлдеги бийиктикке жеткиришкен. Атаэнелердин, чоң ата-чоң апалардын, акын-жазуучулардын, баатырлардын айткандары балдардын аң-сезимдеринде «ташка тамга» баскандай болуп калган.

Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:

1.Фольклор дегенди кандай түшүнөсүң?

2.Кыргыз элинин оозэки көркөм чыгармачылыгы жаш муундарды тарбиялоодо кандай роль ойнойт?

3.Кыргыз эл жомоктору - маданияттын элементи экенин далилдегиле.

4.Макал-лакаптардын тарбиялык мааниси, күнүмдүк жашоодогу орду кандай?

5.Кыргыз элиндеги эпостордун бүгүнкү күндөгү тарбиялык маани-маңызын ачып көрсөткүлө.

Өз алдынча даярдануу үчүн адабияттар:


1.Азаров Ю.П. Педагогика свободы и любви. - М., 1995.

2.Балдар фольклору. «Эл адабияты» сериясы, 20-т., Б., 2003;

3.Бим-Бад Б.М. Воспитание человека человеком: начала антропологии. -М.,1994.

4. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учебник. - М., 1999.

5. Петрова Т.Н. Народная педагогика. - Чебоксары, 1999.

6. Цаллагова З.Б. Этнопедагогическая афористика. - М.,1999.

7. Франк С. Смысл жизни. - Минск, 1992.

# VIII. ЭЛДИК ООЗЕКИ МУРАСТАР ЖАШТАРДЫ ДЕМОКРАТИЯЛУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН КАРАЖАТЫ

1. «Манас» эпосунун жаш муундардагы демократиялуулук сапаттарды калыптандыруучу күчү

2.Адабий мурас калтырган ак таңдай заманчы-акындар (Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Жеңижок ж.б.) жана демократ-акындар (Токтогул Сатылганов, Тоголок Молодо, Барпы Алыкулов, Калык Акиев) чыгармачылыгындагы демократиялуулук жөнүндөгү ойлордун чагылдырылышы

## 1. «Манас» эпосунун жаш муундардагы демократиялуулук сапаттарды калыптандыруучу күчү

Өз улуттук кыртышынан өнүп чыкпаган, өзөк тамырына жана тарыхый тажрыйбасына таянбаган бир дагы өлкө, дегеле гүлдөгөн мамлекет боло алган эмес, боло да албайт. Келечек тууралуу ойлонгондо муундан муунга мурас болуп келген маданий уюткубузга кайрылбасак болбойт. Биздин тилегибиз, ниетибиз, аракетибиз тарыхтан таалим үйрөнүп, өткөндөн үлгү

алар өрнөктөрүн өздөштүрүп, аларды бүгүнкү күн менен байланыштырууда турат.

Элдик оозеки чыгармаларды элдик педагогиканын негизги булагы катары карап, педагогика илиминин ири тармагы — этнопедагогикага негиз салган чуваш окумуштуусу Г.Н. Волковдун пикири боюнча да «элдик оозеки чыгармачылык элдик педагогиканын тереңинде жаткан элдин акыл жана күчүн, анын нравалык идеалдарын алып жүрүүчү катары педагогикалык каражат боло алат» - деп белгилеп кеткен.

Ошондой эле педагогика илиминин элдик педагогика тармагына олуттуу салымын кошкон академик А.Э.. Измайловдун аныктоосунда: «Элдик педагогика —эл массаларынын тарыхый жана социалдык тажрыйбаларынан улам жаралып, практикада текшерилип тастыкталып, муундан-муунга оозеки өтүп келген эмпирикалык билим, көндүм, ыкмалардын тутуму» деп тастыктайт.

Аларды утурлай кыргыз этнопедагогикасына ири салымын кошкон окумуштуулардын бири Н.И. Имаева өз пикиринде элдик педагогиканы: «...Бир жагынан элдин оозеки педагогикалык чыгармачылыгы, ал эми экинчи жагынан өсүп келе жаткан муунду тарбиялоодогу практикалык ишмердүүлүк...» деп карайт. Ошондой эле анын пикиринде: «Элдик чыгармачылык тарбия тармагындагы жалпыланган элдик тажрыйбаны чагылдырып, тарбиянын элдик теориясынын жана практикасынын негиздерин ачып көрсөтөт».

Ошондой эле А.Алимбековдун аныктоосунда: «...элдик фольклор өзүнүн интеллектуалдык, этикалык, эстетикалык баалуулугу менен ошол элдин рухий керектөөлөрүн канааттандырат жана инсандын өз улутуна карата сыймыктануу сезимин калыптандырат».

Мына ошондуктан, бүгүнкү жашообуздагы эң керектүү болгон демократиялуулукка тарбиялоонун башаты мына ушул улуттук маданиятыбыздан башталарын ачык далилдөө мүмкүнчүлүгү бар.

«Манас» эпосунун жаш муундардагы демократиялуулук сапаттарды калыптандыруучу күчү. Байыркы Кытай концепциясынан кемкалышпаган «Манас» кыргыз элинин тарыхый жана руханий байлыгы гана эмес, бүгүнкү абалды туюнтуп-түшүнүүгө жана эртеңкисине көз чаптурууга мүмкүнчүлүк берүүчү улуу ``'эпос десек жаңылышпайбыз, Эпосту үңүлө окуп, терең катмарларына катылган сырларын чечмелөө-кыргыздардын тарыхта жана табийгатта ээлеген ордун түшүнүүгө көмөк берет. Чындыгында «Манассыз» кыргыздарды элестеттүү да, билүү да кыйың.

Кыргыз элинин рухий маданиятынын туу чокусу, «күзгүсү» жана турмуш-тиричилиги менен баскынчыларга каршы күрөштөрүнүн көркөм энциклопедиясы болуп эсептелген «Манас» трилогиясынын биринчи бөлүмүндө уруулук коомдун акыркы стадиясы жана таптык коомдун алгачкы этабы болуп саналган аскер демократиясынын доору чагылдырылган -деп белгилейт З.Ч. Мамытбеков.

Демек, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүндө демократиянын көрүнүшү көчмөндүү турмуш, социалдык-экономикалык жагдай, ички жана сырткы душмандардан коргонуу калктын биримдигин, эркиндигин сактоо аракеттеринде элге баш боло ала турган кеменгер жана даанышман жол башчынын керек экендигин билдирет. Түрдүү элдердин өкүлдөрү тарабынан иштелип чыгып, бүт адам баласына таандык болгон мыкты көркөм табылгалардын жалпы казынасына кыргыздар кошкон салымдын көрүнүктүүлөрүнүн бири «Манас» эпосу. Ал ата-бабаларыбыздын урпактарына калтырган ыйык мурасы, элибиздин улуттук сыймыгы. Казактын улуу окумуштуусу Ч.Валиханов «Манасты» «кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы», кыргыз элинин залкар жазуучусу Ч.Айтматов «Кыргыз рухунун туу чокусу» деп аныкташкан сыяктуу, көптөгөн

окумуштуулар анын кеңири мазмунуна, терең идеясына, кол жеткис бийик көркөм деңгээлине бекеринен жогору баа беришкен эмес. Бул боюнча филология илимдеринин доктору Р.З.Кыдырбаева: «Манас» эпосу кыргыз элинин тарыхын гана эмес, анын турмушунун, жашоо-тиричилигинин түрдүү жагын: этникалык курамын, чарбасын, күндөлүк тиричилигин, салт-санаасын, адепахлагын, эстетикалык табиятын, жүрүм-турумунун жолжобосун, адамдык оң-терс сапаттар жөнүндөгү бааларын, айлана-чөйрөгө, жаратылышка карата мамилесин, көз карашын... кеңири арымда чагылдырган нукура элдик чыгарма» - экендигин да белгилейт.

Жогорудагыдай пикирлерден кийин «Манас» эпосунда демократиялуу билим-тарбия берүүнүн дагы бардык жагдайлары камтылгандыгын аныктоого болот. Аларды биз төмөндөгүлөр сыяктуу көп мисалардардан көрө алабыз.

«Манас» эпосунун ар эпизодунан элибиздин тоо сууларындай шаркырап, кээде ээ-жаа бербей кеткен эркин духунун, кимдин алдына келсе сыпайгерчилик үчүн башын ийсе да белин бүккүсү, башкалардын алдында инсандык беделин түшүргүсү келбеген, кандай кыйынчылыктар болбосун, атүгүл өлүм алдында жатса да дайыма «жакшы» деп жооп берген бийик рухунун, намыс үчүн оттон, суудан кайра тартпаган кашкөйлүгүнүн илеби сезилип турат.

Кыргыз демократиясынын негизги принциптери «Манас» эпосунан кеңири орун алган. Эзелтеден элибиз маанилүү чоң же кичине маселелерди чечүүдө өз ара түшүнбөстүктөр болбосу үчүн уруу башчылары, кошундун жетекчилери бир бүтүмгө келээрде, калк арасындагы кыраакы адамдар жана жалпы журт менен акылдашып, ар ким өз пикирин айткандан кийин бир чечимге келүү — эпостогу негизги көрүнүштөрдөн. Мында кеңешчилердин тектери, аял, эркектиги эмес, акыл кошконго жөндөмдүүлүктөрү гана эске алынган. Мисалы, Манастын жентек тою, ага ат коюу, кыргыздарды Алтайдан Ала-Тоого көчтүрүү, Акунбешимге каршы жүрүш жасоо,

Көкөтөйдүн ашын өткөрүү сыяктуу ж.б. маселелерди айланасындагылар менен акылдашылып, ар кандай карама-каршы сөздөр айтылгандан кийин чечилет. Ал эми элдик кошундун ичиндеги өз ара нааразылыктар, маселен, кошундун айрым бөлүгүнөн «тентиген Кытайды хан көтөрүп салдык, эми бул кимди оңдурат» деп Алмамбетке нараазы болгондору, Алмамбет менен Чубактын, Ырчы уул менен Бозуулдун ортосундагы чатактар, уруу башчыларынын ортосундагы түшүнбөстүктөр ж.б.у.с. дайыма маңдай — тескей отуруп сүйлөшкөндүк бүгүнкү күндүн тили менен айтканда демократиянын жардамы менен чечилген дегендикти билдирет.

Манас Каныкейге үйлөнөөр алдында Алмамбет Манаска анын мурда тандагандары жакшы аялдардан эместиги жөнүндө айтып, үчүнчү жолу үйлөнүүгө кеңеш берет Башка элдердин салттарында хандарына элдин көзүнчө жогорудагыдай сөздөрдү айтуу өзүнө өлүм жазасын сурап алганга барабар болмок. Бирок, Манастын айкөлдүгү өзүнүн дарегине гана эмес, үй-бүлөсүнө кандай ачуу сөздөр айтылбасын аны мыйзам ченемдүү нерсе катарында кабыл алып, ага терикпестен көтөрүмдүү мамиле кылгандыгынан көрүнөт. Эгерде элдик традициялуу демократияга каршы туруп, жогорудагыдай ачуу сындарга чычаласа же катуу айткандарды кектей турган болсо, анда ал баатыр катары эсептелмек эмес. Демек, кыргыздардын байыртадан келаткан «баатыр» деген түшүнүгү сайышта, чабышта өзгөчөлөнүү гана эмес, көпчүлүктүн ыркына көнүп, кеп көтөрүмдүү, сабырдуу болуу керек дегенди билдирет. Анткени, баштарынан көп нерселерди өткөрүп, дайыма кылычтын мизинде, найзанын учунда жашап келген эл өзүнүн тажрыйбасына ылайык сабырдуу, кечиримдүү болмоюнча эл арасында ынтымакты, биримдикти камсыз кылууга болбой тургандыгын терең түшүнүп жана ага карата жашоо-тиричилигин жүргүзүп келген.

Кыргыздарда эл башкарууда, ички, тышкы иштерди жүргүзүүдө элдин эрки, көпчүлүктүн пикири дайыма биринчи орунга койуу сыяктуу демократиялык салттар жашап келген. Муну биз эпостогу хандарды шайлоо

салттарынан көрөбүз. Эпосто хандыкты тартып алып, бийиликти жеке кызыкчылыктарына колдонуу көрүнүштөрү жок. Ким хан болуп шайланбасын аны биринчи кезекте түйшүктүү оор милдет, жоопкерчилик катарында кабыл алуу табигый мыйзам ченемдүү нерсе катары түшүндүрүлөт. Ошондуктан сараңдыгы жагынан атагы чыккан Жакып да хандыкка:

«Карыганда хан бол, -деп,

Калабага салбаңар,

Каралдым турса кашымда,

Карып калган жашымда,

Убалына калбаңар» - деп кыйылып жатып араң макул болот. Ушундай эле себептен Үрбү да хандыктан баш тартат. Мындан биз кыргыз элинде хандык атадан балага өтчү мурас катары эмес, эл ишенимин актай ала турган, жалпы калктын купулуна толгон, анын нарк-мүдөөсүнө жооп берген адамды жалпы демократиялуулуктун негизинде тандоо, же шайлоо болгондугун көрүп турабыз. Манас хандыкты, лидерликти эч качан күч колдонуп, же куулукка, амал-айлакерликке салып алган эмес. Ал алгач он төрт жашында курдаштарынын талкуусуна коюлуп, 84 баланын ичинен төрөлүккө шайланат. Кийин да чечүүчү мезгилдерде дайыма элдин талкуусуна коюлгандан кийин гана хандыгын ырастап, бийлик ыйгарымын узартып турган. Кыргыздарда хан же кол башчы шайлоодо анын ата-теги эмес, талапкердин жекече инсандык касиеттери, сапаттары негизги өзгөчөлүк болуп саналган. Буга мисал катарында Кытайдан ооп келген Алмамбеттин Бакайдын ордуна хан болуп шайланып, чоң казатты жетектөөсүнөн көрсөк болот.

Дагы бир мисал катарында эпосто адамдардын жекече инсандык укуктарын, эркиндиктерин сактап, урматтоо да чоң орунду ээлейт. Эпостун эч жеринде Манастын кошундары тарабынан жеңилгендерди кордоп, кемсинтип, жазалаган учурлар кездешпейт. Тескерисинче, Манас Шоорук

ханды жеңип, тартуусуна отуз кыз алганда, ал кыздарга каалаган жигиттерин өздөрү тандап алганга мүмкүнчүлүк берет.

Отодогу отуз кыз

Кыдырата карашып

Кыздар карап тек турду

«Каалагын» -деп, бир-бирин

«Сен каалагын!» - деп турду.

Текестин кошунун жеңип, жерин ээлегенде Манас аскефлерине жеңилгендердин мал-мүлкүн, дүнүйөлөрүн талаганга катуу тыюу салып, Кытайдын элин чогултуп, өздөрү каалаганын хан шайлап алууларын сунуш кылат.

Көтөрүп тууду байла, -деп

Көпчүлүк каның шайла, -деп

Көк жалың Манас айтты кеп.

Манас үчүн тышкы жеңиштерге караганда элдин ички ынтымак, биримдиги, кошундун санына караганда сапаты маанилүү болгон. Ошондуктан ал аскерлердин материалдык мүмкүнчүлктөрүнө, инсандык сапаттарына жараша мамиле жасоого аракеттенген. Чоң казатка аттанып жатып, жоокерлерине «аты-тонуңар толук эместер, каалабагандарыңар кайткыла» деген өтүнүч менен кайрылат. Анткени, ал чоң казаттан көпчүлүгүнүн кайтып келбесин, аты-тону, ден соолуктары начарлар жолдо эле чыгымга учураарын жакшы түшүнөт. Ошондуктан өз кошунундагыларынын бөөдө жоготууларга учурап, анын айынан эл арасында нааразычылыктар күчөп, биримдикке доо кетишин каалабайт. Ал курал-жарагы, аты-тону шай болуп, өз өмүрүн алдын-ала тобокелге салганга даяр тургандар менен гана жүрүшкө чыга тургандыгын билдирет.

Кайтуучуңар кайтасың,

Кайтабыз деп айтасың.

Калуучулар каласың

Тобокелге саласың -деп алдыдагы кыйынчылыктарды жашырбай ачык айтып, кайсынысын тандоону инсандын өз эркине калтырат Мындай адамдардын укуктарын, эркиндиктерин сыйлоо демократиянын барып турган жогорку формасы экендиги баарыга белгилүү. Ушундай айкөлдүктү мындан нечендеген кылымдар мурдагы баяндардан түгүл, цивилизациялуулугу өсүп-өнүгүп, адамдын укуктары, эркиндиктери ашкере даңазалаган XX кылымдагы согуштардын тарыхынан деле табуу кыйын.

«Манас» эпосунда Манастын тегерегинде акылман эрлердин катарында алардан эч кем калышпаган кеменгер аялзаттардын өзүнчө бир галереясы да түзүлгөн. Алардын ичинде айрыкча бөлүнүп тургандары албетте, Алмамбет менен Манастын энелери - Чыйырды менен Алтынай, кудай кошкон жубайлары - Каныкей менен Арууке, кыраан баатыр кыз Сайкал сыяктуу кайталангыс каармандар. Айкөлдүн жан шерик жарынын жайын айтсак, «атадан бетер ар качан, арка болот Каныкей, иниден бетер белсенип, иш бүтүрөт Каныкей». Мындан кыргыз элинде аял-эркектердин ортосундагы укуктук мамилелерге өзгөчө көңүл бурулгандыгын баамдайбыз.

Укуктук жана демократиялык системага өтүп жаткан мезгилде, эгерде Кыргызстанда демократия төмөнтөн, калайык Калк турмушунун түпкүрүнөн чыккан элдик бийлик менен колдоого алынбаса, анын боосу бек, Түбөлүгү түз болбой тургандыгын түшүндүк. ул акыйкат д:үйнөлүк Тажрыйбадан өзүбүздүн саясий маданиятыбыздын Өзгөчөлүкөрүнөн. дегеле бүтүндөй бүгүнкү жашоо турмуш жагдайынан келип чыгууда. Анткени «элдик педагогиканын башкы касиети - демократиялуулук. Чындыгында, эл, элдүүлүк, демократия - мазмуну бирдей өтмө катыш, түгөй түшүнүктөр».

Мына ошондуктан, ата-бабаларыбыз бул маселеге миң жылдар илгери эле кайрылган. Манас элге:

Калайык калың көзмө-көз

Баарың мында турасың

Зордугуң болсо кечип кой

Оолуккан сөзүм бар болсо,

Ордолуу журтум кечип кой»деп кайрылып, айкөлдүн элин ушунчалык урматтаары жана бийик тутаарын белгилейт. Муну менен коомдогу элдин орду аныкталат. Бардык иште эл өзү чечим кабыл алат. Элдин ою, элдин пикири ар дайым бекталат. Бирок элди туңгуюкта туура жолго салуу үчүн калк арасынан акылмандыгы менен иргелип чыккан Бакай сыяктуу, эл өзү тандаган көсөмдөрү керек экендигин көрсөтөт.

Илгертен эле биздин ата-бабаларыбыз укук жана адеп нормаларын бузган, турмуштук эрежелерди сактабаган адамдарды жөнгө салып, тарбиялап, керек жерде туура эмес кылыктары үчүн жазага да тартышкан. Бул иш эл тарабынан кабыл алынган аксакалдар кеңеши аркылуу ишке ашкан.

Булар аркылуу «Манас» эпосу кыргыз элинин духунун, рухунун гана күзгүсү, элибиздин көп кылымдык тарыхынын энциклопедиясы гана эмес, ал улуттук демократиялык традициянын, анын эволюциясынын, тарыхынын күзгүсү экендигин баса белгилеп кетүүнү ылайык көрөбүз. Эпостогу элибиздин улуттук демократиясынын чагылдырылышын көркөм дөөлөт катарында гана көрүү эмес, аларды бүгүнкү турмуштун талабына жараша жаштарды тарбиялоодо тарыхый көрүнүш жана баа жеткис каражат катарында караобуз абзел.

2.Адабий мурас калтырган ак таңдай заманчы-акындар (Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Жеңижок ж.б.) жана

демократ-акындар (Токтогул Сатылганов, Тоголок Молодо, Барпы Алыкулов, Калык Акиев) чыгармачылыгындагы демократиялуулук жөнүндөгү ойлордун чагылдырылышы

Эркиндик, тең укуктуулук урааны кыргыздардын да прогрессивдүү саясий-философиялык өкүлдөрүнүн ой-пикирлеринде да чагылдырылат. Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгында элдин, журттун акыйкаттык, теңдик маселелерине арналган көптөгөн ойлор, пикирлер камтылган. Бай-кедейлер, ак-кара, жамандык-жакшылык туурасында заманчылар менен катар эле демократ-акындар да чыгармаларын жаратышкан. Себеби ушул улуу сөздөрдүн чеберлери өздөрүнүн чыгармачылыгы аркылуу ачыктыкты, турмуш чындыгын, реалдуу абалды так, таамай көрсөтө алышкан. Ушул багытта элибизге адабий мурас калтырган ак таңдай акындарыбыздын эң күчтүү өкүлдөрүнө бийлик тарабынан ишмердүүлүгүнө баа берилбей келген заманчыакындардын катарына Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Жеңижок ж.б. кирет. Булар кыргыздардын санаат-насаатчы акындарынан болгон. Алардын муңайым маанайдагы чыгармаларында кыргыз коомчулугун титиретип турган феодалдык чыр-чатактар, байлардын зомбулугу, карапайым элдин турмушу таасын чагылдырылган.

Андан тышкары бул маселелер кыргыз оюнун тарыхында өздөрүнүн көөнөрбөс мурасын калтырган демократ-акындар Токтогул Сатылганов, Тоголок Молодо, Барпы Алыкулов, Калык Акиевдин чыгармаларында да чоң орун ээлеген. Алар жардыжалчылардын кызыкчылыгын көздөгөн Совет бийлигинин орношун зор кубаттоо менен тосуп алышкан. Алардын кийинки чыгармачылыгы эркиндик, теңдикке жетишкен кыргыз элинин бакубат турмушун чагылдырууда өткөн. Бул акындардын ырлары, асыл кенчтер катары алардын өмүр жолдору менен тыгыз байланышта жаралган. Дал мына ошондуктан алардын мааниси ого бетер кеңири ачылып, түбөлүктүүлүккө, өчпөстүккө айланган. Төкмө ырчылардын чыгармалары профессионал жазгыч акындардыкына салыштырганда өздөрүнүн өмүр жолуна көбүрөөк

байланыштуу болот. Себеби, алар көбүнчө өздөрү көрүп, өздөрү аралашып, өз баштарынан өткөрүп жаткан турмуш чындыгын дароо эле ошол учурда өзүнчө ырдап чыгышат. Чоң таланттуу төкмөлөр өзү аралашкан чындыкты ырдаганда да ошол заманга мүнөздүү көрүнүштөрдү терең жалпылоолордон өткөрүп, чоң философиялык ой толгоолорду айтышат. Ошондой эле өмүр баянына көбүрөөк байланышта ой жүгүртүп, өз баштарынан өткөн чындыктар аркылуу турмушка, дүйнөгө баа берүү төкмө ырчыларга өтө мүнөздүү өзгөчөлүк. Төкмө ырчылардын өмүр баяндарында тиешелүү «ачыктык» жоктон табылган көрүнүш эмес, ал негизинен коомдук турмуштун шартына жараша калыптанган чыгарма жаратуунун өзгөчө бир жагдайларына байланыштуу келип чыккан закончөнемдүүлүк десек болот. Мисалы, кыргыз элине гана эмес, казак элине да аттын кашкасындай белгилүү ойчул-насаатчылардын эң алгачкыларынын өкүлү Калыгул Бай уулу (1785-1855). Калыгул өзү тектүү жердин тукуму болсо да, жакыны Ормондун казактар менен кагышып, бугу уруусу менен чабышып, өз уруусуна көрсөткөн кордугун: «Ой иним, Ормонум, жеген менен тойбодуң, кой дегенге болбодуң, акыры сен оңбодуң» - деп, хандыгына карабай бетине айта ырдаган. Калыгул катарлаш, канатташ жашаган элдерди ар дайым бейкуттукта, бир максатта, бир тилекте бир ата-эненин балдарындай ынтымактуу жашашы үчүн Кокон ордосуна, казактарга элчилике барып, ар кандай талаш-тартыштарды басууга көп аракет кылган.

Эркиндик, тең укуктуулук урааны, элдин, журттун акыйкаттык, теңдик маселелерине арналган көптөгөн ойлорун, пикирлерлерин камтыган дагы бир кыргыздын прогрессивдүү саясий-философиялык өкүлдөрүнүн бири, акын Арстанбек Буйлаш уулу (1840-1882). Ал өзүнүн кыска өмүрүндө кыргыздын башына түшкөн бир топ мүшкүлдөргө күбө болгон. Кокон хандыгынан элдин эзилгендигин, Бугусарбагыш чабыштарын, Кенесарынын элге жасаган чабуулун, падышачылык Россиянын кыргыздарга кылган колониялык саясатынын четин көргөн акын «Тар заман», «Керээз», «Терме», «Санат»,

«Арман»ж.б. ырларында кыргыз элинин салсанаасынын, үрп-адатынын, адеп-ахлагынын бузулгандыгына өксүгөн, элди ынтымакка, сабырдуулукка үндөө менен...

Ушул заман тар заман,

Азуулуга бар заман.

Бечарага зар заман - деп элдин укуксуздугун, коомдук мамиленин адилетсиздигин көрсөткөн. Ошону менен бирге айлана-чөйрөдөгү кырдаал элдин пейилин бузулушуна алып келгендигин кейип ырдаган.

Сөз берметин шурудай тизген ак таңдай акын, насаатчы Жеңижок (Өтө) Көкө уулу (1860-1918) — элдин эркиндигин эңсеп, коомдогу адилетсиздикти, паракорлукту, ач көздүктү, акыйкатсыздыкты ашкерелеп, жек көрүп ырдаган. Адамдын адеп жагынан туура калыптануусундагы айлана-чөйрөнүн ролун туура түшүнүп, элдин «Ырыс алды ынтымак»деген накыл сөзүнүн педагогикалык идеясын ачып:

«Жамаатың жакшы болгон соң

Ырыска ыктоо эл болот.

Каршылашып жоо келсе,

Биригип каптай сел болот» — деп Кыргыздын башка эл менен болгон байланышындагы мамиле да, жоокерчилик, кырсык болсо да, жокчулук болсо да ошол ынтымак аркылуу чечилерин белгилеп келген. Ал эми ынтымагы жок аймакта, бири-бири менен чабышып, кол чогултуп бири-бирине каршы жамандыктар жасалып, жаматтарда жер талаштар болуп азамат өмүрү кыйылган учурлар өткөн жана бүгүнкү тарыхыбызда маалым.

Коом турмушундагы ар кандай окуяларга, чындык Көрүнүштөргө өзүнүн объективдүү баасын берип, чоң социалдык жылпылоолорду көркөм сөз аркылуу айта билүү деңгээлине жеткен улуу ойчул акын катары Токтогул Сатылгановду белгилөөгө болот (1864-1933). Ал өзүнүн ырларында жалпы

эле ырчылардын ошол теңсиздик доорлордогу коомдук-социалдык абалы кандай болуп келгенин ачык элестеттүү менен бирге, ар бир чоң ырчынын тагдыры кандай болуп келгенин ачык элестетүү менен бирге, ар бир ырчынын тагдыры кандай болгонун конкреттүү мисалдар менен далилдеп көрсөткөн. Мисалы, чындыкты айткандыгы үчүн Музооке деген ырчынын манаптар тарабынан набыт болгондугун Токтогул мындайча элестетип ырдаган:

Музооке булбул ырчыны,

Сарбагыш, солто талашкан

Союл тийип башына,

Суу ордуна кан аккан.

Жети күн тилсиз жаткан дейт,

Башындагы жараттан.

Мурунтан бери ырчылар,

Кордук көрдүк манаптан

Ырчылык өнөр жеке бир адамдын гана эмес, жалпы элдин кастарлай турган маданий кенчи болгондуктан, анын мазмунун, маңызын элдин мүдөөсү менен ой-санаасы, келечек үмүтү менен күрөш-түзө тургандыгын башкы негиз кылып алууну улуу устат шакирттеринин эсине бекем куят. Ошону менен бирге «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» дегендей, кандай кыйынчылык башка түшсө да, чындыкты гана айтуу ырчынын негизги парзы экендигин, калп сөз убактылуу салтанат курса да, түбүндө эл тарабынан жектелип жокко чыгып кала тургандыгын өзгөчө баса белгилөө менен айтат.

Кыргыз элинин залкар акындарынын бири Барпы Алыкулов (1884-1949) кыргыз пейилин танып, элди алдап, букараны эзип, адеп-ахлагы бузулган текеберликти, куулук шумдукту, ыймансыздыкты айыптап, элибиздин алдыңкы прогрессивдүү ата салтын, үрп-адаттарын даңазалап,

эркин болууга үндөгөң ак таңдай насаатчы акын болгон. Ал байдын таягын жеп, кызматын өтөп, кошоматчы болуудан баш тартып, мындай акыйкатсыздыкка каршы күрөшүү үчүн күчтүү активдүү топ топтоо зарыл экендигин эзилген жаштарга баян этип:

Бай камчысын көрсөтөт,

Жетилген жетим коркпогун.

Өзүңдөй карып көрүнсө,

Айланаңа топтогун -деп аларды эркиндик үчүн күрөшкө үндөйт.

Ошондой эле Токтогул акындын шакирти Калык Акиев өзүнүн чыгармачылык методунун башкы принциби катары чындыкты айтып ырдоону алдыга койгон. Албетте, чындыкты айтуу ал учурдагы теңсиздик заманда, бай-манаптар бийлик жүргүзүп турган кырдаалда өтө коркунучтуу болгон. Ошого карабастан, чындыкты бетине айтам деп Калык канча жолу манаптардан кордук көргөн. 1916-жылкы кыргыз элинин улуттук-боштондук кыймылын өз көзү менен көргөн Калык бул тарыхый окуяны да чоң реалисттик дем менен ырдаган. Ал «Зилзала» ырында акын жер титирөө сыяктуу адамдарга келген алааматтын себеби эмнеде деген маселеге өзүнчө ой жүгүртүп:

Ак падыша залимдин

Алымынан кеттиби?

Казы, болуш бийлердин

Салыгынан кеттиби? - деп падышалык жана жергиликтүү бай-манаптардын кош эзүүсүнүн адам чыдагыс зор абалга алып келиши көтөрүлүштүн чыгышынын башкы себеби болгондугун, элди ырайымсыз кыргандыгы, теңдешсиз кармашта кыргыз элинин жеңилип Кытайга качканын, качкан элдин көргөн азап-тозогун баяндаган.

Бүгүнкү күндө кыргыз эли эгемендүү мамлекет болуп, көз карандысызэркин саясат жүргүзүп жаткан учурда коомчулуктун чыныгы улуттук тарыхый чындыкты талап кылуусу бул закон ченемдүү нерсе. Ооба, Советтик доордо бардык нерсенин башаты улуу Октябрдан башталды деп, байыркынын баарысын четке кагып, көздөрү өткөн инсандарыбыздын ысымдарын атоодон айбыгып, мурастарын иликтөөдөн баш тартып, оозубузду басып келген элек. Ал эми Социалисттик идеологиянын бир жактуулугу менен көп улуттуу элдердин географиялык шарты, тилдик, этникалык тамыры тарыхыйсоциалдык байланыштары ар түркүн экендигине карабастан, аларга бир жактуу талап коюлган, эгерде белгиленген критерийлерге туура келбегени болсо аларды көз жазымда калтырылган.

Демек, кыргыз коомунда да адамдын бедел-баркы, укуктары, эркиндиктери тууралуу ойдон алыс болбой, бул маселелер жөнүндө ой жүгүрткөн чыгаандар болгон.

Алэми инсандарды тарбиялоодо жалаң гана бүгүнкү күндөгү демократия түшүнүктөрүнө таянбастан Батыш, Чыгыш жана анын ичинде кыргыз элинин ойчулдарынын прогрессивдүү ойлоруна, традицияларына таянганыбыз абзел.

Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:

1. Элдик педагогика дегенде эмнени түшүнөсүң?

2. Элдик оозеки чыгармачылыктын бүгүнкү күн үчүн кандай мааниси бар?

3. «Элдик оозеки чыгармачылык — элдин басып өткөн турмушунун картинасы» деген ойду чечмелегиле.

4. “Манас” жана “Демократия”сөздөрүн байланыштырууга аракет кыл.

5. Эмне үчүн айрым эпостор турмуштук эпостор деп аталат?

6. Кандай турмуштук эпосторду билесиңер?

7. Эпостор болгон окуядан алынганбы? Кайсылары?

8. Баатырдык эпостордун бүгүнкү күн менен үндөштүгү.

9. “Эркиндик”,,, “Жаратмандык”, °©Жоопкерчилик” бул сөздөрдүн маанисин ачып бер.

10. Сабырдуулук (толерантность) сөздүн мааниси эпостордо.

11. Адамгерчилик, гумандуулукка арналган макалдарды санап бер.

12. Теңдик,, адилеттүүлүк, эркиндик жөнүндө кандай макалдар бар?

13. Адабий мурас калтырган ак таңдай заманчы-акындар (Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Жеңижок ж.б.) чыгармачылыгындагы - эркиндик темасы.

14. Демократ-акындар (Токтогул Сатылганов, Тоголок Молодо, Барпы Алыкулов, Калык Акиев) эмне үчүн демократ акындар дейбиз?.

Өз алдынча даярдануу үчүн адабияттар:

1. Алагушов Б., Шер-Нияз Садык. Актаңдайлар: Чыгармачыл ажарлар. Бишкек, 2003. 85-6.

2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. / Алимбеков А./1-бөлүк Б., 1996. —696б.

3. Ачылова Р. Байыркы кыргыз демократиясы. // Кыргыз Руху.1994.№11. — 69 б.

4. Волков Г.Н. Этнопедагогика /Волков Г.Н. //Под ред. И.Т. Огородникова. —Чебоксары, 1974. —213с.

5. Имаева Н.И. Проблемы нравственного воспитания в киргизской народной педагогике // Русский язык в киргизской школе.—1973. №5-6.

6. Измайлов А.Э Изучение развития культуры народов Средней Азии и Казахстана в курсе истории СССР в 8-10 классах [Текст] / Измайлов А.Э.М.: Просвещение, 1986. —236с.

7. Манас: Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант. / Жалпы ред. Б.М.Юнусалиев. —-Ф.: Кыргызмамбас, 1958. —366 б.

8. Манас: Эпос. С. Каралаевдин варианты боюнча - Ф.; Кыргызстан, 1984. 1-китеп.148 б.

9. Мамытбеков З.Ч. Отражение жизни и борьбы киргизов в эпосе “Манас”,-Б.; Илим, 1993.-187 с.

## IX. БАЛДАРДЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ТАРБИЯЛООДО ҮЙБҮЛӨНҮН РОЛУ

1. Үй-бүлө - тарбиянын башаты

2. Үй-бүлөдө балдарга элдик оозеки чыгармалар аркылуу таалим-тарбия берүү

3. Балдардын өсүп-өнүгүүсүнө элдик оюндардын тийгизген таасири

4. Жаш муундардын адеп-ахлагынын калыптануусунда үй-бүлөлүк салттардын ролу

5. Балдарды үй-бүлөдө элдик үрп-адат, каада-салттарга үйрөтүүдө эмгектин орду

1.Үй-бүлө - тарбиянын башаты

“Үй-бүлө -тарбиянын башаты” — деген накыл кеп чындыгын элдин миң жылдаган тажрыйбасы алда качан тастыктаган. “Үй-бүлө кичинекей мамлекет” - деп бекеринен айтылбайт. Анткени, үй-бүлө ордолуу шаар болуу менен, өзүнө керектүү барды”к зарыл моралдык-этикалык,, социалдык-маданий жана юридикалык өбөлгөлөргө толук кандуу ээ болуусу абзел. Ар бир үй-бүлө өзүнө мүнөздүү моралдык-этикалык, психологиялык эреже нормаларды камтып турат жана анын негизинде балдарына таалим-тарбия берет.

Ал эми үй-бүлө деген эмне?

Үй-бүлө — бул социалдык функцияларды биргелешип аткарган, туугандык байланышта турган, нике аркылуу кошулган адамдардын тобу болуп эсептелет.

Үй-бүлөнүн негизги функциялары:

- жаңы адам баласын жаратуу;

- балдарды тарбиялоо;

- үй тиричиликти күтүү, бош убакытты уюштуруу.

Үй бүлөнүн тарыхый формасы алгачкы коомдук түзүлүштө пайда болгон. Ал группалык үй-бүлө деп аталган.

Азыркы үй-бүлөлөр өздөрүнүн структурасы, мүчөлөрүнүн саны жагынан бирдей эмес. Алар төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:

- үч муундан турган үй-бүлөлөр — ата-энеден, балдардан, неберелерден;

- эки муундан турган үй-бүлөлөр — ата-эне, балдардан;

- бир балалуу үй-бүлөлөр;

- үч же андан ашык балалуу үй-бүлөлөр — көп балалуу;

- ата-эненин бирөөсү жок, толук эмес үй-бүлөлөр;

- балдары жок үй-бүлөлөр;

- күйөөсү же аялы тарабынан балдары бар үй-бүлөлөр;

- жакын же алыс туугандар менен жашаган үй-бүлөлөр.

Азыркы үй-бүлөлөр өтө татаал проблемалар менен кагылышууда. Бул аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн көбөйүшү, үй-бүлөлөрдүн миграциялануусу, калктын ден соолугунун начарлашы. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн, өзгөчө аялдардын ролунун өзгөрүшү. Жаратылышынан күч-кубаттын ээси болгон кээ бир эркектердин үйдө балдар менен казанда, назик аялзаты (орун алмашып) оор жумуштарда, базарда болуусу. Үрп-адат каада салтты чала билип, “ала качуулардын” жана башка кемчиликтердин негизинде ажырашуунун көбөйүшү, толук эмес үй-бүлөлөрдүн санынын өсүшү. Экологиянын кирдеши аз келгенсип, тамак-аштын химияга аралашышы, кайгыкапанын көбөйүшү, үйлөнүүдө таза кандуулукка, каргышбатага жана башкаларга маани берилбей, майып балдардын көп төрөлүшү, үй-бүлөлөрдүн сандык жагынан азайышы дагы ата-бабаларыбыздыкынан айырмаланып, көпчүлүк жаш муундун толук кандуу туура тарбия албай, өзүмчүл болуп калыптануусуна шарт түзүүдө. Руханий эмес, материалдык байлыкка далбас урган үй-бүлөлөрдүн балдарынын келечегине кайдыгер карап, толук кандуу тарбия бербегендигинен кылмыштуулук жашарууда.

Мындан 20 жыл мурда, улуу устатыбыз академик А.Э.Измайлов Лаосто жаштардын кылмыштуулугу жокко эсе экендигин, дүйнө жүзүндөгү миң деген илимпоз-окумуштуулар катышкан, чет өлкөдөгү илимий жыйында билим министири Чыгып сүйлөгөнүн кабарлаган эле. Ал жакта үч негизги тарбиялоо өзгөчөлүгү бар экендигин белгилеген. Биринчиден, мектепке чейинки балдар атайын диний мекемелерден таалимтарбия алат. Экинчиден,

“Балам уяттуу бол, уят өлүмдөн катуу”деген эненин туура тарбиясы. Үчүнчүдөн, элдин жаштарга болгон күчтүү көзөмөлү.

Мунун баары биздин элде да болгон... Болгону тарыхый шартка ылайык, кеңеш доорунда элдик баалуулук болуп эсептелген улуттук тил, аны менен өзөктөш үрп-адат, каадасалт, дин таалим-тарбия процессинен четтетилгенине ылайык, элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы болуп өзгөрүлдүк. Эгемендүүлүктөн кийин бул багытта аздыр-көптүр аракеттер болууда. 2012-жыл - үй-бүлө жылы деп мамлекет тарабынан белгиленип, буга биз дагы, ар бир патриот, илимдүү, билимдүү адамдар дагы өз салымын кошту деп ойлойбуз. Ар дайым бузуу оңой, калыбына келтирүү кыйын. Кайрадан кыргыз элинин кылымдап калыптанган руханий көчү калыбына келет деген ойдобуз. Өткөндүн баары тарых болуп калды. Ал эми тарыхты биз ата-бабалардын жакшы жактарын колдонуп ийгиликтүү, бактылуу болуу үчүн, кемчилигин кайталабоо үчүн билүүбүз керек эмеспи.

Андыктан, тарыхыбызга, кыргыз элибиздин үй-бүлөлүк тарбиялоо маданиятына кайрылып, ата-бабабызча “күлкүден соолуктун мүлкү “демекчи, үзүлгөндү улап, чачылганды жыйноо”, көптөгөн жакшы жактарын турмушта колдонуу биздин милдетибиз.

Үй-бүлө - өлкөнүн күзгүсү экендиги талашсыз. Бул жерде балдар тарбияланып, кулк-мүнөздөрү калыптанып, эмгекке болгон мамилеси бекийт жана улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо менен бирге биздин идеялык, маданий байлыктарыбызды барктоо сезими ойгонот.

Эң негизгиси, бала адегенде өзүн, өз үй-бүлөсүнүн толук кандуу мүчөсү экендигин сезүүсү зарыл. Аны менен катар үй-бүлөдөгү адеп, ыйман нормаларын, социалдык-маданий талаптарды да аткарууга милдеттүүлүгүн, ата-энесин чексиз урматтап кадырлоосу, бир туугандары менен ынтымакта болуп, сыйлоо зарылдыгын сезип-туюп калыптануусу керек. Ушул багыттагы иштер этнопедагогикалык, этнопстхологиялык мазмундагы жомоктор,

аңгемелер, ырлар, макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар, оюндар менен коштолуп ырааттуу жүргүзүлгөндө гана тарбия максатына жетмекчи.

## 2. Үй-бүлөдө балдарга элдик оозеки чыгармалар аркылуу таалим-тарбия берүү

Келечектин ээлери болгон жаш муундардын үлгүлүү жүрүш-турушун, адептүүлүгүн тарбиялоодо үй-бүлөнүн таасири зор экендиги талашсыз. Ата-бабаларыбыздын "Бешиктеги баланын бек болорун ким билет, карындагы баланын хан болорун ким билет?!"-деп, келечекте апа болуучу келинге карата да кыйытып, "Керегем сага айтам, келиним сен ук!", "Уккан жок деп ушак айтпа, көргөн жок деп уурулук кылба!"-деп, түйүлдүк кезден, эне мээриминен, бешигинен баштап туура калыптанып, үй-бүлөдө кандай таалим-тарбия алса, ошого байланыштуу болорун, «Адамды кирип чыкканда байкаса болот» - деп, акылман элибиз бат эле сындап койгон. Андыктан, «Келинди башынан, баланы жашынан тарбияла!» - деп айтуу менен, табигаттын мыйзамын эске ала, аны жашынан, башынан тарбияла деген ойлору баалуу жана жандуу. «Карга баласын аппагым, кирпи баласын жумшагым» -дейт деп, ата-бабабыз айтмакчы, ар бир эле адам өз баласынын акыл-эстүү болуп, өзүн дайыма үлгүлүү алып жүрүшүн каалайт эмеспи. Бирок тилекке каршы, бардык эле балдар биз каалагандай болуп өсүшпөйт десек жаңылышпайбыз. Кыргыз элибизде: «Баланы төрөйт, бирок анын кылык-жоругун кошо төрөбөйт», - деген макал бар. Башка макалдар сыяктуу эле бул макалда да таамай-туура айтылган. Баланын кылык-жоругу, жүрүш-турушу өзү менен кошо төрөлбөйт. Ал калыптанат, тарбияланат. Балдарды тарбиялоодо ар кандай окуялар, айланачөйрө, адамдар, коомдук түзүлүш жана башка толуп жаткан нерселер таасир беришет. Ошондуктан А.С. Макаренконун төмөнкүдөй пикирине кошулбай коюуга болбойт. Тарбия — бул өтө кеңири түшүнүк, Баланы бардык адамдар, буюм дар, окуялар

тарбиялаппат. Бирок баарыдан мурла адамдар, анын эң негизгиси, ата-энелер жана педагогдор болуп эсептелет.

Көз ирмемде бир нерсени эске түптүрүп көрөлү, эгерде адамдын жүрү-турушу айлана-чөйрөгө анча байланышпаса, кичинекейинде айбандардын арасына ту келип калган бала эмнеликтен төрт буттап басып, чийки этке көнүп, карышкырча улуп калганы айбандардын таасири тийгендигин далилдейт Кичинекейинен баштап баланын кулк-мүнөзү, жүрүш-турушу үй-бүлөдө калыптанат Анын таасири өспүрүм кезине же бойго жеткенге чейин ошол бойдон кала бериши мүмкүн. Баланын мүнөзүн, кылык-жоругун аныктоодо анын табигый негизин таптакыр эле тануруга болбойт. Мисалы. адамдын темпераменти анын жогорку нерв системасы менен байланыштуу болуп, табигый деп эсептелет. Белгилүү физиолог И.П. Павловдун аныктоосу боюнча, нерв системасынын негизги төрт түрү белгиленген: а) күчтүү, токтоо, кыймылдуу (сангвиник); б) күчтүү. шашма, тез кыймылдуу (холерик); в) күчтүү, токтоо, жай кыймылдуу (флегматик); г) өтө эле кенебеген начар тип (меланхолик). Жогоруда айтылган нерв системасынын түрлөрү адамдын психологиялык мүнөзүнө да байланышат. Опюндой болсо да, анын психологиялык мүнөзүнө тарбия аркылуу таасир берүүгө мүмкүн.

Жүрүш-туруш деген эмне? Адамдын кылык-жоругу, кылган иш-аракети, мүнөзү, темпераментин, көз карашы, ар нерсеге болгон мамилеси, кооздукка карата болгон сезимдери биригип келип адамдын жүрүш-турушун аныктайт Балдардын жүрүш-турушун тарбиялоодогу бардык таасирлерди талдап чыгуу өтө кыйын. Биз үй-бүлөдөгү баланын жүрүш-турушун тарбиялоодогу негиздүү деп эсептелген кээ бир маселелерге токтолуп өтөбүз.

Балдардын жүрүш-турушун тарбиялоодо турмуштук аддттын, салттын таасири чоң. Улуттук салттарды изилдөөчүлөрдүн пикирине караганда

салттар көп түргө бөлүнөт. Анын ичинен көп кездешүүчүлөрү: үй-бүлөлүк турмуштун каада салттары. Алар бизге элдик чыгармалар аркылуу жеткен.

Ф.Энгельс элдик чыгармалар элге көңүл ачуу максатында гана кызмат кылбастан, «элдин кулук-мүнөз сезимин ойготуп, өзүнүн күчүн, укугун, эркиндигин сезүүгө мажбур кылып, эр жүрөктүүлүгүн, өз Ата-Мекенине болгон сүйүүсүн ойготуу максатын дагы көздойт»-деп өзгөчө белгилеген.

Элдик чыгармалар адеп жаралганда эле анын көздөгөн максаты элди, айрыкча жаштарды тарбиялоо болгон. Мына ошондуктан эл аларды тарбиялоочу негизги каражат катары пайдаланган.

Элдик оозеки чыгармаларды элдик педагогиканын негизги булагы катары карап, педагогика илиминин ири тармагы — этнопедагогикага негиз салган чуваш окумуштуусу Г.Н. Волковдун пикири боюнча да «элдик оозеки чыгармачылык элдик педагогиканын тереңинде жаткан элдин акыл жана күчүн, анын нравалык идеалдарын алып жүрүүчү катары педагогикалык каражат боло алат.»

Элдик оозеки чыгармаларга кыргыз элинин педагогикасында дагы кеңири орун берилген. М.Р.Рахимованын аныктамасына караганда: «Жаш балдарды тарбиялоодо элдик оозеки чыгармачылыкты колдонуунун баалуулугу анын элдин тарыхына, маданиятына, тиричилигине жакындыгы менен аныкталат.»

Ал эми кыргыз элдик педагогикасында өзүнүн арымдуу кадамын шилтеп келе жаткан окумуштууларыбыздын бири А.Алимбековдун аныктоосунда: «...элдик фольклор өзүнүн интеллектуалдык, этикалык, эстетикалык баалуулугу менен ошолэлдин рухий керектөөлөрүн канаатандырат жанаинсандын өз улутуна карата сыймыктануу сезимин калыптандырат».

Жогортодон бир нече асыл ойлорду белгилөө менен, балдарды үй-бүлөдө, эң эле кичине кезинен тарта татыктуу тарбиялоодо,

этнопедагогикалык идеялар негизги каражат катары кызмат кыла аларлыгын далилдөөгө, маңызын ачып берүүгө аракет кылалы.

Учурда бизге келип жеткен маалымат материалдарга таянсак, кыргыздардын оозеки поэтикалык чыгармачылыгы бир кыйла бай жана көп түрдүү. Айталы, анда төмөнкүдөй лирикалык жана каада-салт ырлары бар: эмгек ырлары, ырым жырымдар, үрп-адат ырлары, сүйүү ырлары, айтыштар, арман ырлары, керээз ырлары, мактоо ырлары, арноо ырлары, жоктоо ырлары, кошоктор, эскерүү ырлары, коштошуу ырлары, мазактоо-кордоо ырлары, тамаша ырлар, оюн-зоок ырлары, бешик ыры, бөбөктөр ыры, ырым-жырым (диний) ырлар, термелер, санат-насыят, накыл ырлары, тарыхый ырлар.

Ушул ырлардын дээрлик бардыгында балдардын адепахлактык сапаттарын ойготууга багытталган маани бар. Ошондуктан, үй-бүлөдө балдар менен жандуу үндө ырдап үйрөтүүдөн тышкары, массалык маалымат каражаттарын көрүүгө, угууга ыңгайлуу болгондуктан, ушул жолдор аркылуу балдардын жан дүйнөсүнө жеткирүү маселелерин чечүүбүз зарыл. Аң сезими толук өсүп жетиле элек балдар көргөнүн терең талдабастан туурашат эмеспи. Андыктан ММК алар сүйгөн мултфильмдерди, жана башка теле берүүлөрдү, интернет оюндарын талдоого албасак, балдардын тартиби төмөндөп рекэт оюндарынан от чыга бермекчи...

Башка элдер сыяктуу эле, кыргыз элиндеги оозеки чыгармачылыктар бир муундан экинчи муунга өтүп турушу шартка ылайык болгон. Ал эми элдик педагогиканы үйрөнүүдө ар бир улутка тиешелүү болгон оозеки чыгармаларды талдап көрүүнүн мааниси зор. Элибизде совет бийлигине чейин балдардын көпчүлүгү үй-бүлөдө тарбиялангандыгы белгилүү. Ата-энелер тарбия куралы катарында оозеки чыгармаларды кеңири колдонушкан. Бала төрөлгөндөн бешик ырларын ырдап, кичинесинен баланын чыгармачылык сезимин ойготуп келишкен. Ал эми кийинки муун бешик ырын ырдамак тургай, балдарын бешикке салбай калды. Ошондон

уламбы, бешик ыры жардыланып, анын маани-маңызы жупунуланып кеткендей. Азыркы жаштар наристелерин «алтыным», «күмүшүм» деп эркелетүү менен чектелип калышканына көп эле күбө болуп жүрөбүз. Ооба, бешик ырынын орду татыксыз төмөндөп кеткенин бардык эле энелер мойнуна алышат. Байыркы чоң энелерибиз бешик ыры аркылуу баланын жан дүйнөсүнө көркөм сөз, көркөм өнөр, маданият, искусство, дегинкиси дүйнөдөгү баардык баалуулуктарды байырлатып келишкен экен. Жазма сөз жок кезде, көркөм өнөр ошондой оозеки чыгармалар аркылуу муундан муунга таркаган тура. Мында бешик ырынын ролу эбегейсиз.

«Бешик ырын ырдап жаткан эне улук,

Табияттан ага берген чоң сыйлык.

Бүт ааламды мээримине уюткан,

Бешик ырын ырдап жаткан эне ыйык» деп, Кыргыз республикасынын Эл акыны Гүлсайра Момунованын калемине таандыкбул ырсаптар«Бешик ырыбакытчакырат» деген бешик ырларынын жыйнагынан. Алдыңкы жылдарда жарыкка чыккан бул китеп Салима Жороеванын эмгеги. Бул ардагер-педагогдун ысмы жалпы журтка кеңири маалым. Ал эс алуудамын дебей, күндүн күрөө тамырын таамай кармап, агартуу айдыңындагы көйгөйлүү маселелерди козгоп, кыргыз дүйнөсү, келечеги деп күйүп-бышкан патриот, кужүрмөн инсан, мээрман эне. Таалим-тарбиянын жугумсуз болуп жаткандыгына катуу түйшөлгөн Салима Жороева анын көрөңгөсүн энелердин бешик ырынан табабыз деген ишениминен жазбай келет. Ал бешик ыры уңгусуна жарык дүйнөгө аппак жаралган наристенин жан туюмуна жалаң гана жакшылыктын үрөнүн себерин, термелген бешикти коолдоп үн созгон эненин уулдай тунук тилеги менен өмүр жалганып (жупташып) келээрин айтуудан тажабайт. Ал: «Кыргызга таандык баардык баалуулуктар энелер аркылуу тарайт. Азыр илгерки энелердей сөз багып, ырдын кайрыгын туура келиштирип ырдагандар да азайды. Кыргызга акыл-эс болуп берүүчү

таалим-тарбиянын өзөгү - музыка экенин канча кайталасаң да аздык кылат. Андыктан, жалпы аялзатына айтаарым - бешик ырын үйрөнгүлө! Балага болгон ак тилектердин баары ошол ырларда камтылган. Музыка — адамдын аң-сезиминдеги эң ичке нервдерди ойготуп, сезимди калыбына келтирип, оорукчан адамды айыктырып, эске тутуусун өөрчүтөт. Музыканы уга билген бала сөздү да уга билет экен. Сөздү уга билген, сөзгө маани берип, сүйлөө речи өсөт» - дейт. Салима Жороева 2011-жылы «Бешик ыры» сынагын уюштурган. 2012-жылы «Бешик ыры бакыт чакырат» аттуу китеби обондуу ырлар жазылган диск менен 1000 нускада жарык көргөн. Ушул эле жылы жалаң баатыр жана таланттуу энелер (96 киши) катышкан «Энелер бешик терметсе» сынагынын демилгечиси. Ошондой эле 8-октябрда КТРдын «Күндүн темасында» «Музыка жан дүйнөнүн азыгы» аттуу бир сааттык түз эфирдин уюштуруучусу (КТРдин директору Кубат Оторбаевдин жана көпчүлүк элдин колдоосунда) Мындай жагымдуу демилгелер жалпы журт тарбынан колдоого алынса, келечектеги энелерди - кыздарды тарбиялоо ушундай туура жолдорго коюлса, бешик ырларына, балдар ырларына жана башка төмөндө аты аталуучу тарбиялык мааниси күчтүү ырларга маани берилсе, анда сөзсүз түрдө учурдагы кунарсыз турмуш кандайдыр бир деңгээлде оңолот деген ишенимдебиз.

Элибизде бала төрөлгөндөн баштап эле, анын келечекте кандай адам боло тургандыгына олуттуу көңүл бурушкан. Бул ойлор каада-салт ырларынын топтомуна кирген «Бешик ырларынан» баштап эле:

«Коргосоң эли-журтуңду,

Көтөргүн оң бутуңду» деп, ак элечек энелерибиз баланын жашынан патриоттук сезимин ойготуп жатышса,

«Колунун ачык тактары,

Берешендүү марттанбы?» деп, анын адамгерчиликтүү (гумандуу), кең пейил, жоомарт болушуна төлгө кылып,

«Энең сени төрөгөн,

Эмгекчил уул болот деп» эмгекке үндөгөн үмүт, тилегин баласына ырдоо менен жеткирген. Мындай маанидеги бешик ыры үй-бүлөдөгү улуураак балдардын да сезимин козгобой койбойт.

Ал эми «Жарамазан» ырларында да жаш адамдын адептик, атуулдук сапаттарын калыптай турган мазмун чөгүп жатат. Үй ээси ыраазы кылгандан кийин ага мындайча бата беришкен:

«Аппак үйүң ак үйүң чатыр болсун»,

Кудай сүйгөн бул балаң баатыр болсун.»

Ошондой эле биздин элде «Манас» эпосунан тартып, элге кеңири таралып, ар бир учурда өз шартына ылайык колдонулуучу макал-лакаптар өтө көп. Ошолордун ичинен үй-бүлө үчүн колдонууга ыңгайлуулары жомоктор жана макал-лакаптар. Үй-бүлө чөйрөсүндө жомок укпаган бала же баласын тарбиялоодо макал-лакаптарды колдонбогон адам болууга мүмкүн эмес. Жомоктордун мааниси жөнүндө В.И. Лениндин айтканын В.Д. Бонч-Бруевич төмөнкүчө көрсөткөн: Жомоктордун жана ар түрдүү элдик чыгармалардын негизинде укмуштуудай сонун изилдөөлөрдү жаратууга болот.

Кыргыз фольклорунун арасында жомоктор белгилүү орунду ээлейт. Ал жомокторду атайын жомокчулар айтуучу. Жомокту көбүнчө мал четинде чогулуп алышып, уктабай малга көз салышып, жомокко алаксып таңды атыруучу. Мал багуучулардын арасында тестиер эркек балдар да көп болгон. Жомок айтылган жерге аны угуу үчүн үйдөгү балдар, аялдар келишүүчү. Жомок угуу көңүл ачуучу негизги иштердин бири болуп эсептелген. Балдар айрыкча жомокту жакшы көрөрү белгилүү. Жомок айтуучулар улгайган турмуштук тажрыйбасы мол адамдар болушкан. Ишендирүүдө жомоктордун мааниси чоң. Чындыгында эле, ар кандай жомокто чындыктын үлүшү бар.

Анда адамдардын ой-тилеги, каалоосу да кеңири көрсөтүлөт, чыгармачылык менен көз алдыга чагылдырылат.

Ал эми ата-энелер балдарына жомок айтып бергенде аны турмуш чындыгы менен байланыштырып, балдардын жүрүш-турушуна оң таасир бергидей кылып баяндашкан. Чыңгыз атабызга дагы, бала кезинде, чоң энеси элдик оозеки чыгармаларды көп айтып бергендиктен, анын чыгармалары учурдагы көйгөйлөр жана ата-бабабыздын философиялык ой-жорумунун негизинде жаралган чыгармалары менен синтездешүүсүнүн натыйжасында дүйнө элине өзү да таанылды, кыргызды да таанытты десек болот. Чыңгыз атабыздын бийиктиги-укканын жан дүйнөсүнө бекем катып, аны өзүнөн иштетип чыга алгандыгында болду...

Ошондой эле Зуура эне өз айылындагы белгилүү жомокчулардын бири болгон. Айылдагы балдар топ-топ болуп, жомок угуу үчүн эненин айланасында чогулушкан. Зуура эненин кичирээк балдар үчүн айткан жомокторунун бири «Телибай тентек». Телибай аттуу бала өтө тентек болуп, атаэнесинин тилин албай, өз билгенин жасап жүргөн. Бир күнү энеси ун, кездеме, козу алып келиш үчүн аны эжесиникине жиберген. Жолдо келе жатып унду булактан оргуп чыккан сууга чалып, кездемени айрып камыштарга байлап, козуну карышкырга берет. Эжесинин баласынын мээсин чукуп өлтүрүп коёт. Анын тентектиги көп зыяндарды келтирип, атаэнесин, бир туугандарын капага салып, аягында өзү өлөт.

Үлгүлүү жүрүш-турушту тарбиялоодо жаш өзгөчөлүгүнө карата жана ар бир баланын мүнөзүнө жараша жомоктордун туура тандалышы маанилүү иш. А.С. Макаренконун: «Жакшы айтылган жомок маданияттуу жүрүш-турушту тарбиялоонун башталышы» деп, баса белгилегенин эске сала турган болсок. Зуура эне да жомокту айтканда, балдарды топторго бөлүп, ар бир топтун өзүнө ылайык жомокторду айтууга аракеттенген. Телибай тентек жөнүндөгү жомок балдарды тартиптүү жүрүш-турушка үндөп, тентектиктин зыяндуулугун түшүндүргөн. Кичине балдар үчүн айбандар, жаныбарлар,

чымчыктар жөнүндөгү жомоктор ылайыкталган. «Абышка кемпирдин көмөчү», «Түлкү менен кумурска», «Сопу мышык», «Мактаанчаак коён», «Торгой», «Чокчолой баатыр» жана башка жомоктор балдарды чындыкка, эр жүрөктүүлүккө, тыкандыкка, сергектикке үндөгөн.

Ал эми тестиер балдар үчүн: «Акыл адамды максатына жеткирет», «Бала кантип өз шаарын коргоп калды», «Акылдуу дыйкан», «Эки дыйкан» жана башка өңдөнгөн жомоктор айтылып, балдарды элин-жерин сүйүүгө, акылдуу болууга, жөнөкөйлүккө, эмгекчилдикке чакырган.

«Жаныбек хан жана Мырзатөлө», «Жээренче чечен жана анын келини», «Олоңчач», «Эки жаш кайра төрөлдү» жана башка жомоктор бой тарткан балдар менен жаш жигиттер үчүн айтылган. Ар бир жомоктун өз алдынча тарбиялык мааниси болуп, аны угуу көпчүлүктү кызыктырган. Элдик педагогиканы изилдеген профессор Г.Н.Волков жомок айтуудагы чоң энелердин чебердигин баалаган. Чоң энелер жомок айтууга чебер келишет, алардын айткан жомоктору улууларды урматтоо, эмгекчилдик, чынчылдык, адептүүлүк жана башкалар жөнүндө айтышат, - деп жазган.

Кыргыз элибиздин жомокторунун башка элдердин жомокторуна окшоштук жактары көп кездешет. Мисалы, чуваштыктарда «Кучер и барин», кыргыздарда «Акылдуу дыйкан, акмак бай». Орус элинде «Сказки о Балде» деген жомоктордун бардыгынын мааниси окшош, тагыраак айтканда, эзүүчү тапты жек көрүп, эмгекчил адамды даңктайт. Мындай жомоктор жаш муундардын эзүүчү тапты жек көрүү сезимин ойготуп, таптык карама-каршылыктарды күчөтүп, жаштарды адилеттүүлүккө карата күрөшүүгө үндөйт.

Акылман, жумшак, мээримдүү карыларды балдар абдан жакшы көрүшөт. Алардын айткан акылы, даана билген акыл насааттары, турмуштан алган өрнөгүн билгичтик менен балдарга үйрөткөндүктөрү үчүн алар жаштар үчүн кымбат. Нускалуу карыларды урматтоо бардык элдерде кездешет.

Мисалы Л.Н. Толстой өзүн тарбиялаган адам жөнүндө төмөнкүдөй жылуу пикирин айткан: «Татьяна Филиповна жүрөктү элжиреткен адам эле, ал баккан балдарынын атаэнелери менен ушунчалык жакын болуп кете алган. Ал менин эсимден эч качан чыкпайт».

Ал эми А.С. Пушкиндин өзүн баккан Арина Радионовнаны өтө жакшы көргөндүгүн билебиз. Ал адам А.С.Пушкиндин белгилүү акын болушуна көмөкчү болгон. Эртели кеч жомокторду айтып, ырдап акындык өнөр-касиетин күчүнө киргизген. Ошондой эле белгилүү тарыхчы С.М. Соловьев өз эмгегинин биринчи барагын өзүн баккан аялга арнаган: «Менин мүнөзүмдүн калыптанышына ушул аялдын таасири чоң. Ал өзү токтоо мүнөздүү адам эле» - деп эскерген.

Кыргыз эл жомокторунун ичинен атын атап эле койбой, даана маңыз-маанисине кыскача токтоло турган болсок чындыгында тарбиянын тазасы мазмунунда чөгүп жатканына ынанабыз. Мисалы, «Ач көз карга» аттуу жомокто, карга ач көздүк кылып, өзү менен катарлаш балапан чыгарып жаткан бүркүттүн жумурткасын ал жокто кошуп алат. Бүркүттүн балапаны көзүн ачкандан кийин карганын балапандарын бүт жеп, аягында карганын өзүн жеп коёт. Бул жомок ач көздүктүн, зыкымдыктын аягы эмне менен бүтөөрүн балдарга таамай түшүндүрүп, ак менен караны ажыратууга үйрөтөт. Кыргыз жомокторунун тарбиялык маанисин жогору баалаган академик А.Э. Измайловдун төмөнкүдөй пикирин колдобой коюуга болбойт. Ал: «Кыргыз жомокторунун өзгөчөлүгү - баарынан мурда акыл-эстүүлүккө үндөгөндүгүндө»-деген.

Бала өз шаарын кантип бошоткону жөнүндөгү жомокту байкап көрөлү. Султан Маматтын шаарына Жаныбек аттуу каардуу хан кол салып басып алмак болот. Үч күн ичинде багынып бербесеңер күч менен талкалап каратам деп шарт коёт. Ак сакал билермандар кантип кутулуунун айласын таба алышпайт. Ошондо бир тестиер бала мен шаарды бошотом деп, билермандардан уруксаат сурайт. А дегенде алар ишенбейт. Бала болбой эле

суранып тура берет. Акырында макул болушат. Бала бир төөгө минип, бир текени жетелеп, каардуу Жаныбекке барып, өзүнүн элчиликке келгендигин айтат. Хан жинденип, силердин элде сенден чоңураагы жокпу?-деп кыйкырат. Анда бала: - чоң десең төө менен сүйлөш! - дейт. Анда хан албууттанып: - сакалдуу адамыңар жокпу? — дейт.

- Сакалдуу десең теке менен сүйлөш! - деп жооп берет. Баланын акылына, тайманбаган өткүрлүгүнө жыгылып, хан менден эмнени талап кыласың, сенин эр жүрөктүү, акылмандыгың үчүн сыйлык берейин,дейт. Анда бала: Мага төөнүн терисине баткандай жер бер! - деп суранат. Жаныбек хан кыйналбастан дароо эле макул болот. Бала төөнү союп терисин ичке тилет. Ал тилкени жазганда бүт шаар курчалат. Хан балага алдатканын билип өкүнөт. Ошентип жөнөкөй эле бала элинин эң чоң керегине жарап, душмандан бошотот. Ата-бабабыз «Асыл таштан, акыл жаштан» деген макалды бекеринен айтып калбаган чыгар. Мунун дагы турмуштук чындыгы болсо керек. Ушул жомок көпчүлүк балдарга өтө жагат. Өздөрү да эл алдында кызмат кылып керекке жароону каалашат. Кыргыз жигиттери эл бетине жоо келсе, кыйналбастан эле аттанышат. Алардын патриот болушунаушул сыяктуу жомоктор дем бербей койбойт. Бул жомокту уккан балдар эл алдында өз милдеттери жөнүндө көп ойлонушуна жардам берет. Жомоктогу балдар эр жүрөк, жалтанбаган, акылман болуп эл үчүн кызмат кылууга умтулушат. Бой тарткан балдардын саясий сезимин ойготуу үчүн маанилүү жомоктор да бар. Ага мисал катарында «Акылдуу дыйкан» жомогун карап көрөлү.

Эриккен акылсыз хан жигиттерине мага акмак адамды издеп таап келгиле деп буйрук берет. Жигиттери биринчи кезиккен адамды эле ханга кармап келет. Ханга барганда дыйкан акмакты издеген жан өзү акмак экенин далилдейт. Сен акылдуу болсоң менин тулпарымды тапта дейт. Дыйкан тулпар эшектин жана уйдун аралашмасынан экендигин табат. Тулпардын канындагы аралашмасын тапкандыгы үчүн хан буудай токоч, ханша алтын акча берет. Ушуга карата хан наабайчынын баласы, аялы хандын кызы экенин

айтат. Акыркы суроосу кудайдын кайда экенин айтып бергин дейт. Анда дыйкан мен ушул кейпим менен кудайдын кайда экенин айта албаймын, сиз мени менен кийиминизди алмашып тизелеп турсаңыз мен айтып берейин деген экен. Хандын кийимин кийип тактыга отуруп, анын кийимин кийип хан чөгөлөп турганда хандын жигиттерин чакырып: мына акмак, алпарып башын алгыла деп буюрат. Өзү адилеттүү хан болуп, эл башкарып калат.

Ушундай жолдор менен кыргыз жомоктору жөнөкөй эмгекчи адамды сүйүүгө үндөйт десек жаңылышпайбыз.

Балдарды кичи пейилдикке, токтоолукка, ак ниеттүүлүккө тарбиялаш үчүн айтылган жомоктор да аз эмес. Кичинесинен баштап эле ар адамга жылуу мамиле жасоо, кээ бир учурда бактысыздыктан сактап калаарын далилдешкен. «Таалай издеген бала» аттуу жомокто бала таалайлуу болгусу келип, аны издеп чыгат. Болгон малын үч сүйлөм акылман кеңешке алмашып жиберип, жүрүп отурат. («Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу». «Туз таткан жериңе кара санаба». «Эртең мененки насипти таштаба, кечкисин күтпө»).

Эки аялдын кимиси сулуу экендигин айтууга туура келгенде үйрөнгөн биринчи макалдын пайдасы тиет. «Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу» - деп айтып, өлүмдөн калат, көп олжолуу болот. Ошол олжосу менен бир шаарга барып, бир адам менен биргелешип күн көрүп жүрөт. Ал жолдошунун аялы жигитти азгырат. Жигит экинчи кеңешти эсине түшүрүп, жолдошуна кара санагысы келбейт. Ошондо аял ызаланып күйөөсүнө ушактап, аны өлтүрмөкчү болушат. Эртең менен жигитти нанга жумшайт. Андан мурун наабайчыга ким биринчи келсе, ошону өрттөп жиберүүсүн суранат. Жигит келе жатса жердеши жолугуп, тамактанып алып, андан кийин баруусун суранат. Жигит «эртең мененки насипти таштаба» деген кеңешти эсине түшүрүп, жердеши менен тамактанып кармалып калат. Ошол кезде наабайчыга ушакчы аял жигиттин күйүп жатканын көргүсү келип, жүгүрүп барат. Наабайчы аялды отко салат. Аялдын күйөөсү аял ушакчы экенине, жигитте күнөө жок экенине ишенет. Ал эми жигит пайдалуу кеңештеринин

жардамы менен олжолуу болуп элине кайтат. Кыргыз эл жомоктору жаш муундардын талантын ачууга да себепкер болгон. Кыргыздын белгилүү акыны Токтогулдун энеси Бурма элдик оозеки чыгармаларды жакшы билген. Токтогулга жаш кезинен баштап ар кандай жомокторду айтып берип, болочок акындын талантын өрчүтүүгө жардамдашкан. Бурма апа кошокту кыйын айткан адам болгон. Кичинекей Токтогул энесинин айткан жомокторун өтө кунт коюп уккан. Жомоктогу фантазиялуу жоруктар аны алыска-алыска алып жөнөй турган.

Демократ акын Токтогулдун, Т.Сыдыкбековдун энелери да кошокту жана жомокту жакшы билишип, өз балдарынын талантынын ачылышына көмөкчү болушкан.

Балдарга жомок айтууда ата-энелеф алардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуулары талапка ылайык. Өтө эси кире элек бала жакшы каарманынын кор болуп азап чегишин, өлүп калышын каалабайт. Жомоктогу каарман менен бирге өзү да убара тартып кыйналышы, терең кайгырып паанайы пастап кетиши мүмкүн. Өтө кайгылуу жомоктор бойго жеткен балдарга айтылса, анча коркунучтуу эмес. Ал эми кичинекей балдарга кереметтүү жомокторду айтуу зыяндуу.

Элибизде аялдардын акылдуулугун даңазалаган жомоктор да аз эмес. Буга мисал кылып «Акылжан» деген жомокту карап көрөдү.

Мында Акылжан деген вазирдин кызы, салтка ылайык хандын уулуна турмушка чыгат. Аңгыча күйөөсү Жаннат аттуу сулуу кыздын кабарын угуп, ошол кызга үйлөнүү үчүн жөнөйт. Хандын акылсыз баласы Жаннатты сүйлөтө албай, жесир аялдын малын багып сандалып калат. Акылжан акылдуулугу менен Жаннатты сүйлөтүп, күйөөсүн койчулуктан куткарып, Жаннатты алып бермек болот. Бирок Акылжандын эмгегин жокко чыгаргысы келген акылсыз күйөөсү Жаннаттан да Акылжандан да ажырайт. Акылжан акылдуулугу менен хандын ишеничтүү жардамчысы болуп калат. Бул

жомокто аялдардын эстүүлүгүн даңазалап, аларды кордогондорду жек көрүүгө тарбиялайт. Ошону менен бирге балдарды чынчылдыкка үгүттөп, көйрөңдүк, калпычылык менен күрөшүүгө үндөйт.

Ал эми «Эки жаш кайра төрөлдү» жомогунда ичкиликке, бекерчиликке, обу жок көңүл ачууга берилип бара жаткан кыз менен жигит акырында өз кемчилигин сезип, кайра баштан оң жолго түшө баштаганы жөнүндө баяндайт. Бул жомок адам үчүн жеңил-желпи турмуш зыяндуулугун, жаман жолго азгырылбас үчүн өзүн-өзү кармоо жана кыйынчылыкка чыдоонун зарыл экендигин баса көрсөтөт. Ошону менен катар жаш организм үчүн алькаголдун коркунучтуу экендигин ашкерелейт.

«Акылман Асан кайгы» жомогу болсо, адам үчүн өтө керектүү болгон чыдамкайлык, кең пейилдүүлүк, адамга өз кызыкчылыгын элдин кызыкчылыгынан жогору көрбөөгө, көпчүлүк үчүн эмгектенгенди жогору баалап, жаш муундарды элин, жерин сүйүүгө үйрөтөт. Бул жомоктогу эң жогорку адамдык сапаттар балдар үчүн үлгү-күзгү болуп, балдарды да ошондой болууга чакырат.

«Уурунун уулу» жомогу да балдарды жаш кезинен уурулукту кесип кылбоого үндөп, турмуш чындыгын чагылдырат. Мында ууру адамдын баласы ак ниет чынчыл болуп өсөт. Атасы ууру кылуусун өтүнөт. Атасын капа кылбас үчүн, уурдап кел деген малын ээси менен сүйлөшүп, карыз түрүндө үйүнө алып барат. Атасы экөө бирдей эле өлчөмдөгү эт жесе да атасынын курсагы тойбойт, жегени жукпайт, өңүнөн азат. Баласы оңоло баштайт. Бул эмнеси деп атасы себебин билгиси келет. Баласы: мен коркпостон эмгек менен төлөп бере турган этти жеп жатам, а сен болсо качан ээси келип, уурулукту ашкерелээр экен деп, санааркап ичкен-жегениң жукпай жатат, - деп жооп берет. Атасы уулунун асыл оюна аргасыздан кошулуп уурулугун коёт.

Бул жомоктун чынчылдыкты тарбиялоодо мааниси өтө терең. Ушул сыяктанган ишендирүү ыкмаларын колдонуп, кыргыздар өз балдарын чынчылдыкка үйрөтүшкөн. Алдыда ушундай жомокторду жеткире айтпаганыбыз үчүн учурда уурулукту атайын кесип кылган, бирөөлөрдүн убалы, каргышынан коркпогон, эртеңки күнүн ойлобогон жаштардын көбөйгөнү өкүндүрөт. Алар кандай ата-эне болот?

Ал эми Куйручук, Алдар көсө өңдүү адамдар эмгекчи элдин арасынан чыгып, сараң бай-манаптарды, чала молдолорду мазактап алдаган. Эл алдында шылдыңдап, маскаралаган. Көпчүлүк жомоктордо таптык карама-каршылыктарды көрсөтүп, негизги каармандарды кедей кыз, кедей жигит же дыйкан, жетим бала болуп, дайыма байларга, хандарга каршы күрөшүүгө карата, эзүүчү тапты жек көрүүгө. тарбиялайт. Мына ушундай балдарды ынандыруу жолу менен тарбиялоодо кыргыз эл жомоктору бир топ таасирдүү болуп эсептелген десек ашык болбос. Ата-бабалар «аккан арыктан суу агат» - демекчи, бүгүнкү күндө адал мээнет менен байыган жакшы адамдар болоорун жомок түрүндө түшүндүрүүбүз абзел.

Себеби, алдыда болгон революцияларда башталаман талаптоноолордон кээ бир адал эмгеги менен бутунан тургандар да талкаланып оор абалда калышты.

Азыркы күндө да балдар жомок угууну жакшы көрүшөт. Учурда жомокту оозеки гана укпастан, китеп, журналдардан, газетадан окушат радиодон угушат Телевизордун, кинотеатрлардын экранынан көрүшөт. Улам жаңы техникалык жетишкендиктерге кызыгышат. Ошондуктан азыр жомокту эл кыдырып айтуунун зарылчылыгы жок болуп калды. Бирок, үйбүлөдө, ишендирүү жолу менен балдардын адептүү жүрүштурушун тарбиялоодо жомок али да болсо зор мааниге ээ. Айрыкча кичине кезинде жомокту ынтаа коюп укпаган балдар аз. Бүгүнкү күндөгү ар кайсы ММКнын башталаман, ак-карасы аралаш көрсөтүүлөрүнүн ордуна, ушул мезгилде жомоктун туура

тандалып, балдарга жеткирилиши белгилүү тарбиялык күчкө ээ болбой койбойт деген ойдобуз.

Ал эми табышмактуу жомоктор менен катар табышмактарга кыскача токтоло турган болсок бабаларыбыз: «Аңдай-аңдай келсең акыл өсөт, талдай-талдай келсең табышмак чечилет"деп, балдардын жаш өӨөзгөчөлүгүнө ылайык кызыктуу табышмактарды, табышмактуу жомокторду айтып, терең ой-жүгүртүүгө түртүп, акыл азыгын өстүрүп, адеп-ахлакка тарбиялап да келишкен.

Эми кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын ичинен үйбүлөдө кеңири таркалган, көп колдонулуучу макал-лакаптардын балдардын адептүү жүрүш-турушун тарбиялоодогу таасири жөнүндө бир аз токтолуп көрөлү. Кыргыз фольклорунун ичинен макал-лакаптар кеңири таралган жанрдын бири, Булар элдин сөзүндө адамдын жүрүш-турушун, баалап, анын жакшы жана жаман жактарын көрсөтүп, адамга талап коюу, бир максатты аткарууга багыттап, кайраттуу,чыдамкай, көтөрүмдүү кылып тарбиялоого багыттап турат. Кыргыз эли сөздүн, көздүн, макал-лакаптын тарбиялык маанисин жогору баалашат. Эл макал-лакапты «сөздүн гүлдөрү», «сөз килеми», «адам оюнун каймагы» деп бекеринен айтышкан эмес. Макал-лакаптар адамдын моралдык-этикалык сапатын көрсөтүп, терс жактарын сындап, эмгекчилдикти, адилетчиликти, жөнөкөйлүктү, чынчылдыкты, адамгерчиликти жана башка ушул сыяктанган адамдын асыл сапаттарын даңазалайт.

Макалдар менен ылакаптар — элдин дүйнөгө болгон көз карашынын, эмгек тажрыйбаларынын, жашоо шарттарынын, маданиятынын карама-каршы тап күрөштөрүн жалпылаган жыйындысы. Элдин ой-пикирлеринин, салт-санаасынын, үрп-адаттарынын чебер көркөмдөлүп берилиши, кылымдар бою эңсеген тилектеринин үлгүсү, бүт бир элдин өмүр тиричилигинин күзгүсү.

Турмуштун ар кандай кубулуштарын, эмгекчи элдин тарыхый - таптык күрөштөрүн толугу менен кучагына алып, жалпылаштырып, мүнөздөштүрүп (типтештирип) жогорку көркөмдүүлүктө абдан кыскартылып, так жана таамай көп кырдуу маанини берип, жакшы сапаттарды асмандата даңазалап, жаман сапаттарды жер менен жексен кыла маскаралап, тебелеп, калыстык менен чындыктын үлгүсү, турмуштун элдик эрежеси, акыл-насыяттын кенчи болуп, ар кандай уйкаштыктарда ойду толук бүтүрө айтып, эстөөгө жеңил, айтууга элпек бир же бир нече сүйлөмдөн турган учкул сөздөрдү макал дейбиз.

Макал-лакап жөнүндө М. Горький: «Аныгын айтканда, макал-лакаптар эл арасында үлгү болоорлук акыл-насаатты таркатуучу ой-пикирлерди көргөзө алат» деген.

Алдыңкы элдердей эле, кыргыз эли макал-лакаптарга бай. Ошондуктан ушул элдик жанр үй-бүлөдө колдонууга ыңгайлуу болгондуктан көп колдонулуп, балдардын адеп-ахлагын тарбиялоонун дагы бир таасирдүү куралы болуп келген. Макал-лакаптардын адамды тарбиялоодогу таасирдүүлүгү туурасында фольклорист Н. Снегировдун пикирине кошулууга болот. Ал: «Кайсы элде болбосун көп колдонулуучу сөздөрдүн ичинен макал-лакап сыяктуу элдин ой-пикирин таамай түшүндүрүүчү, кулк-мүнөзүн ачык көрсөтүүчү сөз болбойт» - деген.

Элибиздин макал-лакаптары өтө жандуу келип, эзелтен бери бир муундан экинчи муунга берилип, эл аны өтө этияттык менен тарбия иштерине колдонуп келген.

Көпчүлүк элдерде үй-бүлөдө тарбиялоо ишинин негизги максаты бирдей болгону менен ар бир элге тиешелүү болгон айырмачылыкты белгилебей коюуга болбойт. Мындай өзгөчөлүк жөнүндө К.Д. Ушинский төмөнкүдөй деген: «Биз тарбиялоо жолдорун ойлоп табуу үчүн жөн эле убараланабыз. Тарбия иши ар бир эл үчүн, ошол эл качан жаралса, ошону

менен кошо пайда болот. Элдин бүтүндөй тарыхын чагылдырат, жакшы, жаман салттарын өз ичине алат. Улам кийинки муундар өсүп чыгат. Россияда да далай кылымдар өтүп, нечен доорлор алмашылды. Улам кийинки муундар мурункулардан калган адаттарды өздөрүнө ылайыктап өзгөртүп, пайдалана алышат».

Мына ушундай эле, кыргыз элинде да, жүрүш-турушту тарбиялоонун өз системасы бар десек жаңылбайбыз. Балдар кичинесинен үй-бүлө чөйрөсүндө тарбияланат. Ата-энесинин турмуштук үлгүсүн алат... Ал эми үй-бүлөдө макал-лакап тарбиялык мааниде кеңири колдонулуп келген жана алардын кээ бирлерине токтолуп, маанисине карата бөлөлү.

Жаш муундардын эзүүчү тапка карата жек көрүү мамилесин жана патриоттуулукка тарбиялоочу макал-лакаптар:

«Бетеге кетет, бээ калат, бектер кетет эл калат».

«Жакыныңа жат болбо, өз элиңе кас болбо!».

«Жакшы көргөн досунан мал аяган жигитпи,

Эл четине жоо келсе жан аяган жигитпи?!» ж.б.

Кедей-кембагалдар балдарын 8-9 жашынан баштап байманаптарга малайлыкка берүүгө аргасыз болушкан. Мындай тестиер балдардын көңүлүн көтөрүү максатында «кедейлик кемтик эмес», «бай болуп көргөнүм жок, байкуш болуп өлгөнүм жок», «өлбөгөн адам бир күнү алтын аяктан суу ичет», «карындагы баланын хан болоорун ким билет, бешиктеги баланын бек болоорун ким билет?» - деген макалдарды айтышып, балдарына келечектен үмүт үзбөй, алдыдагы зор тилек менен жашоого үйрөтүшкөн.

Ата-бабаларыбыз ата-эненин, үй-бүлөнүн үлгүсүн балдарга карата таасирдүүлүгүн белгилешкен.

«Алма сабагынан алыс түшпөйт”,

«Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат»,

«Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт», «Эжени көрүп сиңди өсөт, аганы көрүп ини өсөт»,

«Көргөн, көргөнүн жасайт, көсөө түрткөнүн жасайт» өңдүү макал-лакаптар балдардын жүрүш-турушундагы жакшы же жаман сапаттарга ата-эненин, ага-эжелеринин үлгүсүнүн таасири түздөн-түз экендигин, башкача айтканда, акыл азыгы толук өсүп жетиле элек балдар көбүнчө тууроого жөндөмдүү экендигин жана көпкө тууроодон адатка айланып, кулк-мүнөз болуп калыптанарын көрсөтөт. Ошондуктан, үйбүлөдө ата-эне үлгү-күзгү боло, алардын сөзү менен иши дал келиш керек. Мисалы, кээ бир ата-эне карызын доолап доочу келсе, балдарына мени жок деп кой деп айтышат. Бала калпычылыкты, наадандыкты, эки жүздүүлүктү мына ушундай маани берилбеген нерселерден өзүнө сиңирет.

Ага карабастан, кээ бир учурда ата-эненин үлгүсү боюнча эмес, ага тетир же оң таасирдин натыйжасында адептүү же адепсиз болуп өсүшү да ыктымал. Буга мисал кылып төмөнкүлөрдү келтирсек болот:

«Жамандан жаан, жакшыдан мөөн». Мындай макал орус элинде да «Хоть страна но случается так, у мудреца рождается дурак» - деп жакын мааниде кездешет.

Бирок көпчүлүк учурда ата-энесинин үлгүсү балдар үчүн таасирдүүлүгүнүн пайыздуулугу жогору. Айрыкча үйбүлөдөгү ынтымак баланын адептүү өсүшүнүн бир себеби болот. «Ырыс алды - ынтымак» дейт элдик акылмандык. Чындыгында эле бири-бирин кадырлап, уруш-талашсыз жашаган ата-эненин тарбиясында өскөн балдардын көпчүлүгү адептүү болот. Кыргыз эли байлыкты эч качан биринчи орунга коюп, баюуга умтулган эмес. Ал эми акыркы учурларда мансапка байлыкка, бийликке умтулгандар көбөйгөнүн биздин өлкөдөгү акыркы кандуу революциялар ачыкка чыгарды. Буга төмөнкү демократиялуу макалдар ылайык: «Нандан ажырасаң да,

калктан ажыраба», «Казына казына эмес, эл казына», «Жакшыдан башчы койсоң, элди түзөтөөр, жамандан башчы койсоң элди жүдөтөөр», «Адашсаң элиң менен адаш», «Журт мазар, журттан чыккан азар», Жаздыктан өлгөн жаманат, жоодон өлгөн салтанат ж.б.у.с.

Бабаларыбыз ырыстуу болуу — бул ынтымактуу жашоо деп түшүнүп, балдарды да өз айланасындагы адамдар менен ынтымактуу болууга чакырышкан. Ошону менен бирге улам кийинки муундардын ач көздүк менен байлыкка умтулуусуна каршы турушкан. Бүгүн бар, эртең жок байлык, бийлик колдун кирине салыштырылып, «Байлык мурас эмес, кедейлик уят эмес» -дешип, баймын деп кекирейип же жардымын деп кемсинип калышы адамдын жакшы сапаты эмес экендигин жаштарга эскертет. Жарды болсо да талыкпай адал эмгектенип, келечектен үмүттөнүп, алдыга умтулууга тарбиялашкан.

Кыргыз эли, башка жан дүйнөсү таза элдердей эле жөнөкөйлүктү адамдын асыл сапаты деп эсептеп келген. Жөнөкөй адам эмгекчил, ачык-айрым, улуунун да кичүүнүн да оюндагысын таап, кекирейип бой көтөрүүдөн алыс болот. «Улук болсоң — кичик бол, жакшы болсоң — жатык бол!» - деп, үйрөтөт элдик акылман кеңеш. Улук болуп, көп элдин тагдыры колуңда турса да, бой көтөрүп кекирейбе, кичи пейил, жөнөкөй бол, бой көтөрүп менменсинүү - адамды жакындатпай четтетет деп эскертет. Канчалык жогору кызматта болсоң да, жөнөкөй, адамгерчиликтүү болсоң, чыныгы сыйга, урматка ээ болосуң. Эл сенин кызматыңды сыйлабастан өзүңдөгү асыл сапаттарга байланышат. Сени эл да чын жүрөктөн сыйлайт деп, мансапка мас болуп, бой көтөрүп калуу коркунучунун алдын алат. Көпчүлүк учурларда энеси баласын маңдайына отургузуп алып, «Айланайын балам, «калк айтса, калп айтпайт», элдин арасында пайда болгон акылман кеңештерди дайыма эсиңе ала жүрсөң кор болбойсуң. Эл-журттан чыкпай жүр! Ар дайым адам, адам менен адам болот» деп, баласына иштин жайын түшүндүрүп, элдик кеңештерди эсине алып, дайым бир калыпта жүрүүсүн,

көтөрүмдүү болуусун көптөн-көп өтүнгөн. «Адам болчу кишинин адам менен иши бар, адам болбос кишинин адам менен эмне иши бар?» - деген макал айтып тургандай, алар эң негизгиси адамды сүйүүгө, гумандуулукка чакырат. Кандай учур болбосун, эл арасында гана бардык тепкичтеги кадыр-баркка жетүүгө болорун далилдеп түшүндүрүшөт.

Оргу-баргы сөз адамдын көңүлүнө терең таарыныч калтыраарын даэл жакшытүшүнүп,төмөнкүдөй жыйынтыктап, эске алынуучу кеңеш катары тартуулайт. «Тоону, ташты сел бузат, адамзатты сөз бузат», «Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет», «Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат». Демек, сүйлөгөндө акылды пайдаланып, ар ким сөздү талдап сүйлөөгө, сүйлөөр сөзүн ийкем менен, сүйлөөр сөзүн ийгилик менен, сүйлөөр сөзүн жообу менен сүйлөп, орунсуз жерден адамдын көңүлүнө так салуу адептүүлүккө жатпасын эл макалы ачык эле айтат. Эгер катуу сөз укса, адамдын көңүлү калат, бирок бири-бирине кек сактап жүрүүнү биздин эл жактырбайт. Таарынычын шарты келгенде айтып, чечишип алуу жакшы сапатка жатаарын үйрөтөт. Ушуга карата «көйнөктүн кирин жууса кетет, көңүлдүн кири айтса кетет» деп, көңүлдө кир сактабай таарынычты ачып алууга чакырат. Эгерде балдар өздөрүнөн улууларга нааразы болсо, көпчүлүгү нааразычылыгын айта албай, ошол адамды жек көрүп калышы ыктымал. Ошондуктан, баланы таарынткан адам сыйга татыктуу (авторитеттүү) болбойт. А эгер, кичинесинен кайгыкапасын ачык айтууга үйрөнсө, ичинде капасы калбай, баардык себебине түшүнүп, таарынычын унутат. Бул болсо, баланын мүнөзүнүн түнт болуп, адамга ишенбей шектенүүчү сапаттын калыптанышына жол бербейт. Баланын көңүлү кичинекейинен кирдебей таза өссө, жакшы адам болуусунун дагы бир шартын түзөт. Айтор элдик макал көңүлдү кирдетүүдөн сак болууга тырыш! Эгер кокусунан таарынып калсаң, «Таш ыргытканга аш ыргыт!», же таарынтып алсаң аны жазып алганга шашыл! „ дейт. Сөздү байкап сүйлөөнүн мааниси чоң. Адамдын ким экендигин анын сүйлөгөн сөзүнөн билүүгө болот.

Кыргыздар, «Адамды сөзүнөн, ууруну көзүнөн тааны!» - дейт. Көп сүйлөгөн адамды «бабыр» - деп, сөздү орду менен сүйлөө адептүүлүк экендигин түшүндүрөт. «Буттан чалынган турат, ооздон чалынган турбайт», «Ийне көзүнөн, адам сөзүнөн сынат» - дейт биздин акылман эл.

Кыргыз элибиз өзүн-өзү сыноо жөнүндө да унуткан эмес. Бирөөнүн кемчилигин көрүү көп эле кишинин колунан келет. Ал эми өз кемчилигин сезүү ар бир адамдын колунан келе бербейт. Буга: «Өзүнүн башындагы төөнү көрбөй, бирөөнүн башындагы чөптү көрөт», «Кишинин кемчилиги кирип чыкканча — өзүнүн кемчилиги өлгөнчө сезилбейт», «Конок, конок, үйүңдү ойлой отур» деген макалдар мисал жана адамды өз кемчилиги жөнүндө ойлонууга, аны жоюуга чакырат. Адам өз кемчилигин сезип, аны оңдоого болгон аракети бул өзүн-өзү тарбиялоого жатат. Өзүн-өзү тарбиялоо — бул адептүүлүктүн негизги аракеттеринин бири экендиги анык. Адамдагы напсини, адепсиздикти ооздуктоо үчүн 30 күндүк орозо да өзүн-өзү тарбиялоого кирет.

Адептүүлүктүн, аң-сезимдүүлүктүн эң негизги себеби бул адамды эмгекчилдикке тарбиялоо экендиги белгилүү. Кыргыз элиндеги акылман кеңештердин көпчүлүгү жаштарды эмгекчилдикке үндөйт: «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат», «Колу ойногондун — оозу ойнойт», «Жигитти ишинен баала», “Кулча иштесең, ханча жашайсың” ж.б.

Жалпысынан алганда элдик макал-лакаптар чечендик өнөрдү гана өстүрбөстөн, ар кандай элдердеги турмуштан чыккан ачуу чындыкты натыйжалап, кыска сөз түрмөгү менен тарбиялык маанисин түшүндүрүп, улам мурас катары кийинки муундарга берип турат.

3. Балдардын өсүп-өнүгүүсүнө элдик оюндардын тийгизген таасири

Балдардын адептүү жүрүш-турушун тарбиялоодо улуттук оюндардын маанисин эсепке албай коюуга болбойт, Кыргыздар балдарына оюнчук

катары чүкөлөрдү ак бойдон же боёп беришкен. Чүкө менен ойноонун эле бир топ түрү болгон. Мисалы, «Кан таламай» оюну балдарды ой жүгүртүүгө, туура физикалык кыймыл-аракеттерге, зиректикке, кылдаттыкка үйрөтөт.

Кээ бир усталар кичинекей ээр, идиштерди жасап беришкен. Ал эми кыздар болсо чий куурчактарды энелеринин же эже, жеңелеринин жардамы менен жасап алып ойношуучу. Сатып берген оюнчукка караганда, өздөрү жасап алган оюнчуктар бала үчүн алда канча пайдалуу жана кызыктуу болот. Себеби, өзүнүн жашына ылайык маңдай тери кетип, эмгектенип, ойжүгүртүп жасагандыктан, аларды сындырбай, жоготпой аяр ойноого аракет кылышкан.

Кыргыз элинин улуттук оюндары болуп ордо, тогуз коргоол, оромпой, дүмпүлдөк, ак чөлмөк, аңгилдек, уюм тууду, селкинчек, упай жана башка ат оюндары эсептелет.

Ат жалында эркин ойноп, көчүп-конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша сандаган кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Ал оюндар азыр биз жашап жаткан күндөргө да жетип, кай бирлери социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөргө учураган.

Негизинен ал оюндарда элдин ой-тилеги, үмүтү, кубанычы, өкүнүчү, эрдиги, эркиндик, теңдикке умтулуусу, адилеттик, акыйкаттык үчүн болгон күрөшү камтылган. Ал оюндардан элдик педагогиканын мыкты үлгүлөрү, элдик терең философиялык көз караштар, улуттук өзгөчөлүк көрүнүп турат.

Кыз-келиндерге жана жигиттерге арналган «Ак чөлмөк», «Селкинчек» сыяктуу оюндарды ойноодо жаш улан-кыздар бош убактыларын туура, көңүлдүү өткөрүү менен, алардын кыймыл-аракети жалпынын көзөмөлүндө болуп, жаштарды учурда болуп жаткан сыяктуу ар түрдүү жосунсуз жоруктардан сактаган.

Баарынан да жаш муундарды, калкты дене түзүлүш жаткан жеткилең тарбиялоодо, коздукка сулуулукка умтулууда бирден бир баалуу курал — бул кыймылдуу оюндар болгонун эч ким тана албас.

Элдик оюндар дене тарбиясына колдонулуучу демейки көнүгүүлөр эмес, патриоттуулукка, интернационалдык тарбияда, улуттар аралык мамилелердэд" жакшыртуу, жакындатууда да таасири зор.

Кыргыз турмушундагы элдик оюндар дагы коллективдүү мүнөзгө ээ болуп, ошону менен бирге алар айрыкча эл көп топтолгон той-аштарда да ойнотулган. Мисалы, «Кыз куумай», «Эр оодарыш», «Ат чабыш», «Улак тартыш» жана башка пайдалуу, кызыктуу, дүйнө элдерин таң калтырган оюндарына токтолбой эле койсок болот. Себеби акыркы жылдарда, көргөн адамды кубанткан, дүйнө элин суктанткан, биздин элдин дагы бир баалуулугу "Көчмөндөр оюнун" жаштарыбыз "миң уккандан бир көргөн артык"демек, өз көздөрү менен көрүп, сыймыктануу сезими жаралып жатканы ич жылытат.

Жогоруда айтылган оюндардан тышкары кыргыз балдары кыймылдуу оюндарды көбүрөөк ойношкон. Бүгүнкү күндөгү кээ бир пайдасыз оюндардан айырмаланып, бул оюндардын шамдагайлыкка жана акыл өстүрүүгө тарбиялоочу мааниси болгон десек жаңылышпайбыз. Ал балдарга арналган «Ак терек, көк терек», «Жашынмак», «Жоолук таштамай», «Чикилик» «Селкинчек», «Учту-учту», «Шакек салмай», «Токту сурамай», «Ак чөлмөк», «Дүмпүлдөк», «Топ таш», «Тай чабыш» сыяктуу оюндар балдарды өзүн көпчүлүктүн арасында алып жүрүүгө, оюндун эрежелерин бекем сактоого үйрөтүү менен, ошол көндүмдөрдү турмуш жолунда пайдаланууга жана аларды мүнөз катары калыптандырууга өбөлгө түзгөн. «Ат чабыш», «Теке чабыш», «Коон үзмөй», «Кара казан» деген оюндардын көпчүлүгү башка улуттардыкына окшошуп кетет. Ушул оюндарды ойноо менен алар бири-бири менен таанышышкан жана өз ара жакындашып, курдаштары менен кандай мамилелешүүнү, сыйлашууну үйрөнүшкөн. Бул оюндардын кээ бирлерин айыл жериндеги балдар азыр да ойношот,

Кыргыз балдарынын чоподон оюнчук жасап жатканын көрүп, А.А. Диваев мындай деп жазган: «Ботала болгон кыргыз баласы өзүнө чоподон

оюнчук ат, төө жана башкаларды жасап алат. Ушунун бардыгы баланын чыгармачылык эмгегинин натыйжасынан келип чыгат».

Мына, балдардын эң жакшы көргөн ишмердүүлүгү — оюнду да эгер биз ата-бабабыздын ыкмасында эркин, табигый түргө бурсак, анда сөзсүз түрдө убакытты уттурбай, баланын керт башы үчүн пайдалуу адистик-адамдык жетилишти камсыз кылмакпыз.

Тагыраак айтканда, учурдагы үй-бүлөлөрдөгү ата-энелер балдарынын оюндарына да маани бере, кээде аралаша ойной, балдардын өсүп-өнүүсүнө ылайык пайдалуу оюн-тамашаларды ойноого шарт түзүүсү абзел. Балдар менен чогуу ойноп, көнүлдөрүн көтөрүп, мээрим төгүп, көңүл бөлгөндө гана, алар сырларын жашырбай жакындык ширелет. Суициддер жокко чыгат. Учурда жаңы төрөлгөн балдардын жана көпчүлүк жаш балдардын да ден соолугу абдан оор абалда. Бекеринен көптөгөн окумуштуу илимпоздор жана улуу педагог Я.А. Коменский педагогикалык эмгектеринде балдар гигиенасына, тамактануу жана ден соолук режимине, оюнга машыгууларга өзгөчө көңүл бурбаса керек. Ата-бабалар сыяктуу экологиялык жактан таза, пайдалуу азыктар менен тамактануу, жок дегенде жылуу сөз, оюн-тамаша менен жашоону кубанычка айлантуу, эң биринчи ата-энеден чечилет. Каткырган катуу күлкүдөн эң коркунучтуу рак клеткалары да өлөөрүн бүгүнкү күндө окумуштуулар тарабынан далилденүүдө. Андыктан, жогоруда айтылгандай, үй-бүлөнүн негизги функциясы - “Баланың төрөлгөнүнө сүйүнбөй, турганына сүйүнүп”, бош убакытты туура уюштуруп, балдарды туура тарбиялоо болуп эсептелет.

## 4. Жаш муундардын адеп-ахлагынын калыптануусунда үйбүлөлүк салттардын ролу

Балдарды үй-бүлөдө - күнүмдүк жашоодо кыргыз элибиздин үрп-адаттары, каада-салттары менен тааныштыруу ата-эненин эң негизги милдети.

Кыргыз эли, башка элдердей эле үй-бүлөлүк адаттарга, салтсанааларга бай. Жаш муундар улуулардын жүрүш-турушун, турмуштук эрежелерин үй-бүлөлүк салт-санаалар боюнча кабыл алышат. Ошондуктан элдик салт жаш муундарды тарбиялоодо белгилүү даражада таасир берет. Ата-бабадан калган салт эрежелери жаш муундарга закон ченемдүүлүк боюнча берилет. Бул жөнүндө К. Маркстын: «Адамдардын оюнда сакталып калуучу каада салттар чечүүчү болбосо да белгилүү роль ойнойт» - деп айтканына таянсак болот.

Көпчүлүк улуттардын каада-салттары бири-бирине окшошуп кетет. Бирок ошондой болсо да, ар бир улуттун өзүнө тиешелүү болгон белгилери байкалат. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикирине караганда, үй-бүлөдөгү турмуштук салттарды традиция деп кароого болот. Улуттук салттар, оюндар улам кийинки муундарга системалык түрдө өтүп турат.

Башка элдер сыяктуу эле, кыргыз элинде да улууларды урматтоо, атаэнесине дайыма камкордук көрүү, жакындарынын кубанычы менен кайгысын тең бөлүшүү, аларга материалдык жана моралдык жактан жардамдашуулар, эл турмушунан улам кийинкилерге берилип келе жаткан салт жана адат болуп саналат. Кыргыз эли тарбиялык мааниси зор болгон, аң-сезимдүү жүрүш-турушту тарбиялоочу салтсанааларды сактап келе жатат. Алып айтсак, үй-бүлөнүн эрежелери боюнча ата-энелердин, бир тууганддардын бирибирине жасаган мамилелерин, баланын төрөлүшүнөн тартып, эр жеткенге чейинки жүрүш-турушун тарбиялоодогу салтсанаалардын таасирин карап көрөлү.

Мисалы, «Балалуу үй базар, баласыз үй мазар» өңдүү макалдын мааниси айтып тургандай эле, кыргыздарда да балалуу болуу, аны чоңойтуп

тарбиялоо адамдын эң негизги максаты деп эсептелет. Кичинекей адамдын төрөлүшүн урматтап, даңазалаган мындай салт, азыркы мезгилде да улам кийинки муундарга өтүп келе жатат. Бирок мурункуга салыштырмалуу азыр үй-бүлөдөгү балдардын саны кескин азайды. Канчалык аз болсо (жалгыз) ошончолук өзүмчүл болуп чоңоюу коркунучу жаралууда... Жаштардын үйлөнүү тою болуп жаткан кезде эле, алардын бала-бакыралуу болушун каалаган пикирлер айтылат. Улгайган адамдар «тукумуң өссүн, алдыңды бала бассын, башыңарга дагы баш кошулсун!» деген, каалоолорду айтышат. Баланын төрөлүшүнөн анын эр жеткенге чейинки ар түрдүү шаан-шөкөтү абдан көп. Кыргыз элибиздин салты боюнча, башка шаан-шөкөткө салыштырганда, балага байланыштуу салтанаттар көп десек жаңылбайбыз. Мисалы, бала төрөлгөндө ата-эне салтанат менен той берет. Бала төрөлгөндөн бир аз күн өткөндөн кийин бешикке салышат, кырк күн болгондо кыркын чыгарат. Бала биринчи жолу кимге күлсө, ошол адам бир нерсе энчилеп берет. Баланын чачын алдырат. Басаарга жакын баланын тушоосун кесет. Кыз баланын чачын өрдүрөт. Балдарын достоштурат. Бойго жеткенде уулун үйлөнтүп, кызын күйөөгө берип той өткөрөт. Ушул сыяктанган көп салттар балдарга арналат.

Жогоруда айтылган салттардын бардыгын эле прогрессивдүү деп эсептөөгө мүмкүн эмес. «Күлүк тушунда» демекчи, архаизмге чыккан сөздөр сымал, кээ бирлери улам кийинки муундар үчүн керексиз болгондуктан, ал өзүнүн маанисин жоготуп, колдонулбай калат. Мурунку убакта кыз бала онон бир жашка чыкканда, жакын жеңесине кыздын чачын өрдүрүүчү. Ошол күндөн баштап, кыздын кийими бойго жеткен кыздын кийими менен алмаштырылып, «оюндан от чыгат», «сактыкка кордук жок» - деп, эркек балдар менен ойноого тыюу салынган, өзүн бойго жеткен кыз сыяктуу алып жүрүүгө тийиш болгон. Жүктүн бурчунда отуруп иш жасап, сыртка жеңелеринин коштоосу менен гана чыгуучу. Албетте, бир жагынан баланы тез эле балалыгынан ажыраткан адат прогрессивдүү деп эсептөөгө мүмкүн

эмес. Бирок «кызга кырк үйдөн тыюуга» маани берилбей калды эле бүгүн кээ бир кыздарыбыз кандай абалга гана жеткен жок...

Биринчи вариантка карата С.М. Абрамзоң мындай деп көрсөткөн: Ат-башылык кыргыздардын айтканына караганда, кыздын балалык мезгили чачын өрдүргөнчө гана созулат. Чач өрдүрүү салты 9-10 жашында өткөрүлөт.

Кыргыздар баланын төрөлүшүн чоң бакыт деп эсептешкендигин кыргыздын турмушун изилдегендер төмөнкүчө белгилеген. Баланын төрөлүшү кайсы гана үйдө болбосун кубанычтуу окуя болуп эсептелет. Баланын өмүрүн сактооучүн ата-энеситарабынан көп аракеттер жасалган.Ошого карабастан оору-сыркоодон көбүрөөк жапа чегишкен. Анткени, кеңеш бийлигине чейин кыргыз элинде медициналык жардам жокко эсе болгон да элдик дары-дармектерди колдонушкан. Ошондой эле ата-энелер динге анчейин байланышпаган ар кандай адаттарды ойлоп табышып, баланын өмүрүн сактап калууга кам көрүшкөн. Эгерде бала төрөлгөндө, энесинин (денсоолугуна байланыштуу) эмизүүгө мүмкүнчүлүгү келбесе, анда ал башка аял тарабынан эмизилип багылган. Мындай аял баланын экинчи энеси катарында эсептелип, ал өз энесиндей эле урматка ээ болгон. Анын балдары менен эмчек эмген бала эмчектеш бир тууган катары эсептелип, салт боюнча, никеге турууга мүмкүндүк берилген эмес. Мындай салт үй-бүлөлөрдү бири-бирине жакындатып, баланын үлгүлүү жүрүш-турушуна көзөмөл жасоочулардын санын көбөйткөн. Эмчек эмизген эне, эмчектеш бир туугандары баланын адептүү өсүшүнө кам көрүшкөн. Сылык, кичи пейил болуп, өзүнүн ата-энесин гана эмес, башка адамдарды да урматтоого үйрөтүшкөн.

Ал эми азыркы күндө эгер бала төрөгөн эненин эмизүүгө мүмкүнчүлүгү болбосо, эненин сүтүн алмаштыруучу сүт берилет.

Дагы бир баланын өмүрүн сактап калууга байланыштуу салтты карап көрөлү. Баласы токтобогон аял (баласы төрөлгөндөн кийин бир аз жашап

чарчап калса), көп балалуу аялдын баласын өз балдары менен эмчектеш кылып багып берүүсүн суранышкан. Салтка ылайык, көп балалуу эне мындай өтүнүчтү эч качан четке каккан эмес. Ошентип көп балалуу эне жакындарынын баласын эмизип, ал жөнүндө камкордук көргөн. Мындай учурда да эмчек эмизген аял баланын энеси деп эсептелип, ал өз энесиндей эле урматталууга тийиш болгон. Дагы бир факт келтирели. Сонун апа 1934-жылы өзүнүн төртүнчү уулун төрөгөн. Алардын тууганы көпкө чейин балалуу болбой жүрүп, эки баласы чарчап калгандан кийин үчүнчү кызы төрөлгөндө атын Токтобүбү коюп, Сонун апанын эмчегин эмизүүнү суранышканда, ал аял Токтобүбүнү өзүнүн уулу менен эмчектеш кылып баккан. Азыр алардын экөө тең үй-бүлөлүү. Токтобүбү эже тарых илимдеринин кандидаты, Кыргызстан илимдер Академиясында сектор башчысы болуп иштейт. Сонун апа Токтобүбү эженин үлгүлүү болуп өсүшүнө ар дайым кам көрүп, акыл насаатын айткан. Өз балдары сыяктуу эле борбордон окуганда белектерин алпарып жолугуп туруучу. Эмчектеш бир туугандарынын да мамилелери жакшы.

Ушул өңдүү салтка адамдар өзүн-өзү ишендиргенден башка баланын өмүрүн сактап калуучу практикалык жагы деле көрүнбөгөнсүйт. Бирок адамдын өзүн-өзү ишендирүүсү психологиялык жактан зор нерсе. Көп балалуу эненин үлгүсү боюнча баланын өмүрүнүн узун болушун каалагандык, ошого берилип ишенгендик. Мындай жакшы үмүттү колдоп, тилектин тирүүлүгүнө, бата менен каргышка маани берип, башка бирөөнүн баласын эмизип баккандык, кыргыз аялдарынын чексиз гумандуулугу, акыл-эстүүлүгү, айкөлдүгү болуп саналат. Ушундай адаттар адамдарды бири-бирине жакындаштырып, ынтымактуу бир чоң үй-бүлөдөй жалпы эл жаштарга көзөмөл болуп, акыл азыгы толук өсүп жетиле элек жаштарды мээрим менен тарбиялоочулардын саны эбегейсиз зор күчкө ээ болгон, Ушул сыяктуу салттардын негизинде, кыргыз үй-бүлөсүндө, бүгүнкү күндөгүдөй ,көчөдө кароосуз калган балдар жокко эсе болгон десек да болот.

Кыргыз салты балдарды конокко ээрчитип барууну четке каккан эмес, Эч ким, эч качан конокту ээрчип келген балдарды четтетүүгө тийиш эмес болгон. Тескерисинче, ар кандай себептер менен барган балдарга үй ээси бир нерсени арнап белек кылып берүү жагы салтка ылайык болгон.

Бала төрөлгөндөгү, бешикке салгандагы, тушоо кескендеги, баланын чачын алдыргандагы жана башка салттарга аялдар менен балдар гана чогулган. Бир аял бир канча бала ээрчитип барса да, эч ким эрөөн алган эмес. Өз баласын гана ээрчитпестен, туугандарынын же кошунасынын балдарын да ээрчитип баруучу. Үй ээси бул кимдин баласы дебестен, бардык балдарга бирдей көңүл буруп, жылуу мамиле кылуучу. Мындай учурларда балдар да турмуштук адаттарды, салттарды байкашып, жүрүш-туруш эрежелерин үйрөнүшкөн. Тактап айтканда, өз элинин турмуш эрежелери менен жакын таанышышкан. Мисалы, алар конокто өзүн кандай алып жүрүү, тамакты кантип ичүү, кайсы орунга отуруу, өзүнөн улууларды сыйлоо, үй ээсине ыраазычылыкты кандайча билдирүү сыяктанган салтка ылайык адаттарды үйрөнүшкөн. Ал эми коноктоп жаткан тараптагы балдар болсо, меймандарды кандай урматтап күтүп алууну, аларга кандай кызмат кылууну үйрөнүшкөн. 6-7 жаштагы балдар коноктордун колуна суу куюп, андан чоңураактары коноктун атын алып, аларды откозуп, ээр токумун алып, кетээринде атын токуп атказышат. Кыздар үй ичиндеги иштерди аткарышкан.

Ата-бабаларыбыздын «Улуу үй күлсө, кичүү үй ырсаят» деген макалы айтып тургандай, балдар анча-мынча жаңылса, азыркы көпчүлүктүн: «өлүп калгыр», «жерге киргир», «эшек», «чочко» эмес, маданияттуу сүйлөөдө улуулар үлгү болуп, көбүнчө «жолуң болгур», «өркүнүң өскүр», «бай болгур», «тукумуң өскүр» өңдүү сөз айкаштарын колдонушкан. Ушул сыяктуу үлгүлөрдү угуп-көрүп, жумуштарды аткаруу менен балдар «уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат», «алма сабагынан алыс түшпөйт» болуп, ата-энесин туурап балдары «эжесин көрүп сиңдиси өсүп, агасын көрүп иниси өсүп», адамдарды урматтоо, конок күтүү жөнүндөгү улуттук салттын

эрежелерин үйрөнүүгө шарт түзүлгөн. Бул мегзилде салтанатка катышкан тестиер балдарга улуу адамдар иштерди бөлүштүрүп берип, ирээттүү иштөөлөрүн көзөмөлдөп турушкан. Кимде ким балдардын ичинен өз милдетин жакшы аткарса, аны башкаларга үлгү катары көрсөтүп, даңазалаган. Ал эми тетиринче коноктун атын жайла десе, бир Кемчонтой коноктун атын мууздап коюп, «атты жайлап койдум» деп, шымалана кириптир деп, кемчилик да демократиялуу айтылып келген.

Кыргыз эли балдарды биргелешип тарбиялашкан десек жаңылышпайбыз. Себеби, жогоруда айтылгандай баланын адептүү жүрүш-турушун текшерип туруулар көп болуп, алар балдарды адептүүлүккө үйрөтүүнү өзүлөрүнүн милдети деп эсептешкен. Баланын жакындары киндик эне, эмчек эмизген эне, куда сөөгү, таеке-тайы, чоң атасы, чоң энеси жана башкалар көргөн жерден балага «жакшы сөз жан эргитет» деп, жылуу мамиле жасашып, алардын туура эмес жасаган иштерин ар дайым эскертип турушкан.

Улуулардын балдарга жасаган жылуу мамилеси алардан жооп катары «Улууга урмат кичүүгө ызат» демекчи, улууларды урматтоо милдеттерин адатка айландырган. Улууларды урматтоонун салтка айланышынын себеби бала менен улуу адамдардын ортосундагы бири-бирине жасаган жылуу мамиледен пайда болору талашсыз.

Улууларды урматтоо кыргыз элинде азыр да кеңири колдонулат, бирок башка (орус ж.б.) элдердин таасириненби акыркы учурларда ата-энесин кароосуз калтырган, карылар үйүнө тапшырган жаштар көбөйдү. «Азыркы убакта балдар, өзүнөн улуу адамдарды жашынын улуулугу гана эмес, чыныгы адамдык сапаты үчүн сыйлашат. Эгер улуулар өздөрүн балдарга үлгү катары алып жүрө албаса, аны урматтабай коюшу законду иш»-деп, педагогика илимдеринин кандидаты Зарылкан Кусеиновна айтмакчы, чындыгында кыргыз эли жасаган ишин милдет кылбаганы менен өзгөчөлөнгөн, кары адамдар калыстыгы менен кадыр тапкан, «Кары келсе

ашка, жаш келсе ишке» - деп, жаш адам жатып аш ичпей, жакырчылыкты мойнуна мингизбей, «бата менен эл көгөрөт» „ деп, ата-эненин, улуулардын алкышына тунуп, жагымдуу чыгармачыл жашоодо жашап келишкен.

Биз үй-бүлөдөгү салтка айланган мамилелерди карап көрөлү. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине жасаган мамилелери баланын жүрүш-турушуна зор таасир тийгизет. Адептүүлүктү тарбиялоодо балага туура мамиле жасоо керек. «Баланы жашынан, келинди башынан тарбияла!» демекчи, баланын кичинекейинен баштап, өмүрүнүн акырына чейин ата-эне менен баланын ортосунда чыныгы жакындык сакталып, биринбири урматтап турушу үчүн ата-энелер өздөрүнүн жүрүштурушуна жооптуу карашып, «балдарга баркыбыз кетпесин, жеңил баа болбойлу» - деп, терс жактарын көрсөтпөөгө аракеттенген карылар өмүрүнүн акырына чейин өз балдарынан, неберелеринен сый көрүшөөрү белгилүү. Ата-энеси кайсы үйдө турса, ошол үйдү балдары менен туугандары «чоң үй» деп урматташат. Ушунун өзү да карыларды урматтоо салтын көргөзөт. Чоң ата үй ээси деп аталып, бардык иштер ошол киши менен кеңешилип чечилет. Чоң ата менен чоң эне өздөрүнүн каалоолору менен үй тиричилигине аралашпаса, салт боюнча, аларды бардык эмгектен бошотуп, (бүгүнкү күндөгүдөй карылар үйүнө мусапыр өңдөнтүп таштамак тургай) бактылуу карылыкты камсыз кылуу балдарынын негизги милдеттеринин бири болгон. Чоң ата менен чоң эне бала-чакасына көпчүлүк учурда узак турмуштук тажрыйбасындагы жакшы адаттарын үйрөтүшөт, ак-караны, жакшы менен жаманды ажыратып таанууга тарбиялашат.

Жогоруда да учкай айтылган үй-бүлө мүчөлөрүнүн укугуна токтоло турган болсок, кээ бирлер эгер үй-бүлөнү бир адам башкарса, калгандары ал эмне айтса (туура же туура эмес болсо да) ошого баш ийүүгө, анын сөзүн угууга тиешелүү болгон деген түшүнүктө болушу мүмкүн. Чындыгында, андай түшүнүккө келүүгө болбойт. Үй-бүлөдөгү материалдык мүмкүнчүлүктү үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү бирдей эле пайдаланууга

акылуу. Балдардын каалоосу ата-энелер тарабынан дайыма колдоого алынган. Эгер баласы бир атты жактырып калса, ата-энеси аны сатып берүүгө аракеттенген. Эгер бирөө менен достошкусу келсе, аны да жан дили менен колдошкон жана шарт түзүшкөн.

Кеңеш өкмөтүнө чейин кыргыз аялдары саясий жагынан тең укуксуз болгондугу чындык. Бирок Орто Азиядагы башка элдерге салыштырмалуу кыргыз аялдарынын үй-бүлөдөгү эркиндигин эске албай коюуга болбойт. Бул жөнүндө Е.В. Марков төмөнкүчө белгилеген. Цивилизацияланган элдерде да кыргыздар сыяктуу энени жана аялды сыйлоо өтө сейрек кездешет.

Көпчүлүк аялдар үй-бүлө чөйрөсүндө белгилүү укуктардан пайдаланган. Айрыкча балдары чоңоё баштагандан баштап, (албетте жакшы чыкса), көбүрөөк сыйга ээ болгондугу белгилүү. Аялдарды коргоо жалпы кыргыз элине тиешелүү деген түшүнүк такыр туура эмес. Көп аял алуу, аялдарды ызалоо кыргыз феодалдарына гана тиешелүү болгон. «Кыргыздардын бардыгы эле аялдарды адам катары көргөн эмес деген пикирге мен макул эмесмин. Менин ата-энем ынтымактуу жашоочу. Биз байбиче экөөбүз көп кыйынчылыктарды баштан өткөрдүк, бирок наараазы болуп чырдашкан жокпуз. Эми биздин балдар да ынтымактуу жашашат», - дейт кыргыз карыясы К.Сыдыков.

### 5. Балдарды үй-бүлөдө элдик үрп-адат, каада-салттарга үйрөтүүдө эмгектин орду

Кыргыз элинин эмгекке карата болгон мамилеси жаш муунду коомдук баалуулуктарын аныктоодо өзгөчө орунду ээлеп турат. Себеби кыргыз турмушундагы ар бир эмгектик ишаракеттер коллективдүү мүнөздө болуп, калыптануу жолундагы ар бир инсанда жамаатчылык сапатты, өз ара жардамдашууну, көпчүлүктүн арасында өзүн туура алып жүрүүнү, өз укук жана милдеттерин бекем сактоочулукту калыптандырат. Кыргыздардын

улуттук «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң» сыяктуу эмгекке арналган ырларында дагы жаштарды эмгектенүүгө үйрөтүү менен аларды коллективдүүлүккө чакырып, эмгектенүү бул — түйшүк тартуу эмес, тескерисинче, өзгөчө ынтымакташтыкта, жамаатчылык менен эмгектенүү - бул көңүлдүү убакыт өткөрүү деген сыяктуу идеяны берет. Кыргыз турмушундагы «Көп түкүрсө көл болот» - деген макалдын мааниси дагы көпчүлүк тарабынан, биргеликте жасалган эмгектин жыйынтыгы жемиштүү деген ойду ачып берет. Ушул сыяктуу эле «Ырыс алды - ынтымак» деген накыл сөздө дагы жогорудагы ой бекемделет. Ошондой эле балдарга кыргыз элинин өткөн тарыхы, маданияты, жашоо-шартынан кабар берип, элдик кол өнөрчүлүктүн үлгүлөрү менен тааныштыруу алардын өз эли-жерин сүйүүгө, өз улутунун маданиятын урматтоого тарбиялап, сыймыктанууну да жаратат деген ойдобуз.

Мындай учурда маалымат берүү менен чектелбестен, алардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык, усталык, уздук өнөрлөрдүн башталмаларын үйрөтүү да маанилүү. Элибиздин уздук өнөрүндө өрмөчүлүк жана кол терме орчундуу орунду ээлеп келген. Балдарга айрыкча кол термени үйрөтүүнүн мааниси чоң. Мында алар бул өнөрдүн жөнөкөй башталышын өздөштүрүшөт. Кыргыз эли кол терменин түрлөрүн үйбуюмдарында көп колдонушкан.

Боолорду боз үйдүн уугунда, куржундун оозунда, оймокто, чач учтукта жана башкаларда колдонушат. Кол менен терилип жасалган боону жаш муунга үйрөтө жүрүү өтө маанилүү.

Оюмдардын маанисин, жиптердин түстөрүнүн бири-бири менен айкалыштырып таба билүүсү да, аларды жөн гана эмгекке тарбиялоо болбостон жаратылышты сүйүүгө, табитин, ой-жүгүртүүсүн өстүрүүгө жардам берет.

Улуу философ И. Кант: «Адамгерчилик — бул башка адамдардын тагдырына катышуу жөндөмдүүлүгү» - деп туура белгилегендей, кыргыз эли

көп учурда көчүп жүрүшкөндүктөн көч алдынан суусун алып чыгуу салтынын жаш муундарды адамгерчиликке тарбиялоодо оң мааниси бар болгон. Суусап келе жаткан адамдар таанымбаган эле бирөөлөрдүн камкордугу менен суусундарын кандырып эс алышкан. Көч түшөөрү менен мурун отурукташып жайланып калган үй-бүлөлөр өрүлүктөп келип, чарчап келген адамдарга жардамдашып жиберишкен. Бул салттар да элибиздин боорукерлигин көрсөтүп, керектүү учурда адамга жардамдашууга даяр экендигин далилдейт.

Уюткулуу кыргыз элибизде өз ара мамилелешүүгө тиешелүү болгон салттардын бири — ашар десек болот. Кыргыздардагы бул «ашар» деп аталган өз ара жардамдашуу ыкмасы аркылуу иш-аракеттерди жасоодо дагы жаш муундарда көпчүлүк менен бирге болуу, ынтымакташтык, кайрымдуулук, достук сыяктуу сапаттар бекемделген. Ашарда боз үй көтөрүү, чөп чабуу, эгин оруп-жыюу, кийинчерээк там салуу, жемиш терүү жана ушул сыяктуу өз колунан келбеген же колунан келсе да жалгыз жарым жетишпей турган орчундуу иштерди иштөөдө жакын адамдарды жардамга чакырышат да, кар алдында калтырбай, жылуугерчиликте чоң ишти тез эле жардамдашып бүтүрүп алышат. Ашарчылар жумушка ылайыкталып чакырылган. Мисалы, кийизди бышыра тебүүдө тестиер балдар, ал эми кийиз жасоо, чий чырмоо, шырдак шыруу иштерине кыздар катышкан. Буга «Манас» эпосубуздагы Каныкей апанын кырк жигитке жоого чыгаарда уздарды тандап чакырып, барчу жагынын аба-ырайын эске алып жасаган жоо кийимдери да мисал боло алат. Ушундай мезгилде көпчүлүктүн жардамдашуусу менен оор иштер аткарылган ал эми ашарга чакырган үй-бүлө колунан келишинче алардын тамак-ашын көздөгөн. Бир нанды чогуу бөлүп жеген чоң үй-бүлөдөй мындай өз ара жардамдашуу балдарды тилектештикке, бирибирине ичи жылып, адамга жардамдашууга ынтызар болууга үйрөтөт. Бул өңдүү салт жалгыз эле кыргыздарда эмес, орус элинде, украиндерде жана башка улуттарда да учурайт.

Ал эми эзүүчү тап кыргыз элинин жардамдашуу салтын өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланышып, сараңдык менен көп жумуштарын акысыз бүтүрүп алышкан учурлары да болгон. Бүгүнкү күндө да мындай балдардын эмгегин кайтарымсыз пайдаланган учурлар кездешет. Кээ бир кемчилигине карабастан балдарды эмгекке тарбиялоодо да бир тууагандык жардамдашуунун мааниси чоң роль ойнойт.

Кыргыздар ар дайым көчүп жүргөндүктөн өз турмуштарына керектүү нерселерди жакшы өздөштүрүшкөн. Туулуп өскөн жеринин сырын ийне-жибине чейин билишип, айсыз караңгыда да жол жүрүшкөн. Жылдыздар боюнча багытты аныкташкан. Дары чөптөрдүн касиеттерин дурус билген табыптар да болгон. Мамыры, ышкын түп, мең дубана, бака жалбырак, жалбыз жана башка чөптөрдү ар түрдүү ооруларды дарылоого колдонушкан. Чоң ата менен чоң эне балдарды табигый байлыктарды пайдалана билүүгө, өзү жашаган чөлкөмдү, адам үйү болгон ааламды, жаздыгы болгон жерди жакшы таанууга үйрөтүшкөн. Ошондой эле, учурдагы айылга барып, уйду - чычкан деген шаардык балдардан айырмаланып, малдын түрлөрүн кантип ажыратууга үйрөтүшкөн. Меймандос кыргыз конок келип кой сойсо, баласы койдун бутун кармап, колуна суу куюп берип, союлушун, жиликтелишин “миң уккандан бир көргөн” болуп үйрөнүшкөн. Эгер үйдө чоң атасы жок болсо, анда өз атасы үйрөтүүгө милдеттүү болгон. Ушинтип, кыргыз балдары үй-бүлөдө турмуштук мектептен окушуп, улуулардын нускасын алышкан. Кыргыз үй-бүлөсүндө алдыңкы балдарын ата-энесинин көзүнчө өөп-жыттап, баласынын үстүнө түшө калып эркелетүү адепсиздик болгон. Салт боюнча, эгер чоң атасы болсо, неберелер чоң атасын «ата» деп, өз атасын «байке, аба» деп аташкан. Бул да карыны урматтоонун бир формасы болгон. Ата чоң атага караганда балага жакын экендиги талашсыз. Ошол жакындык орун чоң атага ыйгарылып «ата» деп аталган.

Ал эми чоң аталар өздөрүнүн көп жылдык тажрыйбаларын билгичтик менен жаш муундарга бере алышкан. Көптү билген адилеттүү адамды

сыйлабай коюу такыр мүмкүн эмес болгон. Чоң ата эртели-кеч өз билгендерин балдарына үйрөткөн. Ушулардын бардыгы балдарды өзүнө тартып, көптү билген кары адамды урматтоого шыктандырган. Улуу адамдарды урматтоо салтына В.В. Северцов, В.В. Бартольд, С.М. Машкутов, С.М. Абрамзон өңдүү орус элинин окумуштуулары ыраазы болушуп, жогору баа беришкен...

Улуу муунду урматтоо салты балдардын үлгүлүү жүрүштурушун тарбиялоодо да оң таасир берген. Бул жөнүндө окумуштуулар тарабынан төмөнкүчө белгиленген: «Кыргыз үй-бүлөлөрүндө балдарды кичинесинен баштап эле эмгекке үйрөтүшүп, бири-бирине жардамдашууга, жоопкерчилигин сезүүгө, улууну урматтоого тарбиялашат».

Улууларды урматтоо салты ар бир адамдын жүрүштурушуна, анын балдарына, башка адамдарга жасаган мамилесине байланыштуу. Мисалы, Бектенов Абдырахман (1902-жылы Түп районунда туулган, Сары-Дөбө айылында жашаган) өз айлына кадырлуу адам болгон. Ал көп нерселерди билгендиги менен чөйрөдөгү элге кеңири таанылган. Бул адам мыкты саяпкер да болгон. Абдрахман бардык өсүмдүктөрдү, курт-кумурскаларды, канаттууларды, жаныбарларды билген. Өзүнүн балдары менен бирге айылдагы ынтызар балдарга өз билгендерин үйрөткөн. Бардык жаштар бул адамды чын жүрөктөн урматташкан. Ошондуктан, ал адамдын сөзү балдар үчүн таасирдүү болгон. Эгер кимде-ким тентектик кылса, ал адам аңгемелешкенден кийин эле тентектигин токтотуп койгон учурлар кездешүүчү. Турмушка карата туура багыт берген карыларды урматтоо өмүр бою унутулгус болуп калгандыгына дагы бир мисал келтирип көрөлү. Кыргызстан мамлекеттик университетинин профессору Хусеин Карасаев мындай деген: «Ар бир адамдын сүйкүмдүү мугалими болот. Ал дайыма эле кесиби боюнча математик, тарыхчы, адабиятчы же химик эмес. Мүмкүн, ал таптакыр эле мугалим эмес чыгар. Мен адамды турмушка карата негизги кадамды туура шилтөөгө үйрөткөн адам жөнүндө айткым келет. Мына

ушундай тарбиячым Турдужан байбиче эле. Ал сабатсыз кыргыз аялы болсо да, акыл берген баалуу тарбиясын унутпайм». Бул жерде бүгүнкү күндөгү жаштар үчүн чанда кездешүүчү (дефицит), жакшыны баалай билүү касиети, адамдык сапаты Хусеин Карасаевичтин жөнөкөй аялдын баалуу педагогикалык көз карашын даңазалап, ар дайым урматтоо менен эсине сактагандыгында болуп жатат. Өз балдарын, неберелерин тарбиялоодо Турдужаң эненин үлгүлүү жүрүш-турушту тарбиялоодогу ыкмаларын колдонуп, балага талапты туура коюп, эмгекти сүйүүгө үйрөтөт да, шалаакылыкка, бекерчиликке, көйрөңдүккө көнүп кетүүдөн алыстатат. Бирок бардык эле карылар балдардын үлгүлүү жүрүш-турушун тарбиялоодо аларга туура багыт бере алат десек жаңылышкан болор элек. Мисалы, Кыргызстандын кээ бир аймактарында кары адамдар да көпчүлүгү арак ичишип жаткандыгын көрөбүз. Ал эми кээ бир карыялар неберелерин обу жок эркелетишет. Кээде коомдук автоунааларда кары адамдан орундук талашып ыйлактап жаткан небересин көрөбүз. Бабалар «эркенин бир акылы кем» дешмекчи, туура тарбиядан тайган балдар турмушка жөндөмсүз, жалкоо болуп калышы мүмкүн. Мындайлардын айрымдары өз ата-энелерин сыйлоонун ордуна алардын атынан айтып, оройлукка үйрөнгөндөрү да бар. Айрыкча кайын эне менен келиндин ортосундагы туура эмес мамиленин негизинде бала жалкоо, эрке, өз энесине такыр эле кайдыгер мамиле жасап, таш боор болуп өсүшү мүмкүн. Мындай окуяга «Мезгил сабактары» деген макала мисал боло алат. Кыргыз элиндеги үй-бүлөлүк салттарда айрым кемчиликтер болсо да, алардын прогрессивдүүлөрү баланы адептүүлүккө, эмгекчилдикке, сылыктыкка, тартиптүүлүккө үйрөтүүгө белгилүү көмөк берген.

Баланын жүрүш-турушунаата-эненин мамилесидатиешелүү таасир тийгизери белгилүү. Эгерде ата-эне ынтымактуу болуп, бирин-бири сыйлап турушса, үй-бүлө бактылуу деп эсептелет. Балдарга ата-эненин кеңешип, бирин-бири колдоп, туура талап коюшу, жакшы жүрүш-турушту

калыптандыруунун дагы бир себеби экендиги белгилүү. Кыргыздардын тарыхында көпчүлүк эмгекчи элдин арасында ынтымактуу үй-бүлөлөр көп кездешип, бирин-бири сыйлоо өкүм сүрүүчү. Ата-энелер биздин негизги милдетибиз — балдарды адептүү кылып өстүрүү деп эсептешкен. Алар балам адептүү, адамгерчиликтүү, чынчыл, адилеттүү, эмгекчил болуп өссө экен деп тилешкен. Ошол сапаттарды тарбиялоого аракеттенишкен. Ал эми бүгүнкү күндө көпчүлүк үй-бүлөлөрдө материалдык байлык биринчи орунга чыккандыгы алардын балдарынан ачык чагылып көрүнүп турат...

Кыргыздарда ата-энелердин арасында уруш-талаштын жокко эсе экендигин А.П. Смирнов мындайча көрсөткөн: «Кыргыздарда турмуш куруу күйөө менен колуктунун ыктыяры боюнча болбосо да көпчүлүк учурда алар ынтымактуу жашашат».

Үй-бүлөдө талаш-тартыш, чыр чатаксыз жашоо баланын ата-энесине карата болгон жакындык мамилесин бекемдейт. Кыргыз үй-бүлөсүндө чоң ата менен чоң эне сыйлуу болуп, атаэнесинин ынтымактуу болуусунан тышкары, көбүнчө баланы дагы алардан кийинки улуу адамдар курчайт. Алар: уул, келин, кыздар жана балдардын бири-бирине жана улууларга жасаган мамилесине токтоло турган болсок, үй-бүлөдө ар дайым бир адам баш көз болуп, ал бардык мамилелерди жөнгө салып турган. Калгандары ошол адамдын айтканына макул болушуп, үй-бүлөнүн ынтымактуу жашашына шарт түзүлгөн. Чоңойгон балдары; айрыкча келини, ата-эненин көзүнчө өзүн салтка ылайык эрежелер менен алып жүргөн. Ата-энелер менен сөз талашуу, алардын жогор жагына олтуруу, улуулардан мурун тамак ичүү, алардан мурун эс алуу салтка туура келген эмес. Балдардын кичүүсү улууларына баш ийип, алардын тилин алууга милдеттүү болушкан. Бул боюнча кыргыз жомокторунда да чагылдырылган.

Кыргыз элибизге тиешелүү болгон келин менен кайнилердин, айрыкча келин менен кыздын өз ара мамилеси өзүнчө көңүл бурууга ылайык. Көпчүлүк учурда булардын мамилеси өтө ынтымактуу болуп, кыз-келинге

тиешелүү иштерди чогуу аткарышып, оюнду бирге ойношуп бирибирине ынак, тилектеш болушкан. Кайын сиңди менен жеңенин ортосундагы ыркы келишпегендик сейрек кездешкен. Бардык үй-бүлө мүчөлөрү чоңоюп келе жаткан кызга сылык мамиле жасашкан. «Кыздын кырк чачы улуу», - деген макал төгүнүнөн чыккан эмес. Кыздарды да сыйлуулугу тарабынан улуулардын катарына киргизишкен. Кыргыз турмушун изилдегендер бойго жеткен балдардын ынтымактуулугу тууралуу: «Эр жеткен бир туугандардын арасында да бири-бирине такай жардамдашуу жана кыйбастык байкалып турат» „ дешкен. Жалпысынан алганда, көпчүлүк чоң үй-бүлөлөрдүн бардык мүчөлөрү бири-бирине жардамдашып, өз ара ынтымактуу жашашкан. Ал эми үй-бүлөдөгү ынтымактуулук баланың адептүү болуп өсүшүндөгү негизги себептеринин бири болгон.

Адамды сүйүү, адам үчүн кам көрүү кыргыз элинин илгертен келе жаткан меймандостук салты. Мындай жагымдуу салт жөнүндө орус окумуштуусу В.В.Радловдун айткан пикирлерин мисалга келтирсек: «Кыргыздар өтө эле меймандос. Улуулардын меймандостугу улам кийинкилерине адамды сыйлоонун үлгүсү катары берилип келе жатат».

Кыргыздар эч убакта эшигин бекитишкен эмес. Каалаган адам үйгө кирип, болгон тамак-ашты ичип, эс алып кетсе, үй ээси сүйүнүп калган. Коноктун кемчилиги билинип турса да, үй ээси аны сындоого жол берген эмес. Ата-энелер конокту кандайча сыйлап, урматтоого өз балдарын көнүктүрүшкөн. Конокту сыйлоо ар бир адамдын милдети экендигине ишендиришип, эгер конокту сыйлабаса, адамгерчиликсиз, адам катарында жок деп түшүндүрүлгөн.

Мурдатан элибиз ар кыл меймандарды күтүшкөн: кудасөөк, кыз-кыркын, дос-тамыр, тайке-жээн жана башкалар. Коноктордун эң сыйлууларын, «уяттуу конок», «сыйлуу конок» деп, алар үчүн эң жогорку сый көрсөтүлгөн. Булардан башка «кудайы конок» дегендер да болгон. Жол жүрүп бара жатып, чарчаган жерден аттын башын бура тартып, каалаган үйүнө

кирип, кудайы конок болууга ар бир адам акылуу болгон. Колунда бар жогуна карабастан «Канча бут кирсе, ошончо кут кирет» деп, конок үчүн кам көрүп, аны сыйлап узатуу элдин ыйык милдети болгон.

Жогоруда айтылган меймандардан башка «милдеттүү конок» дегендер кездешкен. Мында ар бир айылдан чыккан манаптар чоң аш-той бергенде конокторду өзүнө караштуу букараларына бөлүштүрүп берген. Ал адамдын колундагы мүмкүнчүлүгү бар-жок экендигине көп учурда караган эмес. Меймандостуктун ушул сыяктанган терс жактары да кезиккен. Бул эл арасындагы таптык карама-каршылыкка байланыштуу болгон. Чыныгы гумандуулукту тарбиялоого карама-каршылык көрүнүктүү тоскоолдук келтирээрин түшүндүрүүдө элдин аңсезимдүүлүгүн көтөрүү зарылдыгы келип чыгат.

Кыргыз элибиз илгертеден бери эле үлгү алуу маселесине жогору маани беришкенин «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт», «Жакшы менен жолдош болсоң - жетээрсиң мураска, жаман менен жолдош болсоң — каларсың уятка», «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт» - деген макалдарды көп колдонуп келишкен. «Адептүү бала алкыш алат, адепсиз бала каргыш алат»-деп, баланын адептүүлүгү, жүрүш-турушу айлана-чөйрөгө байланыштуу болорун билишкен. Эгер ата-эне адамгерчиликтүү, эмгекчил болсо, анда алардын баласы да адептүү болуп өсөөрүн баса көрсөтүшкөн. Мисалы, «Алма сабагынан алыс түшпөйт», «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген макалдар ата-эненин баланын жүрүш-турушуна түздөн-түз таасири бар экендигин көрсөтөт. Эл-журт алдында уят болбос үчүн ар бир адам өзүн үлгүлүү алып жүрүүгө тырышкан. Капыстан бирөөнүн уурулугун же калпын, же улууларды сыйлабаганын көрсө, андай адамды өз үй-бүлөсү гана эмес бүт айыл сынга алып жектешкен. Бул өңдүү жаза ар бир адамды өзүн талапка ылайык алып жүрүүгө аргасыз кылган да ата-бабалардын таза демократиясы көпчүлүк жаштарды туура багытта тарбиялаган. Ал эми оройлук, обу жоктук, көпкөндүк, ырыскысын тепкендик көпчүлүк учурларда

(азыр да көп кездешкендей), «эркенин бир акылы кем болуп», байлардын балдарында кездешкен. Ал эми көпчүлүк кыргыздарда адепсиздик өтө эле сейрек кездешкендигин жана балдардын көзүнчө уят сөз сүйлөө көпчүлүк тарабынан катуу сынга алынганын 3З. Кусеинова өзүнүн «Баланын жүрүш-турушун тарбиялоодо үй-бүлөнүн таасири» аттуу эмгегинде мындайча белгилеген. Жылкыайдаров Ш. (1901-жылы туулган. Түп районундагы Арал кыштагынын тургуну болгон) менен аңгемелешкенде ал төмөнкүлөрдү айтып берди: биз бала чакта жоруксуз жүрүшТурушу үчүн абдан күнөлүү болгондор эсимде. Бир жигит калп айтууну абдан жакшы көрүүчү. Аны айылдагылардын баары билишип, балдарын ага жакындатууну каалашчу эмес. «Өлчөсү өзү менен кетсин» дешип, «сыныктан башканын баары жугуштуу» дегендей, анын жаман адаты бирөөгө жугуп калуучудай жийиркенишчү. Өз атынан айтпастан «калп, шыпыр» дешип мазакташуучу. Мен өзүмдөн улуу агаларымдын, туугандарымдын тетири жактарын көрбөдүм. Айылдагы эл «Актан байбиченин балдары» деп бизди урматташа турган. Энебиз өтө таасирдүү адам эле. Менин бир туугандарым кичи пейилдиги, адамгерчилиги, эмгекчилдиги менен элге таанылуучу. Энебиз бардыгын өз ирээти менен тезге салып, адептүүлүктүн, эгекчилдиктин үлгүсүн көрсөтүүчү. Биз энебизди урматтоочубуз. Ал адам бизге орунсуз талап коюучу эмес. Биздин балдар да ыймандуу, уяттуу болуп өсүп жатышат.

Кыргыз элинде уяттуулук сезими кеңири таралган. Уяттуулук адамды өз жүрүш-турушуна карата жоопкерчилигин жогорулатат Өз чөйрөсүндөгүл,өрдүн пикири менен эсептешүүгө, өзүн адептүү алып жүрүүгө көнүктүрөт. Башкаларга карата адилеттүү мамиле жасоого шыктандырат. Кыргыздар «уят деген улуу эл» деп айтышкан. Эл алдында, бирөөлөрдүн алдында уят болуу - адамдын сапатын төмөндөтүү менен барабар болгон. Ата-энелер балдарын уяттуу болууга үйрөтүүнү - эл алдында өзүнүн жүрүш-турушуна, кылыкжоругуна жооп берүү деп түшүнүшкөн. Уяттуулукту

тарбиялоо - өзүнүн мойнундагы тапшырманы аткарууга карата өзүнүн жүрүш-турушун жолго салуу болуп эсептелет.

Эгер бала бирөөнүн эмгегинен пайдаланып, ага жооп кайтарбастан, өзүнө шарт түзүп, бирөөнү ыңгайсыз абалда калтырса, эл алдында жоопкерчилигин сезбесе, улууларды сыйлабаса, салтка ылайык жүрүш-туруштун эрежелерин бузса, жалкоолук кылып, калп айтса жана башка толуп жаткан кемчиликтер уятсыздыкты билгизет. Улуулар жаштардын арасында уят сөздөрдү сүйлөшкөн эмес. Ал эми жаштар сүйүү темасында сүйлөшүүнү уят көрүшкөн. Алдыда ата-бабаларыбыздын тарбиялоо маданиятынан алыстап, орусташып калгандыгыбызга байланыштуу «Ыйык Валентин күнү» деп, чогуу майрамдап улуулар жаштардын сүйүүсүн билдирүүсүн тиктеп отурушат. Мисалы, 2013-жылы өткөн бул майрамда саясат таануу адистигиндеги Амантур аттуу мырза жигит «тил эмне үчүн керек? - деген суроого «жигиттердин бардыгы өбүшкөндү жакшы көрөт, албетте тил өбүшүү үчүн керек» -деп улуу агай, эжейлеринин алдында эч тартынбай орусча жооп берди. Кыргыз элинин демократ акыны Токтогул; «Чыныгы уяттуулук сезимин эл үчүн жашаган адамдарда гана болот» - деген.

Балдардын жүрүш-турушун тарбиялоодо уяттуулук сезими белгилүү эрежелерге көндүрүүгө жардам берет. Мисалы, улуу кишини атынан айтуу, алардын сөзүнө орунсуз жерден аралашуу, катуу-катуу сүйлөө, шашып-бушуп апылдатып тамак жеш, улуу адамдарды тикирейип кароо, үнүн катуу чыгарып күлүү, (учурда жарым-жылаңач кийинүү, уятсыз кинотасманы улуулар менен чогуу көрүү) уятсыздык деп эсептелет. Элибизде «уят өлүмдөн катуу» деп элдик салттын эрежесин бузгандарды катуу күнөөлөшкөн. Ушул эрежелер бүгүнкү күндө да кеңири колдонулушу абзел. Мисалы, коомдук автоунааларда, көпчүлүк арасында ар бир баланын жүрүш-турушу, адамга жасаган мамилеси, кылык-жоругу анын кандай үй-бүлөдө тарбиялангандыгын көрсөтүп коёт. Жогоруда Токтогул атабыз айткандай чыныгы уяттуу эл үчүн жашаган жаштар аз. Көпчүлүк алдуу-күчтүү жаштар

коомдук автооунааларда улууларды көрсө да көрмөксөн болушат. Жардамга муктажды эмес өзүн көбүрөөк ойлошот. Ошондуктан бул тармак жөнүндө да жаштардын аң-сезимине чыгармачылык менен жеткирүүгө тийишпиз. Мисалы, жакшы сценка түрүндө, автоунаалардагы көрнөк-жарнактарды күчкө киргизүү менен, ММК берүү менен, агартуучулардын, айдоочунун да кайдыгерлиги эмес, тескерисинче кийлигишүүсү менен кээ бир автоунаалардын ичиндеги телеэкрандар аркылуу бул маселени чечсе болот.

Балдардын жүрүш-туруш эрежелери дайыма калыптанууга тийиш. Башкача айтканда, үй-бүлө мүчөлөрүнүн кимиси болсо да үйгө келген конокко сый көрсөтүүгө милдетүү. Айрыкча тестиер балдар мейманга эшик ачып, илбериңки учурашып, үстүңкү кийимдерин алып, алдына төшөк салып, жуунганга суу камдап, эгер элет жеринде болсо атын токуп жана ушул сыяктанган иштер менен сый көрсөтүү менен эптүүлүккө, эмгекке үйрөнүшкөн. Коноктон мурун жатып алуу же коноктон кийин кеч туруу уятсыздык. Жогоруда айтылган эрежелер аткарылбаса, ал бала адепсиз өсүп жатат деп эсептелинген.

Акылман кыргыз элибиз «Баланы жашынан, келинди башынан» тарбияла дешмекчи жана дагы эле алар эң зор маани берген жаштардын баш кошуусунда жети атаны эске алып, акыл-эси кем эмес, таза кандуу болуп төрөлгөн наристелерди «түйүлдүк кезден» апасы «уккан жок деп ушак айтпай, көргөн жок деп уурулук кылбай» тургандай кылып үй-бүлөдөгү ата-энелер тарбиялашса, төрөлгөндө бешик ырынан тарта, элибизди «акылдын кыры менен бастырып, акындын ыры менен жаздырып» чечен кылып, табигый жөндөмүн өстүрүп, бир мезгилде адептүү кылып тарбиялап келген элдик педагогиканын булактары болгон - оозеки чыгармаларыбыз болгон: бешик ырынан баштап, элдик ырлар, кыргыз эл жомоктору, табышмактар, макал-лакаптар, санжырадастандар, эпостору, элдик оюндары, үй-бүлөлүк каадасалттары, акылман-даанышмандардын кеңеши, ийгиликтүү илимпоздордун эмгектеринин бүгүнкү күндө дагы бизге керек экендигин

ата-энелерге чогулуштарда, ММК аркылуу жеткирүү менен келечек коомубузду кайрадан сыймыктуу эл катары калыптандыра алмакпыз.

Кыргыздардын үрп-адаттарындагы бардык жагдайлар жалпы коомчулук мүнөздө болуп, инсандын баалуулук багыттарын аныктоодо зор орунду ээлеген, Алсак, бала төрөлгөндөн тартып, адам өлгөнгө чейинки бардык салтжөрөлгөлөр көпчүлүктүн катышуусунда жүргүзүлүп келген. Ата-бабалардан бери сакталып, муундан муунга оозеки өтүп келген элдик оозеки чыгармаларда дагы бул маселелер ачык чагылдырылат. Жалпылап айтканда, улуттук маданий шарттардын инсандын баалуулук багыттарын аныктоодогу мааниси өтө күчтүү экендигин жогорудагы маселелер ачык көрсөтөт. Андыктан, кылымдардан кылымдарга эскирбей, тозбой сакталып келген маданий, рухий мурастарыбызды бүгүнкү күндө дагы аздектеп, учуруна ылайык пайдаланып, жөрөлгөлүү салттарды бүгүнкү турмушубузда дагы ылайыктап пайдалануунун орду толгус.

Эң негизгиси, учурдун талабы болуп турган өз кыртышыбыздагы балдарды өстүрүп-өнүктүрө турган элдик баалуулуктар негизин түптөп, андан соң дүйнөлүк баалуулуктар менен дилин суугарсак, сыймыктуу коом куралат демекчибиз.

Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:

Кыргыз элинин үй-бүлөлүк тарбиясынын өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле.

Эмне себептен үй-бүлө - тарбиянын негизги башаты?

Эмгек - элдик тарбиянын негизги каражаты дегенди кандай түшүнөсүңөр? .

Кыргыз оюндарынын тарбиялык мааниси кандай?

Элдик үрп-адаттардын балдарды адеп-ахлакка тарбиялоодогу ролун ачып бергиле.

Тема боюнча кызыктуу суроолорду түзгүлө.

Үй-бүлөлүк тарбиянын маңызы болгон ата-энелик милдеттер кайсылар?

Тема боюнча пикир алмашкыла, талаштан тактык жаратып дискуссияга орун бергиле.

Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоодо кайсы баалуулуктарды колдонгондо кылмыштуулук жок болуп, нагыз адам болушат?

Өз алдынча даярдануу үчүн адабияттар:


Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк. - Б., 1996. — 69б.

Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. —Б.: Алтын тамыр, 2001 — 42 б.

Абрамзон С.М. Рождение и детство киргизского ребенка. С. МАИЗ, т. 12 изд. АН СССР. - М-Л, 1949,

Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. — Б.: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1999. — 895 б.

Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт. — Б. Баласагын, 1993. — 220 б.

Акматалиев А. Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат. — Б.; Бийиктик, 2002. — 400 6б.

Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. — Б.: Шам, 2000. — 348 6б.

Акматалиев А.А. Балдарга арналган салт жана ырымжырымдар. — Б.: 2000. — 224 б.

Волков Г.Н. Этнопедагогика.—-М.:АСАБЕМА,2000.176 с.

Диваев А.А. Игра киргизских детей. //Туркстанские ведомости». = 1905, №152.

Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана.М.:1991.

12 Имаева Н.И. Проблемы нравственного воспитания в киргизкой народной педагогике. // Русский язык в киргизской школе. -1973. -№5-6.

Калдыбаева А. Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар. — Б.: 2005. — 344б.

Койчуманов Ж., Макал-ылакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор. —Б.: Бийиктик Плюс.—2012—540 6б.

Кыргыз макал-лакаптары / Түзгөн жана баш сөзүн жазган Ш.Усупбеков. — Ф.: Кыргызстан, 1982. — 2226.

Киргизы кн. Народы мира. Этнографический очерк. т.2, изд. АН. СССР, 1963.

Кусеинова З. Баланын жүрүш-турушун тарбиялоодо үйбүлөнүн таасири. - Ф.,1972.

Кыргыз поэзиясынын антологиясы. /Түзгөн К.Жусупов. —Б.: «Кыргызстан-Сорос» фондусу, 1999. 1-том. -7946б.

Кыдыралиев К. Этнопедагогика — улуттук нуктагы тааныпбилүүнүн жана тарбиялоонун булагы.Б.: 2010. — 488 б.

Кыргыздар: Он төрт томдук жыйнак. Түз: Жусупов К., Иманалиев К. ж.б. — Б.; Бийиктик, 2011.

Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп. — Б.: «Турар», 2011. — 6046.

Мурзакметов А.К. Кыргыз ырым-жырымдары. 1-китеп. — Ош, 2005. — 110 6б.

Мурзакметов А.К. Кыргыздардын баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдар жана ишенимдер (Түштүк Кыргызстандын материалдары боюнча): тарых.илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 07.00.07. — Бишкек, 2007. — 19 б.

Манас: Эпос / С.Каралаевдин варианты боюнча - Ф.; Кыргызстан,1986. 2-китеп.-2616.

Макал-лакаптардын тарбиялык мааниси. / Түз. Ш.Усупбеков. — Ф.: Мектеп, 1967. -386.

Песков В. Айбандар баккан наристелер. - Ф.,1972-ж.

Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А. Педагогиканын тарыхынын очерктери.Бишкек, 1997.

Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 1-китеп. 2-бас. — Б., 2014.-312 б.

Смирнов А.П. Быт и нрава киргизов. - Петербург.1892.

Чотонов 3. А. Народные традиции их воспитательные значение. — Ф., 1967.

Ушинский К.Д. т. 2. - М.,1948.

# X. ИСЛАМДАГЫ ТАРБИЯЛОО САЛТТАРЫ

1. Ислам тууралуу жалпы түшүнүк

2. Исламдагы диний окуулардын негиздери

3. Мусулмандардын тарбиялык маанидеги салттары

4. Ислам үй-бүлөсүндө баланы тарбиялоонун өзгөчөлүгү

## 1. Ислам тууралуу жалпы түшүнүк

Ислам деген сөздү сөзмө-сөз которгондо “кудайга берилгендик”, “баш ийүүчүлүк” дегенди билдирет. Исламды колдоочууларды адатта “мусулман” деп аташат. Арабдын “мусулман” деген сөзү — баш ийүүчүлүк дегенди түшүндүрөт. Ислам — дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө тараган эң ири диндердин бири болуп саналат. Тутунгандардын саны боюнча христианчылыктан кийинки экинчи орунда турат (дүйнөдө жалпы мусулмандардын саны 1,5 млрдга жакын, 2008). Исламды Мухаммед Пайгамбар негиздеген. Анын жактоочулары мусулмандар (Аллага гана тайынуучулар) деп аталышкан. Ислам байыркы замандан орто кылымга өтүү доорунда, Түндүк Арабстандын көчмөн жана дыйкан-соодагер жамааттарынын дүйнөгө бутпарастык көз караштарында жүрүп жаткан кризистин шарттарында, 7-кылымдын 1-жарымында (611—612-ж.) Батыш Аравияда пайда болгон. Ал кезде Арабстандын айрым көчмөн урууларында исламга чейин орун алып келген көп кудайга ишенүүчүлүк салтын жокко чыгарууга, бир кудайга табынууга -үндөгөн ханифтер кыймылынын таасири күчөйт. Йемен менен Йамамдын иудейлешкен калкынын арасында бутпараска сыйынуудан баш тартып, бир кудай Рахманга табынууга чакырган рахманилер кыймылы активдешет. Ушундай кырдаалдарда жалпы араб урууларынын аң-сезиминде, рух дүйнөсүндө байыртан үстөмдүк кылып келген бутпарастык ишенимдер, сыйыныптабынуулар бүлүнө баштайт. 7-кылымдын башында бул эки агым (ханифтер менен рахманиддер) арабстандык пайгамбар кыймылына биригишет. Азирети Мухаммеддин пайгамбардык ишмердигинин ислам дининин пайда болушуна алып келиши ошол кездеги ишеним айдыңындагы жүрүп жаткан жалпы тенденциялардын мыйзам-ченемдүү натыйжасы болгон.

7-9-кылымдарда ислам дини Түндүк Африка, Алдыңкы Азия, Иран, Борбордук Азия, Закавказье жана Түндүк Чыгыш Кавказга чейин жеткен. 8-кылымдын 1-жарымында Европада ислам өнүгүүсүнүн очогу түзүлгөн. Ислам адамзаттын рухий дүйнөсүндө эң таасирдүү күчтөрдүн бири. Анын бардык доорго ылайыктуу орду бар./ Ислам коомдун өнүгүүсүндө чоң роль

ойнойт. Жашоонун эстетикалык түзүлүшүнө, ынтымактын пайда болушуна, улуттук каада-салттардын негизделүүсүнө, мекенди сүйүү сезимдеринин ойгонуусуна ж. б. тийгизген таасири чоң. Дүйнөнүн 28 мамлекетинде, анын ичинде Египет, Кувейт, Сауд Аравиясы, Ирак, Иран, Пакистан өлкөлөрүндө ислам мамлекеттик дин катары таанылган. 35 мамлекетте (анын ичинде Кыргызстан) калкынын көбүн мусулмандар (80%) түзөт. Дүйнөнүн 125 өлкөсүндө мусулман жамааттары бар. Мусулман өлкөлөрүнүн көбүндө таасирдүү ислам партиялары бар. Мисалы, Жамаат-и ислами партиясы Индия менен Пакистанда, Ислам республикасынын партиясы Иранда, Биримдиктин жана өнүгүүнүн партиясы Индонезияда, Панмалайзиялык Ислам партиясы Малайзияда ж. б. Ислам дини Орто Азияда 8-кылымдын башында пайда болгон. Алгачкы таратуучу катары Кутейба ибн Муслимди эсептөөгө болот. Ал 710-ж. Согдианадан (азыркы Хорезм обл.) Кашкарга чейинки аймакты каратып, ислам динин киргизген. 960-ж. Караханиддер мамлекети Ислам динин мамлекеттик дин деп кабыл алышкан. Баласагун шаарында жашаган 200 миңден ашуун адам ислам динин тутушкан. Тарыхый маалыматтарга караганда ислам кыргыз элинин арасына 9-кылымдын ортосунан тарай баштаган. Исламдын кыргыздарга (көбүнчө Түштүк Кыргызстанга) терең сиңишине Кокон хандыгынын мезгилинде кокондук мусулман миссионерлер (шайык, эшен, кожо, дубана, дервиш ж. б.), ошондой эле исламды агартуучулук менен айкалыштырып окутуучу мектептерди сунуштаган Казандагы Ислам борборунан келген (Түндүк Кыргызстанга) татар мусулмандарынын таасири тийген. Мечиттерде атайын айылдык молдолорду даярдап, аларды жер-жерлерге жөнөтүп турушкан. Элет жерине Куранды жатка үйрөтүүчү мектептерди ачып, буга айылдык балдарды массалык түрдө тартышкан. Бирок калың эл массасы сабатсыз бойдон кала берген. Совет мезгилинде СССРдеги динге каршы саясаттын репрессия толкуну Кыргызстан мусулмандарын да каптап өткөн. Кожо-молдолор калк арасында диний иштерди жүргүзүүдөн четтетилген. 20-жылдардын аягында араб алфавитинен латын тамгасына, 30-жылдардын аягында латын тамгасынан

кириллицага өткөрүлгөн. Мечиттердин дээрлик баары жабылган. Исламды окутуунун бардык түрүнө тыюу салынган. Ислам үрп-адаттары менен байланышкан мусулман майрамдарын, каада-жөрөлгөлөрүн көпчүлүк алдында өткөрүүгө жол берилбеген. Советтик «темир көшөгө» мусулман калкын өзүнүн чет өлкөлүк диндештеринен көпкө чейин обочолонтуп келген. 2-дүйнөлүк согуш жылдарында ислам ж. б. конфессиялардын легалдашуусуна уруксат берилет. 1944-ж. СССР ЭКСтин карамагында Дин иштери боюнча совет түзүлүп, ал сыйынуу, чокунуу жана табынуу имараттарын, анда иштеген кызматкерлерди каттоого, алардын кезектеги жана келечек маселелерин чечүүгө киришкен. 1954-жылдан динге каршы күрөш жаңыча багыт менен башталган. Бирок динге каршы күрөш мурдагыдай репрессиялык эмес, моралдык чабуул менен чектелип калган. Совет бийлигинин кулашы (1991) исламдын кеңири кулач жайышын шарттаган. Жержерлерде мечиттерди массалык түрдө куруу, ачуу өтө тездик менен өскөн.

Кандай гана кырдаал болбосун кудайды бирөөнүн дилине күчтөп киргизүүгө болбойт, анткени Кудай — ар бир адамдын жүрөгүндө жашаган ыйык ишеним, ал сыртынан ошол динди кабыл алгандай көрүнгөнү менен, дилинде мурдагы калыптанган ишенимин уланта берет. Элдердиң эзелтеден сакталып келген үрп — адаттарын аларга кийинчерээк келген дин ишенимдери өзгөртө алган эмес. Ошондуктан бир эле өлкөдөгү бир динди тутунушкан ар башка элдер үрп - адатына, салт-санаасына жараша динге өзгөртүүлөрдү киргизип, динди майда агымдарга бөлгөнгө чейин барганын көрөбүз. Мисалы, келишпес душман катары жашашып, бирин бири өлтүрүп кырууга даяр турган сунниттер менен шеиттер бир ислам динин тутушса, бир эле христиан дининдеги протестанттар менен католиктердин келишпес чыры да азырынча чечилип бүтө элек. Кала берсе биздин Орто Азиядагы мамлекеттердин ар биринде ислам дини ар башка мааниде кабыл алынып, ар башка диний көз караштагы сыйынуу жөрөлгөлөрү менен коштолуп турат.

2. Исламдагы диний окуулардын негиздери

Исламдын диний окуусунун жоболору ыйык китеп — Куранда чагылдырылган. Куран — бардык мусулмандардын ыйык китеби, диний ` жана граждандык мыйзамдуулуктун негизин түзөт.

Исламдын диний окуусу Алла бирден бир Жараткан-Эгем. Алладан башка кудай жок. Алла баарын жаратуучу, бардыгына тиешеси бар. Ал сүрдүү да, каардуу да, мээримдүү жана ырайымдуу да. Ислам окуусунун борборунда пайгамбарлар аркылуу Алланын элге жиберген аяндары турат. Куранда 30га жакын пайгамбар-олуялардын ысмы аталган. Алардын алгачкысы Адам ата, эң акыркысы Азирети Мухаммед. Пайгамбарлар Алланын аяндарын Ыйык жазуулар түрүндө алышкан.

Тагыраак айтканда, Ислам, дин катары адамдардын руханий жана адеп-ахлактык аң-сезиминин суроолоруна жооп берет, ошондой эле момун мусулманга Аллахтын ыраазычылыгына жетүүгө алып барган жолду көрсөтөт. Мусулмандардын ыйык китеби болгон Куранда айланадагы дүйнөгө жана адамдарга болгон мамиле, үй-бүлөлүк жашоонун куралдары, ошондой эле заманбап илимдин негиздери тууралуу жазылган. Ал эми Мухаммед пайгамбардын кылган иш-аракеттери менен айткандары сүннөттө (хадистерде) камтылган.

Куран 114 сүрөгө бөлүнгөн, ар бир сүрөө бир канча аяттардан турат. Кээ бир сүрөө 3 аяттан турса, кээ бир сүрөө 286 аяттан турат. Бардыгы болуп, куранда 6204 төн 6236га чейин аяттар бар. Сүрөөлөр мазмунуна жараша эмес, жада калса пайда болгон мезгилине жараша эмес, биринчи сүрөөдөн башкасы (фатиха сүрөөсү) узундугунун кыскарышына жараша жайгаштырылган. Курандын мазмуну мүлктүк, укуктук, үйбүлөлүк мамилелерди ирээтке салуучу акыр заман жөнүндөгү көз караш үгүттөрдөн, буйруктардан турат. Иудейдик жана христиандык мифологиялардан жана

байыркы арабдык фольклордон алынган күнүмдүк турмуштук эрежелерди, талаптарды камтыйт. Мусулмандык ишенимдин негизин - Ааламдын түзүүчүсү болгон, Ааламдын башкаруучусу болгон Аллахка ишеним, коркунучтуу сурак, тиги дүйнөдөгү жашоо жөнүндө окуу түзөт.

Ар бир адам кудайдын мурастарын аткарууга милдетүү жана ошого жараша “туура ишенимдегилер” жана “каапырлар” деп бөлүнүшөт. Мусулмандар жетекчиликке алып акыйкаттык катары кабыл алынган жана баардык мусулмандар үчүн сөзсүз аткарыла турган талаптар:

*Аллахка ишенүү.* Курандын ар бир сүрөөсү кудайды мактоодон башталат: “Ырайымдуу, боорукер Аллахтын наамы үчүн...” Аллах колунан баардыгы келген, бардыгын жетектеген, баардыгын көрүп турган, дүйнөнүн чексиз башчысы, жаратылыш менен коомдун башкаруучусу Кудайдын алдындагы сопулук — ага баш ийгендик, кудай жалгыз, баардыгы үчүн бир гана кудай бар.

*Периште менен шайтанга ишеним.* Мусулмандардын көз карашы боюнча булар Аллахтын эркин аткара турган денеси жок жандыктар. Алар: Жабраил, Микаил, Асрафил, Азраил. Өлүмдүн периштелери — Накир, Мункар, бейиштин кароолчусу — Ридван, тозоктун кароолчусу —Малик. Исламдык диний окууга ылайык -ар бир мусулмандын тирүү кезинде эки периштеси болот, анын бирөө жаман, күнөө жактарын чогултса, экинчиси адамдын жакшы кылыктарын чогултуп, өлгөндөн кийин бейишке же тозокко баруусун аныкташат.

*Курандын ыйыктыгына ишенүү.* Куран кудайдын сөзү болуп эсептелинет, Аллах Мухаммедке 22 жыл бою, өлгөнгө чейин аян кылып ачык сөзүн периште аркылуу жиберип турган. Мына ошондуктан, Куранды ислам双 ининде түбөлүктүү окуу катары тутушат.

*Пайгамбарларга жана Мухаммед кудайдын элчиси деп ишенүү.* Куранда Библиядагы көп каармандар — Адамдан баштап Иисус Христоско чейин

кездешет. Пайгамбарлар: Ибрахим (Авраам), Муса (Моисей), Иса (Иисус), Нух (Ной). Бул пайгамбарлардын ичинен "Аллахтын элчиси" Мухаммедди жогору баалашат.

*Бейиш менен тозокко ишеним.* Исламдын диний окууларын жана талаптарын так жана сөзсүз аткарган мусулманга бейиштен түбөлүк ырахат турмуш күтүп турат, исламдын окуусунан баш тарткан — капырларды тозокто кыйынчылык күтүп турат. Бейиш — мусулмандардын көз карашы боюнча — даамдуу тамак, таза суу, бал шарап, мөмө жемишке бай бакча жана башка жыргалчылыктын кенендиги. Ал эми тозокто — түгөнгүс кыйноо жана азап.

*Кудайдын алдын ала баарын аныктап койгондугуна ишенүү*. Аллахтын эркине баш ийбеген жана Аллахтын оюнан сырткары эч нерсе жок. Ар бир адамдын турмушуна байланыштуу нерсени жана коомдогу болуп жаткан кыймылдын баарын Аллах алдын ала аныктап койгондугуна ар бир мусулман ишенет.

*Жандын өлбөстүгүнө ишеним.* Адам өлөөр менен анын жаны денеден ажырап, асманга учуп кетет, коркунучтуу сурак мезгилинде өлгөндөрдүн баары тирилип, жан адамдын денесине кайра келет.

Байыркы замандан калган ылакапка ылайык, Хира үңкүрүндө Пайгамбар биринчи жолу исламдын беш милдеттүү парзы жөнүндө маалым кылган. Ал төмөнкү парздар:

1. *Ишенимди бек тутуу.* "Аллахтан башка кудай жок, Мухаммед Аллахтын элчиси" — деп үн чыгарып айткан сөз менен анын айкындыгына терең ишенүү керек.

2. *Күнүгө беш маал намаз окуу* (перс. "Намаз " — араб. "Салят"). Намаз кылуу үчүн төмөнкү шарттар аткарылышы керек : - Адам мусулман жан акыл

- эсинде болушу керек; - Намаз убакытын сактоо; - Намаздын алдында таза абалда болуу; - Намаз кылып атканда ыйык Кааба орун алган Мекке тарабына бурулуу; - Намаз кылуу (ар кандай тилде) ниетинин болушу. Күнүмдүк намаздын циклы беш милдеттүү намаздан турат: багымдат (таңкы намаз), бешим (чак түштөгү намаз), аср (түштөн кийинки намаз), шам (кечки намаз) жана куптан (күн баткандан кийинки намаз).

3. *Рамазан айында орозо кармоо* (перс. Ураза-арб. Саум). — бул бардык мусулмандар үчүн милдеттүү деп саналган ыйык Рамазан айы. Бир ай бою момун мусулмандар өзүнүн физикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша күндүзү тамак жана суу ичүүдөн баш тартуулары керек. Орозо 29 күндөн баштап 30 күнгө чейин созулат. Акыркы он күндүн ичинде Кадыр түн келет. Орозону кармоонун төмөнкү шарттары бар : - мусулман гана Рамазан айында орозо кармоосу керек; - жашы толуп, жыныстык жактан жетилген мусулман гана милдеттүү түрдө орозо кармоосу шарт; - шариатта негизделген орозо кармоого тоскоол болгон себептин болбоосу. Рамазан айы бүткөндөн кийин үч күндүк Орозо айт майрамы болот.

4. *Зекет* — садага берүү. Ыйык Жазууга ылайык, момун мусулман муктаж болгон адамдарга материалдык жардам көрсөтүшү керек, эгерде анын буга мүмкүнчүлүгү бар болсо. Садага берүү байлыкты такыба кылып жашоо жыргалдарын туура бөлүштүрүүгө жана руханий тазаланууга жетүүгө уруксат берет.

5. *Хадж* (Меккеге ажыга баруу, зыяратчылык) — ар бир мусулман физикалык жана материалдык абалы мүмкүндүк берсе, мусулман календарынын 12чи айында Меккеге зыяратчылык кылып, барып келүүсү каралган. Хадж Меккеге барып, Каабага сыйынып, Мединадагы Мухаммеддин мүрзөсүнө куран окутуу менен гана чектелбестен, Хиджаздагы башка ыйык жерлерге барып, ар кандай сыйынуу ырымдарын жүргүзүү каралган.

3. Мусулмандардын тарбиялык маанидеги салттары

Мусулманчылыкта баланы тарбиялоодо материалдык, физикалык, интеллектуалдык, моралдык, акыл-эстик, персоналдык жана коомдук тараптарын өнүктүрүү куранда камтылган. Мисалы Мухаммед (с.а.в.) пайгамбарыбыздын айткандарына көңүл бурсак: “Кайталангыс нерселерди тартуулагыла, ата-эне баласына берген тарбиядан артык эч нерсе жок” деп айтылган. Жогоруда айтылган сөздүн уңгусунда балага ат коюу тууралуу да түшүнүк жатат.

Балага ат коюу салты Кыргыз элибизде эң байыркы салттардын бири. Балага ат коюуда эл арасында ар кандай ишенимдер болгон. Кээ бирлер коюлган ысым менен баланын тагдыры байланыштуу болот деп ишенип, аттуу-баштуу адамдардын аттарын коюшкан. Кээ бирлер тескерисинче бала оор атты көтөрө албайт деген ишеним менен жөнөкөй аттарды коюшкан. Кээ бирлер балага элдин назары түшпөсүн деп Балтабай, Бокмурун, Тезекбай деген ысымдарды ыйгарышкан. Эгерде жубайлар көпкө чейин бала көрбөй жүрүп балалуу болушса ырым кылып Табылды, Таабалды, Кудайберген деген сыяктуу аттарды коюшкан. Балага зар болуп жүргөн аталар “Эгер мен балалуу болсом, көзүмө биринчи көрүнгөнү нерсени ат кылып коём” деп сөз берип коюшкан учурлар да болгон. Натыйжада Карга, Кетменбай деген сыяктуу аттар пайда болгон. Жалаң гана кыздуу болуп эркек бала көрбөгөн ата-энелер ырым кылышып Бурулсун, Бурулай, Бурма деген сыяктуу аттарды коюшкан. Ал эми балдары токтобогон ата-энелер ырым кылышып Токтогул, Токтосун, Токтобек, Токтобүбү деген сыяктуу аттарды коюшкан. Кийинчерээк ат коюунун негизги мааниси жоголуп замандын белгилүү учурларына көбүрөөк маани беришкен. Натыйжада Сьездбек, Советбек, Колхозбек, Мирбек деген аттар пайда болгон. Көпчүлүк учурда баланын туулган мезгилине көбүрөөк маани берилип Дүйшөнкул, Шейшегүл, Шаршенбек, Бейшегүл, Жумабек, Жумагүл, Ишенкул, Жекшенаалы, ошондой

эле Январь, Февраль деген сыяктуу аттар да коюлган. Ал эми советтик доордон кийин кыска аттар модага айланып Байел, Айтеңир, Ринат, Аделя, Анда деген аттар көбөйгөн. Азыркы учурда болсо, ат коюунун негизги мааниси эл арасында кайра жанданып, көпчүлүк адамдар Исламга тиешелүү болгон аттарга басым жасалууда. Мындай аттарга сүннөттө келген Абдуллах, Абдусамад, Абдурахман жана сахабаларга тиешелүү Усман, Умар, Али, Айша, Фатима, ошондой эле динге байланыштуу Ислам, Ибрахим, Исмайил, Асия, Мариям деген аттар көбөйүүдө. Балага ат коюу ата-эненин негизги милдеттеринин бири.

Кыргызстандын көпчүлүк аймактарында “Шариат боюнча балага ат коюу” жана “Азан чакырып ат коюу түшүнүгү” туура эмес кабыл алынып калган. Баланын кулагына азан чакыруу менен балага ат коюуну чаташтырып алышкан. Баланын кулагына азан чакыруу да сүннөт, амал. Ал бала төрөлгөн кезде аткарылууга тийиш. Мунун негизги максаты - баланын эң биринчи уккан сөзү Аллахты улуулаган азан сөздөрү болуусу керек. Ал эми балага ат коюунун азанга эч кандай тиешеси жок, аны кийинчерээк кечиктирип коё берсе да болот. Балага ат коюуда жакшы аттарды тандап алуу зарыл. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын салам-салаваты болсун) балдарга жакшы ат коюуга чакырган. Ал эми бир хадисте: “Эң жакшы аттар: Абду сөзү менен башталган аттар” — деп айтылган. Абду — кул деген мааниде. Демек, Аллахтын ысымсыпаттары болгон аталыштарга Абду сөзүн коюп атоого болот. Мисалы: Абдурахим, Абдужалил ж.б.у.с. Ошондой эле Исламда башка аттарды коюуга да тыюу салынган эмес. Элдин өз маданиятына ылайык келген аттардын баарын коё берүүгө болот. Бир гана динге душман болгон адамдарга тиешелүү, же каапыр коомдорго тиешелүү аттарды коюга болбойт. Ал эми мурдагы коюлган атты кайра өзгөртүү бир гана туура эмес коюлган аттарга тиешелүү. Мисалы пайгамбарыбыз Абдушамс деген атты өзгөртүүгө буйруган. Мунун мааниси “Күндүн кулу” дегенди туюнтат.

Мындан башка дагы ата-тегин билүү жана өткөндү эскерип куран окуп багыштоо ислам дининин этнопедагогика менен болгон байланышын тастыктайт. Кыргыздарда «жети атаны билүү» илгертен бери келе жаткан салттардын бири. Кыргыз үчүн жөн гана жети атасын билип тим болбостон, алардын ар бирине ат берүү жана өзүңдөн кийинки небере, чөбүрө, кыбыра сыяктуу туугандык сөздөрдүн жетинчи катмарына чейин жетүүсүн билдирип турат. Анан да ал жети ата өтүшпөгөн туугандардан кыз алышып-беришүүгө тыюу салынат. Бул болсо, балдардын канынын тазалыгын сактайт, түрдүү оорулардын чыгышынан алдын алат.

Балалуу болуу менен гана ата болбойт, тогуз ай курсакта көтөрүү менен гана эне болбойт, жакшы тарбиялоо менен гана ата-эне боло аласың» дешет. Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.): «Балдарыңарга мээрим чачып, белек берип кубандыргыла жана аларды эң сонун тарбия, адеп-ахлак менен өстүргүлө». «Ата баласына эң сонун адеп-ахлактан артык жакшы мурас калтыра албайт», - деп 14 кылым мурун эле Исламда айтылып, адамдын калыптануусундагы тарбиянын ордун белгилеп өткөн.

Жаштарыбыз улуттук нуктан алыстап, тилине, дилине, салтына кайдыгер мамиле жасап жаткандыгы улуттук намыстуулукка тарбиялоо муктаждыгын алып келүүдө. Г.Н.Волков “Элдик педагогика — улуу педагогика, улуу педагогдордун баары элдик болушат” дегендей, элдин салттуу адеп маданиятын, анын адамды тарбиялап өстүрүү жагындагы жемиштерин, кылымдар бою сакталып, байытылып келген рухий-педагогикалык дөөлөттөрүн аздектеп, калк арасына жайылтуу, анын нугунда балдарга туура тарбия берүү, келечекте баланын өсүп-өнүгүүсү, жетилүүсүндө өзгөчө мааниге ээ. Кыргыздар балдарын эр жүрөк, баатыр, акылман, акыл-эстүү болсун деп, жакшы тарбия берүүгө аракеттенишкен, ошондуктан балдары да ак сөзгө таазим этип, кичинесинен эле улууну урматтоо, ата-эненин айтканын угуу, карынын сөзүнө маани берүү керек экендигин билип чоңоюшкан. Акылман карыялар, нарктуу энелер бала

төрөлгөндөн тартып эле аны өмүр бою коштоп жүрүүчү “элиңе керек уул бол”, “акылэстүү, ыймандуу, кайрымдуу бол”, “эне сүтүн акта”, “киндик каның тамган жерди сыйла” ж.б. таалим-тарбиялык маанидеги баталарын берип келишкен. Батадагы нускалуу сөздөр менен улуу муун жаш жеткинчектердин жүрүм-турумун багыттап, жөнгө салып турган. Элибизде “Карысы бардын ырысы бар” деп бийик адеп-наркка ээ болгон улуулардын сөзүнө, акылына, билимине баа берип келишкен. Муундан муунга берилип келген элдик каада-салттар таалим-тарбия берүүнүн ар кыл каражаттарын жана формаларын өзүнө камтыган.

4. Ислам үй-бүлөсүндө баланы тарбиялоонун өзгөчөлүгү

Бала тарбиялоо жөндөмү болбогон, болсо дагы жоопкерчиликти мойнуна албаган эне жана алардын эч бир проблемасына чара көрбөгөн атанын балдары ата-энелери бар болсо дагы жетим болуп эсептелет.

Алла Таала мээрим,сезимталдык берип, балдарды тарбиялоону табиятынын бир тарабына айландырган эне, руханий маңызындагы бул мүмкүнчүлүктү балдарын чыныгы инсандык улуулукка чыгаруу жолунда колдонуусу зарыл. Негизинде ал табияты жагынан мугалим жана тарбиячы болуп эсептелет. Анын эң негизги милдети балдарын тарбиялоо болушу керек. “Алла, энени баласынан ажыраткан адамды кыямат күнү сүйүктүүлөрүнөн ажыратат” деп айтылган хадис дагы эненин бала тарбиялоодогу өзгөчө ролун өтө ачыкайкын көрүнүштө баяндоодо. Эне өз табиятынын талабын аткарып, ата дагы жаратылышынын талабы катары салабаттуу, даанышман жана кылдат болушу зарыл. Ал саясат, мамлекеттик жумуш, соода, дыйканчылык ж.б. иштер менен алек болуу менен бирге табиятынын талабы катары үй-бүлөсүнө карата камкордугун дагы калтырбашы керек. Ооба ал, күчү, чыдамкайлыгы, эрки жана өзгөчө жаратылган жаратылышынын талабына жараша иштерди аткарууга тийиш.

Негизинде эзелтеден бери эле ал өзгөчө жоопкерчиликти ийиндеп, токойдон отун алуу, жер айдоо, эгин эгүү жана аны оруп-жыйноо, курулуш жана завод-фабрикалардагы баардык оор иштерди эркек киши жасап келген. Ушундай оор иштерге чыдай ала турган эркек киши өз ордун сактай билип, аялдардын иши менен аялдардай табиятка ээ болуп калбашы керек. Жана ошондой эле аялдарды дагы аларга оор келген иштерге салбашы зарыл.Эркек адам эрктүүлүктүн, чыдамкайлыктын ээси бирок, мээримдүүлүктүн каарманы боло албайт. Мээрим, эненин эң өзгөчөлөнгөн сыпаты, ал баласын тогуз ай курсагында көтөрүп жүрөт. Аны толгоо кыйынчылыгын тартып, бул дүйнөгө алып келет, канчалаган кыйынчылык, машаакаттар менен аны чоңойтот. Ал ыйласа түн уйкусун бөлүп, бооруна кысат. Табиятынын талабы катары баласы үчүн жанын берүүгө даяр болуп жашайт. Мына ушундай бир тарапта аял, экинчи тарапта эркек бейиштин сарайларын элестеткен үй-бүлө курушуп, ал үй-бүлөнүн жүзүнөн акыретти көрө алышат.

Жакшы перзент тарбиялоо маселесинде ата-эне бирдей багытта иш алып баруусу абзел. Үй-бүлөдө ынтымакырашкерлик жана бактылуулук уялашы үчүн ар бир адам өз милдетин билип, башкалардын акы-укугуна сый, аяр мамиле жасашы керек. Пендезаттын эң жакын адамдары албетте өзүнүн үй-бүлөсү болуп эсептелет. Андай болсо жоопкерчилик жана акы-укук маселесинде эң биринчи талап үй-бүлө мүчөлөрүнө таандык. Алла Таала бизге буйруйт: «... Алланын өкүмүнө ылайык, бир туугандар бири-бирине башка момундардан да, мухажирлерден да жакын..» (Ахзаб сүрөөсү, 6-аят). Атанын, эненин жана балдардын өз-өзүнө тиешелүү милдети жана жоопкерчилиги бар. Меселен, үй-бүлөнү адал ырыскы менен багуу, кийиндирип, ичиндирүү, аялын жана перзенттерин тарбиялоо атанын милдети. А эне болсо өмүрлүк жолдошуна сылык-сыпаа кайрылып, үйгө жана балдарга ээ чыгышы керек. «Жакшы аял — дөөлөт, жаман аял — мээнет», «Жакшы аял — ырыс, жаман аял — уруш», «Жакшы аял үйдүн куту» деп накыл кептерде айтылгандай, үй оокаттарын таза, тыкан, ирээттүү

тутуп, күйөөнүн таап келгенин үнөмдүү, сарамжалдуу пайдалана билүү аялдын милдети. Айрыкча аялзаты колдо барга топуктуу болуп, таалим-тарбия ишиң жүргүзүүдө кыраакы болушу керек. Ата-эне балдарына адилеттүү, калыс мамиле кылып, кийиндирип, ичирүүдө, таалим-тарбия берүүдө баарына тегиз карашы керек. Бирөөнө өзгөчө мамиле кылып, экинчисине көңүл бурбай коюуу адилетсиздикке жатат. А перзенттер болсо ата-энени урматтап, сүйүп, алардын айтканын эч убакта эки кылбай, тапшырманы так аткарганга көнүшү керек. Бой жетип маңдай тер менен акча таба баштагандан тарта ата-энени алаканга салып багуу ар бир уулдун милдети.

Акы маселесинин өзөгүндө ата-эненин акысы жана перзент катары аларга болгон милдеттери турат. Милдеттүү түрдө моюн сунуу маселесинде да Алла Таала жана Анын акыркы Элчисинен кийин ата-эне турат. Анткени биздин жарык дүйнөгө келишибизге ата-энелерибиз себепкер болгон жана алар биз үчүн эң зарыл, эң улуу жана эң кадырлуу адамдар. Эненин жүрөгү жана кучагы — изги тарбиянын ордосу, чыныгы мектеп. Үй-бүлө — бул баланы келечекке багыттаган алгачкы таалим-тарбия уясы. Ошондуктан ата-эненин перзенттерине жасаган жакшылыгын эсептей берсек өтө эле көп. Ыймандуу ата-эне — балдары үчүн эң зарыл мээрим булагы. Таалим көргөн ыймандуу, ыкластуу эне — Жараткан Алланын адам баласына тартуулаган мээримдүүлүк өлкөсү, үй-бүлөнүн бакыты, бейпилдиктин жана шаттыктын тийип турган күнү, бүлөсү үчүн күйүп-бышкан боорукер, камкор жан. Алла Тааланын «арРахман» жана «ар-Рахийм»ысым-сыпаттарынын бул дүйнөдөгү өзгөчө акыйкаты жана көрүнүшү. Бизди тогуз ай курсагында, бир нече жыл кучагында, андан соң өмүр бою жүрөгүндө көтөрүп жүргөн ардактуу энелерге тең келе турган зат, аларга тең аталык сүйүүгө, сыйга татыктуу эч бир жан жартылбаптыр. Акылга салып таразалап көрсөк, үйдү тазалоо, ирээтке келтирүү, тамак бышыруу, кийимдерди жууп тазалоо, балдарга тарбия берүү сыяктуу дагы көптөгөн вазийпаларды кайратынан жазбай

аркалап келаткан кутман энелер чындыгында сүйүүгө, чоң урмат-сыйга татыктуу, аларды өмүр бою башыбызга көтөрүп жүрсөк да аздык кылат. Жараткандын мухит сымал чалкыган мээриминин тамчысы энелердин жүрөгүндө экени талашсыз. Эненин аруу жан дүйнөсүндөгү ошол оргуштаган мээриминин чен-өлчөмүн так аныктаган бир курал же бир каражат бар болду бекен? Өздөрү жебей перзентине жедирген, өздөрү кийбей перзентине кийгизген, наристесин уктатуу үчүн уйку бетин көрбөй түн күзөтүп чыккан энелерге Алла ыраазы болсун! Бул жашоонун ар кандай оор шарттарында, жан кейиткен кыйың кезеңдеринде перзентине чаң жугузбай, бүт өмүрүн биздин жыргалчылыгыбызга арнаган ата-энелердин ак эмгегин кайтаруу мүмүкүнбү? Азирети Мавлананын кебине назар салалы: «Эненин ак сүтүн, опол тоодой мээнетин акта! Аны башыңдын таажысы катары асырай бил! Энелер сай-сөөгү сыздап, тамыры үзүлүп кеткидей болуп толгоо тартпаганда балдар бул дүйнөгө кантип келмек эле?» Өзүнүн акысынан кийин ата-энени сыйлап, аларга жакшы мамиле кылуу керек экендигин Алла Таала кулпендесине негизги вазийпа катары буйруган: «Аллага сыйынгыла жана Ага эч кимди шерик кылбагыла! Ата-энеңерге, туугандарыңарга, жетимдерге, кембагалдарга, жакын тууган, колу-коңшуларга жана тууган эмес кошунага, кесиптеш жолдошко, жолоочуга жана өзүңөрдүн кол алдыңардагыларга (кул-күң жана кызматкерлерге) жакшылык кылгыла!

Бул акыйкат тууралуу Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) мындайча буйруйт: «Алла Тааланын ыраазылыгын ата-энени ыраазы кылуу менен табууга болот. Ошондой эле ата-энени нааразы кылуу Алла Тааланын азабын алып келет» (Тирмизий, Бирр, 3/1899).

Ата-Эненин балдарына кылган сан миң жакшылыгын кайтаруу мүмкүн эмес. Пайгамбарыбыз куттуу хадистеринин биринде бул нерсени төмөнкүдөй мисал менен түшүндүргөн: «Эч бир перзент атасынын аталык эмгегиң кайтара албайт. Эгер аны (атасын) кул болуп жүргөн жеринен сатып алып,

азаттыка чыгарса, ошондо гана анын эмгегин кайтарган болуп эсептелет» (Муслим, Итк, 25; Абу Давуд, Адаб, 199-220; Тирмизий, Бирр, 8/1906).

Балдар ата-энеге урмат-сый көрсөтүүгө, алардын айтканын орундатууга жана аларды багууга милдеттүү. Перзент атаэнеси жашаган жерден башка жакта турса да, алардан бат-бат кабар алып, кем-карчын толуктап, көңүлүн көтөрүп, баталарын алып турушу зарыл. Аларга кызмат кылуу, жакшы сөз айтып маанайын көтөрүп, айрыкча улгайган чакта алардын жанында болуу балдардын эң чоң милдети. Көңүлгө албайт деген ой менен ата-энени капа кылууга, каяша сүйлөөгө Алла Таала тыю салган: «Жараткан Алла жалгыз Өзүнө гана сыйынууну жана ата-энеге жакшылык кылууну буйруду. (Исра сүрөөсү, 23-24-аяттар).

Ата-энеге кызмат кылуу өтө улук, нары сооптуу жакшылык иштердин катарынан орун алат. Бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарган таалайсыз жандардын чоң жоготууга кабылаары шексиз. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз маанилүү эскертүү иретинде мындай деп буйруган: «Көзү тирүү кезинде улгайган ата-энесинин же алардын бирөөсүнүн ыраазылыгын ала албаган бейишке кирбестен жан азабын тартсын, азап тартсын, азап тартсын!» (Муслим, Бирр, 9, 10).

Азирети Пайгамбарыбыз: «Токтоосуз кабыл боло турган үч дуба бар: Алар; ата-эненин перзенти үчүн тилеген дубасы, сапарда жүргөн жолоочунун дубасы жана кордук көргөн жандын дубасы» (Абу Давуд, Витр, 29/1536; Тирмизий, Бирр 7/1905, Даават 47; Ибн Маажа, Дуа 11).

Үй-бүлө мүчөлөрү напсинин, шайтандын жана сырттагы кара ниеттердин айла-амалынан, азгырыгынан сактануу үчүн ар убак Алла Тааланын кудуретине баш калкалап, Аллага таянышы керек, Анткени бул нерселер касиеттүү коломтону талкалоо үчүн колдон келген жамандыктын эч биринен кайра тартышпайт.

Кыргыздар тарбияга чоң маани берип, баланын жакшы же жаман адам болоорун тарбиядан көрүшкөн. «Энесин көрүп кызын ал» деген ушундан чыкса керек. Жаман адам жок, адамдын баары эле бирдей, тарбиясы гана ар башка дешкен. Мунун өзү табияты бир, анын жакшы же жаман адам болоору тарбиядан гана деп ойлошкондугунан болсо керек. Ошентсе да эл болгондон кийин ээнбаш ишке барып, адептен ашык бейтартип кылгандарды «жолуң болгур!?», «атаңа наалат!?» деген гана каргыштан да катуу сөздөр менен ооздуктап, жамандарга да, жакшыларга да кошушкан эмес. Салтты бузгандарды «журт бузар» деп жектешкен. Демек, ал элден чыгып калган. Айласы кетип айылдан көчүп кеткендер да болгон. Элден чыгып жек көрүндү болгон адам башка элдерге деле бата алган эмес.

Кыргыздар салмактуу жүрүм-туруму, кичипейилдиги, сөз көтөрүмдүүлүгү, акыл-насаатты уга билүүчүлүгү менен айырмаланган. Карынын сөзүн капка салган, улууга акаарат келтирбеген. Улуу адам тилдеп койсо да кайрып каяша айтпаган. Улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо өтө жогору турган. Бир эле күн эрте төрөлсө дагы аны аке, эже деп урматтап турушкан. Кары адам өтө урматталган, коомдогу ордун бийик тутуп кастарлашкан, аларды аруу тутушкан. Улуулардын төбөсү көрүнсө кичүүлөр боюн түзөп, кымырынып-кымтыланышкан. Эл ичиндеги жаңжалдарды аксакалдар эле чечип коюшкан. Улуулардын айтканы кичүүлөр үчүн мыйзам, эреже болгон. Улуулар сүйлөгөн жерде кичүүлөр сөз бермейин сүйлөбөгөн. Карысын сыйлабагандын карды тойбойт дешкен. Ал эми улууларды атынан айтпоо ызаттагандыктын белгиси. Анткени, байыртадан эле чабалдарга арка-бел болушуп, татаал тагдырларга туш келишкен жетим-жесирлерди боорлоруна тартышкан, ал түгүл соо десе соо эмес, оору десе оору эмес эсерлердин да эл ичине батырып, бапестеп багып келишкен. Дубана деп аларга сөз тийгизбей ыйык көргөн.

Ал эми кан Кошой, кан Бакай сындуу даанышман карыяларыбыз ар дайым элди биримдикке, ынтымакырашкерликке, бирин-бири ызатташууга, кайрымдуулукка, сабырдуулукка чакырып келишкен.

Бир күндө жүз акылдуу сөз айтууга караганда бир туура иш жасоо балага көбүрөөк таасир берээрин эң сонун түшүнүшкөн. Ошондуктан, ата уулун ээрчите жүрүп өнөрлөрүн көрсөтүп, ар өнөргө, кеп-сөзгө каныктырып, Ата журтту коргоого, дос менен касты ажырата билүүгө тарбиялаган.

Балдардын тарбиясы — элдин, мамлекеттин келечеги менен түздөн түз байланышкан маселе. Диний аспектен алып караганда, бизге кудай тарабынан берилген эң маанилүү белек — жакшы тарбия, жакшы кулк-мүнөз. Азыркы күндө баалуулуктарды” ойлоп таппастан, колубузда болгонун колдонушубуз керек. Дин менен салт-санаа тарбия темасында абдан үндөш болуп саналат баланын кулк-мүнөзүн жүрүм турумун калыптандырууда эне эбегейсиз ролду ойнойт. Бала атасынын жана башка туугандарынын мыкты сапаттарын өзүнө алуу менен биринчи кезекте адамдыкка тиешелүү мыкты сапаттарды өздөштүрүүсү максатка ылайык.

Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:

1. Ислам дини кайсы жерде жана кандай шартта пайда болгон?
2. Исламдын Кыргызстанда таралышы.
3. Исламдын диний окуусу.
4. Мусулмандардын негизги милдеттери (парздары).
5. Мусулмандардын Ыйык китебинин тарбиялык мааниси.
6. Баланын төрөлүшүндөгү ат коюу жөрөлгөсү.
7. Жети атаны билүүнүн өзгөчөлүгү.
8. Исламда баланы тарбиялоодогу ата-эненин ролу.

9. Кандай учурда ата-эне балага туура тарбия берген болот?

10. Кыргыздардын тарбиялык маанидеги салттары

Өз алдынча даярдануу үчүн адабияттар:


1. Абд аль-Маджид Халяби. Воспитание детей в исламе.М., 2010.

2. Бенилова С, Доброжелательные взгляды на общение с детьми / С. Бенилова // М., Прометей — 2002. С. 5-6.

3. Ислам. Кыскача маалыматтама. Б., — «Кыргызстан» 1992.

4. Измайлов А.А. /Народная педагогика //М.: -1991

5. Кукушин В.С., Столяренко Л.Д. Этнопедагогика и этнопсихология. -Ростов-на Дону «Феникс» 2000 С.326.

6. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 3-том. Башкы редактору Асанов Ү. А. К 97. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2011. 784 бет, илл. ISBN 978 9967-14074 -5

7. Латышина Д.И., Хайруллин Р.З. Этнопедагогика. - Москва «Юрайт» -2014.

8. Мусулман парзы — Мусулманчылык. - Б.,1992.

9. Рощин М. Традиционное мусульманское воспитание и образование // Отечественные записки. 2004. №3 (18).

10. Тайчинов М.Г. Народные традиции и религиозная культура в воспитании учащихся // под ред. Г.Н. Волкова. - М., - 1992С.47.

11. http://islam-today.ru/zhenshhina_v_islame/o_pravax_oditelej_v_ xadisax/

# XI. КЫРГЫЗСТАНДА ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН ИЛИМ КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ (XX - XXI КЫЛЫМДАРДЫН БАШЫ)

## 1. Совет доорундагы этнопедагогиканын өнүгүүсүнүн негизги тенденциялары

2. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн орнотуу тарыхчасында этнопедагогиканын илим катары калыптанышы жана өнүгүүсү, анын азыркы абалы

3. Агартуучулардын, изилдөөчүлөрдүн, окумуштуулардын Кыргыз Республикасында этнопедагогиканын калыптанышына жана өнүгүүсүнө салымы

1. Совет доорундагы этнопедагогиканын өнүгүүсүнүн негизги тенденциялары

Балким, узактык келечекте цивилизациянын өнүгүүсү менен этникалык маданияттар унификация болот, себеби ушундай тенденциялар акыркы он жылдыктарда белгиленет. Бирок, тарых үйрөткөндөй, этногенезге, чоң өздүк уюштуруу потенциалы бар, радикалдык киришүү кооптуу кесепеттерге алып келет.

Соввт доорунда социалдык-экономикалык теңдөө процессинде калктарды жасалма маданияттык ассмиляция кылуу эксперименттери тескери жыйынтыкка алып келген: бүгүн чыныгы «улуттук-этникалык ренессанс» байкалат, себеби улуттук аң-сезим ойгонууда, бирок бул процесс кээ бир учурда бурмаланган түрлөрдө жүргөнү белгилүү. Ушуга байланыштуу азыркы этнопедагогикалык изилдөөлөр аксиоматикалык ыкмаларга дагы таянуу максаттуу.

Кыргыздарды тарбиялоо жана билим берүү тармактарында салттар жана оозеки эл чыгармачылыгы күчтүү таасирин берген. Прогрессивдик акын-демократтар - Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Барпы Алыкулов жана башкалар, өздөрүнүн чыгармаларында улуттук каада-салттардын негизинде тарбия маселелерин көтөрүп, маанилүү жана заманбап сунуштарын берип келишкен.

XIX к. аягында чет элдик педагогдор жана илимпоздор өздөрүнүн элдеринин салттык тарбиялык тажрыйбасын илимий изилдөө жана балдарды,

жаштарды тарбиялоодо анын аябай чоң прогрессивдик потенциалын колдонуу керектигин жакшы түшүнүшкөн.

1917-ж. Октябрь социалистик революциясы Кыргызстан элдеринин тарыхында эң маанилүү окуялардын бири болду. 1918-ж. ортосунда совет бийлиги Кыргызстандын бүткүл аймактарында орнотулган. Бул кыргыз элинин кылымдык маданий жана экономикалык артта калганын толук жана биротоло жою жолдогу улуу жеңишинин башатына айланды. Албетте, капитализмдин тез өнүгүүсү агартуунун жана билим берүүнүн прогрессине объективдүү шарттарын түзгөн.

Агартуу тармагындадлгы СССР элдеринин улуттук өзгөчөлүгүн жана карапайым элдин билимге жетүүдө тоскоолдуктарды жараткан падышалыктын саясаты, советтик коомчулуктун алдыңкы катмарынын, чыныгы элдик башатта уюшулган демократиялык мектеп үчүн күрөшүн жанданткан. Булэтнопедагогиканын өнүгүүсүнө күчтүү түрткү болгон. ХХ кылымдын башындагы көптөгөн ата-мекендик педагог жана психологдордун эмгектеринде, прогрессивдүү элдик тарбия салттарынын негизинде курулган карапайым элдин билимге укугу белгиленет.

XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы орус педагогтору П.Ф. Каптерев, В.П. Бахтерев, В.Н. Сорока-Россинский илимий иштерин изилдөөлөр, алардын этнопедагогика илимдерине бир катар прогрессивдүү илимий жоболорду киргизген, алардын ичинен: элдик билим-берүүнүн милдеттүү түрдө, элдин салттык маданияттын негизине таянган билим-берүү; жалпы адамзаттык байланышты сактоо менен бирге, улуттук тарбиялык баалуулуктарды кайра жандантуу зарылдыгы; тарбияда үч башаттын: улуттук, эл аралык жана жалпы дүйнөлүк башаты деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

Кыргызстанда этнопедагогиканын түргүзүлүшү жана өнүгүү булагы, 1924-жылы кыргыз тилинде чыккан «Эркин-Тоо» гезити менен тыгыз

байланышкан. Бул гезиттин беттеринде окуу-тарбиялык, теориялык-практикалык маанидеги жана методологиялык материалдар чыгарыла башталган. «ЭркинТоо» гезити маалыматтык эле басылма эмес, ошондой эле «гезит-мектеп», «гезит педагог» милдетин да аткарган. 1926жылы Бишкекте атайын басмакана түзүлгөн, ал жерде кыргыз тилинде китептер, методикалык куралдар («Алиппе», «Окуу китеби», «Арифметика», «Башталгыч География») басыла баштаган. 1928-1929-ж.ж. Х.Карасаевтин «Жаңылык» аттуу чоң кишилер үчүн алиппеси басылган. «Кыргыз тилинин методикасы», «Арифметика боюнча методика», «Туура жазуу боюнча колдонмо» методикалык куралдарынын жарыка чыгышы педагогика илиминин негизи болду.

Ал мезгил аралыгында китеп жана окуу-методика куралдарынын чыгуусуна профессор К.Тыныстанов жана окумуштуу лингвист Е.Д. Поливанов чоң салым кошушкан. Алгачкы жазылган китептер, илимий-методикалык колдонмолор республикадагы маданияттын жана агартуунун өнүгүүсүндө өзгөчө кубулуш болгон. Бирок, бул жаңылык киргизүүнүн өнүгүүсү, мугалимдердин даярдыгын жана алардын билимий деңгээлин көтөрүүсүз жетишсиз болгон. Ошондуктан мугалимдер үчүн, кыска мөөнөттүк курстар уюштурулуп, күн тартибине кыргыз мугалимдерин жаңы педагогикага тартуу маселеси коюлган.

Кыргыз мугалимдеринин арасында этнопедагогиканын жайылуусунда чоң ролду илимий-методикалык журнал «Жаңы маданиятка жол», 1924 ж. уюштурулуп, 1928 ж. түптөлгөн биринчи уюм - Академиялык борбор чоң роль ойногон. Академиялык борбор агартуу, маданий, илимий жааттагы, кыргыз адабий тилинин түптөлүсүнүдөгү бардык маселелер. коомдук-саясий, илимий-техникалык терминдерди тактоо, китептерди даярдоо методикалык колдонмолор, мугалимдер үчүн методикалык сунуштарды иштеп чыгууну уюштуруу жана башкаруу менен алектенген. «Жаңы маданиятка жол» журналы педагогикалык илимди жана мугалимдердин иштажрыйбасын

жайылтууну улантып, педагогикалык, маданийагартуучу маал-маалы менен чыккан зарыл басылма болуп калган. Андан сырткары, журналда агартуу, коомдук-саясий мүнөздөгү ар кандай материалдар чыгып турган. Кийинчерээк ал «Элдик агартуу» журналына аталышын өзгөртүп, кыргыз педагогикасынын өнүгүүсүнө, окумуштуу жана тажрыйбалуу педагогтордун иштерин жайылтуу жана үгүттөө боюнча системалык иш алып барган.

1925-ж.БишкектеЭлдикагартуу Институту ачылган,ал жерде Кыргызстан мектептерине мугалимдерди даярдоо башталып, 1928-ж. Кыргыз педагогикалык техникуму болуп өзгөргөн. 1925 ж. Ошто, 1926-ж. Жалал-Абадда педагогикалык техникумдар ачылган. 1932-ж. республикада биринчи жогорку окуу жайКыргыз мамлекеттик педагогикалык институту ачылган. Бул окуу жайлар агартуу жайларына талап кылынган кадрларды даярдай алган эмес, ошондуктан Орусия Федерациясынан жыл сайын ондогон жогорку билимдуу адистер келе баштайт. Орус педагогторунун келүүсү бир гана педагогикалык көйгөйлөрдү чечүүнү эмес,балким этнопедагогикалык илимдинтүптөлүүсүн билдирген. Мисалы, К.К. Юдахин жергиликтүү мектептер үчүн окуу-методикалык колдонмолор жана программаларды иштеп чыгуучу педагогикалык коллективди түптөгөн. Кыргыз педагогикалык институтунун орус окумуштуулары ИА. Батманов, Г.А. Сухомлинский, Ф.А. Турдаков жана башка өздөрүнүн билимдерин кыргыз илимине арнаган, жалпы билим берүү мектептеринин жана окуу-методикалык базасынын бекемдөөсүнө мугалимдердин кадрдык илимий-педагогикалык базасын ылдам даярдоого чоң түрткү болгон. 1936ж. кыргыз тили жана жазуу Институту уюштурулган. Ошону менен катар кыргыз мектептерине эне-тили жана адабияты, орус тили, Кыргызстан тарыхы боюнча китептер чыгарылган, Академик И.А. Батманов, Б. Жамгырчинов, Б.М. Юнусалиевдердин башчылыгы жана жардамы астында бул иш-чарага илимийкызматкер Д. Майрыков, Т. Саманчин, С. Турусбеков, Ш. Шукуралиевдер ж.б. активдүү катышкан.

СССР курамына кирип, кыргыз интеллигенциясы саясий-демократиялык кыймылдарда активдүү катышкан. Кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрү А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, А. Орозбеков, А. Сыдыков, К. Тыныстанов, И. Арабаев, И. Айдарбеков, Т. Айтматов, Т. Жолдошев, Б. Исакеев, Ж. Саадаев ж.б. «улутчулдук жана панисламизм» боюнча күнөөлөнгөндүгүнө карабай, улуттук менталитет жана тарбиялык идеянын көсөмдөрү болуп калган. Тоталитардык система оз апогеясына массалык репрессия мезгилинде жеткен. Кыргызстанда «эл душмандарын» жазалоо 20-ж. аягында эле башталган. 30-ж. башындагы мамлекеттик ишмерлерди камоо жана жазалоо массалык мүнөздө жүргүзүлгөн. Жалпы, 1920дан 1930 ж.ж. аралыгында Кыргызстандын 30 миңге жакын жашоочулары (алардын көпчүлүгү-улут элитасы) кандуу репрессиянын курмандыктары болушкан. Маданий жашоонун жумушунда тоталитаризмдин оор, трагедиялуу издери калган. Копчүлүк окумуштуу жана коомдук ишмерлер куугунтуктоого кабылып, цензура эркин ой-жүгүртүү жана чыгармачылыкты каттуу жана айоосуз чектеп турган.

1937-1938-ж.ж. Сталин репрессиясында жана 1941-1945 ж.ж. согуш убагында кыргыз элинин көпчүлүгү өлүмгө дуушар болгон. Улуттук тарбия жана окутуунун түзүлүп өнүгүүсүнө зор салым кошкон кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрү репрессия курмандыктары болушкан. Мындай абал улуттук маданияттын начарлоо жана зор басаңдоосуна алып келет.

Согуштан алдыңкы жана согуштан кийинки жылдары, Советтер Союзунун курамына кирген этностордун улуттуксалттык тарбия, жалпы мамлекеттик жалпы билим-берүү системасында эске алынбаган абал жаралган, Окутуу жана тарбиялоо негизинен салттуу элдик маданиятты, этностордун психологиясын, жашоо өзгөчөлүктөрүн жана ишмердигин эске албаган, орточо жана унификациялуу кишини даярдоого багытталган. Элдик педагогика маселелери педагогикалык кубулуштардын социологиялык

негизде тургузулган жалпытарыхый педагогика маселери катары гана каралып келген. Советтер Союзунда согуш алдындагы жылдарда орус эместерге билим-берүү саясатынын негизги тапшырмасы болуп, окуучулардын этникалык салттарын эске алып, эне-тилинде сабак берилген мектептерди ачуу болгон. Бирок бул тапшырма, мектептердеги билим берүү жараянында этномаданияттык билимдин методикасынын терең изилденбегендиги себебинен ишке ашпай калаган.

СССР этнопедагогикасынын ХХ к. 1917-1950-ж.ж. аралыгында өнүгүүсүнүн изилдөөлөрү, революцияга чейинки элге билим берүүдө элдик педагогиканын жана маданияттын кең мүмкүнчүлүктөрүнүн көйгөйлөрүн изилдөөлөр унутта калтырылган. биздин көз карашыбызда, согуштан кийинки жылдардагы элдердин этникалык тарбия маданиятынын артыкчылыгынын, дээрлик илимий изилдөөнүн такыр жоктугу, И.В. Сталиндин билим берүү жаатындагы катаал саясаты менен түшүндүрүлөт.

ХХ к. 30-40 - ж.ж. этнопедагогика этнология, антропология жана психолого-педагогика илимдеринин кесилишкен, дисциплина аралык илимий тармак катары таризделген, ага америкалык окумуштуу М. Мид жана Дж. Уайтингтин тиричилик каада-салттарын, нике жана үй-бүлөлүк мамилелерди, жынысы жана жаштык эмгек бөлүшүүсү, жыныстык жана жаштык символизми, балдардын социалдашуусунун жоболору жана түрлөрүн изилдөөлөрү түрткү болгон.

Этнопедагогиканын илим катары өзгөчөлүгүнө тиешелүү, бири-бирин жокко чыгарган эки кеңири тараган көз караш бар, Алардын бири этнопедагогикада ар кайсы илимдин түзүмдөрү жыйналган (философия, антропология, психология, педагогика, маданият таануу) деген негизге такалып, ал затындадисциплиналар аралык илимдин бир жааты болот дешет, Экинчиси болсо, булилимдин оз алдынча бөлүгү деп айтылат. андан сырткары, ар кайсы окумуштуулар этнопедагогика бул - колдонмо илим, тармактык илим, окуу дисциплинасы, гуманитардык илимдин интегралдык

бөлүгү деп айтышкан. биздин көз караштa, этнопедагогикаилимдин философия, педагогика, этнография, этномаданият, этнопсихологиянын кесилишинен негизделген дисциплиналар аралык бөлүмү болуп, маданият каада-салтты жана этникалык коомдун педагогикасынын мыйзам-ченемдерин жана анын түптөлүү жана өнүгүүсүн изилдеп, анын зор артыкчылыгын заманбап окуу-тарбиялык системада колдонуу болуп эсептелинет. Заманбап педагогикада, алдыңкы доордун тарыхый тажрыйбасын изилдеп, бүгүнкү күндө эң жакшысын колдонуу экенин белгилей кетүүбүз керек. Элдик салттык маданият жана педагогика тарыхын созсүз билүү зарыл, бирок окуу-тарбиялык тажрыйбада колдонуу үчүн гана эмес, балким заманбап талаптарга жооп берген педагогикалык илим жаратуу үчүн.

Ар кандай илимдин айкалышында көптөгөн илимий изилдөөлөрдүн пайда болуусу жыйырманчы кылымдын ачык белгилеринин бири. Жаралуу көз карашында, этнопедагогика педагогиканын предметтик талаасына кирет. социалдык көрүнүштүн көз карашында, этнопедагогика адам билиминин ар кайсы жаатын-философия, антропология, психология, этнография, маданият таануу ж.б. камтыйт, ошону менен ал илимдердин предметтик талаасына жарым-жартылай кирет. Этнопедагогика илимдин турукташып жаткан жана толук түптөлбөгөн жаатына кошулуп, туруктуу түшүнүк-чечкиндүү аппарат катары каралбайт. этнопедагогикалык билимдин түзүмдөрүнүн баштапкы пайда болуусу уруу-уруулук коомдун мезгилине туура келет. Этнопедагогикалык билимдин бул этаптагы жалпылоо элдик ооз-эки чыгармаларында орун алган: жомоктордо, легендаларда, уламыштарда, макала-лакаптарда, ошондой эле каада-салт жана үрп-адат, ырым-жырымдарда ж.б.

Элдик педагогиканы атайын теориялык изилдөөнүн предмети кылуунун биринчи аракети атактуу педагог жана этнограф Г.С.Виноградовго таандык. Элдик педагогика окумуштуунун бекемдөөсүндө система эле эмес, билимдин, жөндөмдүн суммасы. Буга байланыштуу, ал «элдик педагогиканы

тереӊ жана толук камтыган теориялык изилдөө илимий жобосун» колдонуунун зарылдык негизин тапшырма катары коёт. 1926ж. Иркутск ш. анын “элдик педагогика” китеби жарык көргөн. Окумуштуу башатка бөлүп “* жалпылоо жана бири-бири менен байланыштуу элдик түшүнүк, жашоого болгон көз караш, жаӊы муундарды тарбиялоо жана окутууга болгон көз караш, тарбия жана окутуудагы максаттар жана тапшырмалар, өсүп келе жаткан муунга таасир этүүнүн каражаттары жана жолдору” [ 23, 76.] кубулушун аныктаган.

Элдик педагогиканын көйгөйлөрүн изилдөөлөр дээрлик толук унуткаруу Советтер Союзунда болгон. Этнопедагогикалык ойдун өнүгүүсү ал мезгилде уланган менен, абдан эле маанисиз дэӊгээлде болгон. 30-40-ж.ж. өлкөдөгү саясий өзгөрүүлөрдүн негизинде этнопедагогикалык багытында изилдөөлөр практика жүзүндө токтоого дуушар болот.

XX к 30-жылдын орто ченинен баштап өлкөдө, ар кайсы этностордун элдик педагогикасын изилдөөгө байланышкан: Г.С. Виноградов, В.А Сухомлинский, Б.А. Александров, Г.Н. Волков, А.Ш. Гашимов, К.Ш. Ахияров жана башкалардын алгачкы диссертациялары пайда боло баштайт.Ал жумуштарда элдик педагогиканын эӊ маанилүү негиздери аныкталып, элдик педагогиканын салттык маданиятынын тарбиялык артыкчылыгынын ачылышы, элдик тарбиялык салттар изилденет.

50-60 ж.ж. Россия, Борбор Азиялык Республикаларынын, Казахстан, Украина жана СССРдин башка региондорунун этникалык коомчулуктарынын элдик-педагогикалык маданиятын изилдөөлөр жандана баштайт, Бул мезгилде Е.Л. Христова [58] калыс белгилегендей, элдик педагогика социологиялык өӊүттө каралат.Класстык ыкма анын этникалык өзгөчөлүгүн өзүнө киргизип алат. Ошону менен бирге 60-ж. орто ченинде окумуштуулар элдик педагогиканын астында, негизинен элдик педагогикалык ойду, идеяны түшүнгөн. А.Ш. Гашимов ал түшүнүктү “элдик тарбиялык тууралуу даанышмандыгы” [26] деп аныктаса; Ю.П. Намитоков “элдин тарбия

тууралуу айткандары” [46] катары аныктаган. Ушуга окшош жобону М.М. Ширбаев, В.Ф. Афанасьев, В.Х. Арутюнян, М.Б. Гуртуева ж.б. карманышкан. Улам барган сайын илимий чөйрөдө элдик педагогиканы, тарбиялык тажрыйбанын жана педагогикалык идеялардын жыйындысы катары түшүнүү кеңири тараган. Ошого Я.И. Ханбиков элдик педагогиканы “элдик массанын тажрыйбасы жана педагогика илиминин тажрыйбага негизделген жааты” катары кароону сунуштаган [57].

СССРде этникалык көйгөйлөр, анын ичинде тарбиялык жаатта да 60-80 ж.ж. жандана башталган. Ага бир катар объективдүү социалдык-саясий жана маданий себептер болгон. Ал мезгилде көптөгөн этностор өзүнүн элдик салттык маданиятынан ажырап калган. Албетте, алар жаралган абалды жана тартипти мыйзамдуу эмес деп карап, өз улуттук кызыкчылыктарын сактоого умтулушкан. Улуттук чыңалуу көпчүлүк региондордо орун алып, жана массалык жүрүштөр да орун алган: «...мисалы 70-80 ж. Грузияда, Абхазияда, Түндүк Осетияда, Якутияда. Бирок ал корүнүштөр адистерге гана белгилүү болгон. Этнограф жана социологтор СССР аймагында көп сандаган жана ар кайсы убакта от алуусу мүмкүн болгон улут аралык карама-каршылыктар бар экендигин билишкен -“Абхазия, Тоолуу Карабах, Түштүк Осетия жана башка көптөгөн жерлер”. Советтик бирдиктүү жалпы коомчулукту түзгөн элдер, өз маданиятын жана тилин билип жана балдарды тарбиялоодо өз ата-бабаларынын кылымдан бери сакталган каада-салттарын колдонгусу келген.Далушулабал,XX к. экинчи жарымында окумуштуулар тарабынан элдик педагогиканы салаттуу жаңы этапта изилдөөлөрдүн жана жандануусунун негизги себеби болгон: Н.А. Константинов, В.Я. Струминский, Ш.И. Ганелин, В.З. Смирнов, В.П. Аникин, Ф.Ф, Королев, Г.С. Виноградов, Д.И. Латышина ж.б. жүргүзүшкөн. Г.С. Виноградов, Г.Н. Волков педагогика илиминде биринчи болуп «этнопедагогика» деген түшүнүктү киргизишкен жана бул жаңы тармактын өсүп-өнүгүүсүнө зор салымдарын кошушкан. Боордош бир тууган элдерде элдик педагогика тармагында

казактардан А.И. Сембаев, Т.Т. Тажибаев, С. Калиев, А. Жарыкбаев, түркмөндөрдөн Т.Б. Бердыев, М.Д. Аннокурдов жана А.А. Курбанов, өзбектерден С.Р. Раджабов жана И.К. Кадыров, татарлардан Я.Н. Ханбиков, чуваштардан ГН. Волков, тажиктерден М.А. Арипов, азербайжандардан М.М. Мехти-Заде, А.Ш. Гашимов жана А.Ю. Сеидов, орустардан А.Ф. Афанасев, М.И. Мелников, Д.И. Латышина, грузиндерден У.П. Оболадзе, Д.О. Лордкипанидзе, А.Ф. Хиндибидзе, С.Н. Сигуа жана башкалар үзүрлүү эмгектенишкен.

Элдик педагогика жана этномаданият маселелерин изилдөөчү илим катары этнопедагогика келип чыккан. Этнопедагогикалык практика элдик педагогика катары өзүнүн жаралыш теги боюнча эң байыркы доорго таандык. Илимий-педагогикалык билимдин өзүнчө бир тармагы катары калыптанган «этнопедагогика» түшүнүгү XX к. орто ченинен (Г.Н.Волков) баштап өзүнчө өнүгө баштаган.

Этнопедагогика термини илимий лексиконго 60-70-жылдарда Г.Н. Волковдун эмгектери аркылуу кирди. Атап айтканда, анын «Чуваш элинин этнопедагогикасы» (1966), «Этнопедагогика» (1974) аттуу эмгектеринде буд илимдин өзүнө таандык табияты, нерсеси, изилдеп чечүүчү көйгөйлөрүү алгачкы жолу аныкталып, өз алдынча илим катары калыптанышы, өнүгүшү үчүн өбөлгөлөр түзүлдү. Буга чейинки илимий адабияттарда элдин таалим-тарбиялык тажрыйбаларын изилдөөчү билим катары «элдик педагогика» термини колдонулуп келген. Белгилей кетүүчү нерсе, бул терминдин маңыз мазмуну боюнча окумуштуулар арасында азыркыга чейин да бирдиктүү көз караш жок.

Элдик педагогика —бул улут улут болуп калыптанганга чейин эле узак мөөнөт жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын, элдин керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп, адамды ишенимдердин, ыймандык нарк дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган

билимдердин жана практикалык эмпирикалык муундан-муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, иш-аракеттердин бөтөнчө тутуму.

Эгерде элдин рухий жактан өнүгүшү үчүн кайдыгер кароого мүмкүн болбогон, атүгүл анын тагдыры үчүн олуттуу мааниге ээ болгон бөтөнчө кубулуштар бар десек, анда алардын сырт үйүнүн чечмелөөчү илимдин жаралышы дал ушул мыйзам ченемдүүлүктөр менен түшүндүрүлөт. Этнопедагогика илиминин жаралышы дал ушул мыйзам ченемдүүлүктөр менен түшүндүрүлөт. Азыркы илимде аталган терминге карата Г.Н. Волков тарабынан берилген аныктама туруктуу деп кабыл алынган.

“Этнопедагогика — бул өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча калайык-калктын тажрыйбасы, анын педагогикалык көз караштары, турмуш-тиричиликтин, үйбүлөнүн, уруктун уруунун жана элдин педагогикасы жөнүндөгү илим» [24, 66 б.].

Этнопедагогика — «этнос» жана «педагогика» деген илимий терминдердин курамынан турат. «Этнос»-урук, уруу, эл улут деген түшүнүктөрдү жалпы туюнтуучу илимий термин. Демек, этнопедагогика термини элдердин, урук, уруулардын, улуттардын педагогикалык билимдери менен тажрыйбаларын жалпылоочу илим катары туура негизделген.

Г.Н. Волков «элдик педагогика» жана «этнопедагогика» ортосундагы чекти ачык жана так ажыраткан. Элдик педагогика элдин таалим-тарбия идеяларын, тажрыйбаларын мүнөздөөгө карата айтылса, ал эми этнопедагогика теориялык ой жүгүртүүлөрдүн, илимдин чөйрөсү.

Элестүү айтсак, эгер элдик педагогика жана этнопедагогика аттуу хрестоматиялык жыйнак түзүлө турган болсо, анын биринчисинде элдик педагогикалык мазмундагы оозеки чыгармалар, үрп-адат, каада-салттардын кыскача баяндамалары орун алмак, ал эми экинчиси ошол тарбиялык салттарды, орошон ойлорду илимий талдоого алган эмгектерден турмак.

Кыргыз этнопедагогикасы жаш илимий тармактардан болуп саналат. Бул багытта түрдүү илимий-усулдук жумуштар, фундаменталдык изилдөөлөр жолго коюла баштагандан бери көп убакыт өтө элек. Кыргыз этнопедагогикасы тармагында эмгектенип илимий изилдөө жумуштары менен алектенген адистердин саны жыл өткөн сайын көбөйүүдө. Бул тармакта эмгектенгендер«д"ин катарына кыргыз педагогикасынын белгилүү ишмерлери А.Э. Измайлов, М.Р. Балтабаев (60ж.ж.), Т. Ормонов, Б. Апышев, Ж. Бешимов, К. Кадыралиев, Н.И. Имаева, Ж. Саипбаев, З.К. Кусеинова, З.У. Усубалиев, Т. Молдогазиев (70-ж.ж.), М.Р. Рахимова, А.Х. Анаркулов, Н.А. Асипова, У. Эгембердиев, А. Калдыбаева, Р.А. Абдыраимова, Ж. Орозбаев, А. Исаев, Д.И. Койчуманов, А. Аттокуров, Т.В. Панкова, С. Байгазиев, С. Иптаров, Т. Үмөтов, А. Алимбеков, А. Бердиев К.Ф. Тешебаева, У. Эгембердиев, (80-90-ж.ж.), Б.Б. Муратбаев, Н.К. Дюшеева, Т.В. Панкова, С.К. Рысбаев, Б. Азимбаев, М.М. Эсенгулова, С.Н. Пак, Г.А. Абдымомунова, М.Ж. Найманбаев, А.Ж. Муратов, И. Даминова Ч.Т. Осмонова, ГЛ. Карабалаева (2000-2017ж.ж.) жана башкаларды кошууга болот.

Кыргызстанда «элдик педагогика» деген термин алгачкы жолу «Мугалимдер газетасында» (1974) «Элдик педагогиканын казынасынан» деген рубрикада пайда болуп, ошол кезден баштап «элдик педагогика», «элдик тарбия» деген түшүнүктөр кеңири колдонула баштаган. Өткөн кылымдын 70-ж.ж. кыргыз элдик педагогикасы маселесин илимий негизде изилдөөгө алган алгачкы кыргыз этнопедагогдорунун эмгектери бул багыттагы алгачкы саамалыктар эле. Алсак, Д.И. Койчумановдун «Педагогические идеи и просветительная деятельность Тоголока Молдо (Байымбета Абдрахманова) (1965), Н. Имаеванын «Идеи воспитания в творчестве киргизского акынадемократа Токтогула Сатылганова» (1969), З.У Усубалиевдин «Изучение жизни и творчества Токтогула Сатылганова в школе» (1971), Т. Ормоновдун «Педагогические воззрения древних киргизов» (1972),З.К. Кусеинованын «Педагогические проблемы поведения детей в

семье» (1973), Ж. Бешимовдуң «Народные традиции в нравственном воспитании школьников старших классов»» (1974), Б. Апышевдин «Народные традиции и их использование в трудовом воспитании старшеклассников» (1974), К. Кыдыралиевдин «Проблемы воспитания в киргизских народных сказках» (1979), С.М. Саипбаевдын «Идеи воспитания подрастающего поколения в киргизской народной педагогике (на материалах малых эпических форм киргизского фольклора)» (1980), Х.Ф. Анаркуловдун «Пути повышения эффективности физического воспитания школьников на основе региональных факторов и народных подвижных игр» (1980), А.Т. Калдыбаеванын «Идеи народного воспитания в творческом наследии Калыка Акиева и их использование в современной педагогической практике школ Киргизии» (1988), К.Н. Абышевдын «Эстетическое воспитание студентов педвузов средствами киргизского музыкально-песенного фольклора» (1988), Ж.О. Орозбаевдын «Эстетическое воспитания младших школьников на прогрессивных традициях» (1988), А.А. Алимбековдун «Формирование у будущих учителей готовности к эстетическому воспитанию младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогики (на материале педвузов Кирг.ССР» (1990) аттуу илимий изилдөөлөрү кыргыз этнопедагогикасынын түрдүү маселелерин камтыган баалуу эмгектер катары кыргыз совет педагогикасында өз ордун табышкан.

Маселен, Т. Ормоновдун изилдөөсүндө байыркы кыргыздардын элдик педагогикасы маселеси илимий негизде ар тараптуу изилдөөгө алынат. Ж. Бешимов менен Б. Апышевдин илимий иштеринде мектеп окуучуларын адептүүлүккө жана эмгекке тарбиялоодо кыргыз элдик педагогикасынын курамын түзгөн элдик каада-салт, үрп-адаттардын таалим-тарбиялык орду өңдүү заманбап маселелер илимий-теориялык негизде чечмеленген.

1988-ж. жарыкка чыккан «Кыргыз ССРинин педагогика ойлорунун антологиясы» [10] кыргыз педагогикасында өзүнүн бараандуу ордун тапты. Кыргыз билим берүү институтунун (Бекбоев И.Б.) кыргыз этнопедагогика

илимин түптөөдөгү жана өнүктүрүүдөгү кошкон салымы эбегейсиз экендигин баса белгилөө зарыл. Тарбиянын турмуш практикасы менен байланыштуулугу, аң-сезим менен жүрүм-турумдун биримдүүлүгү, инсанды жамаатта жанаэмгекте тарбиялоо, жеке өзгөчөлүктөрүн жана жаш курагын эске алуу, педагогикалык талаптын ырааттуулугу, үй-бүлө менен коомчулуктун бирдей талап коюусу, тарбияга комплекстүү мамиле жасоо өңдүү илимий педагогиканын принциптерин элдик педагогиканын төмөнкүдөй: тарбиянын чөйрө, турмуш практикасы менен байланыштуулугу; тарбиянын аң-сезимдүүлүгү; эл менен бирге болуу; баланы жаш курагына жана жеке өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо; элдик салттарды сактоо, бузбоо жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды эске алуу сыяктуу принциптери менен өз ара салыштырма ыкманы колдонуу аркылуу көп окшоштуктарын көрсөтүп чыгат. Эл өзүнүн урпагын тарбиялоонун методдорун жана принциптерин түзүп чыгышкан. Ал методдор менен принциптер элдик методиканын урунттуу категорияларынан болуу менен урпактарды тарбиялоонун негизги таянычы жана багыт берүүчүсү болуп кызмат кылып келет. Ошону менен бирге, алардын ар биринин мүнөздүү белгилери, объектиси жана аткарар милдетмаксаттары айкын. Анткени, алардын негизинде жаткан идеяларда өрнөктүү жашоо жөнүндөгү элдик кодекстер бекем сиңирилген. Элдик таалим-тарбиянын принциптери жана методдору тууралсында этнопедагог-окумуштуулар өз элинин көп кылымдык тажрыйбаларын изилдеп келип бир катар ойлорун айтышканы белгилүү.

1970-жылдын орто ченинен баштап, 1990-жылга чейиң этнопедагогикалык изилдөөлөрдө эки тенденция белгиленген: 1) Этнопедагогика окуу жараянында салттуу улуттук педагогикалык маданиятты изилдеп жана колдонуусу керек. 2) Этнопедагогика-бул, улуттук жана дүйнөлүк маданият баалуулуктарын үйрөнүп, билим-берүү жараянынын жана билим-берүү уюмдарынын негизи болуусу керек.

Ал жылдары негизги билим-берүү тили орус тили болгондуктан, улуттук республикалар билим-берүү системасынын алдында, жергиликтүү этностордун каада-салт жана этникалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен эне-тилди жандантуу тапшырмасы турган. Ошол мезгилдин билимберүү саясатында унитардык билим-берүүдөн, эне-тилге жана улуттук маданиятка артыкчылык коюп эки тилдүү жана көп маданияттуулукка багытталган тенденция ачык орун алган.

Советтик мезгилде билим-бефъүчшч жаатында чоң жетишкендиктер менен кошо олуттуу каталар кетирилген. Өнүккөн өлкөлөрдүн билим-берүү системасынын топтолгон эн жакшы жетишкендиктер, алдыңкы тажрыйбалар жана усулдары колдонулбай келген. Бардык предметтер партиялык системага баш ийип, коммунисттик иеологиянын чоң таасири астында болгон. Улуттук агартуунун өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулган эмес. Жогорку, орто-атайын жана кесиптик техникалык окуу жайларда сабактар жалаң орус тилинде өтүлгөн. Советтик Кыргызстандын борборуФрунзеде, башка шаарлар - Ош, Жалал-Абад, Токмок, Өзгөн, Кара-Балта жана башка шаарларда кыргыз тилинде окуткан мектап жана бала-бакчалар дээрлик болбогон. Ошентип, көптөгөн шаар, кыштактарда жашаган кыргыздар үчүн, өз эне-тилин, каадасалтын унуткан терс абал жаралат.

2. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн орнотуу тарыхчасында этнопедагогиканын илим катары калыптанышы жана өнүгүүсү, анын азыркы абалы

1991-жылдын августунда Кыргызстандын эгемендүүлүк алуусу менен, республикада чоң реформалар өткөрүлдү. Кыргыз Республикасы-улуттук мамлекет катарында орун алган, көп этникалуу мульти маданияттуу коом. Дал ушул нерсе билим-берүү, ар түрдүү салттар жана баалуулуктар бар

болгон коомдогу интеграциялоочу жана турукташтыруучу фактор болуп эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын эгемендик алуусу, коомчулуктагы калыптанып баштаган жаңы социалдык-экономикалык мамилелер, педагогика алдында жаңы тапшырмаларды коёт. Педагогика илимдеринин маанилүү көйгөйлөрү болуп, Кыргызстандын билим-беүүсүнүн өнүгүү программасын иштеп чыгуу, улуттук ар кайсы типтеги мектептердин моделин иштеп чыгуу, окутуу тарбиялык жумуштатнопедагогикалык жана этнопсихологиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу. Акыркы этапта гумандуулука окуу-тарбиялык уюмдарда тарбияга, алдыңкынын тажрыйбасына жана элдердин прогрессивдүү салттарына кайрылууга, улуттар аралык руханий, маданий байланышты бекемдөөгө демократияга жана жакшы өбөлгөлөр түзүлгөн. Республиканын педагогика илими жаңы убакытка жараша интенсивдүү өнүгүүнүн жолунда. Кыргызстандын педагог окумуштуулары өздөрүнүн жарандык жана кесиптик милдеттери өңүтүндө өздөрүнүн илимий-педагогикалык изилдөөлөрүн улантууда.

СССР урагандан кийин, улуттук республикаларда кескин түрдө эне-тилинде окутууга өтүү башталат .Мурунку союздук республикаларда эне-тилине кескин түрдө өтүү орун алат. Жергиликтүү элдердин салттуу этникалык маданиятын изилдөө биринчи кезектеги жана эң башкы тапшырма катары жарыяланган. Буга байланыштуу улуттук салттуу педагогика маданиятын изилдөөнүн салмагы кескин өсөт.

1991-1995-ж.ж.: И. Арабова (Тажикстан), К. Пирлиева (Татарстан), Х. Ф. Анаркулова (Кыргызстан), С.С. Булатова, Н. Сафарова (Узбекистан),С.А. Узакбаевай (Казахстан), В.Ф, Канева, В.И. Прокопенко,.А.Л. Бугаевай (народы Севера), И.А. Шоровалардын (Адыгея) жакталган доктордук изилдөөлөрү этнопедагогика темасыны камтыган жумуштардын 90% түзөт. Эгер КР эгемендүүлү алган мезгилдеги жакталган доктордук жана кандидаттык диссертацияларга сереп салсак, анда буларды белгилөөгө болот,

2. *Докторлук диссертациялар:*

Х.Ф. Анаркулов «Кыргызские народные подвижные игры, физические упражнения и современность» (1994), Р.А. Абдыраимова «Воспитание детей младшего школьного возраста в семье средствами кыргызской» (1998), Н.А. Асипова «Научно-педагогические основы формирования культуры межнационального общения школьников», (1998), Т.В. Панкова «Научно-педагогические основы сравнительной этнопедагогики» (2006), С.К. Рысбаев «Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» (2006), А.Т. Калдыбаева «Эл акындарынын этнопедагогикалык идеяларын жаштарды тарбиялоодо колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери» (2007), М.Х. Манликова «Педагогические основы этнокультуроведческой лексикографии в воспитании этнотолерантности» (2008), А.Ж. «Этнопедагогические мысли в художественно-литературных текстах и научно-методические основы их интерпретации в процессе обучения» (2010), А.А. Алимбеков «Теория и практика этнопедагогической подготовки в системе высшего педагогического образования» (2010), А.Ж. Муратов «Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий методикалык негиздери (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын мисалында) (2010), Г.Т.Карабалаева «Взаимосвязь семейного и общественного воспитания» (2016).

2. *Кандидаттык диссертациялар:*

А.А. Исаев «Прогрессивные традиции народной педагогики в идейно-нравственном воспитании учащихся в школах Киргизии в годы Великой Отечественной войны (1941-1945 гг)» (1991), Р.А. Абдыраимова «Эстетическое воспитание детей и подростков средствами кыргызской народной педагогики» (1994), А.Т. Аттокуров «Подготовка студентов к

педагогическому руководству народными играми в воспитательной работе с учащимися начальных классов» (1994), А. Бердиев «Формирование гуманности у младших школьников на основе нравственных идеалов народной педагогики» (1995), Д. Саалиева «Мектепте “Манас” эпосун үйрөтүүнүн методикасы”» (1995), К.Ф. Тешебаева «Подготовка студентов - будущих дошкольных работников к использованию материалов кыргызской народной педагогики» (1994), А.Т. Турдугулов «Методика изучения акынской поэзии вобщеобразовательных школах республики (наследия Байымбета и Барпы)» (1995),Б.К.Оторбаев «Семетей» жана «Сейтек» эпосторун окутуунун мазмуну жана методдору» (1996), Н.К. Дюшеева «Подготовка будущего учителя к использованию прогрессивных традиций народной педагогики в учебно-воспитательном процессе общеобразовательной школы» (2000), Б.Б. Муратбаев «Формирование у будущего учителя готовности к трудовому воспитанию младших школьников средствами кыргызской этнопедагогики» (2005), Адылбек кызы Гулназ «Влияние национально-психологических факторов на поликультурное воспитание младших школьников» (2005), М.М. Эсенгулова «Просветительская деятельность и педагогическое наследие Эшенаалы Арабаева» (2005), Т.О. Асанов «Кыргызская национальная спортивная борьба «курёш» в системе физического воспитания студентов» (2006), Б. Азимбаев «Формирование этнического самосознания старшеклассников на примере традиций и обычаев кыргызского народа» (2007), С.Н. Пак «Нравственное воспитание молодежи в этнопедагогике кыргызского и корейского народов» (2007), Н.К. Тунгатарова «Бала бакчанын 6-7 жаштагы балдарын кыргыздын улуттук каада-салттары аркылуу социалдаштыруу» (2008), Г.А. Абдымомунова «Патриотическое воспитание молодежи на основе эпоса «Манас» (2009), М.Ж. Найманбаев «Этнопедагогические основы умственного и духовнонравственного воспитания школьников» (2009), КИ. Жаныгулов «Применение педагогических идей кыргызских народных акынов о возрастных особенностях детей в процессе непрерывного образования (Х1ЇХ-ХХ вв.)»

(2009), И. Даминова «Экологическое воспитание учеников начальных классов на прогрессивных идеях и опыте кыргызской народной педагогики» (2010), Г.Ж. Байышова «Научные основы использования народныхтрадиций в экологическом воспитанин учащихся начальных классов во внеклассной работе» (2010), О.Г.Ким «Педагогические условия поликультурного воспитания младшего школьного возраста на традициях и обычаях кыргызского и корейского народа» (2011), Н.С. Шадиев «Подготовка студентов к нравственно-эстетическому воспитанию младших школьников средствами кыргызского музыкального фольклора» (2011), К.М. Миталипов «Элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттулукту калыптандыруу» (2012), Т.А. Умурбекова «Мектеп жашына чейинки балдардын дене тарбиясында кыргыз фольклорун колдонуунун педагогикалык негиздери» (2013), Э.С. Сабырова «Башталгыч класстын окуучуларынын социалдык активдүүлүгүн кыргыз элдик педагогиканын каражаттары аркылуу калыптандыруу» (2014), Т.Н. Умаров «Болочок мугалимдер«д" оозеки чыгармалар аркылуу окуучуларды адептик жактан тарбиялоого даярдоо» (2015), Ф.Т. Баитова «Манас» эпосу аркылуу болочок мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоо (2016), А.М. Шеримбекова «Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор» (2016).

Кыргыз этнопедагогикасынын адис аалымы А. Алимбеков менен белгилүү кыргыз таануучу элдик педагог А. Акматалиев «Кыргыз эл педагогикасы: изилдөөлөр, табылгалар» (1998) деген китепте элдик педагогиканын олуттуу маселелеринен болгон анын принциптерин («Элдик тарбиянын эрежежоболору жана принциптери») илимий негизде аныктоого басым жасашат. Алардын пикиринче кыргыз элинин салттуу тарбия маданияты: 1)табияткашайкештик,2)тарбиялануучунун курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, 3) баланын инсанын урматтоо менен ага коюлуучу олуттуу талаптардын биримдигине жетишүү сыяктуу принциптерине

негизделген. А.Алимбеков «Кыргыз этнопедагогикасы» ( 1 бөлүк. 1996) [6б] деген эмгегинде элдик педагогика - бул баарыдан мурда, тигил же бул улуттун социалдык турмушунун практикасы, таалим-тарбия жаатындагы предметтүү, жөрөлгөлүү ишаракеттеринин системасы... Элдик педагогика - бул улутулут болуп калыптанга чейин эле узак мөөнөт жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын, элдин керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп, адамды муундан муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, ыймандык нарк дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган эмпирикалык билимдердин жана иш аракеттердин бөтөнчө системасы деп аныктама берет [6, 7б.]. Автордун пикиринче эгерде элдин рухий жактан өнүгүшү үчүн кайдыгер кароого мүмкүн болбогон, атүгүл анын тагдыры үчүн олуттуу мааниге ээ болгон бөтөнчө кубулуштар бар десек, анда алардын сыр түйүнүн чечмелөөчү илимдин жаралышы да мыйзамченемдүү зарылдык. Этнопедагогика илиминин жаралышы дал ушул мыйзам ченемдүүлүктөр менен түшүндүрүлөт деген корутунду чыгарат. Ал элдик педагогика менен этнопедагогиканын өз ара бөтөнчөлүктөрүн тактоо иретинде белгилүү этнопедагогдордун эмгектерине таянып төмөнкүдөй тыянакка келет: «элестүү айтсак, эгер «элдик педагогика» жана «этнопедагогика» деп эки хрестоматиялык жыйнак түзүлө турган болсо, анын биринчисинде элдик педагогикалык мазмундагы оозеки чыгармалар, үрпадат, каада-салттардын кыскача баяндамалары орун алмак, ал эми экинчиси ошол тарбиялык салттарды,орошон ойлорду илимий талдоогоалган эмгектерден турмак» [6, 8б.]. А.Алимбеков «тарбия» жана «тарбиялоо» түшүнүктөрүнө түшүндүрмө берүүгө аракет жасайт. Анын пикиринче «тарбия» деген жалпы түшүнүктүн семантикалык мааниси бардык түрк элдеринде бирдей, башкача айтканда, инсанды өнүктүрүү, өстүрүүгө байланышкан педагогикалык кубулуштарды жалпылоо маанисинде колдонулуучу түшүнүк. Ал эми «тарбия» деген уңгу сөзгө - лоо мүчөсү жалганганда инсандын көп кырдуу сапаттарын калыптандыруу, өстүрүү процессин, мыйзамченемдүүлүктөрүн мүнөздөөчү түшүнүккө айланат. Жалпылап айтканда, кыргыз элиндеги

«тарбиялоо» түшүнүгү баланы багуу, кароо, анын акыл-эсин өстүрүү, ден соолугун чыңдоо, аны өрнөктүү жүрүм-турум адаттарына үйрөтүү дегенди билдирет [6, 45б.].

Кыргыз педагогикасынын белгилүү ишмерлери М.Р.Рахимова, Т.В.Панкова, А.Т. Калдыбаева тарабынан иштелип чыккан «Педагогика тарыхынын очерктери» (1998) [349] окуу куралында элдик педагогика маселесине чоң басым жасалган. Эмгектин «Педагогикалык билимдердин түзүлүшүндөгү кыргыз этнопедагогикасы» параграфында кыргыздардын байыркыдан берки этнопедагогикасы, элдик үй-бүлөлүк тарбиянын өзгөчөлүктөрү, элдик тарбиядагы эмгектин ролу, кыргыз оюндарынын тарбиялык милдеттери, элдик үрп-адаттар тарбиялоодогу каражат катары, кыргыз фольклорунун тарбиялык, билим берүүчүлүк милдеттери, кыргыз билими өңдүү кыргыз элдик педагогикасынын негизги маселелери чагылдырылган. Авторлордун пикиринче кыргыз этнопедагогикасы улуттук руханий маданияттын өзөктөш бөлүгү болуп эсептелет. Ал жүздөгөн жылдарда Борбордук Азиянын ар кандай калктары жана майда элдери менен кыргыздардын өз ара байланышта өнүктүрүүлөрүнүн жүрүшүндө топтолгон. Кыргыздар өздөрүнүн көп кылымдык тарыхында өсүп келе жаткан муунду тарбиялоонун бай тажрыйбасын топтогон. Кыргыз элдик педагогикасынын өзөгүн бардык түрк элдери, анын ичинде баарыдан мурда хакас, казак, каракалпак, өзбектер үчүн көптөгөн жалпылыктар түзөт. Эзелтен эле салттуу деп эсептелген кыргыз элдик педагогикасы өзүнүн түпкү табияты боюнча патриархалдык-феодалдык маселенин алкагында калыптанган [49, 21б.]. Кыргыз этнопедагогдорунун ишениминде кыргыз этнопедагогикасынын маанилүү фактору болуп адаттын мыйзамченемдүү абалдарынын бардыгы үчүн милдеттүү болгон адеп-этикалык эрежелердин оозеки жыйнагына негизделген коомдук пикир эсептелет. Көбүнчө тарбиялоонун натыйжалуулугу инсандын, үй-бүлөнүн, уруунун, айылдын бедели, адамдар өздөрүнүн айкын иш-аракеттерин акыл эстүү коомдук пикир менен кандайча

алмаштырууларына жараша болот. Элдик педагогиканын өзгөчөлүгү болуп өсүп келе жаткан муунду тарбиялоо процесси үйдө, урук, уруу ичинде, айылда, көчүп-конууда ж.б. коллективдүү мүнөзгө ээ болушу эсептелет [49, 236.]. Окуу куралынын авторлору этнопедагогика да табиятка сыйынуу менен байланышкан деп эсептешет. Асман жөнүндөгү түшүнүктү кыйла байыркы сыйынуучулук деп эсептөөгө болот. Эреже катары, кыргыздар белгилүү шартта асмандан жардам сурашкан. Азыркы кыргыздардын ата-бабалары кудурети күч Теңир катары асманды кадырлап келишкен; анын каарынан коркушкан жана ага курмандык чалууга тийиш болушкан. Кыргыздарда жерге сыйынуу кеңири тараган. Бул эреже катары Жер, Суу кудайы жөнүндө түшүнүк... [49, 266.]. Этнопедагог окумуштуулар кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын тарбия темасындагы ордуна чоң маани беришет. Педагогикалык илимде фольклор - бул болгону элдик педагогикалык көз караштардын булагы деген гана бир жактуу пикир түзүлгөн. Чындыгында, оозеки эл чыгармачылыгы, өзгөчө балдар менен иш алып баруу да түздөн-түз тарбиялык, билим берүүчүлүк милдеттерди да аткаргандыгын баса белгилешет [49, 446.]. Бул окуу куралында макалдар жана ылакаптар элдик педагогиканын эң активдүү жана кеңири тараган эстеликтеринин бири болуп эсептелерине басым жасалат. Эл өзүнүн көп кылымдык социалдык-тарыхый тажрыйбасын макал, ылакаптарына жалпылап, аны негизделген, учкул сөз түрүндө айткан. Эл өзүнүн көп кылымдык тарыхында көптөгөн муундарды үйбүлөлүк тарбиялоо практикасынан педагогикалык жагдайдагы бардык баалуулуктарды тандап алган жана сабак болорлук учкул сөз формасында туюнткан. Макалдар жана ылакаптарда элдин жаштарды адеп-ахлактык тарбиялоого, жекече алганда эмгекчилдикке, коллективдүүлүккө, кайраттуулукка, улууларга урмат менен мамиле кылууга багыттоочу педагогикалык көз караштары топтолгон |49, 45б.] Авторлор кыргыздардын оозеки элдик чыгармаларынын ичинен баатырдык, лиро-романтикалык мүнөздөгү эпикалык чыгармалар көрүнүктүү орун ээлегендигине, мында монументтик «Манас» менен катар эле ондон ашык эпикалык чыгармалар да

бар болуп, алардын көпчүлүгү баатырдык мазмунга ээ жана бул аталган эпикалык поэмалардын негизги мазмуну - сүйүү жана жаштардын бакыт үчүн, элдин бактысы үчүн күрөшүүсү экендигине басым жасашат [49, 516.]. Этнопедагогдордун пикиринде кыргыздар кылымдан кылымга көчмөн турмушта жашап, дээрлик дайыма ачык асман астында болуп, табияттын шарттарына такай көз каранды болушкан, ошондуктан анын сырларын активдүү билишкен. Курчап турган дүйнө (дүйнөнүн элеси) жөнүндөгү муундан-муунга өтүп келе жаткан көз караш жана билим ушундайча калыптанган. Кыргыздардын астрология, география, флора чөйрөсүндөгү таанып билүүсү эмгек ишмердүүлүгү порцессинде топтолгон [49, 596.]. Бул окуу куралынын авторлору чыгыш теги түрк, бирок фарсыча эркин сүйлөп, эмгектерин араб тилинде жазган алң-Фарабиге кенен токтолуп өтүшөт, анын таалим-тарбия, илим-билим боюнча ой-тыянактарын келтиришет. Чыгыштын дагы бир көрүнүктүү инсаны Низами Гянджеви авторлордун пикиринче моралга жана адептүүлүккө болгон көз караштары адамдын адамды эзүүсүнө келишпестиги, терең гуманизм жана элди сүйүүсү менен аныкталган. Ошондой эле Хорезминин, Киндинин, Фарабинин, Берунинин, Ибн Синанын, Омар Хайямдын, Тусинин ж.б. илимпоз-энциклопедиячылардын илимий эмгектери - адамдардын илимий билимдеринин бирдиктүүлүгү, ал Чыгышта гана эмес, Батышта да билим берүүнүн негизин түзгөндүгү баса белгиленет [49, 796.].

Кыргыз этнопедагогика жаатында таанымал А.К. Калдыбаева өзүнүн «Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар» деген эмгегинде төкмө акындар Барпы, Жеңижок, Калык жана башкалар чыгармачылыктарында элдик педагогикалык идеялардын чагылдырылышын чечмелеп берген.

Р.И. Курманходжаеванын «Педагогические воззрения Ч.Айтматова» аталыштагы доктордук диссертациясы (2001) элдик педагогика жаатындагы белсемдүү илимий изилдөөлөрдүн бири болуп саналат [38].

Авторлош (Б.Апыш, Д.Бабаев, Т.Жоробеков) жазылган «Педагогика» окуу китеби (2002) [12] элдик педагогика маселесин бир топ жогорку деңгээлде камтыган эмгек болуп саналат. Авторлор муну «Элдин педагогикалык ойлорунун өнүгүү динамикасы», «Манас - залкар педагогикалык идеянын кенчи», «Элдик педагогдордун таалим, тарбия жөнүндөгү ой толгоолору», «Боордош казак элинин илимий педагогикалык ой жүгүртүүсүн негиздөөчүлөр», «Кыргыздын элдик педагогдору таалим, тарбия жөнүндө» деген параграфтарында чагылдырып өтүшкөн. Окумуштуу педагогдордун ишеними боюнча адам коомунун тарыхый өсүүсүнүн белгилүү сересинде гана элдин педагогикалык ой толгоолору, тарбия жөнүндөгү эмпирикалык түшүнүктөрү элдик фольклордо, айрыкча санат сөздөрүндө, макал-лакаптарында, болмуштарында, тамсилдеринде жана башка оозеки чыгармаларында чагылдырылса, элдик маданият пайда болгон учурдан баштап педагогикалык идеялар сөз чеберлеринин көркөм чыгармаларында бериле баштайт. Ал эми өзүнүн түбөлүктүү жазма адабияты жок элдерде педагогикалык көз караштарды өзүндө көркөмдөп чагылдырып, аны муундан муунга жеткизүүчү бирден бир каражат - элдин оозеки чыгармачылыгы [12, 56б.]. Окуу китебинде «Манас» эпосу - кыргыз элинин педагогикалык идеяларын,тарыхын,тилин,динин,этнография, философиялык жана илимий көз караштарын, психологиясын, маданиятын, көркөм өнөр ажарын, руханий жана социалдык-саясий турмуш тажрыйбаларын изилдөөнүн ишенимдүү булагы катары бааланып, анын жети осуятынын ар бирине астейдил илимий түшүндүрмөлөр берилет. Авторлор эпосто Манасты улуттар аралык интернационалисттик достуктун, ынтымактыктын гаранты деп баса белгилешет. Анда боордош түрк элдеринин ынтымагы, түбү бир экендиги, өздөрүнүн эркиндиги жана коопсуздугу үчүн бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган биримдиги айгылат. Манастын тегерегинде казактардын Көкчөсү, өзбектердин Санжыбеги, кыпчактардын Үрбүсү, оогандын Акун хан, түркмөндөрдөн «Жарагы белде бир кучак» Музбурчак, каракалпактан Бердике, башкырлардан Жамгырчы баары баш кошуп, «Аргын менен

кыргызга салып койгон чеп» болушат. «Казак, кыргыз туушкан, кызыр чалган мурунтан», «Кабыргатууган кыпчак»деп, Манасалардынбаарынбиртууган көрөт. Өзүн кыргыз элинин гана эмес, жалпы түрк калктарынын кулунумун деп эсептеп, баарысынын намыс-ариети, тагдыры, келечеги үчүн күрөшөт [12, 136.]. Эпосту улам кайталап окуган сайын «Манас» - элдин өзүн өз тукумуна таанытып туруучу Улуу дүйнө экенине терең ынанасың деп зор канааттануу менен белгилешет авторлор. Манас дүйнөсүн аңтарып ар бир кыргыз өз тегин, элин үйрөнөт, өз тамырын эл тамыры менен туташтыра турган улуу сабак алат. «Манаска» туташпай, андан кабарсыз калуу маңкурттукка, улут безерликке алып келсе, аны терең иликтеп үйрөнүү жаныбыздын арууланышына, элдик эң сонун сапаттарды жан дүйнөгө, акыл-эске сиңдирип алууга мүмкүндүк түзөт. Манастан бейкапар урпактарыбыз толук кандуу кыргыз боло албайт деп кесе айтылат эмгекте [12, 186]. Авторлор тарабынан Чыгыштын белгилүү инсандарына: аалымдарына, философторуна, педагогикалык идеялардын жаратмандарына чоң маани берилет. Алар өздөрүнүн илимийпопулярдуу эмгектеринде тарбия жөнүндөгү өз көз караштарын баяндашкан. Ибн Синанын «Үй-бүлөлүк чарба» деген фундаменталдык эмгегинин төрт бабын улуу акылман педагог бабабыз Ибн Сина балдарга дене тарбиясын берүү маселесин изилдөөгө арнаган. Ал эми «Дарылап айыктыруу китеби» деген изилдөөсүндө окумуштуу тарбиянын негизги усулдарын талдап, илимий нукка салган [12, 306.]. Окуу китебинде алФараби, Омар Хайям, Кей Хавустун таалим-тарбия, билим берүү жаатындагы ой пикирлери, көз караштары чагылдырылат. Баласагындык Жусуп түз эле «педагог бабабыз Жусуп» деп аталса, Махмуд Кашкар окумуштуу, агартуучу, педагог делет. Жусуп бабабыз инсандагы асыл сапаттарды жетилдирүүнүн эң негизги каражаты окуу, билим, илим экендигине элди ынандырып, малга, пулга жардылык эмес, рухий жардылык адамды кемсинтип, жан дүйнөсүн жардылантып, наадандык касиетке ээ кылып, катардан чыгараарын эскертет, Авторлордун бүтүмүндө Жусуп бабабыз урпактарына түбөлүккө белекке калтырган дастаны «Куттуу билим»

деп аталган себеби түрк калкынын ишениминде кут бардык жакшылыктын жышаанасы, Бул дастан залкар педагогикалык ой-пикирге ысык толгон улуу эстелик, эч качан көөнөрбөс мурас, Анда элибиздин байыртадан берки педагогикалык гумандуу ой жүгүртүүлөрү камтылган [12, 37б.].

Кыргыз этнопедагог илимпозу С.Рысбаевдин «Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы» (2006) [50] аттуу эмгеги кыргыз этнопедагогикасынын тарыхында эң алгачкылардан болуп балдар оозеки чыгармачылыгындагы педагогикалык идеяларды жана ойлорду чагылдыруу жана ошонун негизинде бүгүнкү балага таалим-тарбия берүүнүн жолыкмаларын үйрөтүүнүн милдетин аркалайт. Аталган эмгекте жаш жеткинчектерге дүйнө таанытуунун жана таалим-тарбия берүүнүн элдик принциптерин, методдорун, тарбиянын түрлөрүн бирдиктүү бир системага салуу жана жалпылоо, философиялык-педагогикалык анализге алуу жана синтездөө өңдүү кыргыз этнопедагогикасынын глобалдуу маселелери камтылган. Автор эмгегинде дүйнөлүк жана кыргыз педагогика илиминин баштоочуларынан болгон көрүнүктүү инсандардын эмгектерине таянат, ушу кезге чейинки салттуу педагогика, этнопедагогика жана балдар фольклорундагы элдик педагогикалык идеялар ойлор жөнүндөгү изилдөөлөрдү илимий иликтөөгө алат. Доцент С.Рысбаевдин илимий изилдөөсүнүн жаңылыгы катары кыргыз этнопедагогикасында илимий педагогикага салыштырма кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын негизиндеги элдик тарбиянын принциптерин жана методдорун иштеп чыккандыгы болуп саналат, Ага элдик педагогиканын төмөнкү принциптери көрсөтүлөт; тарбиянын чөйрө, практикасы менен байланыштуулугу, тарбиянын аң-сезимдүүлүгү, эл менен бирге болуу, баланы жаш курагына жана жеке өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо, элдик салттарды сактоо, бузбоо жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды эске алуу. Кыргыз элдик жомокторунун негизиндеги тарбиянын бир канча методдорун аныктап келип, алгачкы калыптандыруу методдору катары төмөнкүлөрдү эсептейт:

аңгемелешүү, кеңеш айтуу, үйрөтүү, ынандыруу, түшүндүрүү, өрнөк көрсөтүү, антка туруу, убаданы аткаруу. Ал эми таасир этүү методдоруна: сурануу, эскертүү, уяткаруу, тыюу, бата берүү, буюруу, кубаттоо, какшыктоо, зекүү, коркутуу, жазалоо өңдүү элдик ыкма-усулдарды атаса, элдик тарбиянын текшерүү методдору катары сыноо (акыл сынагы, күч сынагы, адебин сыноо), талап кылуу, тапшырма берүү, мелдештирүү, текшерүү жана өзүн өзү текшерүү өңдүү жол-ыкмаларды көрсөтөт. Эмгектин авторунун пикиринче эл ушул сыяктуу талаптарды ишке ашыруу үчүн өзүнүн педагогикалык маданиятында таасир этүү методунун бекем системасын иштеп чыккан. Алардын түшүнүгүндө элдик маданиятты, салтты орундатпоо, четке кагуу - ыймансыздык деп түшүндүрүлгөн. Элдик маданий, педагогикалык салттар анын көөнөрбөс нравалык баалуулуктары, этикалык-нравалык нормалары, т.а. моралдык кодекстери болуп кызмат аткарган. Аларда таасир берүү аркылуу элдик тарбия-таалимдин технологиясы жатат [50, 173б.]. Кыргыз этнопедагогунун этнолингвистиканы эске албоо, элдик макал - лакаптардын, табышмактардын өзөгүндөгү этнопедагогикалык ндеяларды эзелки кыргыз элинин зкзотикалык турмуш үлгүсү катары гана карап, аларга кургак адабий-лингвистикалык талдоо жүргүзүү менен чектелүү, баланын улуттук маданий дөөлөттөрдү билип чоңоюу курагында үйрөтпөөнүн кесепети - мектепте эне тилинен билим жана тарбия берүүнү жылаңач хаоско, андан ары космополитизм менен маңкуртчулукка алып барбай койбойт дегени окуу китептерин жана программаларын түзүүдөгү эски ыкма-жолдорду тутунган идеяларды, багыттарды ойлондурары шексиз, Автор элибиздин улуттук психологиясында сөзгө өзгөчө маани берүү маданияты бекемделгендигин дагы бир ирет эске салып келип, бул кылымдар бою жоокерчилик заманда өз жазуусун колдонбой, унутка калтырып, элдик чыгармачылык анын улуттук феноменалдуу белгиси катары кабылданганы түшүнүктүү экендиги, ошол себептен элдик көркөм сөз урпакты тарбиялоооөстүрүү, жетилдирүүнүн элдик институтунун негизги милдетин аткарып келгендигин баса белгилейт.

Изилдөөчүнүн тарбия-таалимдин күчү - сөздө, сөз кандай болсотаалим-тарбия ошондой болот; туура сөз осол адамды да ийге салат, эсине келтирет, элибизде сөзгө туруу, сөзгө ийменүү, сөзгө сынуу, сөзгө жыгылуу күчтүү болгон деп айтканы бүгүнкү илимий-техникалык прогресстин заманында Да элдик оозеки чыгармачылыктын баланы эл-жерин сүйүүгө, мекенчил болууга тарбиялоодо, адеп-ыйманга үйрөтүүдө миң жыл илгери кандай болсо бүгүнкү күнү деле күчүндө экендигин түшүндүрүп жеткирүүнүн далалаты. Илимпоз С.Рысбаевдин эне тилибизди жана төл адабиятыбызды окупүйрөнүүгө жаңыча концептуалдуу көз карашта мамиле жасоо, элдик тилдин, дүйнө таануунун жана таалим-тарбиянын казынасы болгон оозеки адабиятты, анын ичинде, элдик балдар жомокторун, балдар ырларын, макал-лакаптарын, накыл кептерин, табышмак-жаңылмачтарын окутууда алардын адабийлингвистикалык табиятынан мурда дүйнө таануучулук жана таалим-тарбия берүүчүлүк мазмунуна өзгөчө көңүл буруу жана андагы элдик педагогикалык идеяларды орундуу, максаттуу колдонуу менен мектепте эне тилин окутууну этнопедагогикалык нукта өркүндөтүү проблемасын кыргыз педагогика илиминин алдында учурдагы актуалдуу проблема катары коюу жана илимий - методикалык негизде чечүү зарылдыгы көрүнөт деген пикири проблеманын канчалык актуалдуу экендигин дагы бир ирет тастыктайт, Эмгекте кыргыз баласынын сүймөнчүлүгүнө айланган жомоктордун дээрлик баары автор тарабынан этнопедагогикалык негизде терең иликтөөгө алынып, алардын элдүүлүгү, баланы тарбиялоодогу дидактикалык ролу, ушу бүгүнкү күнгө чейинки актуалдуулугунун себептери чеберчилик менен илимий негизде чечмеленип берилет. Автор изилдөөсүндө балага таалимтарбия берүүдө элдик педагогиканын жогоруда аталып өткөң принциптерин жана усул-ыкмаларын канткенде өндүрүмдүү пайдалануу менен максималдуу ийгиликке жетүүнүн жолжоболорун далилдүү көргөзө алган деп айта алабыз.

Көрүнүктүү кыргыз этнопедагогдорунун бири С.Иптаровдуң [32] жеке ишениминде бала эненин боюндагы кезинен эле эне тилинин керемет күүсүн туюмдап жетилет. Ал төрөлгөндөн кийин да эне тили, өз маданияты менен жуурулушуп өсүп олтурса гана нагыз атуул болот. Себеби, элдин төл маданиятынын не бир кылдат көрүнүштөрү анын тилинде чагылат, ал дүйнөнү жана өзүнүн эне тилинде гана бөтөнчө, кайталангыс туюнтат. Автор адамдын дүйнөтаанымынын калыптануусунда тилдин ээлеген ордуна өзүнчө токтолуп өтөт. Айлана-чөйрө, дүйнө тууралуу маалыматтын көбүн адам тил аркылуу алгандыктан, ал ар кандай материалдык дөөлөттөрдүн алкагындагы сыяктуу эле өзүнүн рухий, интеллектуалдык, социалдык керектөөлөрү үчүн түзүп алган түшүнүктөрдүн да алкагында жашайт. Адатта, тигил же бул адамдын кебинде кандайдыр бир сөз, сөз тизмеги, туюнтмалар басымдуулук кыларын байкоого болот. Ошентип, ага толгон-токой маалымат сөз аркылуу келгендиктен, адамдын коомдогу ийгилиги көбүнесе анын сөз билгилигине («Сөз билген колко бербейт»), кеп маданиятынын денгээлине да («Адеп башы - тил») байланыштуу болот. Демек, кызыл тилдин мухитине сүңгүп кирмейин, анын купуя сырларын кылдат изилдеп билмейин («Миң адамдын атын билгенче, бир адамдын сырын бил») адамдын акыл-эс таанымы анча өрүштөнө албайт. Ошондуктан: «Бийиктөө үчүн терендөө керек» деген тыянакка келген. Автор этнолингвистика маселесине көбүрөөк басым жасап келип элибиздин улуттук дүйнө бейнесин, анын философиялык жана социалдык негиздерин так айкындоо курч коюлуп турган чакта элибиздин эне тилде катылган дүйнө тууралуу ой-топтомдоруна саресеп салып көрүү да жүйөлүүдөй туюлат деген түшүнүгүн ортого салат. Автордун ишениминде тилдеги бардык эле көрүнүштөрдү бир гана мыйзамченемдүүлүк, бекем эреже же ыкма менен түшүндүрүп коюу мүмкүн эмес. Ошондой болсо да айрым тилдик үлгүлөрдү: тыбыштарды, сөздөрдү, сөз айкаштарын, макалылакаптарды, аңыз-уламыштарды, ыр түрмөктөрүн жана башка тилдик көрүнүштөрдү этнолингвистикалык өңүттөн талдап көрүү элибиздин улуттук маданияты менен менталитети жөнүндө тереңирээк билүүгө жол ачат. Аларда

элдин дүйнөгө болгон көз карашы, коомдук түзүлүштүн бейнеси, доордун идеологиялык көз карашы жана башка шүүдүрүмдүн тамчысынан бүт аалам чагылып көрүнгөн сыңары, бажырайып көрүнүп турат. Анын пикиринче тил сыры - адамзаттын эң абалкы жана эң татаал, купуя сырларынын бири: эгер ал ачылса, балким, анда кылымдар катып жаткан, атүгүл жок болуп кетти деген билимдер менен түшүнүктөр кайра ачылар эле. Кыргыз этнопедагогу С. Иптаровдун төмөнкүдөй ой-тыянактары кызыгууну туудурбай койбойт: «Эмгек, эмгекчил, эмерек сыяктуу түшүнүктөр акыйкатта сандык натыйжаны сыпаттап тургандыгы талаш туудурбас. Ошондуктан, бай Жакып Манасты Ошпурга бергенде: «Муну эмгекке үйрөт, мал бакканды билсин» дебестен, «Сөөгү бышып катыксын, сөз айтууга жатыксын» деп табыштайт. Бул жагдай биздин педагогикалык, өзгөчө идеологиялык ураандарыбызда ишмердиктин кайсы түрүнө басым коюп, адам наркын кандай көрсөткүчтөр менен баалап аныктоо керектигин таасын нускап турат. Себеби, кыргыз дүйнө бейнесинде: «Адамды адам кылган - эмгек» деп, натыйжага умтулган иш-аракетке эмес, «Адамды адам кылган - өнөр, тил» деп, башкача айтканда, сапаттык натыйжаны жаратуучу ишмердикке төр берилип келген. Ошондуктан, «Чыныгы жигитке 70 өнөр да аздык кылат». Автордун терең ишениминде кыргыздардын амандашкандан кийин эле озунуп «мал-жандын эсендигин» сураганы («малжан тынчпы»), «Мал боор эт менен тең» деп, аны бөтөнчө жакын тутканы тегинден болбосо керек. Ушул сыяктуу элдик диний ишенимдерде да дүйнөнү таанып-билүүнүн өзүнчө жөнү иштелип чыккан. Ай-ааламдын жаралышың кыргыздар үч баскычта караган: Жараткан - Жаратылыш - Жаран. 1. Жараткан-бар-бирликти өз кудурети жана каалоосу менен жасап чыккан, башкача айтканда жараткан субъект. 2. Жаратылыш-өсүш, өзгөрүш, өнүгүш деген сыяктуу өзүнөн өзү жаралып, жаңыланып, кубулуп турган обүект. Ошондуктан жаратылыш кубулуштары дейбиз. 3. Жаран - акылэстүү макулук. «Манаста» айтылгандай, жаран - бир нерсени эсинде сактап калууга жана аны андан ары өз урпагына өткөрүп

берүүгө жөндөмдүү адам: «Жабыратып айтабыз, Жарандардын көөнү үчүн» деп чечмеленет макалада.

Акыркы убактагы этапта, улуттар аралык туруксуздуктун жана улут аралык чатактын чыңалуу шартында өзгөчө актуалдуулукка илимий-методологиялык жана билимберүүнүн методикалык мазмуну этномаданияттык жана биомаданияттык негизде, бир жагынан жалпы адамзаттык баалуулуктарга, экинчи жагынан улуттук-маданий жана этникалык регионалдык салтка таянган изилдөөлөр ээ болот.

Республикада, улуттук каада-салтты жандантуу менен өспүрүмдөрдө жана жаштарда руханий принциптерди, жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүгө: тынчтык, табиятты, коздукту, гумандуулук ж.б. калыптануусуна умтулат. бирок, бул жумуш дагы деле системалуу эмес, ар-дайым жүргүзүлбөгөн мүнөздө болуп, билим-берүү уюмдар системасынын башкармаларынын чыгармачылык жөндөмү жана демилгелүүлүк жөндөмүнөн көз каранды. Бул көйгөйлөрдүн оптималдуу чечими көбүнэсе илимий изилдөөлөрдүн сапатында жана, этнопедагогиканын терең мааниси Кыргызстанда жашаган элдерди улут аралык келишпестикте, бөлүү эмес, тескерисинче бириктирүүдө экендигин түшүнүүдө жатат.

Экономикалык кыйынчылыктарга карабай, билим-берүү жана маданият жаатындагы өзгөрүүлөр, ишке аша баштаган. Азыркы убакта билим-берүүнүн бардык этаптарында реформа жүргүзүлүүдө. Бул өзгөрүүлөрдүн негизин: Кыргыз Республикасынын «Билим-берүү жөнүндөгү мыйзамы», «Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамы», «Билим » Программасы, «21 кылым кадрлары» Программасы, «Билимберүүнүн жеткиликтүүлүгү» Программасы, («Жеткинчек»), «Билим» Улуттук билим-берүү программасы, «Аракет» (1998) Улуттук кедейликти жоюу программасы, «Аялзат» (1997), «Жаңы муун» (2001), «Билим баары үчүн» (2002) Улуттук аракеттер планы, Кедейчиликти кыскартуу боюнча улуттук стратегиясы (2003), «Айыл мектеби

(Сельская школа)» (2003), «2017-жылы ыйман, адеп жана маданият жылы» концепциялар жана документтер.

1917-жылдан баштап азыркы күндөргө чейинки этнопедагогиканын өнүгүүсүнүн тарыхый жактан караганда, Кыргызстандагы этнопедагогика изилдөөлөрүн бөлүп карасак болот:

I *этап -элдин улуттук тарбияга болгон көз карашы каадасалт, үрп-адаттарында чагылдырылган:*

- элдик оозеки чыгармаларда (өзгөчө «Манас» эпосунда, жомоктордо, легендаларда, насаат-ырларында, эпикалык поэмаларда ж.б. жанрларда);
- демократ-агартуучу (Ч. Валихановдун) трактаттарында жана жол белгилеринде, окумуштуу-этнографтар жана саякатчылар ХГХ к. экинчи жарымы XX к. башында ( орус окумуштуулары - В.В. Радлов, П.П. Семенов Тян-Шанский, Н.М. Пржевальский, В.В. Бартольд, Н.А. Аристов, С.Е. Малов, Н.А. Северцев, А.В. Каульбарс, А.П. Федченко, ИВ. Мушкетов, немцы - М. Фридрихсен, М. Керцбахер француз - Г. Капю, америкалык - В. Дэвис, Э. Хантингтон, венгр - Г. Алмашинин ж.б.)

II *этап: XX к. 20-40 жылдарында атайын ушул маселеге кайрылгандар*:

- кыргыз эл акындарынын чыгармачылыгында (Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо ж.б.);
- филологдор (Е.Д. Поливанов, И.А. Батманов, И. Арабаев, К. Тыныстанов, К. Карасаев, Б.М. Юнусалиев, К.К. Юдахин ж.б.);
- тарыхчы-этнографтар С.М. Абрамзон, В.В. Радлов, Ф.А. Фиельструп, А.Н. Бернштам, М.Е. Массон, П.Н. Берков, А.А. Диваев ж.б.

III *этап -/960-1990 ж.ж. тыныгуудан кийин кыргыз этнопедагогикасын изилдөө жандана баштайт*:

- ❖ 60-ж. А.Э. Измайлов, Д.И. Койчуманов, Н.И. Имаева ж.б.;
- ❖ 70-ж. Б. Апышев, Ж.Б. Бешимов, К.К. Кыдыралиев, С.М. Саипбаев, З.К. Кусеинова, З.У. Усубалиев, Т.О. Ормонов, Т. Молдогазиев ж.б.;
- ❖ 80-90-ж.ж. Х.Ф. Анаркулов, Н.А. Асипова, А.Т. Калдыбаева, М.Р. Рахимова, Ж.О. Орозбаев, А.Т. Аттокуров, А.А. Алимбеков, А. Бердиев, Т.Э. Уметов, Р.А. Абдыраимова, К.Ф. Тешебаева, У. Эгембердиев, С. Иптаров ж.б.;

IV *этап -90-ж. баштап азыркы убака чейин Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн:*

- ❖ XXI к. башы - Б.Б. Муратбаев, Н.К. Дюшеева, ТВ. Панкова, М.М. С.К. Рысбаев, М. Эсенгулова, Ч.Т. Осмонова, ГЛ. Карабалаева, Б. Азимбаев, С.Н. Пак, Г.А. Абдымомунова, М.Ж. Найманбаев, А.Ж. Муратов, И. Даминова ж.б.

Этникалык аң-сезимдин күч алуусу, дүйнөлүк масштабтагы кубулуш катары этностордун өзүнүн тарыхын, маданиятын, тилин изилдөөгө умтулуусунда, жашоодо, балдарды тарбиялоодо, өздөрүнүн элдик каада-салт жана үрп-адаттарын кармануудa чагылдырылган. Көптөгөн өлкөлөрдү каптаган бул кубулуш, замандын этникалык парадоксу наамын алган, себеби ал буга карама-каршы тенденцияглобалдашуунун руханий жана материалдык маданияттын унификациялоонун өсүүсү менен чогуу жүргөн. Бирок, этникалык кайра жаралуу — адамзаттын XX кылымдын экинчи жарымында жана XXI к башындагы мыйзам ченемдүү тенденциясы катары белгилүү.

Глобалдашуу жараяндары элдер өздөрүн белгилүү бир этностун бөлүгү катары көрүүгө болгон кескин муктаждыкты сезүүгө, өздөрүнүн башка этносторго салыштырмалуу айырмачылыктарын жана окшоштуктарын билүүгө умтулууга алып келген. Этникалык аң-сезим өз элинин тагдырына байланыштуу, Озүнүн тарыхый мекенине сүйүүсүндө, өз этносуна, маданиятынын этникалык өзгөчөлүктөрүндө активдүү көрүнө баштаган.

Элдер өз элинин тарыхын, өз элинин салттык маданиятын, аны менен кошо педагогиканы билүүнү каалаган. Ошондуктан этнопедагогика тарыхын бул аспектте изилдөө актуалдуу болуп эсептелет.

Андан сырткары, Кыргызстандын акыркы убактагы өнүгүү этабында улуттук мүнөздөгү көйгөйлөр курч турат. Аларды чечүүдө Кыргызстандын аймагында ар кайсы элдердин өкүлдөрүнүн чогуу, карама-каршылыксыз жашоосу позитивдик тарыхый тажрыйбасы жардам берүүсү күтүлөт. Балдарды жана жаштарды алар менен тааныштыруу, алардын чөйрөсүндө улуттук негиздеги конфликтерге бир далай бөгөт болот.

Акыркы убакта коомчулуктун кризиси кандайдыр бир баалуулуктардын боштукту социалдык алсыздыкты, салттарга, өз элинин жана башка элдердин маданиятына болгон нигилизмди жаратат. Натыйжада кылымдар бою калыптанган идеалдар, этикалар-адептүүлүк түшүнүгү, руханий баалуулуктар, жүрүм-турум көнүмүштөрү жоголууда. Пайда болгон баалуулук боштугу керектөөчү коомдун идея жана баалуулуктары менен толтурулуп, улуттук өзгөчөлүк жуулуп кетүүдө. Бул, кээ бир жаштарда жанга балдарда руханий баалуулуктун жоктугу моралдык бузулууну, социалдык алсыздыкты, ырайымсыздыкты туудурууда. Кылымдар бою калыптанган этика-адептерин түшүнүгүн, өз элинин маданиятын, тарыхын, каада-салтын, эне-тилин, үрп-адатын билбеген муун калыптанууда. Жашоо маңызын, идеалдарын издөөдө жаш муундун өкүлдөрү, диний жана улутчул уюмдарга ыкталууда.

## 3. Агартуучулардын, изилдөөчүлөрдүн, окумуштуулардын Кыргыз Республикасында этнопедагогиканын калыптанышына жана өнүгүүсүнө салымы

Кыргызстандын көрүнүктүү агартуучуларынын, изилдөөчүлөрүнүн, окумуштууларынын, педагогдорунун илимий эмгектеринде чагылдырылган салтка айланган элдик тарбиясынын көп кылымдык тажрыйбасы татаал маселелерди чечүүдө тиешелүү жардам бериши мүмкүн.

ЖУСУП БАЛАСАГЫН - улуу ойчул, акын, саясат таануучу, мамлекеттик ишмер 1015-жылы, айрым маалыматтар боюнча 1016-жылы Карахандар каганатынын Чүй өрөөнүнүн чыгышындагы азыркы Токмок шаарына жакын жерде жайгашкан биринчи борбору — Баласагын шаарында туулган.

Жусуптун өмүр баяны жөнүндө азырынча толук маалыматтар жокко эсе. Бирок, автор өзү жөнүндө жазып кеткен кээ бир фактыларды анын «Кутадгу Билиг» («Кут алчу билим») поэмасынан кездештирүүгө болот. Окумуштуу Р. Араттын эсеби боюнча поэманы жазып бүткөн мезгилде Жусуп 54 жашта болгон. Ал поэманы Баласагын шаарында баштап, 1067-1070-жж. Кашкарда аяктап, баш аягы 18 айда бүтүргөн, хандын ханы деп аталган Кашкар шаарынын башкаруучусу Тавгач Буура Карахан Абу-Али-Хасанга тартуу кылган. Ал поэманын терең мазмунун түшүнүп, алкыш иретинде акынга «Улуг-Хасс-Хажиб» деген наам берген. Мунун мааниси «Хасс» арабча хан сарайдагы урматтуу адамдардын бири, ал эми «Улуг-Хасс-Хажиб» хан ордосунда кызмат өтөгөн өтө кадырман адамдын наамы.

1069-1070-жылдары Жусуп Баласагын жазган түрк тилиндеги «Кутадгу билиг» («Куттуу билим») эмгеги дүйнөнүн көп тилдерине которулган.

Азыркы учурда Жусуптун «Кутадгу билиг» поэмасынын үч нускасы сакталып турат. Бир нускасы Вена шаарында (Австрия) сакталуу. Египеттин борбору Каир шаарында сакталып турган экинчи нуска 1986-ж. табылган.

Ал эми Намангандан табылган үчүнчү нускасы азыр белгилүү болгон нускалардын эң толугу болуп эсептелинет. Эстеликтин үчүнчү нускасы азыр Өзбекстан Илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтунун кол

жазмалар фондунда сакталууда. Наманган жана Каир шаарларынан табылган нускалар араб ариби менен жазылган.

Чыгарма чыгыш маданиятында кеңири тараган санатнасыят маанисиндеги этикалык-дидактикалык эмгек, Дастан карахандар мамлекетин башкаруучу хандарга, бектерге, кол башчыларга арналып жазылгандыктан, алардын элге талыкпай кызмат кылышын, ошону менен эле катар бийлигинин чыңдалышын жана анын бекем болушун көздөгөн гуманитардык идея да жүзөгө ашкан.

Бул чыгарма — дүйнөлүк руханий мурастын, түрк адабиятынын, маданиятынын жана илиминин залкар эстелиги. Кыргыздар жана башка түрк эли «Кутадгу билиг» эмгегин өздөрүнүн жазма адабиятынын алгачкы түрк-мусулмандык шедеври деп эсептейт.

«Кутадгу билиг» Карахандар мамлекетиндеги адамдардын турмуш-тиричилиги жана содиалдык түзүлүшү жөнүндө бай маалыматтарды камтыгандыктан, башкарууну түрк элинин жана мусулман маданиятынын бийик руханийадеп-ахлактык принциптери менен шайкеш келтирген, мамлекетти башкаруунун теориясы жана практикасы тууралуу энциклопедиялык трактат катары өзгөчө бааланат.

Жусуп Баласагын мындан миң жыл мурда эле ар бир адамды өзүнүн диний ишенимдерин жеке тагдыры үчүн гана эмес, коомдун биримдиги жана мамлекеттин бүтүндүгү үчүн болгон жоопкерчиликке да шайкеш кылууга чакырган, Анын идеялары кыргыз мамлекеттүүлүгү чоң сыноодон өтүп, кайра жаралуу мезгилин башынан кечирип жаткан азыркы мезгилде да актуалдуу болууда.

«Куттуу билим» чыгармасы ыр жана кара сөз менен жазылган. Кириш сөзүндө Байыркы Чыгыш акындарынын чыгармаларына өтө эле мүнөздүү болгон асман менен жерди, тоо менен түздү, суу менен деңизди, жылдыз менен күндү жаңа башкаларды даңазалаган салттуу мотив бар. Поэма

жазылган мезгилдин саясий, социалдык-тарыхый өзгөчөлүгүн эске алуу керек. Карахандар мамлекети өз ичине Мавераннахр менен Чыгыш Түркестанды камтып, бир нече уруулардын тобунан, алсак, уйгурлар, карлуктар, аргу менен түргөштөр, йгма жана башкалардан турган. Мына ушул уруулардын баарын бириктиргенде түрктөр деп аталышып, жашап келишкен.

Булардан тышкары огуздар менен кыпчактар батышты көздөй сүрүлүп, Сыр-Дарыянын жээктерине чейин кирип келип, чоң аймакты ээлешип, тарыхта «Дашти кыпчак» түзүлгөн. Карахан мамлекетине баш ийген уруулар өз бетинче акимдиктерге бөлүнүп жашашкан. Ал жерди басып алуу менен Карахандар мамлекети Батыш жана Чыгыш хандыктарга бөлүнүп кетет, ошентип эки кандык пайда болгон. Жети-Суу өрөөнү менен Чыгыш Түркестан чыгыш кандыгын түзүп, анын борбору Баласагын шаары болуп калган. Кийин борбор Кашкар шаарына ооп кетет. Ал эми Мавреннахр батыш кандыгын түзүп, өз алдынча жашоого өткөн. Бул абал мамлекеттин тарап кетишине коркунуч туудурган баш аламандыкты, башкаруудагы баш аламандыкты алып келет. Уруу башчылары, бектер бийлик үчүн бири-бири менен тирешкен. Жогорудагы тарыхый кырдаал баласагындык Жусуптун «Кут алчу билим» поэмасынын жазылышын шарттаган.

Улуу ойчулдун чыгармасынан көрүнүп тургандай, орто кылымдардын эң билимдүү, энциклопедиялык масштабда ойлонгон инсандарынан болгон. Ал илимдин ар тармагын өздөштүрө алган. Мисалы, астрономия, математика, медицина. Ошондой эле адабият, тарых, философия, эстетика. Этика маселелерин, араб жана иран-тажик поэзиясын, түрк, фарси фольклорун эң мыкты билген. Анын чыгармасынын «Манас» эпосу менен үндөшкөн жерлери жана кыргыздын макаллакаптары, учкул сөздөрү арбын пайдаланылат.

Бул жанрдын тарыхы байыркы Египет, Индия, Иран адабияттарынан башталып, кийин жалпы чыгыш элинин жазуу, оозеки адабиятында салттуу формасына айланган.

«Кут алчу билимди» изилдөөчүлөрдүн бири А.Н. Кононов поэманы эпостук деңгээлдеги чыгарма катары баалап, анда адам өмүрүнүн маанисин жана маңызын, адамдын коомдогу жүрүш-турушун, карым-катыш мамилелерин, даанышман ойчулдун коомуна карата философиялык көз карашын баса белгилеп көрсөтөт. Анда эпикалык мазмунду көрсөткөн негизги төрт түшүнүктү түзөт.

Адилеттик, акыл-эс, бакыт, каниеттик — бул түшүнүктөр конкреттүү каармандардын образдары аркылуу берилген. Өкүмдар Күнтууду — адилеттик, вазир Айтолду — бакыт, вазирдин уулу Акдилмиш —акыл-эс, вазирдин иниси Өткүрмүш —каниеттик. Көрүнүп тургандай, поэманын персонаждарынын ысымдары аллегориялык-символикалуу мааниге ээ. Алар адам өмүрүндөгү эң бир өзөктүү да, өнөрлүү да рухий дөөлөттөрдүн этикалык-философиялык көркөм образдуу символу. Ойчул окууну, билимдүүлүктү дүйнө таанып билүүнүн эң негизги жолу катары баалайт. Окуу менен гана адам баласы акылын арттыра алат дейт акын.

Демек, Жусуп Баласагын табияттан берилген касиетти адам. өз өмүрүндө аны окуу, үйрөнүү, үлгү алуу сыяктуу жолдору менен гана байыта алаарын айткан. Албетте, ойчул акын акылды адептүүлүк жолун тутуунун бирден-бир зарыл шарты деп эсептеген. Билимдүүлүк, билгичтик урмат-сыйдын да белгиси, билимдүү адам деп жолун сактаса, анда ал жогорку сыйга татыктуу. Билимдин деңиз сымал түбү да жок, чеги да жок, аны канча сүзсөң да бөксөрбөйт, тескерисинче толо берет.

Жогорудагы саптар ойдун ээсинин терең билимдүүлүгүнө, даанышмандыгына күмөн санаттырбайт. Поэмада автордун философиялык терең ой-жүгүрткөн маселесинин бири —адамзатынын бактысы жөнүндө

болгон. Поэмада адам бактысын нравалык идеал катары баалаганын көрсөк каршылыктуу диалектикасына кеңири токтолуп, ар бир инсан өз өмүрүн адептүү касиеттерге ээ болгондо гана ошол нравалык идеалга жете алат деген тыянакка келет.

Мындан сырткары аталган чыгармада жалпы адамзаттык ой-пикирди камтыган дүйнөдөгү ар кандай мамлекет жана элге жаккан нар алып өзүн гүлдөндүрүүнүн жолун таба ала турган идеялар көпчүлүк орунду ээлейт. Ар түрдүү кесиптеги адамдарды, илим, билимди, ыймандуулукту, адилеттүүлүктү, акылды, абийирдүүлүктү, чынчылдыкты, ынсаптуулукту, эмгекчилдикти даңазалайт да, ал аркылуу адамдарды мыкты сапаттарга ээ болууга үндөйт.

МАХМУД ибн ХУСЕЙН ибн МУХАММЕД ал БАРСКАНИ ал-КАШГАРИ — 11 кылымдагы түрк калктарынын чыгаан энциклопедист окумуштуусу, тилчи, тарыхчы-этнограф, географ, картограф, диалектолог, этнолог. Ысык-Көлдүн Барскоон шаарында 1029-1038-жылдардын аралыгында туулган. Өлгөн жылы жана жери белгисиз.

1072-1077-жж. аралыгында «Түркий тилдер сөз жыйнагы» («Диван лугат ат-турк») чыгармасын араб тилинде жазган.

Кашкардын жанындагы Махмуд Кашгаринин күмбөзү делген эстелик — орто кылымдардын кеч мезгилине таандык. Аны Кашгаринин мүрзөсү катары кароого болбойт.

Азыр Барскан шаарынын урандылары Кыргызстандын Ысык-Көл облусундагы Жети-Өгүз районуна караштуу Барскоон кыштагынын жанында жайгашкан.

1072-1077-жылдары «Диван лугат-ат-түрк» - «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» эмгегин жазган.

Өз атасы Хусейин Мухаммед уулу Барскан дубанын бийлеп турган. Айрым америкалык жана орусиялык окумуштуулар Махмуддун ныспасы «ал-Кашгари» болуп чектелбестен, «алБарскани» деп да толукталышы керектигин эскеришүүдө.

Уккан чыгыш таануучусу Омелян Прицактын далилдешинче, Хусейин уулу Мухаммед небереси Махмуд алКашгари хижранын 4-кылымынын 20-жылдарынын ичинде, христиандык жыл эсеби боюнча -1029-1038-жылдардын ичинде жарык дүйнөгө келген.

Окумуштууну азыркы тапта «он биринчи кылымдын Радлову» деп айтып жүрүшөт. Тескерисинче, «Василий Васильевич / Фридрих Вилгелм Радлов (1837-1918) — он тогузунчу кылымдын Кашгариси» деп да баалагандар бар, Кандай болсо да, эки илимпозду окшоштурган нерсе — экөө тең жер кезип, Борбордук жана Ички Азияны байырлаган түрк калктарынын чоң улуттарынан тартып, майда уруктарына чейин кыдырып, алардын диалектилик өзгөчөлүктөрүн, этнографиялык мурасын, санжырасын, макал-лакаптарын, дастандарын терең иликтешкен.

Махмуд Барскани Кашгари орто кылымдарда айтылуу «мусулмандык кайра жаралуу доорунун» жемишине каныгып, түрк тилдерин гана эмес, араб тилин да терең үйрөнүп, өз элинин маданий казынасын араб окурмандарына бөксөртпөй жеткирүүнү максат койгон илимпоз.

Ал өзүнүн «Диван лугат ат-турк» - Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» деген эмгегин 1072-1077-жылдары араб тилинде жазып бүтүргөн. Эмгектин кириш бөлүмүндө Махмуд бул энциклопедиялык сөздүктү 11-кылымдын 70-жылдарындагы Аббасийлер халифи ал-Муктадига белекке берүү ниетинде болгонун саймедирлеп жазат: «Касиеттүү, Пайгамбардык, Имамдык, Хашимийлик, Аббасийлик Кожоюнубуз жана Мырзабыз Абулкасым Абдулла ибн Мухаммед ал-Муктади би-Амриллага, — исламга ишенгендердин Эмиринин жана Ааламдын Кожоюнунун халифине, - тартуу кылуу үчүн ушул

китебимди Алла-тааланын көмөгүн көксөө менен, түбөлүккө эстелсин да, өчпөс издей чектелсин деп жазып бүттүм».

Бул китеп, ошентип, 1077-жылы халифаттын ордо шаары Багдадда жазылып бүтсө керек деп жоромолдоого болот.

Багдадда отурган халиф ал-Муктади 1075-жылы бийликке келип, 1094-жылы дүйнөдөн кайткан. Ал кезекте - Борбор Азиядан Жакынкы Чыгышка селдей каптаган Селжук түрктөрүнүн ташы өөдө кулап турган чак болчу. Багдад халифи ал-Муктади жалпы халифаттын рухий жетекчиси катары таанылган менен, саясий чөйрөдө ал селжук султаны Мелик-шахтын көзүн карап турган.

Дал ошол тапта залкар окумуштуу, жердешибиз Махмуд Кашгари Барскани Багдадда болуп, халифке өз чыгармасын тапшырууга ниеттенген. Анын бул ниети жүзөгө ашканбы, же жокпу, азырынча бизге жеткен жазма булактарда ал тууралуу эч маалымат учурай элек.

Кашгаринин чыгармасынын түп нускасынан көчүрүлгөн кол жазма бүгүнкү күнгө чейин сакталып жетти. Ал азыр Стамбулдагы Миллет китепканасында бапестелип сакталууда. Багдад менен Кыргызстандын орто кылымдардагы маданий байланышынын бир өрнөгү — дал ушул «Диван лугат ат-турк» эмгеги.

ТОГОЛОК МОЛДО - Байымбет Абдрахман уулу (1860ж. Акталаа р-ну — 1942ж.) — кыргыздын улуу акыны, иштиктүү педагог. Анын ырчылык, жомокчулук дарамети, пед. ишмердиги тууралуу бир катар изилдөөлөр бар. Тоголок Молдо педагогикалык мазмундагы чыгармаларында баланы жашынан тарбиялоонун бирден — бир шарты аны өндүрүмдүү эмгекке катыштыруу, ансыз баладагы инсандык асыл сапаттар түптөлбөйт деген ойду бекемдейт. Ошону менен бирдикте алардын нарктуулугунун бирден-бир көрсөткүчү-окуу, билим экендигин түшүнүп, калайык-калкты, жаңы-журтту

илимбилим алууга үндөйт. Тоголо Молдо Тогузторо жергесинде биринчи мектептин ачылышына активдүү катышып, ал мектептин алгачкы окуучуларына арнап жазган «Алга, алга», «Кайдасыңар», «Окугула» өңдүү ырларында мугалимдерге окуучулар менен кызматташ болуусун эскертет. Ал эми «Үркөрүркөр топ жылдыз», «Торпогум», «Турумтай», «Балдар ыры», «Куштардын аңгемеси», «Жер жана анын балдары», «Эки чилде», «Талымкыз менен Көбөктүн айтышканы», «Алатоо» өңдүү ырлары жана поэмалары аркылуу ал балдардын сөз байлыгын өркүндөтүүнү, аларга өз жергеси, анын табияты, флора, фауналарын таанытып-үйрөтүүнү ниет кылган. Тоголок Молдо кыргыз элдик педагогикасынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири жана анын чыгармачылык мурастары улуттук тарбия берүүнүн азыркы мезгилдеги эл достугу, өз ара түшүнүүчүлүк, бирин-бири сыйлоо, урматто чегинде тарбиялоого чоң таасир көрсөтүп келген. Тоголок Молдонун чыгармаларындагы таалим-тарбияга байланыштуу идеяларды изилдеп, жалпы педагогикалык коомчулукка жеткирүүдө педагогика илиминин кандидаты Ж. Койчумановдун салымын белгилеп кетишибиз керек.

ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ (1864-1933жж.) улуу демократ акын. Токтогулдун өмүрү, анын ырларынын жаралыш себептери? Кыргыз элинин тарыхынын күзгүдөй чагылдырылышы десек болот. Токтогулдун ырлары элди акыйкаттыкка үндөп,күрөшкө чакырган жана коомчулуктун жашоо-тиричилик жөнүндөгү аң-сезимин козгоп, жаштар арасында агартуучулук милдет аткарган. Анын чыгармаларында өз доорунун социалдык көрүнүштөрү гана чагылдырылбастан, акылман кеңештер, наасаттар жана санат ырлары камтылган. Демек акындын руханий дүйнөсү өз элинин адеп-ахлап мүдөөлөрү менен бекем чырмалышкан. Токтогул Сатылгановдун «Эстей жүр, балам мунумду», «Кандай сонун балалык», «Балам, кулак салгын чын кепке» ж.б. сыяктуу ырларында өзүнүн жашоо-тиричиликтеги байкагандарын айтуу менен, балдарды гумандуулукка, чынчылдыкка, эмгекти сүйүүгө жана сабырдулукка чакырат. Анын тарбия

жөнүндөгү чыгармаларында балдардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу талабы жатат. Акындын таалим-тарбияга байланыштуу чыгармаларына акыл-насаат саптардын жыйындысы болгон санаттары, насияттары, термелери жана үлгү ырлары кирет. Акындын ырлары адамкерчиликке, достукка, жолдошчулукка, каармандыкка, эр жүрөктүүлүккө, эмгекчилдикке тарбиялоого үндөө менен ата-энелерди балдарды жакшы саппатарга тарбиялоого чакырат жана муну коомдогу ар бир адамдын ыйык милдети деп эсептейт.

АРАБАЕВ Ишеналы (1882ж. Кочкор р-ну — 1933ж. Ташкент) — кыргыздын биринчи мугалими, алгачкы агартуучу, коомдук ишмер, туңгуч «Алиппенин» автору. И. Арабаев өзү туулган аймактагы кат билген кишилерден, молдолордон окуп, сабаты ачылгандан баштап, Кочкор өрөөнүндөгү айылдарда мугалим болуп, бала окутуп, агартуу ишинин ардактуу жана татаал жолун беттеп чыккан. 1907-ж. И. Арабаев Түркиянын Константинополь шаарына келип, окууга кирет. Анда бир аз окуп, кийин Тегеран, Багдад ш-ларын басып өтүп, Мекеге жеткен. Билим иїиздеп, Оренбург, Казань, Уфа шаарларына барган. 1910—13-ж. Уфа калаасындагы дин сабагы менен катар европалык үлгүдө илим-билим үйрөткөн «Медресе Галия» окуу жайында окуган. Мында Сарсакеев деген казак студент менен биргелешип, биринчи жолу кыргыз, казак балдарына арналган «Алип-бээ жаки төтө окуу» аттуу окуу китебин жазып, 1911-ж. жарыкка чыгарган. Ушуга удаа эле «Жазуу өрнөктөрү» (сулуу жазуунун үлгүлөрү) деген китепти да жаратып, 1912-ж. Оренбург ш-дагы «Вакыт» басмасынан чыгарган. 1914-ж. «Медресе Галияны» бүтүп келип, мектеп ачып,балдарды окутканда, өзүнүн китептерин чоң ийгилик м-н пайдаланган. 1916-ж. кандуу каргашанын айынан мектепти, эл-жерин таштап, Кытайга качууга аргасыз болгон. 1917ж. Окт. революциясынын жеңиши менен ал Кытайдан тууган жерине кайтып келген. И. Арабаев эки эселеген кайрат менен мурдагыдан да активдүү иштей баштаган. Шериктештери менен бирдикте кыргыз алфавитин

түзүп, мындан соң «Алип-бээ» (Гашкент, 1924), «Кыргыз алип-бээси» (1925), «Жазуу жолунда саамалык» (1925), «Сабатсыздыкты жоюу куралы» (1925), «Жаңылык» (X. Карасаев м-н бирдикте, 1928), «Биздин мектеп, балдар үчүн алип-бээ» (1930), «Эл адабиятын жыйноочуларга колдонмо» (193 1), «Табият таануу» (Д. Исмагунов менен бирдикте, 1932) аттуу учурунда эл үчүн абадай зарыл окуу китептерин, окуу колдонмолорду жазып тартуулайт. И. Арабаев жалаң эле окуу куралдарын жазуу м-н чектелбестен, 1918—24-ж. Түркстандын Жети-Суу областында ар түрдүү жооптуу кызматтарда иштеген. Мугалимдерди даярдай турган алгачкы курстарды уюштурган. Ал кыргыздын туңгуч газетасы «Эркин-Тоонун» биринчи номерин чыгарууга да активдүү кол кабыш кылган. Тилекке каршы, негизсиз саясий Айып коюлуп, акыры 1925-ж. «эл душманы» деп ак жерден күнөөлөнүп, камакка алынган, 1933-ж. Ташкенде түрмөдө каза болгон.

ТЫНЫСТАНОВ Касым (1901ж. Ысыккөл р-ну — 1938ж.) - туңгуч агартуучулардын бири, окумуштуу-тилчи, коомдук ишмер, акын, драматург, котормочу, педагог. 20—30-ж-дардагы Кыргызстандагы агартуу ж-а илим-билим ишине зор салым кошкон. 1919-ж. Ташкен шаарына келип, казак-кыргыз агартуу институна окууга кирет. Ал 1923-ж. 22 жаш курагында кыргыз тилинде «Окуу китеби» аттуу китебин жазып, аны 1924-ж. Ташкендеги Орто Азия басмасынан чыгарган. Өз эне тилибиздеги окуу куралдары кезде жарык көргөн бул туңгуч «Окуу китеби» калкыбыздын турмушунда өзүнчө чоң жаңылык болгон. Казак-кыргыз агартуу ин-тун 1924жылы бүтөрү м-н Түркстан республикасынын академиялык борборунда илим комиссиясынын Кара-Кыргыз областтык бөлүмүнүн катчылыгына бекитилип, андан кийин анын төралыгына көрсөтүлөт, көп өтпөй кыргыздын туңгуч газетасы «Эркин-Тоонун» жооптуу редакторунун кызматын да аткарат. 1927-ж. Кыргыз АССРинин эл агартуу комиссары болуп дайындалып, бул кызматта 1930-ж.га чейин иштеген. Мындан тышкары 1928—1931-ж-дары «Жаңы маданият жолунда» аттуу маданий-агартуу журналын уюштуруп,

анын түптөлүп-өнүгүшү үчүн көп эмгек жумшаган. Тоголо Молдо буга чейин колдонулуп келген араб алфавитин кыргыз тилинин бөтөнчүлүгүнө ылайыкташтыруу ишине катышып, андан соң араб алфавитин латынчага алмаштырууга да көп эмгегин жумшап, акыры латынчадан орус алфативине өтүүнүн биринчи демилгечилеринен болот. 1926-жылы И. Арабаев менен бирге Баку шаарында өткөн түркологдордун биринчи съездине катышып, «Жаңы алфавитти түзүүнүн негизги принциптери» деген доклад жасаган. Ал «Чоңдор үчүн алиппе», «Биздин тил», «Тил илиминин терминологиялык сөздүгү», «Кыргыз адабий тилинин жаңы орфографиясынын долбоору» (1926, 1927, 1933, 1934-ж-дары), «Кыргыз тилинин морфологиясы», «Кыргыз тилинин синтаксиси» (1934—1936-ж.) аттуу окууилимий эмгектерин жазган, элге тартуулаган. Бул эмгектер эл агартуу ишинде жана кыргыз тил илимин өнүктүрүүдө өтө зор роль ойногон. Аталган эмгектер кыргыздын туңгуч тилчи илимпозунун чыныгы окумуштуулук ж-а атуулдук эрдиги болгон. Агартууга, илимге, маданиятка, адабиятка сиңирген эмгеги зор экенине карабастан, К.Тыныстанов тоталитардык тар идеология тарабынан ак жерден айыпталып, саясий жактан «алашчыл», «эл душманы», «улутчул» катары негизсиз күнөөлөнүп, репрессияга кабылып, 1938-ж. атууга өкүм кылынган. К. Тыныстанов 1957-ж. айыпсыз деп табылып, акталган.

КУЛДАШЕВ Баки Кулдашевич (1916—1956жж.). Кыргыз этнопедагогикасы улуттук руханий маданияттын өзөктөш бөлүгү болуп эсептелет. Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтун түзүүдө жана илимий иштерин уюштурууда анын биринчи директору, таланттуу педагог Б. К. Кулдашевдин эмгеги зор. Б.К. Кулдашевдин изилдөөсү болгон “1917-30-жылдардагы кыргыз совет мектептеринин тарыхы” (Алма-Ата, 1950) Кыргызстандагы элге билим берүүнүн тарыхы боюнча биринчи илимий эмгек. Б. К. Кулдашевдин педагогикалык мурастары кеңири чөйрөдөгү маселелер боюнча макалаларды түзөт. Анын негизги темалары: К. Д. Ушинский менен А. С. Макаренконун педагогикалык системалары; негизги

предметтерди окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу жолдору; балдарды мектепте жана үй-бүлөдө тарбиялоо проблемалары (мында Т. Сатылгановдун педагогикалык көз караштары жөнүндө, кыргыз эл жомокторунун материалында окуучуларды тарбиялоо жөнүндө, башталгыч класстардагы тарбия иштеринин өзгөчөлүктөрү жөнүндө, өз учурундагы оригиналдуу эмгектер атайын бөлүнүп көрсөтүлөт), мектеп ишин башкаруу; класстан сырткары жана мектептен алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жалпылоо сырткары иштер; алдынкы педагогикалык тажрыйбаны жалпылоонун жана аны кеңири маселеге жайылтуу жолдору, мугалимдерге методикалык жардам көрсөтүүнүн формалары ж. б., бир сөз менен айтканда Б. К. Кулдашевдин китебин кыргыз совет мектебинин төрт он жылдыгынын мазмундуу летописи деп эсептөөгө болот.

ЮДАХИН Константин Кузьмич (1890ж. мурунку Оренбург губерниясы, Орск ш.,-1975ж. Бишкек) - көрүнүктүү кыргыз тилчиси, лексикограф, түрколог, профессор (1940-ж.). Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмер (1940-ж), филология илимдеринин доктору (1949-ж), Өзбек илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти (1952-ж), Кыргыз илимдер академиясынын академиги (1954-ж), Эл аралык Уралалтаистика коомунун ардактуу мүчөсү (1961). 1906—1910-ж. Ташкент ш-ндагы Түркстан мугалимдер семинариясында окуган, аны 1910-жылдары бүтүргөн. Кыргыз, өзбек, казак, уйгур, перси тилдеринде сүйлөй билген. Өзүнүн пед. ишмердүүлүгүн мурунку Чымкент уездиндеги Манкент, Кара-Булак кыштагында мугалим болуу м-н баштаган. 19151920-ж. ал Синьзяндын шаарларында (Кашкарда, Үрүмчүдө, Кулжада) уйгур тилин ж-а этнографиясын изилдеп үйрөнгөн. 1920-ж. Түркстан чыгыш ин-тунда окуган. 1924—1925-ж. акыркы курстарында окуп жүрүп, биринчи курстарга өзбек тилинен сабак берген. 1925-ж. К. Юдахин университеттин түрк жана иран филология факультетин бүтүргөн. Андан кийин Ташкент шаарындагы Киров облОНОсунун академиялык борборунда окумуштуу катчы болгон, ошол эле

жылы ил. иштерин улантуу үчүн Ленинград шаарына жиберилип, профессор С. Е. Маловдун жетекчилигинде иштеген. 1925-ж. баштап, кайрадан пед. ишке өткөн. Ленинграддын Енукидзе атн. чыгыш таануу институтунда өзбек, казак, кыргыз жанаа уйгур тилдеринен лекция окуган, андан кийин Ленинград мамл. университетинде ишин уланткан. 1932—1944-ж. Чыгыш таануунун Москва институтунда уйгур тили боюнча кафедра башчысы болгон. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде (1941—-1943-ж) К. Юдахин иштеген институт Өзбек ССРинин Фергана шаарына көчүрүлгөн. Анда да уйгур тилинен сабак берип, кыргыздардын тили менен кеңири таанышып, кыргыз тилинин Түштүк говорлору боюнча материал топтоого киришкен. 1944-ж. Кыргыз өкмөтүнүн чакыруусу боюнча Фрунзе шаарына келип, туруктуу кызматка өткөн. Ал 1944—1952-ж. СССР ИАсынын кыргыз филиалында кыргыз тил, адабият жана тарых институтунда кыргыз тили боюнча секторун башкарган. 1946—1951-ж. М. В. Фрунзе атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунда профессор, 1951—1954-ж. В. В. Маяковский атындагы кызкелиндер педагогикалык институтунун профессору, бир эле мезгилде Фергана педагогикалык институтунун өзбек тили кафедрасынын профессору, 1955-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тил кафедрасынын профессору. К. Юдахин кыргыз педагогикалык кадрларын тарбиялоого көп эмгек сиңирген, көптөгөн ил. кадрларды даярдаган, алардын арасында көрүнүктүү тилчи-окумуштуулар: профессор. Б. М. Юнусалиев, профессор Х. К. Карасаев, акад. Б. Ө. Орузбаева ж. б. бар.

ЮНУСАЛИЕВ Болот Мураталиевич (1913 ж. Кемин р-ну — 1970ж. Фрунзе ш.)белгилүү тилчи, түркolog, «Манас» изилдөөчү, коомдук ишмер. Кыргыз ССР ИАсынын академиги (1954), филология илимдеринин кандидаты (1954), Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1963). Ю. (1926), Ташкент ш-ндагы политехникалык техникумунда (1927-1930ж), рабфакта (1930—1931), Москва techинститутунда (19311933) билим алган.

1938—1941-ж. «СССР Жогорку Советинин ведомостторунун» кыргызча басылышынын редактору, ушул эле жылдары К. Юдахин СССР ИА тил институтунда аспирантурада окуган. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. К. Юдахин 1945-1951-ж. Кыргыз ССР Эл агартуу министри жана «Мугалимдерге жардам» журналынын редактору болгон. 1949-ж. «Кыргыз тилиндеги көмөкчү (жардамчы) этиштер» деген темада кандидаттык диссертация, 1954-ж. «Кыргыз тилиндеги уңгу этиштердин (сөздөрдүн) өнүгүшү» деген темада докторлук диссертация жактаган. Ю. 1954—1960-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору, филология факультетинин кыргыз тил илими кафедрасынын башчысы, 1960—1970-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими кафедрасында профессор, Кыргыз ССР ИАнын «Манас» секторунда улуу илимий кызматкер болуп иштеген. 1970-жылдары «Советская тюркология» (Баку), «Кыргыз ССР ИАнын кабарлары» журналдарынын редколлегия мүчөсү болгон. К. Юдахин Кыргызстан КП БКнын, Кырг. ССР ИАнын Президиумунун мүчөсү, Кырг. ССР Жогорку Советинин 2—5-шайланыштарынын депутаты болгон. Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдары менен сыйланган. 1971-ж. «Кыргыз диалектологиясы» деген монографиясы жарыяланган. Ю. «Манас» эпосунун орчундуу проблемалары боюнча изилдөө иштерин жүргүзгөн. Эпостун пайда болушуна жана өнүгүшүнө байланыштуу оригиналдуу ойлорун «Манас» эпосунун бириктирилген вариантынын баш сөзүндө жарыялаган. К. Юдахин Улуу Ата Мекендик согуштун алдында марксизм-ленинизм классиктеринин чыгармаларын кыргызча которууга катышкан. Ал илимий-педагогикалык кафедраларды түзүүгө активдүү катышкан. Көптөгөн илимдин кандидаттарын, докторлорун даярдаган. 1985-ж. «Илим» басмасынан «Тандалган эмгектери» басылып чыккан.

КАРАСАЕВ Кусеин (1901 ж., Түп району — 1998 ж. Каракол) — алгачкы агартуучулардын бири, окутуучу-педагог, атактуу тилчи-лексикограф, профессор, КРУИАнын ардактуу академиги, К.

Тыныстанов атындагы сыйл. лауреаты. Адегенде айылдык молдолордон кат-сабаты ачылып, кийин 1914—1916-жылдарда Караколдогу орус-тузем мектебинен окуп билим алат. 1923-жылы Ташкенге келип, кыргыз-казак агартуу ин-туна окууга өтөт. Ташкенде окуп жүргөндө Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстанов м-н таанышып, бул экөө менен бирге 1924-ж. кыргыздын биринчи газетасы «Эркин-Тоону» чыгарууга катышат. 1927-ж. И.Арабаев менен бирдикте жаңы латын алфавитинин негизинде «Жаңылык» аттуу окуу китебин жазып, 1928-ж. басмадан чыгарат. Бул китептин учурунда өтөгөн мааниси жөнүндө К. Карасаевдин замандашы Зияш Бектенов төмөндөгүчө эскерип жазган: «И. Арабаев менен К. Карасаевдин «Жаңылык» аттуу алиппе китеби кыргыз эли латын тамгасын кабыл алган кезде, жаңы тамга менен биринчи басылып чыккан эң мыкты окуу куралы болуп, сабатсыз элдиң сабатсыздыгын жоюуга эбегейсиз зор кызмат кылган окуу куралы эле». «Жаңылык» менен катар «Сабат ачкыч» аттуу алиппени да (1927) жазып, жарыкка чыгарган. Бул алиппенин да өз мезгилинде аткарган кызматы чоң болгон. Кыргыз алфавитинин бардыктүрүн түзүүгө катышкан. К. Тыныстановго кошулуп, тил терминдеринин сөздүгүн да түзүшкөн. К. Тыныстанов чындыгында эле Кыргызстандагы сөздүк түзүү ишинин негиз салуучуларынын бири. Алсак тилчи-агартуучу И. Батманов менен бирдикте алгачкы «Орусча-кыргызча сөздүктү» (1938), 1944-жылы К. Юдахин, Ж. Шүкүровго авторлош болуп «Орусча-кыргызча сөздүктү» (1944) түзүп жарыкка чыгарган. Административдик-буйрукчул системанын таптык тар саясаты Карасаевди кодулап, жектеп куугунтукка алган. 1933-ж. улутчул, контрреволюциячыл делип кармалып, Жалал-Абаддын түрмөсүнө отургузган. 50-60-жылдары 60 миң сөздөн турган «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүн» (1966) тартуулады. Мындан соң 70—80-ж-дары «Түгөйлүү сөздөр» (1971), эки томдон турган «Накыл сөздөр» (1982; 1987) китебин, «өздөштүрүлгөн сөздөр», «Камус наме» аттуу сөздүк-китептерди жарыялаган.

РАДЛОВ Василий Васильевич Радлов (Фридрих Вильгельм Радлов; 5.1.1837ж. Берлин - 1918 ж. Петроград) - Чыгыш изилдөөчү илимпоз жана түрколог, этнограф, археолог, Петербург Илимдер Академиясынын академиги (1884). Берлин университетин бүткөн (1858), Илимдер академиясынын антропология жана этнография музейине (1894-1918) директор болгон. Орто жана Чыгыш Азияны изилдөөчү орус комитетин түзүү демилгесин бир нече ирет көтөрүп, аны башкаргандардын бири. 1860-70 жж. Алтайга, Сибирге, Казакстанга, Орто Азияга бир нече ирет экспедиция жасап, түрк элдеринин тили, фольклору, этнографиясы жана археологиясы боюнча материал жыйнаган. 1891 ж. ИАнын Орхон экспедициясын башкарган, 1898-ж. башында Д.А.Клеменц турган Турпан экспедициясын уюштурган. Биринчилерден болуп Орхон Енисей жазуусун окуган, Клеменц таап келген байыркы уйгур даректерин изилдеп, жарыялоону баштаган. В.В. Радлов Түрк тилдерин салыштырма-тарыхый метод менен изилдөөгө негиз салгандардан (“Түндүк түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы”, 1т., 1882, “Монголиядагы байыркы түрк жазмалары”, 1894-1895, “Түрк тилдеринин морфологиясын сыпаттап жазууга киришме, 1911), түрк элдеринин оозеки чыгармалары боюнча көп материал жыйнаган (“Түрк урууларынын элдик оозеки чыгармаларынын үлгүлөрү”, 1-10 бөл., 1866-1907); “Түрк наречиелер сөздүгүнүн тажрыйбасы” (1-4 т., 1882-1909) ж.б. эмгектерди жарыялаган. Борбордук (Орто) Азияга жасаган экспедициясында кыргыздар арасында эки мертебе (1861 ж. Текесте, 1869 ж. Чүйдө) болуп кыргыз тили, фольклору боюнча да материал жыйнаган, анда асыресе “Манастын” сюжеттеринен жазып, 1885 ж. кыргыз, немис тилдеринде жарыялаган; манасчылардын, кыргыз ырчыларынын төкмөлүк өнөрүнө таң калып, бул өнөрдүн башка түрк элдерине караганда кыргызда өзгөчө өөрчүгөн атайы баса белгилеген. В.В. Радловдун түрк тилдеринин, дагы башка тилдердин классификациясын, тарыхый диалектологиясын жана түрк элдеринин этногенезин изилдеген эмгектери бар.

АБРАМЗОН Саул Матвеевич (Менделевич) (1905жылы 3-июлда туулган — 1977ж.) — советтик орус тарыхчысы, тарых илимдеринин доктору (1968). С.М. Абрамзон 1905-жылы 3-июлда Орусиянын Орёл губерниясындагы Дмитровск шаарында саат устанын үй-бүлөсүндө туулган. 1916-жылы Карачаров шаарындагы эркектер гимназиясына окууга тапшырат. Бирок атасынын дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу туулуп-өскөн Дмитровск шаарына кайтып келип, жогорку тепкичтеги башталгыч мектептен окуйт (бул мектеп кийинчерээк экинчи баскычтагы совет мектеби деп аталып калган). 1926-жылы ал Ленинград мамлекеттик университетин бүтүргөн. 1926-ж. Кыргыз автономия облусунун музейинин башчысы. 1927-ж. Кыргызстанда Чөлкөм таануу музейин, 1928ж. Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советине караштуу Чөлкөм таануу б-ча алгачкы илим изилдөө мекемесин уюштурууга катышкан. 1931-жылдан кайра Ленинградда (азыркы СанктПетербургда) жашаган.СССР Илимдер академиясынын Н.Н.Миклухо-Маклай атындагы Этнография институтунун директору жана илимий кызматкери болгон. СССРдеги ж-а Кытайдагы кыргыз уруларын, алардын каада-салттарын кеңири изилдеген. Бир катар этнографиялык экспедицияларга катышкан. “Кыргыз элинин маданиятынын очерктери” (1946), “Кыргыздар жана алардын этногенетикалык, тарыхый-маданий байланышы” (1971) деген илимий эмгектердин, ошондой эле бир катар илимий макалалардын автору. СССРдин “Ардак белгиси” ордени менен (1956) сыйланган. 1970-жылдары аны Кыргызстан Коммунисттик партиясынын жетекчилиги акыйкатсыз түрдө сынга алган. Саул Матвеевичти кыргыз этнографиясын изилдөөнүн негиз салуучусу десек болот. Ал кыргыз элинин этнографиясын жана маданиятын иликтеп, көптөгөн эмгектерди жараткан. Анын олуттуу эмгектери кыргыз этнографиясынын өзөгүн түзөт. 1926-1950-жылдардын ичинде Кыргызстандын аймагына жүргүзүлгөн этнографиялык экспедициялар С. Абрамзондун ысмы менен байланыштуу. Ал көп жолу Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык институтунун (азыркы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин) тарых жана география

факультеттеринин студенттерине этнография боюнча лекцияларды окуган. Анын экспедицияларында келечектеги жаш окумуштуулар этнографиялык жана тарыхый материалдарды жыйноо ыкмаларын үйрөнүшкөн. С. Абрамзон этнография боюнча кыргыз кадрларын даярдоого көп салым кошкон. Ал көптөгөн монографияларды, макалаларды, рецензияларды жазып калтырган. Анын Кыргыз Илимдер академиясынын алдындагы кол жазмалар бөлүмүндө жана тарых институтунда жарыялана элек эмгектери, рецензиялары, экспедицияларда чогулткан материалдары сакталып турат. Аларды жаш тарыхчылар, этнографтар пайдаланып жарыялап жатышат.

ВОЛКОВ Геннадий Никандрович (1927 ж. Чуваш АССРи — 2010 ж.) — этнопедагогика илиминин негиз салуучусу. Чуваш педагогикалык институтунун физика-математика факультетин: бүтүргөн (1949). Педагогика илимдеринин доктору (1967), профессор (1968), СССР Педагогика илимдер академиясынын (1989), Россия Билимдер академиясынын, Социалдык жана педагогика илимдер академиясынын академиги. 1979-82-ж. Эрфурт Жогорку педагогика мектебинин профессору, 1984ж. ардактуу доктору болгон. Г.Н. Волков педагогика илимин теориялык жактан байыткан ири илимпоз. «Этнопедагогика» (1974, 2000) аттуу эмгеги бул илим боюнча болочок мугалимдер үчүн жазылган негизги саамалык эмгектердин бири. Ал өз эмгектеринде окутуу-тарбиялоонун улуттук-аймактык жана маданий-этникалык бөтөнчөлүгүн, элдик педагогиканын улуттук жана жалпы адамзаттык маңызын, калыптануу жолун, өбөлгөлөрүн, усул-ыкмаларын, каражаттарын, анын учурдагы абалын, окуу-тарбия ишин этнопедагогика негизде өркүндөтүү маселелерин терең изилдеген. Илимпоз ар түрдүү элдердин улуттук-педагогикалык салттар жана көз карашын ырааттуу изилдеген. Өзүнүн «Письма о «Манасе», «Созвездия земли» (1979), «Педагогика жизни» (1989) ж. б. эмгектеринде жана бир катар макалаларында кыргыз элинин эпикалык чыгармаларында, үрп-адат, каада-салт, макал-ылакаптарында чагылган пед. ойлорду изилдеген. Көптөгөн чет

өлкөлөрдө «Манас» эпосундагы залкар педагогикалык идеяларды даңазалаган лекцияларды окуган. Кыргызстандык 20дан ашык илимдин докторун жана кандидатын даярдаган.

ИЗМАЙЛОВ Азиз Эминович (1913ж. Крым обл, Евпатория ш. — 2004 ж.) — көрүнүктүү педагог-окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору (1959), СССР ПИАнын анык мүчөсү (1967), Кыргыз ССР ИАнын академиги (1968), Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1974). 1934-ж. Москвадагы Н.К. Курпская атындагы коммунисттик тарбия берүү академиясын бүтүргөн, ошол эле жылы РСФСР эл агартуу комиссариатынын жолдомосу менен Кыргызстанга келип, педагогикалык кызматтарда эмгектенген. 1955—1981ж. Кыргыз педагогика илим изилдөө институтунун директору болгон. Педагогика илиминин өнүгүшүнө зор салым кошкон. Ал 260 илимдин эмгектердин автору. Анын илимий эмгектери КМШ өлкөлөрүнө кеңири белгилүү. 1970-74-ж. жазгаң эмгектери үчүн СССРдин ПИА эң жогорку Н. К. Крупская атында сыйлыгына татыктуу болгон (1974), 1955-81-ж. 40ка жакын илимий-педагогикалык кадрларды, илимдиң кандидаттарын, докторлорун даярдап чыгарган. Өкмөт алдында сиңирген эмгектери үчүн Октябрь революциясы, үч Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери жана медалдары менен сыйланган. Ал “К вопросу об изучении обобщения и распространения передового педагогического опыта” (1952), “Из опыта политехнического обучения в школах Киргизии” (1955), “Мектепте атеисттик тарбия берүү” (1967), “Кыргызстандагы советтик мектептердин тарыхы (1917—-1957)” (1961), “Мектепте кесип тандоого багыт берүү” (1965), “По ленинскому пути” (1970), “В. И. Ленин и проблемы воспитания и образования” (1971), “Просвещение в республиках советского Востока” (1973), “Изучение развития культуры народов Средней Азии и Казахстана в курсе истории СССР” (в 8-10 классах); (1986), “Этика и педагогика семейной жизни” сыяктуу эмгектердин автору.

ИМАЕВА Нуриля (1936-ж. т., Ысыккөл р-ну — 2012 ж.)педагогикаилимдеринин кандидаты. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, Элге Билим берүүнүн отличниги, СССРдеги жогорку билим берүүнүн отличниги, профессор. 1954-ж. Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун орус филологиясы факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун 195$ж. Тамчы айылынын орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалимдигинен баштаган, андан кийин Нарын шаарындагы Токтогул атындагы орто мектебинде мугалимдик эмгек жолун уланткан. 1970-ж. педагогиканын тарыхы жана теориясы боюнча «Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгында тарбия идеялары» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон. Ал КМУнун педагогика ж-а психология кафедрасында көп жылдар бою эмгектенген. 1994-ж-дан тартып 2000-ж-га чейин КМУУнун Жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо борборунда иштеген. Администрациялык иштер менен катар Нуриля Имаевна негизги, атайын окуу курстары боюнча лекцияларды окуп, «Тарбиялык иштердин педагогикасы жана методикасы», «Кыргыздардын этнопедагогикасы», «Жогорку окуу жайларынын педагогикасынын негиздери» аттуу педагогикалык дисциплиналар боюнча аслиранттар жана адистигин жогорулатуу курстарынын угуучулары үчүн көптөгөн окуу программаларын түзгөн. «Кыргыз ССРинин педагогикалык ойлорунун антологиясынын» (1988) редакциялык кеңешине мүчө жана авторлордун бири катары белгилүү. 1994-жылга чейин педагогика илими боюнча эксперттик комиссиянын мүчөсү болуп келген. Жогорку сапаттагы эмгеги үчүн «Эмгектеги артыкчылыгы» медалы, «Элге билим берүүнүн отличниги», «СССРдеги жогорку билим берүүнүн отличниги» белгилери менен сыйланып, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими», Эл аралык Түрк Академиясынын академиги деген наамдарга ээ болгон. Кыргызстандагы элдик педагогиканын негиз салуучуларынын бири Н. Имаеванын эң көрүнүктүү эмгеги Токтогулдун чыгармаларындагы педагогикалык

идеяларды" изилдөө арналып, анда акындын гуманисттик жана демократтык көз караштары талдоого арналган. Профессор Нуриля Имаевна «Токтогулдун чыгармачылык мурастарынын тарбиялык идеялары» деген монографиянын, 70тен ашуун илимий иштердин автору.

РАХИМОВА Магрифа (1929ж. Жети-Өгүз р-ну — 2010 ж.) — педагогика илимдеринин доктору (1979), профессор (1978), Кыргыз Республика илимине эмгек сиңирген ишмер, РФ Эл аралык педагогика жана социалдык ИАсынын академиги (1995). Пржевальск шаарындагы педагогикалык окуу жайын Кыргыз мамлекеттик techинституттун тарых факультетин (1951) бүтүргөн. 1951—54-жылдары Кыргыз мамлекеттик университеттин педагогика жана психология кафедрасынын ассистенти, 1954-жылдан азыркы И. Арабаев атн. КМПУда (В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер институту) окутуучулуктан баштап, профессорлук даражага чейинки түрдүү кызмат оруңдарында: 1968-81-жылдары сырттан окуу бөлүмүнүн деканы, 1981-2003-жылдары педагогика кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген. Ал «Совет бийлигинин мезгилиндеги Кыргызстандагы мектепке чейинки тарбия берүү» деген темада кандидаттык (1967-ж), ал эми «Кыргызстанда мектепке чейинки тарбия берүүнүн калыптанышы жана өнүгүү келечеги» деген темада докторлук диссертация (1978-ж.) коргоп, Орто-Азия ж-а Казакстан аймагында аялдардын ичинен биринчилерден болуп, педагогика илиминин доктору даражасына ээ болгон. Республиканын илимий иштери мектепке чейинки балдарды тарбиялоо жана окутуу маселелерине арналган. Ал мектепке чейинки мекемелер үчүн монография, хрестоматия, окуу куралдарын, окуу-методикалык колдонмолорду жана 60тан ашык илимий макалаларды жараткан. М.Р. Рахимованын илимий жыйынтыктары «Мектеп жашына чейинки балдар үчүн хрестоматия», «Кыргызстандагы мектепке чейинки тарбия», «Наристе», «Кыргыз элдик педагогикасы», «Педагогиканын тарыхы боюнча очерктер», «Бүчүр», «Наристе», «Мөл булак», «Бала бакча», «Педагогиканын теориясы, системасы

жана технологиясы» сыяктуу эмгектеринде чагылдырылган. Профессор М.Р. Рахимова республикабызда илимий кадрларды даярдоого чоң салым кошууда, анын жетекчилиги менен 15 кандидаттык диссертация корголгон. Ал И. Арабаев атындагы КМПУнун алдында ачылган Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунун негиздөөчүсү. МР. Рахимова «Кыргыз ССРинин элге билим берүүсүнүн эң мыктысы» (1967), «СССР эл агартуусунун эң мыктысы» (1974) төш белгилери, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» (1971), «Даңк» (2003) медалдары, Ардак грамоталар менен сыйланган. И. Арабаев атындагы сыйлыктын ээси.

АСИПОВА Нурбүбү Асаналиевна (1946ж. Кочкор р-ну) — педагогика илимдеринин доктору, проф. Эл аралык педагогика жана коомдук илимдер академиясынын академиги. Кыргыз мамлекеттик университетинин чет тилдер факультетин бүтүргөн (1969). Рыбачье шаарындагы }\@ 4 орто мектепте англис тили мугалими, 1971—2001-ж. улуттук университеттин педагогика кафедрасында эмгектенген. АКШнын IREX программасы боюнча Индиана университетинде стажировкада болгон (1997). 2007-жылдын март айынан 2009-жылдын аягына чейин НАТОнун гуманитардык өнүгүү программасы алкагында КМШ өлкөлөрү боюнча Эл Аралык көз карандысыз эксперт катары тандалып алынып, серепчилик милдет аткаруу менен Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк деңгээлде татыктуу тааныта алды. 2013-жылы АКШ тарабынан негизделген Эл аралык Фулбрайт программасынын грантынын жеңичүүсү катары Американын Огайо штатындагы Кент Стейт университетинде чакырылган профессор катары иштеп келген. 2001-жылдан баштап Кыргыз-Түрк Манас университетинде эмгектенет. Ал 130дан ашык илимий-педагогикалык эмгектердин автору. Алардын ичинде 1 монография, б окуу куралы, 3 методикалык колдонмо, 1 окуу программасы, 30 дан ашык илимий макала, 30дан ашык республикалык ж-а эл аралык ил. конференциялардын материалдары бар. Профессор Н.А. Асипова

республикабызда илимий кадрларды даярдоого чоң салым кошууда, анын жетекчилиги менен 1 докторлук жана 16 кандидаттык диссертация корголгон. Ал КР Өкмөтүнүн алдындагы илим жана интеллектуалдык менчикти сактоо боюнча мамлекеттик агентствонун илимий эксперти, педагогика боюнча атайын диссертациялык кеңештин мүчөсү катары көптөгөн коомдук, илимий иштерди алып барат.

АНАРКУЛОВ Хабибулла (1943 ж., Андижан обл.) — педагогика илимдеринин доктору (1994), проф. (1996). Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун бүтүргөн (1969). Жалпы педагогика жана спорт педагогикасы боюнча адис. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу. Самбо күрөшү боюнча эл аралык категориядагы судья. Самбо, дзюдо, эркин күрөш, улуттук күрөш боюнча улуттук категориядагы судья. СССРдин спорт чебери (мастер), СССРдин дене тарбия жана спорт боюнча отличниги, Кыргыз Республикасынын эл агартуу отличниги. 100дөн ашуун илимий-методикалык эмгектери, анын ичинде 8 монографиясы, «Кыргыз эл оюндары» (1991), «Киргизские народные подвижные игры и физические упражнения и современность» (2003), «АлаТоонун балбандары» (1989) ж. б. жарыяланган.

АПЫШЕВ Бекенбай (же Бекенбай Апыш) (1932-ж., Сузак р-ну) — Ош мамл. пед. ин-тун чет тилдер факультетин бүтүргөн (1956) Айыл мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, Ош мамлекеттик пед. институтунда (1959) педагогика ж-а психология кафедрасында окутуучу, кафедра башчысы, кафедранын доценти, деканы, проф. 1974-ж. элдик пед. материалдардын негизинде кандидаттык диссертациясын коргогон алгачкы окумуштуу. Негизги эмгектери: «Жалпы дидактикалык негиздер», «Педагогика» (1993), «Тарбия маданияты» (1996), «Педагогика» (2003) ж. б. БАРПЫ Алыкулов (1884—1949) — кыргыз элинин залкар насаатчы акындарынын бири. Барпы элдик таалимчи-педагог катары адамды ар кандай чен-өлчөмдөр менен, ар тараптан келип карап, түрдүү мүнөздөрдү салыштырып талдап, терс

жактарын иргеп таштап, оң сапаттарын алып, кошумчалап, жалпылап отуруп, өз идеалындагы ошондой инсандын көркөм концепциясын иштеп чыккан. Атап айтканда, акын «Болоор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын», «Жигиттик», «Марттык», «Баатырдык» деген ырларында эркектер тобунун мүнөз дүйнөсүн изилдеп, өзүнүн байкоолору менен коштоп, жалпылап, эр жигиттин ыраатуу идеалын түзгөн. Акындын пикири боюнча чыныгы жигиттин артыкча ар-намысы, сөздөрүнүн курчу, бекем эрки, өзгөчө сүрү болот. Чыныгы жигит барда да, жокто да ар-намыс менен адамдык наркты бийик сактайт. Эр жигиттин нарк насили акындын «Санат» аттуу ырында төмөнкүдөй саптар менен толукталат: «Калың элдин калкасы, Болгон жигит жакшы экен. Кабар келсе бир жерге, Жеткен жигит жакшы экен. Кадыры элге бөтөнчө, өткөн жигит жакшы экен. Адамга катык тийбеген, Майын жигит жакшы экен. Көпчүлүктү күлдүргөн, Шайыр жигит жакшы экен». Ал өмүрүн, эмгегин, эрдигин, эл-журт тагдырына анын келечек бактысына багыштаган. Барпынын ой тыянактары белгилүү өлчөмдө учурдагы инсан идеалы жана таалим-тарбиянын максаты тууралуу көз караштарды тактоого, байытууга өбөлгө боло алат.

АЛИМБЕКОВ Акматали (1957 ж., Ош. Обл.)19771980-ж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда окуган «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы». 1977-1990-ж. Москвадагы мамлекеттик педагогикалык университетинде аспирантурада окуган. 2010-ж. Кыргыз Билим берүү академиясында докторлук диссертациясын коргогон, педагогика илимдеринин доктору. 1980-1995жж. Ош мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы кафедрасынын окутуучусу, ага окутуучусу, доценти, кафедрасынын башчысы. 1995-1999жж. Кыргыз билим берүү институтунун этнопедагогика бөлүмүнүн ага илимий кызматкери, педагогика бөлүмүнүн башчысы, директорунун биринчи орунбасары. 1999-2001жж. Кыргыз билим берүү институтунун этнопедагогика бөлүмүнүн жетектөөчү илимий

кызматкери. 2001-2013жж. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде Гуманитардык факультетте педагогикабөлүмүнүн доценти,профессору. 2013-азыркы күнгө чейин Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде педагогика бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги, Кыргыз Республикасынын Илим, билим жана маданият министирлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган (2001), Эл аралык Жогорку Педагогикалык Билим берүү Академиясынн диплому менен сыйланган. (2007). Эл аралык «Элдик педагогика» ассоциациясынын мүчөсү (Москва),Түрк дүйнөсүнүн педагогдорунун бирлигинин мүчөсү (Турция, Анкара, Кыргызстан педагогдорунун коомунун мүчөсү ( Кыргызстан, Бишкек).

Жарыяланган иштери:Кыргыз этнопедагогикасы; Педагогиканын кээ бир айрым маселелери: Лекциялар курсу; Кыргыз элинин билим берүү салттары:Окуу куралы; Кыргызстандын билим берүү системасы жана анын проблемалары; Мугалимдик кесипке киришүү; Кыргыз педагогикасы: энциклопедиялык окуу куралы (48 автордук макала); Окутуунун жалпы методдору ( окуу китеби); Теория и практика этнопедагогической подготовки учителя в системе высшего педагогического образования; Азыркы сабак жана аны өткөрүүнүн технологиясы; Кыргыз этнопедагогика» курсунун программасы; Иновациялык педагогикалык терминдер сөздүгү; «Кыргыз этнопедагогикасы» курсу боюнча методикалык колдонмо; Окутууда формативдик баалоону колдонуу ж. б.

АБДРАИМОВА Роза Асаналиевна (1957ж., Тогузторо р-ну) — педагогика илимдеринин доктору (1998), Эл аралык педагогикалык жана социалдык илимдер Академиясынын академиги (2001). Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун музыка факультетин бүтүргөн (1978). Ош мамлекеттик педагогикалык институтутунда ага окутуучу (1978-1991), Украинанын педагогикалык илимдер академиясынын аспиранты, доктораты (1991-1998), Кыргыз Республикасынын Украинадагы өкүлчүлүгүнүн

советниги (1992-1997), Украинанын Тышкы иштер министрлигинин Дипломаттык Академиясын бүтүрүп «Магистр внешней политики» академиялык даражасын алган. 1997-2002-ж.Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинде, Кыргыз Билим берүү министрлигинде, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратында иштеген. 2002-жылдаң Жайыл райондук администрация башчысынын оруң басары. Жарыяланган иштери:Кыргызская этноподагогика и воспитание детей;Воспитание детей младшего школьного возраста в семье средствами кыргызской этнопедагогики ж.б.

ҮМӨТОВ Таалайбек Эгембердиевич (1959 ж., Сузак р-ну) - педагогика илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги. 1984-ж. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. Ушул эле жыль» педагогикалык ишмердигин мектепте баштаган. 1989-жылдан баштап илимий изилдөө иштери менен катар КМУнун ага окутуучусу, 19921996-ж. ж. Билим берүү институтунун ага илимий кызматкери болуп иштеген. 1996-ж. «Мектепке чейинки мекемелердеги кыргыздын элдик оюндарын колдонуудагы педагогикалык шарттар» деген темада кандидаттык диссертация коргогон. 2003-ж. «Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн теориясы жанатажрыйбасы»(калыптануу,өнүгүү жанаперспективалары) - деген темада докторлук диссертациясын коргогон. 1999ж. баштап Кыргыз медицина академиясынын, практикалык педагогика институтунун директору. 60дан ашык илимий иштер, монография жарыялаган. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери. Эл аралык Айтматов академиясынын академиги.

ПАНКОВА Татьяна Витальевна (1948 ж., Белая Церковь ш., Украина)—-педагогикалык илимдеринин доктору,профессор. Өзүнүн эмгектеринде мугалимдерди этнопедагогика боюнча, алар келечекте көп улуттуу окуучулар курамдагы мектептерде эмгектенишин эске алып даярдоо сапатын жакшыртуу боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Этнопедагогика бул ар

кандай элдердин этномаданий тажрыйбасын жана мурасын салыштырма изилдөө, этникалык турмуштун эң рационалдык тарбия маңызын аныктоо, анын теория жана практикага объективдүү жана баалуу жагдайларын аныктоо түшүнүктү билдирет деп автор белгилейт. 2006-жылы «Салыштырма этнопедагогиканын илимий-педагогикалык негиздери» деген темадагы докторлук диссертацияны ийгиликтүү жактаган.

Ошентип, этнопедагогиканын калыптанышын учкай караганда, төмөнкү жыйынтыктарды чыгарса болот: этнопедагогикалык билим байыркы заманда эле жаралган жана адамзаттын бүткүл тарыхында өнүгүп келген.

Азыркы мезгилде этнопедагогика - бул заманбап тарбиядагы жана үйрөтүүдөгү прогрессивдик тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу максатында элдик маданиятты жана салттык элдик тарбияны (элдик педагогика) изилдеген илимий билимдин дисциплинардык аралык тармак.

Балдар жана жаштар чөйрөсүндө орун алган улуттар аралык жаңжалдар, башка диндердин жана маданияттардын өкүлдөрүнө терсаяктык нерселер кыргыз коомунун алдына бир катар өтө маанилүү маселелерди койот: өсүп келе жаткан муундарды өздөрүнүн жана башка элдердин маданияттарына тарта турган баалуулуктарынын жана идеалдардарынын тутумун түзүү, башка улуттун жана диндердин өкүлдөрүнө толеранттуулук мамилени тарбиялоо.

Бул маселелерди чечүүдө алдыңкы орун, этномаданий байлыктарга негизделген, диалектикалык үч биримдигинеулуттук, улуттар аралык жана жалпы дүйнөлүк принциптерине таянган, ар бир инсанга өзүнүн элине тиешеси бар экендигин, мамлекетинин жараны экендигин жана дүйнөлүк цивилизациянын субъекти болгонун сездирген билим берүү системасына берилет.

Салттык элдик педагогикалык маданиятты бардык окуубилим берүү уюмдардын окутуу-тарбиялык процесстери менен бириктирүүсү керек.

Этнопедагогиканын жаралышын жана өнүгүп келгенин изилдөө - кантип биринчи этнопедагогикалык ойлор пайда болгонун, этнопедагогика илим катары кантип калыптанганын, анын өнүгүүсү кандай этаптарды өткөнүн, анын түзүлүшүнө кандай тенденциялар таасир бергенин, балдарды жана жаштарды заманбап тарбиялоодо улуттук саясатынын тарбия тармагында эмнелерди эске алуу керектигин, илимге элдик педагогикасы кандай мааниге ээ экендигин, атактуу педагогдор өздөрүнүн илимий жана практикалык педагогикалык ишмердүүлүктөрүндө салттык элдик тарбия тажрыйбасын кантип колдонушканын жана колдонуп келишкендерин жана башка көп нерселерди билүүгө мүнкүнчүлүк берет.

Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:

1. Этнопедагогиканын булактары эмне болуп саналат?

2. Кайсы журналдар жана гезиттер XX к. башында кыргыздардын этнопедагогикасынын өнүгүүсүнө таасир берген?

3. Этнопедагогика илими качан дисциплинардык аралык илимий тармак катары таризделген?

4. Ким жана кайсы жылы «этнопедагогика» терминин илимий лексиконго киргизген?

5. Кыргызстандагы энопедагогика илиминин изилдөө этаптарын атап бергиле.

6. Агартуучулардын, изилдөөчүлөрдүн, окумуштуулардын Кыргыз Республикасындагы этнопедагогиканын калыптанышына жана өнүгүүсүнө салымы кандай? Алар жөнүндө айтып бергиле.

Өз алдынча даярдануу үчүн адабияттар:

1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалган эмгектер. - Б., «Сорос-Кыргызстан» фонду, 1999.

2. Айтматов Ч.Т. Сияющая вершина древнекыргызского духа [/ Энциклопедический феномен эпоса «Манас». Б., 1995.

3. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби. - Б., 1992.

4. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. Адабий сын макалалар, изилдөөлөр, адабий портреттер. - Б.. Адабият, 1991.

5. Абдулдаев Э. Кыргыз фолклорунун тарыхынан. - Ф., 1983.

6. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. - Б., 1996.

7. Алимбеков А. Китепте: Кыргыз эл педагогикасы: изденүлөр, табылгалар. - Б., 1998.

8. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. - Б., 2001.

9. Аманалиев Б.А. Из истории философской мысли киргизского народа. - Ф.: Изд-во АН Кирг. ССР, 1973.

10. Антология педагогической мысли в Кыргызской ССР. - М., «Педагогика», 1989,

11. Апышев Б. Народные традиции и их исползование в трудовом воспитании учащихся. - М., 1974.

12. Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. — Б., 2002.

13. Асаналиев К. Башат. Китепте: Молдо Кылыч. Казалдар. - Фрунзе: Адабият, 1991.

14. Асипова Н., Имаева Н. Педагогиканын кээ бир жалпы маселелери. - Б., 1999.

15. Аттокуров С. Кыргыз этнографиясы. - Б., 1995.

16. Байжигитов К. Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары. - Ф.: Илим, 1985.

17. Батманов Н.А. Язык енисейских памятников древнетюркской писменности. - Ф.: Изд-во АН Кирг. ССР, 1959.

18. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. - Б., фонд «Сорос - Кыргызстан», 1996.

19. Бекбоев И. Пятдесятилетие педагогической науки в Кыргызстане. Мир образования и образование в мире. - М., 2001, №1.

20. Бернштам Л.Н. Великое наследие киргизского народа. - М., 1994.

21. Бородавская Н.В., Реан А.А. Педагогика. Учебник для вузов. — Санкт-Петербург, 2001.

22. Валиханов Ч.Ч. Записки о киргизах // Собр. соч. в 5-ти т. - Алма-Ата, 1985. Т.2. С. 7-82.

23. Виноградов Г.С. Народная педагогика. - Иркутск, 1926.

24. Волков Г.Н. Этнопедагогика. - Чебоксары. 1974.

25. Волков Г.Н. Этнопедагогика. - М., АСАДЕМА. 2000.

26. Гашимов А.Ш. Идеи умственного и нравственного воспитания в Азербайджанских сказках и пословицах. - Баку, 1957.

27. Гачев Г. Националные образы мира. - М.: Сов. писател, 1988.

28. Гумилев Л.Н. Байыркы түрктөр.Б., 1999,

29. Закиров С. Кыргыз элинин макал-лакаптары. - Ф., 1972.

30. Из истории социално-философской мысли народов Востока. - Фрунзе: Илим, 1989.

31. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. М: Педагогика, 1991.

32. Иптаров С. // Кут билим, 12.02.2002.

33. Исмаилов А.И.Кыргыз элинин тарыхынын философиясы. - Б, 2004.

34. Кадыралиев К. Элдик педагогиканын таасири. Эл агартуу. - Б., 1974. №4, 62-64-б.б.

35. Карасаев Х. Камус наама: Араб, иран, кытай, монгол, орус тилдеринен оошуп келген сөздөр жана кирген сөздөр. - Б., Шам, 1996.

36. Койчуманов Ж. Идеи воспитания в творчестве Тоголока Молдо. - Ф., «Мектеп». 1964, 99 б.

37. Койчуманов Ж. Элдик педагогиканын берметтери.Б., 1998.

38. Курманходжаева Р. И. Педагогические воззрения Ч. Айтматова. Докт. дисс. - Б., 2001.

39. Кыдырбаева Р.З. Генезис эпоса «Манас». - Фрунзе: Илим, 1980.

40. Кыдыралиев К. Этнопедагогика — улуттук нуктагы таанып — билүүнүн жана тарбиялоонун булагы // Монография (Окуу методикалык куралы) Бишкек — 2010.

41. Мамбетакунов Э. Маданият аркылуу билимге. Илимийпр. конф. - Б., 1996, 24-б.

42. Молдобаев И.Б. Эпос «Манас» как источник изучения духовной културы кыргызского народа. - Ф.: Илим, 1989.

43. Муратов А. Адабият ыйман сабагы. - Бишкек: Кыргызстан, 1993.

44. Муратбаев Б.Б. Кыргыз этнопедагогикасынын каражаттары аркылуу кенже мектеп окуучуларын эмгекке тарбиялоого болочок мугалимдердин даярдыгын калыптандыруу// Ош, 2014ж.

45. Мурзаев М.С. Кыргыз элдик педагогикасындагы инсандын социалдаштыруунун өнүгүүсү (тарыхый — этнопедагогикалык аспект) — Бишкек, 2012.

46. Намитоков Ю.П. Адыгейская народная педагогика о воспитании детей // Сборник статей кафедры педагогики и психологии Адыгейского педагогического института. - Майкоп, 1957.

47. Ормонов Т. Идеи военно-патриотического воспитания в эпосе «Манас». - Ф., «Мектеп», 1971.

48. Рахимова М.Р., Панкова В.С. Кыргыз элдик педагогикасы. Б., 1994.

49. Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. Педагогика тарыхынын очерктери. - Б., 1998.

50. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фолклорунун педагогикасы. - Б., 2006.

51. Рысбаев С. Элдик педагогикага ширелген баян. Китепте: К.К. Сартбаев окумуштуу жана педагог. - Б., 2002.

52. Рысбаев С. Эне, бешик ыры, андагы ыйманга чакырык. «Кырчын». - Б., №11, 1992, 29 6б.

53. Рысбаев С. Жомокторубуздагы элдик таалим-тарбия туурасында. Эл аралык илимий-пр. конф. матер-ры. - Б., 2000, 102 6.

54. Рысбаев С. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо. - Б., 1989.

55. Саипбаев И. Элдик оозеки чыгармаларда эмгекке тарбиялоо жөнүндө. «Эл агартуу». - Ф., 1974, 52 б.

56. Сулайманов Д. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. - Ош, 1994.

57. Ханбиков Я. И. Народная педагогика // Педагогическая энциклопедия. - М., 1966. Т. 3.

58. ХристоваЕ.Л.Народная педагогика: Историографические и теоретико-методологические проблемы // Автореф. Дис... канд. пед. наук. 1988. стр. 45.

Мазмуну

КИРИШ СӨЗ…………………………………………………………....

I. КЫРГЫЗ ЭТНОПЕДАГОГИКАСЫНЫН ПАЙДА БОЛУУ БУЛАКТАРЫ, КАЛЫПТАНЫШЫ, ӨНҮГҮШҮ, АЗЫРКЫ АБАЛЫ ЖАНА МАСЕЛЕЛЕРИ..........................................................................................

1.Кыргыз этнопедагогикасынын өнүгүшү жана калыптанышы..................

2.Кыргыз этнопедагогикасынын пайда болуу булактары..........................

3.Азыркы абалы жана маселелери..............................................................

II. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТАРЫХЫ - АНЫН ТУРМУШУНУН ТАЖРЫЙБАСЫН ЧАГЫЛДЫРГАН ЭЛДИК АКЫЛ-ОЙДУН УЮТКУЛУУ КЕНЧИ..........................................................................................................

1.Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастанындагы таалим-тарбия..........................................................................................................

2.Махмуд Кашгари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы».....................

3.Калыгул Бай уулунун чыгармаларындагы гумандуулук идеялары..........

4.Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов) - ойчул жана агартуучу..........

III. ЭТНОПЕДАГОГИКА АДАМ ЖӨНҮНДӨГҮ ИЛИМДЕРДИН СИСТЕМАСЫНДА.......................................................................................

1.Этнопедагогика педагогика илиминин бөлүгү катары...............................

2.Этнопедагогиканын милдеттери жана предмети.........................................

3.Элдик педагогиканын өзгөчөлүктөрү жана принциптери...........................

4.Этнопедагогиканы изилдөөнүн методдору.................................................

5.Элдик тарбиянын факторлору, методдору жана каражаттары: жаратылыш, оюн, сөз (элдик оозеки чыгармачылык - эпостор, уламыштар, жомоктор, макалдар, табышмактар, ырлар). Эмгек, Салттар, искусство, дин ..................

IV. КӨП МАДАНИЯТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТИСИ ……………………………………

1.Этнопедагогика менен көп маданияттуулукка тарбиялоонун өз-ара байланышы..........................................................................................................

2.Көп маданияттуулукка тарбиялоодогу этнопедагогиканын илимий негиздери............................................................................................................

3.Кыргыз элинин этнопедагогикасында эл достугуна жана көп маданияттуулукка тарбиялоонун чагылдырылышы.........................................

V.ИНСАНДЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН ФОРМАЛАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ АРКЫЛУУ ТАРБИЯЛОО ..........................................................

1.Адеп-ахлактык тарбиянын өнүгүшү жана изилдениши……………………

2.Инсанга багытталган баштапкы руханий адеп маданиятынын баалуулугу..........................................................................................................

3.Инсандын коомдо социалдашуу процессиндеги адепахлактык тарбиянын орду..........................................................................................................

4.Кыргыз этнопедагогикасындагы адептүүлүккө тарбиялоонун формалары жана методдору..............................................................................................

VI. ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАДА ҮЛГҮЛҮҮ, МЫКТЫ ИНСАНДЫН МҮНӨЗҮ.......................................................................................................

1.Жогорку сапаттагы мыкты адамдын элдик тарбиянын максаты катары сүрөттөлүшү..................................................................................................

2.Ар тараптан мыкты адамдын улуттук мүнөздөмөсү……………………

3.Үлгүлүү, мыкты адамды тарбиялоонун жолдору.....................................

VII. ФОЛЬКЛОР КӨРКӨМ ПЕДАГОГИКА КАТАРЫ……………………

1.Фольклор жана фольклор таануу илими жөнүндө түшүнүк.....................

2.Кыргыз элинин элдик оозеки көркөм чыгармачылыгы - элдик тарбиянын башаты..........................................................................................................

3.Манас эпосу - кыргыз элинин этнопедагогикасын үйрөнүүнүн булагы......

4.Макал-ылакаптардын тарбиялык мааниси..............................................

5.Кыргыз эл жомоктору маданияттын элементи катары…………………

VIII. ЭЛДИК ООЗЕКИ МУРАСТАР ЖАШТАРДЫ ДЕМОКРАТИЯЛУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН КАРАЖАТЫ.................

1.«Манас» эпосунун жаш муундардагы демократиялуулук сапаттарды калыптандыруучу күчү...........................................................................

2.Адабий мурас калтырган ак тандай заманчы-акындар (Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Жеңижок ж.б.) жана демократ-акындар (Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов, Калык Акиев) чыгармачылыгындагы демократиялуулук жөнүндөгү ойлордун чагылдырылышы..........................................................................................

IX. БАЛДАРДЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ТАРБИЯЛООДО ҮЙ-БҮЛӨНҮН РОЛУ....................................................

1.Үй-бүлө - тарбиянын башаты...................................................................

2.Үй-бүлөдө балдарга элдик оозеки чыгармалар аркылуу таалим-тарбия берүү..........................................................................................................

3.Балдардын өсүп-өнүгүүсүнө элдик оюндардын тийгизген таасири..........

4.Жаш муундардын адеп-ахлагынын калыптануусунда үй-бүлөлүк салттардын
ролу…………………………………………………………………………

5.Балдарды үй-бүлөдө элдик үрп-адат, каада-салттарга үйрөтүүдө эмгектин орду.........................................................................................................

X. ИСЛАМДАГЫ ТАРБИЯЛОО САЛТТАРЫ..................................

1.Ислам тууралуу жалпы түшүнүк.....................................................

2.Исламдагы диний окуулардын негиздери.......................................

3.Мусулмандардын тарбиялык маанидеги салттары.........................

4.Ислам үй-бүлөсүндө баланы тарбиялоонун өзгөчөлүгү...................

XI. КЫРГЫЗСТАНДА ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН ИЛИМ КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ (XX-XXI КЫЛЫМДАРДЫН БАШЫ).........................................................................................

1.Совет доорундагы этнопедагогиканын өнүгүүсүнүн негизги тенденциялары.........................................................................................

2.Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн орнотуу тарыхчасында этнопедагогиканын илим катары калыптанышы жана өнүгүүсү, анын азыркы абалы..................................................................................................

3.Агартуучулардын, изилдөөчүлөрдүн, окумуштуулардын Кыргыз Республикасында этнопедагогиканын калыптанышына жана өнүгүүсүнө салымы..................................................................................................